Орустун улуу жазуучусу жана педагогу Л. Н. Толстой педагогикалык кесиптен баарынан мурда балдарды сүйүүдөн көрүнгөн гуманисттик башталышты көргөн. "Эгер мугалим ишти гана сүйсө, анда ал жакшы мугалим болот - деп жазган Л. Н. Толстой. - Эгер мугалим окуучуну ата, эне катары сүйсө, анда ал китептин баарын окуп чыккан, бирок ишти да, балдарды да сүйбөгөн мугалимден жакшы мугалим болот. Эгер мугалим өзүндөгү ишке жана балдарга болгон сүйүүнү бириктире алса, анда ал - мыкты мугалим" [4].

Гуманист мугалим. К. Рождерстин пикири боюнча, инсандык негизги эки сапатка: эмпатияга жана конгруэнттүүлүккө ээ болууга тийиш. Эмпатия - башка бирөөнүн, тактап айтканда мектеп окуучусунун абалын түшүнүү, сезүү жана ошол түшүнүүнү көрсөтө билүү жөндөмдүүлүгү. Конгруэнттүүлүк - окуучулар менен болгон мамиледеги ак ниеттик, өзүн өзү жоготпоо жана кызматташууга ачык бойдон калуу жөндөмдүүлүгү. Инсандагы бул эки касиет өнүктүрүүчү жардам көрсөтүү үчүн мугалимдин педагогикалык туура өнүттө (позицияда) турушун камсыз кылат [3].

Гумандуулук адамкерчилик, адамды сүйүү, адамдын аброюн урматтоо катары түшүнүлөт. Адамга болгон, бул жерде окуучуга болгон, гумандуу мамиле, анын оң сапаттарын кабылдоону жана баалоону эле эмес, анын инсандыгын кандай болсо, ошондой бойдон комплекстүү кабыл алууну билгизет. Ушул мааниде педагогдун окуучуга болгон гумандуу мамилеси окуучунун өзүнө болгон ишенимин, анын чыгармачыл өнүгүшүн жана өзүн өнүктүрүүсүн бекемдөөгө, окуучулардын инсандык өнүгүүсүндө аларга квалификациялуу педагогикалык жардам көрсөтүүгө багытталган. Педагогикалык гуманизм адамдарга пайда келтирүүгө, балдарга руханий таза жана дени сак өсүүгө жардам берүүгө ак дилден умтулуудан көрүнөт [5].

Сабырдуулук инсандык сапат катары маданияттын жогорку, негизги (базалык) дөөлөттөрүнүн катарында турат. Ал өзүнүн маанилүүлүгү боюнча жашоо-турмуштун маанилик бирдиктеринин курамына кирет, билим берүү процессинин сабырдуулук маданиятынын турмуштук практикасынан башат алган жана процесстин катышуучуларынын субъективдүү тажрыйбаларына негизделген моделин түзүүнү сунуштайт (преписывает) [6].

Англис тилинде ***сабырдуулук*** (толерантность) "инсанды же нерсени каршылыксыз кабыл алууга

жөндөмдүүлүк жана даяр тургандык"; французча - "башка адамдын эркиндигин, анын ойлоо мүнөзүн, жүрүм турумун, саясий жана диний көз-караштарын урматтоо"; кытай тилинде сабырдуу болуу "башкаларга карата мүмкүндүк берүү, жол берүү, кең пейилдик көргөзүү"; арабча - "кечирүү, көңүлүн оорутпоо, жумшактык, көңүлгө кароочулук, кайгысына ортоктош болуу, жакшылык каалоочулук, чыдамдуулук, башкаларга жакындык"; персче - "сабырдуулук, чыдамдуулук, чыдамкайлык, колдонууга даяр болуу" дегенди билгизет [6,7].

Сабырдуулук педагогдун кесиптик маанилүү сапаты катары чыдамдуулуктан, окуучулар кандай болсо, аларды ошондой кабыл алууга даяр болуудан, алардын пикирлерин жана көз караштарын урматтоодон көрүнөт.

Педагогикалык сабырдуулук айрым негизги принциптерди сактоону талап кылат: мектептин бардык кызматкелери жана ата-энелер балдар менен баарлашууда аларга чын дилден, чыдамдуулук, жана урматтоо менен мамиле кылууга тийиш; бирөөлөрдү басынтуунун эсебинен экинчилерди көтөрмөлөбөө; баалар мугалимдин колундагы "чыбыкка жана пряникке" эмес, баланын өнүгүшүнө өбөлгө болууга, билим алууга жана билгичтиктерди үйрөнүүгө түрткү берүүгө тийиш; окуу процесси жемиштүү, позитивдүү баарлашуусуз мүмкүн эмес, баарлашуунун жүрүшүндө жүрүм-турумдун ченемдери (нормалары) жана эрежелери берилет, адамдарга жана жашоого болгон мамиле, анын ичинде тарбиялоонун максаттарынын бири катары сабырдуулук калыптанат [8].

Педагогикалык адилеттүүлүк. Байыркылар каталал болуу жакшы, мээримдүү болуу андан жакшы, бирок баарынан жакшысы адилеттүү болуу дешчү экен. ***Педагогикалык адилеттүүлүк*** - бул педагогикалык ишмердиктеги адамдардын өз ара мамилелеринин тийиштүү тартибин көрсөтүүчү моралдык аңсезим түшүнүгү. Ал педагогикалык көрүнүштөрдүн (кубулуштардын) катышын жакшылык менен жамандыкка бөлүүнүн көз карашынан мүнөздөйт, тактап айтканда "педагогикалык адилеттүүлүк" түшүнүгү педагогикалык процесстин бардык катышуучуларынын, баарынан мурда "мугалим - окуучу" системасында, кадыр-баркынын, алардын укуктары менен милдеттеринин ортосундагы катышты [5]. Педагогикалык адилеттүүлүк педагогдун объективдүүлүгүнүн, анын адеп-ахлактык тарбиясынын деңгээлин көрсөтүүчү өзгөлөрдөн өзгөчө өлчөгүч болуп саналат. В. А. Сухомлинский адилеттүүлүк - бул баланын тарбиячыга карата ишениминин негизи деп жазган. Адилеттүү болуш үчүн ар бир баланын рухий дүйнөсүн аябай мыкты билиши керек [4].

Педагогикалык такт - бул мугалимдин ишмердигинде педагогикалык моралды жүзөгө ашыруунун формасы, анда ойлор жана аракеттер бири бирине шайкеш келиши керек. Такт адеп-ахлактык жүрум-турумдун жорук-жосундун объективдүү бардык натыйжаларын билүүнү жана аны субъективдүү кабыл алууну, жогорку гумандуулуктун талаптарын, адамга карата сезгичти жана камкорлукту камтыган көрүнүшү жана ар кандай кырдаалда ак ниет мамилелерди орнотуунун эң жакшы куралы болуп саналат.

Ар дайым сыпайы жана педагогикалык этикага берилген бойдон калуу үчүн, мугалим өзүнүн жүрүм-турумуна карата бир катар талаптарды эске алууга тийиш: педагогикалык этиканын кандайдыр бир талабын бузуу ыктымалдыгы бар кырдаалды, демек мугалим сыпайы жүрүм-турумга өзгөчө муктаж болуучу кырдаалды баалай билүүчүлүк; адеп-ахлактык карама-каршылыктардын себептери тууралуу мүмкүн болушунча көп маалыматка ээ болуу, ал эми поступокту тандоодо малыматтын толук эмес жана так эмес жактарын эсепке ала билүү; окуучунун субъективдүү өзгөчөлүктөрүн жана карама-каршылык болуп жаткан объективдүү шарттарды эске алуу билгичтиги: кырдаалды оңдоо кимге байланыштуу болорун, бул окуучунун колунан келер-келбесин жана бул иште мугалим ага кандай жардам бере аларын билиши; поступок жасалган жагдайды эсепке алуу билгичтиги; окуучулар коллективине жана айрым окуучуларга педагогикалык таасир этүүдө болушу ыктымал натыйжаны эсепке алуу билгичтиги. Педагогикалык такт - бул мугалимдин жүрүм-турумунун өзүнчө өзгөчөлүктөргө ээ стили, окуучулар бул стилге ээ мугалимдин ак ниеттүүлүгүнө, сезимталдыгына жана мээримдүүлүгүнө ишенген бойдон калышат [5]. Педагогикалык такт окуучуну сыйлоону жана ага талап коюучулукту; ишмердиктин бардык түрүндө окуучулардын өз алдынчалыгынын өнүгүшүн жана алардын ишине педагогикалык катуу жетекчиликти; окуучунун психикалык абалына көңүл буруучулукту; ой жүгүртүүнүн активдүүлүгү жана эркинин өнүгүшүн; окуу ишинде аларга ойлонулган жардам көрсөтүүнү, көңүл калтырбоочулукту жана камкордук кылууну; окуучулар менен иштөөдө мугалимдин көжөлгөндүгүн жана тарбиялык таасир этүүчү ар кандай ыкмаларды алардын педагогикалык натыйжалуулугун эске алуу менен колдонууну; окуучуларга болгон ишенимди жана алардын окуу иштерин системалуу текшерүүнү; окуучулар менен иштиктүү жана эмоциялык мүнөздөгү мамиленин педагогикалык туура айкалышын; ишенимдүүлүктү, тең салмактуулукту жана баарлашуудагы таасирдүүлүктү болжолдойт. Адептүү, сылык педагог балдарга аяр мамиле кылат, айрыкча алардын оор, кризистүү мезгилдеринде [2].

Көптөгөн авторлор педагогдун кесиптик маанилүү сапаттарынын ичинен **инсандын багытталгандыгын** бөлүп көрсөтүп, аны айланасында педагогдун негизги кесиптик маанилүү сапаттары жана инсандык касиеттери калыптануучу сынч (каркас) же өзөк деп эсептешет [4].

Ушуга байланыштуу инсандын багытталгандыгы педагогдун негизги кесиптик маанилүү сапаттарынын бири деп эсептелет. Н. В. Кузьмина инсандын багытталгандыгы кесиптик ишмердикте бийиктиктерге жетишүүнүн эң маанилүү факторлорунун бири деп эсептейт. Ишмердиктин башкы стратегияларын тандоо Н.В.Кузьминанин пикири боюнча **багытталгандыктын үч тибин** шарттайт:

1) аныктоочу педагогикалык; 2) формалдык педагогикалык; 3) жалган педагогикалык. Педагогикалык ишмердикте жогорку натыйжаларга жетүүгө багытталгандыктын биринчи тиби гана өбөлгө болот. ***Аныктоочу педагогикалык багытталгандык*** окуучунун инсандыгын окутулуучу предметтин каражаттары менен калыптандырууга, предметти окуучунун мугалим алып жүргөн билимге болгон баштапкы керектөөлөрүнө эсептелген кайра түзүүгө туруктуу умтулууда (мотивацияда) болот [9].

Аныктоочу педагогикалык багытталгандыктын негизги мотиви педагогикалык ишмердиктин мазмунуна кызыгуу болуп эсептелет. Н. В. Кузьминанын маалыматтарына караганда педагогикалык ЖОЖдордун студенттеринин 85%ы үчүн дал ушул мотив мүнөздүү болуп саналат. Педагогикалык багытталгандыкка анын жогорку деңгээли катары шык-жөндөм (призвание) киргизилет, ал өзүнүн өнүгүшүндө тандап алынган ишмердикке

болгон керектөө менен теңдештирилет. Өнүгүүнүн бул жогорку этабында "педагог өзүн мектепсиз, окуучуларынын жашоосуз жана ишмердигисиз элестете албайт" [9].

Бул макаладагы ой-пикирлердин негизги өзөгүн болочок адисте натыйжалуу ишмердик үчүн маанилүү болгон педагогикалык жана инсандык багытталгандыктын болушу кесиптик-педагогикалык компетентүүлүктүн ийгиликтүү калыптанышын, анын деңгээлин көтөрүүнү жана педагогикалык чеберчиликке жетүүнү камсыз кылуучу эң негизги маанилүү шарт түзөт.

Адабияттар

1. Введенский В.Н. Моделирование профессиональной компетентности педагога // Педагогика., - 2003.

2. Фридман Л.М. Психопедагогика общего образования. Пособие для студентов и учителей. - М.: Институт практической психологии, 1997.

3. Воронов В.В. Технология воспитания: пособие для преподавателей вузов, студентов и учителей. - М.: Школьная Пресса, 2000.

4. Педагогика: Учебное пособие для студентов педагогических учебных заведений / Сластенин В.А., Исаев И.Ф., Мищенко А.И., Шиянов Е.Н. - М.: Школа-пресс, 1998.

5. Мижериков В.А., Ермоленко М.Н. Введение в педагогическую профессию. - М.: Педагогическое общество России, 1999.

6. Абакумова И.В., Ермаков П.Н. О становлении толерантной личности в поликультурном образовании // Вопросы психологии. - 2003.

7. Гершунский Б.С. Толерантность в системе ценностно-целевых приоритетов образования // Педагогика., 2002.

8 Лизинский В. Принципы, нормы и правила успешного воспитания // Народное образование. - М., 2002.

9. Педагогика и психология высшей школы / Отв. Ред. С.И. Самыгин. - Ростов-на-Дону: Феникс, 1998.

Байсалов Дж.У.,
Касымалиева Г.О.,
КГУ им И.Арабаева

ОСНОВНЫЕ ПРИНЦИПЫ СИСТЕМНОГО ВНЕДРЕНИЯ КОМПЬЮТЕРОВ В УЧЕБНЫЙ ПРОЦЕССЁ1

В настоящие время принято разграничивать понятия "информационные технологии" и "технологии обучения". Под "технологиями обучения", понимается, обычно, система методов, форм и средств обучения, в рамках которой обеспечивается достижение поставленных дидактических целей.

Среди разнообразных определений понятия "информационные технологии" более приемлемой, по-видимому, является трактовка этого термина, данная М.И. Желдаком: "Под информационными технологиями понимается совокупность методов и технических средств сбора, организации, хранения, обработки, передачи и представления информации, расширяющие знания людей и развивающая их возможности по управлению техническими и социальными процессами".

Особенность большинства НИТ в высшем образовании состоит в том, что они, в основном, базируются на современных персональных компьютерах (ПК). При этом ПК уверено вошел в систему дидактических средств, стал важным элементом предметной среды для разностороннего развития обучаемых.

Более важными являются педагогические цели использования средств ИКТ: интенсификация всех уровней учебно-воспитательного процесса; многоаспектное развитие обучаемого; подготовка выпускников вузов к жизни в условиях информационного общества; реализация социального заказа, обусловленного процессами информатизации современного общества.

Поэтому, лучше всего определить понятие "новых информационных технологий в образование" отталкиваясь не от использования компьютера, а от педагогической сущности.

Любые методики или педагогические технологии описывают, как переработать и передать информацию, чтобы она была наилучшим образом усвоена учащимися. Когда же компьютеры стали настолько широко использоваться в образовании, что появилась необходимость говорить об информационных технологиях обучения, выяснилось, что они давно фактически реализуются в процессах обучения, и тогда появился термин "новая информационная технология обучения". Таким образом, появление такого понятия - новая информационная технология - связана с появлением и широким внедрением компьютеров в образовании.

Рассматривая имеющиеся на сегодняшний день информационные технологии, Н.В.Апатов выделяет в качестве их важнейших характеристик:

1) типы компьютерных обучающих систем (обучающие машины, обучение и тренировка, программированное обучение, интеллектуальное репетиторство, руководство и пользователи);

2) используемые обучающие средства (ЛОГО, обучение через открытия, микромиры, гипертекст, мультимедиа);

3) инструментальные системы (программирование, текстовые процессоры, базы данных, инструменты представления, авторские системы, инструменты группового обучения).

Такой подход отражает первоначальное понимание педагогической технологии, как применение технических средств в обучении.

В 70-е годы воздействие системного подхода постепенно привело к общей установке педагогической

технологии: решать дидактические проблемы в русле управления процессом обучения с точно заданными целями, достижение которых должно поддаваться четкому описанию и определению.

Педагогическая технология - это "не просто использование технических средств обучения или компьютеров, это выявление принципов и разработка приемов оптимизации образовательного процесса путем анализа факторов, повышающих образовательную эффективность, путем конструирования и применения приемов и материалов, а такие посредством оценки применяемых методов".

Используя современные обучающие средства и инструментальную среду создаются прекрасно оформленные программные продукты, не вносящие ничего нового в развитие теории обучения. Поэтому можно говорить только об автоматизации тех или иных сторон процесса обучения, о переносе информации с бумажных носителей в компьютер и т.д.

Говорить же о новой информационной технологии обучения можно только в том случае, если:

- она удовлетворяет основным принципам педагогической технологии (предварительное проектирование, воспроизводимость целеобразования, целостность);
- она решает задачи, которые ранее в дидактике не были теоретически или практически решены;
- средством подготовки и передачи информации обучаемому является компьютер.

Исходя из вышеизложенного можно выделить основные принципы системного внедрения компьютеров в учебный процесс:

Принцип новых задач. Суть его состоит в том, чтобы не перекладывать на компьютер традиционно сложившиеся методы и приемы, а перестраивать их в соответствии с новыми возможностями, которые дают компьютеры. На практике это означает, что при анализе процесса обучения выявляются потери, происходящие от недостатков его организации (недостаточный анализ содержания образования, слабое значение реальных учебных возможностей учащихся и т.п.). В соответствии с результатом анализа намечается список задач, которые в силу различных объективных причин (большой объем, громадные затраты времени и т.п.) сейчас не решаются или решаются неполно, но которые вполне решаются с помощью компьютера.

Эти задачи должны быть направлены на полноту, своевременность и хотя бы приближенную оптимальность принимаемых решений.

Принцип системного подхода. Это означает, что внедрение компьютеров должно основываться на системном анализе процесса обучения. То есть должны быть определены цели и критерии функционирования процесса обучения, проведена структуризация, вскрывающая весь комплекс вопросов, которые необходимо решить для того, чтобы проектируемая система наилучшим образом соответствовала установленным целям и критериям.

Принцип первого руководителя. Суть его состоит в том, что заказ на компьютеры, программное обеспечение и их внедрение в процесс обучения должны производиться под непосредственным руководством первого руководителя соответствующего уровня (начальника управления образования, директора образовательного учреждения). Практика убедительно свидетельствует, что всякая попытка передоверить дело внедрения второстепенным лицам неизбежно приводит к тому, что оно ориентируется на рутинные задачи и не дает ожидаемого эффекта.

Принципы максимальной разумной типизации проектных решений. Это означает, что разрабатывая программное обеспечение исполнитель должен стремиться к тому, чтобы предлагаемые ими решения подходили бы возможно более широкому кругу заказчиков, не только с точки зрения используемых типов компьютеров, но различных типов школ: гимназии, колледжи, лицеи и т.п.

Принципы непрерывного развития системы. По мере развития педагогики, частных методик, компьютеров, появления различных типов школ возникают новые задачи, совершенствуются и видоизменяются старые. При этом созданная информационная база должна, подвергаться определенной перекомпоновке, но не кардинальной перестройке.

Принципы автоматизации документооборота. Основной поток документов, связанный с процессом обучения, идет через компьютер, а необходимые сведения о нем выдаются компьютером по запросам. В этом случае педагогический коллектив сосредотачивает свои усилия на постановке целей и внесении творческого элемента в поиск путей их достижения.

Принципы единой информационной базы. Смысл его состоит прежде всего в том, что на машинных носителях накапливается и постоянно обновляется информация, необходимая для решения не какой-то одной или нескольких задач, а всех задач процесса обучения. При этом в основных файлах исключается неоправданное дублирование информации, которое неизбежно возникает, если первичные информационные файлы создаются для каждой задачи отдельно. Такой подход сильно облегчает задачу дальнейшего совершенствования и развития системы.

Таким образом, во главе становится процесс обучения со своими особенностями, а компьютер - это мощный инструмент, позволяющий решать новые, ранее не решенные дидактические задачи.

Литература

1. Советов Б.Я. Информационные технологии в образование и общество XXI века // Информатика и информационные технологии в образовании, 2004.

2. Желдаков М.И. Внедрения информационных технологий в учебный процесс. - М.: Новое знание, 2003.

3. Агапова Н.В. Перспективы развития новых технологий обучения. - М.: ТК Велби, 2005

4. Полат Е.С. Новые педагогические и информационные технологии в системе образования. - М.: Омега-Л., 2004.

5. Советов Б.Я. Информационные технологии в образование и общество XXI века. // Информатика и информационные технологии в образовании, 2004.

Г.А. Джумагулова,
К.Карасаев атындагы БГУ

ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ӨНҮГҮШҮНҮН АЗЫРКЫ УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

Билим берүү процессинин сапатын жана билим берүүнүн деңгээлин жогорулатуунун шарттарынын бири педагогдун кесибин үзгүлтүксүз өркүндөтүп турушу болуп саналат. Адистерди даярдоонун сапатын жогорулатуу милдетин чечүүдө ЖОЖдун окутуучунун даярдыгына жана кесиптик өнүгүшүнө да жакшылап көңүл буруу зарыл. Заманбап билим берүүнү жаңыртууда (модернизациялоодо) окутуучу чечүүчү жана борбордук фигура болуп саналат.

Кесиптик ишмердик көп кырдуу жана окуу, окуу-методикалык, илим изилдөө жана уюштуруу-тарбиялоо иштери менен мүнөздөлөт. Бул мүнөздөмөлөр ЖОЖдун окутуучусунун милдеттеринде чагылдырылат. Окутуучунун кызматтык нускамасы жөнүндөгү жалпы жоболорго ылайык анын негизги милдеттери окутууну Мамлекеттик билим берүү стандартынын жогорку педагогикалык билим берүү (МББС ЖПББ) талаптарына талаптарына ылайык жүргүзүү, педагогикалык процесстин жогорку натыйжалуулугун камсыз кылуу, окутуунун натыйжалуу формаларын, методдорун жана окуу каражаттарын, педагогикалык жаңы технологияларды колдонуу, билим берүү программаларын иштеп чыгууга катышуу, окуу процессин уюштуруу, жалпы кабыл алынган адеп-ахлактык жана этикалык нормаларды карманууж. б. болуп саналат.

Билим берүү жаатындагы дүйнөлүк, тактап айтканда кесиптик-педагогикалык тенденцияларды анализдөө мугалимдин педагогикалык профессионалдуулугуна да, жекече сапаттарына да, кыйла жогорку талаптарды коюунун зарылдыгын тастыктайт.

Бүгүнкү күндө кесиптик компетенттүүлүк, интеллигенттүүлүк, атаандаштыкка жөндөмдүүлүк, руханийлик жалпыланган түрдө **мугалимдин инсандыгына болгон негизги талаптар** болоп саналат.

Жогорку билим коомдун социалдык институттарынын бири болуу менен, сөзсүз мамлекеттик билим берүү саясатынын бөлүгү болуп эсептелет жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Билим берүү жана илим министрлигинин документтеринде [2; 3; 4; 5; 6; 7] камтылган идеялар комплексин кароону талап кылат. Жогорку билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясат жогорку мектептин ишмердигинин түпкү максатына жетүүсүнө багытталган концепциялык идеялар менен стратегиялык чечимдердин комплексин өзүнө камтыйт. Азыркы учурда ал коомдун талаптарын, билим берүү системасынын жалпы мыйзамдарын жана Кыргыз Республикасынын өнүгүү стратегиясын эске алуу менен жүргүзүлүүдө.

Акыркы мезгилдерде Кыргыз Республикасынын жогорку билим, анын ичинде педагогикалык билим берүү жаатындагы мамлекеттин саясатын жүзөгө ашыруу боюнча чаралардын багыттарын жана мазмунун аныктаган бир нече программа кабыл алынды.

Мындай документтердин бири билим берүү мекемелеринин коомдук статусун көтөрүүгө, тарбиялоонун мазмунун жана түзүмүн ата мекендик салттардын жана заманбап тажрыйбалардын негизинде жаңыртууга, окуу жана тарбия процесстеринин, коомдук жана үйбүлөлүк тарбиянын көп өлчөмдүүлүгүн жана интеграциялануучулугун камсыз кылууга, балдардын жана жаштардын руханий-адеп-ахлактык жактан торолушуна, аларды заманбап коомдун өсүп келаткан муундарга коюп жаткан талаптарына ылайык өз алдынча турмушка даярдоого багытталган "Кыргыз Республикасында билим берүүнүн 2010-жылга чейинки өнүгүү концепциясы" (2002) болуп саналат [5].

Кыргызской Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамында [2], Кыргыз Республикасынын Конституциясында [3] жана башка нормативдик (ченемдик) документтерде билим берүүнүн максаты формулировкаланган: инсандын улуттук жана жалпы адамзаттык дөөлөттөрдүн, илим менен техниканын жетишкендиктеринин негизинде калыптанышына жана кесиптик жактан торолушуна багытталган билим алуусуна зарыл шарттарды түзүү. Билим берүү системасынын артыкчылыктуу милдеттери мына булар болуп саналат: инсандын чыгармачылык, рухий жана дене бой мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү, адеп-ахлактын жана жашоонун сергек мүнөзүнүн бекем негиздерин калыптандыруу, ар кимдин жеке өзгөчөлүктөрүн өнүктүрүүгө шарт түзүү ж. б. [4; 8]. Комплекстүү программа билим берүү системасында тарбиялоону уюштуруунун жана өркүндөтүүнүн максаттарын, милдеттерин жана багыттарын аныктайт. Бул программа аймактык жана жергиликтүү программаларды иштеп чыгууга негиз болуп саналат.

Концепция жогорку билим берүү жаатында Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунда коомдун социалдык-экономикалык түзүлүшүнүн алмашуусуна, базар мамилелерине өтүүгө байланыштуу жаңы муундагы адистерди даярдоону талап кылып жаткан болочок адистерди даярдоонун негизги тенденцияларын жана проблемаларын карайт.

Кыргызстан - көп улуттуу мамлекет, ошондуктан болочок адисте полимаданияттуу инсанды тарбялоо ЖОЖдун ишинин багыттарынын бири болуп саналат. Ал өзүндө тарбиялоонун дүйнөлүк жана ата мекендик тажрыйбаларын айкалыштырган студенттик тарбиянын улуттук системасын иштеп чыгууну, студенттердин кеңири, фундаменталдуу базалык маданиятын калыптандырууну болжойт, себеби полимаданияттуу инсан - бул өз маданияты аркылуу башка маданияттарга багыт алган индивид болуп саналат. Полимаданияттуу инсанды тарбиялоо болочок адистердин, анын ичинде педагогдордун сабырдуулук, дүйнөнү көлөмдүү көрө билүү сыяктуу маанилүү сапаттарын калыптандырууга да өбөлгө болот.

Полимаданияттуу инсанды тарбиялоо адеп-ахлактык, саясий, эстетикалык, экологиялык, дене тарбиялык маданияттардын калыптандырылышын болжолдойт, бул албетте болочок адистердин, айрыкча педагогикалык багыттагы, кесиптик компетенттүүлүгүнүн

деңгээлинен көрүнөт.

Жогорку билим берүүнүн көрсөтүлгөн (выявленные) көйгөйлөрү жана тенденциялары бул концепциянын жогорку мектеп үчүн максаттарын жана милдеттерин аныктайт - ЖОЖдогу интеграциялануучу тарбиялоо системасынын өнүгүшү үчүн оптималдуу илимий-методикалык, уюштуруучулук, кадрдык, маалыматтык жана башка шарттарды камсыз кылуу, мындай система болочок адистин кесиптик жана социалдык адаптацияланууусунун өнүгүшүнө, полимаданияттуу, гумандуу адеп-ахлактуу, жогорку интеллекттүү, ата-андашууга жөндөмдүү, демек, проблемаларды өз алдынча формулировка кыла алган жана аларды иш жүзүндө жогорку жарандык өнүттөн тарбия жана кесиптик компетенттүү адисти калыптандыруу жаатындагы улуттук салттарды жана дүйнөлүк тажрыйбанын соңку жетишкендиктерин колдонуу менен чече алган толук кандуу өнүккөн чыгармачыл инсанды калыптандырууга өбөлгө болууга тийиш.

Кыргыз Республикасында 2010-жылга чейин билим берүүнү өнүктүрүүнүн бул концепциясын жүзөгө ашыруу айкын нормативдик (ченемдик), укуктук, кадрдык, илимий жана программалык-методикалык иш чаралар аркылуу жүргүзүлдү [5].

Концепция жогорку жана ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүүнүн максатын да аныктайт - инсандын билим алууга жана экономиканын жана социалдык чөйрөнүн дүйнөлүк деңгээлдеги адистерге болгон керектөөлөрүн камсыз кылуу үчүн орто мектептердин, кесиптик баштапкы жана орто билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүн кесиптик даярдоо, жогорку мектептин бүтүрүүчүлөрүн кайра даярдоо үчүн шарттарды түзүү жана ага жетүүнүн негизги милдеттери.

Билим берүүнүн өнүгүшүнүн стратегиясын, негизги максаттарын, милдеттерин, артыкчылыктарын аныктаган концепциялык жана ченемдик документтердин бүтүндөй бир системасы бар. Тактап айтканда төмөнкү принциптердин негизинде тарбия иштеринин системасын реформалоо: гуманизм, эриш-аркак аракеттенүү, табиятка шайкештик (природосообразность), маданиятка шайкештик (культуросообразность), улантуучулук жана системалуулук, чыгармачылык аркылуу тарбиялоо.

Тарбиялоонун милдеттери инсандын интеллектик, дене-бой жагынан, моралдык, эстетикалык, эмгекчилдик сапаттарынын жана касиеттеринин органикалык биримдигин карайт.

Көпчүлүк ЖОЖдордун педогогикалык адистиктеринин окуу пландарында "Педагогиканын тарыхы", "Педагогикалык чеберчилик", "Тарбия ишинин методикасы" деген сыяктуу атайын курстар жок; педагогикалык профилдеги курстук жана дипломдук иштер иштелбейт, педагогиканын, психологиянын, дисциплиналарды окутуу методикасынын ("Атайын дисциплиналарды окутуунун методикасы", "Педагогика окутуунун методикасы менен", "Атайын дисциплина окутуунун методикасы менен" д. у. с.) заманбап көйгөйлөрү боюнча атайын курстар окулбайт, бул албетте педагогикалык ой жүгүртүүнүн, көз караштын, кесибине чыгармачыл мамиленин калыптанышына жана болочок мугалимдин жонунан кесиптик-педагогикалык ишмердикке жалпысынан даяр болушунуна терс таасир тийгизет. Болочок адистерди даярдоодо бул дисциплиналардын маанилүүлүгү шексиз: педагогиканын тарыхы педагогиканын илим катары телчигиши жана өнүгүүсү, ондогон жылдар бою педагогикалык процесстин объективдүү мыйзам ченемдүүлүктөрү, принциптери, натыйжалуу методдору, каражаттары жана формалары кантип табылып, кантип формулировкаланганы жөнүндө түшүнүк берет; педагогиканын өнүгүшүнө зор салым кошкон өткөн мезгилдеги чет өлкөлүк жана ата мекендик улуу педагогдор (Я.А.Коменский, Ж.Ж.Руссо, Д.Локк, К.Д.Ушинский, И.Арабаев, К.Тыныстанов ж. б.) менен тааныштырат. "Тарбия ишинин методикасы" дисциплинасын окуп-үйрөнүү болочок педагогдордун окуу-тарбия мекемелеринде, окуучулардын ар түрдүү контингенттери менен ж. б. тарбия иштерин пландоо, уюштуруу жана жүргүзүү билгичтиктерин калыптандырууга багытталган; курстук жана дипломдук иштер болсо педагогика, психология, атайын дисциплиналарды окутуунун методикасы, тарбиялоо ишинин өзгөчөлүктөрү жаатындагы өзүнчө аспекттер менен актуалдуу проблемаларды тереңирээк изилдөөгө мүмкүндүк берет; окутуу методикасы менен бирге профилдик предметтер боюнча мамлекеттик экзамендер ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик-педагогикалык ишмердикке кесиптик даярдыгынын деңгээлин, б. а. кесиптик билимдери, билгичтиктери жана көндүмдөрү, чыгармачылык, уюштуруучулук д. у. сыяктуу мугалим үчүн зарыл болгон жөндөмдүүлүктөрү, инсандык багытталгандыгы жана кесиптик-инсандык сапаттары, алардын окутуунун жана тарбиялоонун заманбап технологияларына жана каражаттарына (маалыматтык, компьютердик, билим берүү технологиялары ж. б.) канчалык ээ болгондугун билүүгө мүмкүндүк берет.

ЖОЖдордо дисциплиналарды окутуунун методикасы кафедралары болушунча кыскартылган, ал эми айрымдарында жоюлуп кеткен, бул көбүн эсе адистерди педогикалык багытталган эмес даярдоого алып келет. Студенттердин болочок кесиптик ишмердигине жараша мектепте билим берүүнүн, анын мазмунун жаңыртуунун, окутуунун жана тарбиялоонун заманбап технологияларынын концепциялык негизи каралбайт, педагогика жана психология жаатындагы жаңы жетишкендиктер жана иштеп чыгуулар мектеп практикасына аз киргизилет. Окуу программалары жаңыртылбайт, окутуунун заманбап технологиялары боюнча атайын курстар иштелип чыкпайт. Көп бүтүрүүчүлөр компьтерде иштөө техникасын билишпейт, демек ишинде маалыматтык технологияларды, окутуунун электрондук ж. б. каражаттарын колдоно алышпайт. Биздин оюбузча мындай жагдайдын бир себеби педагогикалык институттардын башка профилдеги (экономикалык, техникалык ж. б.) институттар менен университетке биригиши болуп саналат, муну менен пединститутгардагы мугалим кадрларды даярдоонун спецификасы жана өзгөчөлүктөрү жок болуп кетти.

Дагы бир ушундай эле маанилүү көйгөй бүтөрдөн мурунку жана бүтүрүүчү курстардагы эң аз көлөмдө (4–6 жума) пландаштырылган студенттердин педагогикалык практикасы болуп саналат, бул жогорку мектептин болочок педагогдоруна иш жүзүндөгү практикасы үчүн жетишсиз экендиги айдан ачык. Мындан сырткары, эреже катары, педагогикалык практика шаардык мектептерде, окуучуларынын курамы ар кыл куракта болгон аз комплекттүү мектептер менен класстарда өтүлөт. Бул проблеманы чечүүнүн бир варианты бардык педагогикалык адистиктерде биринчи курстан эле үзгүлтүксүз педагогикалык практиканы киргизүү болуп саналат, мындай практика студенттин кесиптик ишмердикке көнүгүшүн, инсандын кесиптик-педагогикалык багытталгандыгынын жана мугалимдин

кесиптик маанилүү сапаттарынын өнүгүшүн, баарлашуунун жана ишмердиктин жеке стилинин, кесиптик өнүгүнүн калыптанышын ж. б. милдеттерди камтыйт.

Мугалимдин ишинин сапаты, анын кесипкөйлүгү жана компетенттүүлүгү окуучунун билиминин сапатын жогорулатууда эң маанилүү нерсе болуп саналат.

Бүгүнкү күндө мугалимдик кесип артыкчылыктуу эмес жана социалдык жактан корголбогондугу, айлык акынын аздыгы, турак жай алууга, коммуналдык кызмат үчүн төлөмдөргө жеңилдиктердин жоктугу жана башка себептерден улам педагогикалык адистиктердин бүтүрүүчүлөрүн өзүнө тартпай турганын белгилей кетүү керек (ЖОЖдордун маалыматтары боюнча педагогикалык адистиктердин бүтүрүүчүлөрүнүн 80%ы гана ЖОЖду бүткөндөн кийин билим берүү системасына ишке орношот, а чын-чынында алардын көп бөлүгү тез эле мектептен кетип калышат, адегенде эле ишмердиктин бөлөк чөйрөсүнө иштеп кетишет же дегеле иш таппай калышат).

Педагогикалык билим берүүнү түп-тамырынан кайра курбай туруп, Республиканын билим берүү системасын реформалоо мүмкүн эмес.

Педагогикалык багыттар жана адистиктер боюнча жаңы мамлекеттик билим берүү стандарттары Билим берүү министрлигин тарабынан 2003-жылы иштелип чыккан. Бул мамлекеттик билим берүү стандарттары өзүнүн статусу боюнча убактылуу болгондугуна карабай, бүгүнкү күнгө чейин бардык педагогикалык багыттар жана адистиктер боюнча даярдоо жүргүзүүгө негиз болуп турган жападан жалгыз методолгиялык база болуп саналат.

Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын биринчи жана экинчи блоктору педагогикалык адистиктер боюнча бирдиктүү болуп саналат жана стандарттын жалпы көлөмүнүн 27%га жакынын түзөт. Үчүнчү блок "Жалпы кесиптик дисциплиналар" деп аталат, жалпысынан бардык багыттар үчүн окуу дисциплиналарынын жалпы тизмесин камтыйт жана стандарттын жалпы көлөмүнүн 15-16 % ын түзөт [1].

Эң чоң блок - бул Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жалпы көлөмүнүн 47%дан 50%га чейинки көлөмүн ээлеген "Атайын дисциплиналар" блогу. Тандоо боюнча курстар жана ЖОЖ компоненттери бардык блоктордо орто эсеп менен блоктун көлөмүнүн 8ден 27ге чейинки бөлүгүн түзөт. Практиканын ар кандай түрлөрүнө орто эсеп менен 13төн 18 жумага чейин берилет [1].

Окуу пландарын анализдөө аларды олуттуу кайра карап чыгуу жана өзгөртүү талап кылынарын көрсөттү.

Биздин көз карашыбызда, педагогикалык багыттар боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттары педагогикалык адистиктер боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарынын иштешинин мезгилдик жана уюштуруу аспекттеринин өнүтүнөн каралууга тийиш.

Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын узактыгы кредиттик технологиянын студенттерди **окутуунун төрт жылдык мезгилине** эсептелиши зарыл, бул мезгил атайын дисциплиналар, педагогика, атайын дисциплинаны окутуунун методикасы жана Кыргызстан тарыхы боюнча дипломдук иш коргоо (же мамлекеттик экзамен тапшыруу) менен аяктайт. ЖОЖду аяктагандан кийин студент академиялык бакалаврь даражасын ыйгарган диплом алат, бул бүтүрүүчүгө билим берүү мекемелеринде жана уюмдарында мугалим катары кесиптик ишмердигин (1 жыл) баштоого укук берет. Педагогикалык стажировкадан өтүү педагогикалык ЖОЖдордун бардык бутүрүүчүлөрү үчүн милдеттүү талап болууга тийиш.

Жаш адистердин стажер педагог катары көнүү практикасы дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө бар. Мисалы, Англияда жаш адистер бир жыл бою тьюторинг (tutoring) деп аталган стажировкадан өтүшөт, АКШда мындай стажировка менторинг (mentoring), Японияда ментаа (насаатчылык - mentaa/ soudan' yaku) деп аталат.

Артыкчылык дипломун алган бакалавр магистратурада окуусун улантуу укугуна ээ болот (бул пункт документте көрсөтүлгөн).

Эгер мамлекеттик билим берүү стандарттарынын түзүмдүк-мазмундук аспекттери жөнүндө кеп кыла турган болсок, анда биз эл аралык тажрыйбаны, ошондой эле 1997-жылы Санкт-Петербургда өткөн "Билим берүүдөгү эркиндик үчүн" европалык форумунун сунуштарын эске алып, окуу мезгилин төмөндөгүдөй бөлүштүрүүгө умтулууга тийишпиз: үчтөн бири педагогикалык илимдерге, үчтөн бири предметке тиешелүү илимдерге, үчтөн бири ар кандай түрдөгү практикаларды өткөрүүгө.

Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын өзү жогорку педагогикалык билим берүүнүн студентке багытталган мүнөзүн болжоочу жана билим берүүнүн максаттарын аныктоого, билим берүүнүн мазмунун тандоого, билим берүү процессин уюштурууга, билим берүү технологияларын пайдаланууга жана натыйжаларды баалоого принципиалдуу таасир тийгизүүчү компетенттүүлүк мамиленин (подходдун) өнүтүнөн өндолуп, түзөтүлүүгө жана модификациялануга тийиш.

Педагогикалык адистиктер боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарын долбоорлоодо кийинки маанилүү учур **модулдук технологияларды** колдонуу болуп саналат. Бул билим берүүнүн мазмунун квалификациялык максаттарга ылайык ырааттуу калыптандырууга жана оптималдаштырууга, айрым окуу дисциплиналарынын ордун жана ролун тактоого, окуу сабактарын белгилүү бир окуу дисциплинасынын алкагынан тышкары интеграциялоого, билим берүүнүн багыттарын кеңири ачыктыгын жана ийкемдүүлүгүн камсыз кылууга, сабактарга эркин катышууну киргизүүгө, окутуунун ар кандай этабында квалификация алуунун ачыктыгын камсыз кылууга ж. б-га мүмкүндүк берет. Бул модулдук технологияларды колдонуу бере турган мүмкүнчүлүктөрдүн аз гана бөлүгү.

Педагогикалык багыттар боюнча **стандарттын структурасы** "Жалпы билим берүү блогу", "Жалпы кесиптик блок" жана "Атайын дисциплиналар блогу" деген үч блоктон турууга тийиш. Блоктор модулдарга бөлүнөт. Ар бир блоктун 50%дан кем эмес бөлүгүн атайын дисциплиналар жана дагы ушунчасын элективдик дисциплиналар түзүшү керек. Биз ЖОЖдун компонентин, ошондой эле адистештирүү боюнча дисциплиналар блогун бөлүүнүн зарылдыгы жок деп эсептейбиз. ЖОЖдун компоненти - бул ошол эле элективдик курс. Мунун баары ЖОЖдорго жылдык модулдук пландарды түзүүдөгү өзгөрүүлөргө карата ыкчам жана ийкемдүү болууга жардам берет. Түзүмдүн жалпы көлөмүнүн 50%дан кем эмес бөлүгүн контакттык сааттар деп аталган сааттар түзүүгө тийиш эмес. Лекциялык сааттардын бир апталык көлөмү 24 сааттан ашпоого тийиш.

"Мектеп күнү" формасында өткөрүлүүчү үзгүлтүксүз психологиялык-педагогикалык практика түшүнүгүн киргизүү өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Бул 1-курстан баштап экинчи семестр ичинде аптасына бир жолу "мектеп күнү" катары пландалат,

башкача айтканда студенттер милдеттүү түрдө ушул күнү мектепте болууга тийиш. Бул студенттерде мугалимдик кесипке кызыгууну пайда кылууга жана ага тийиштүү он мамиленин калыптанышына өбөлгө болот, педагогикалык процесске байкоо жүргүзүүгө жана ар кандай педагогикалык жагдайларга анализ жасоого, күндөлүк жазууну жүргүзүүгө, сабактарга катышууга, мугалим менен окуучунун өз ара аракеттеринин өзгөчөлүктөрүнө байкоо жүргүзүүгө, класс жетекчисинин жардамчысы катары тарбиялык иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө катышууга үйрөтөт. "Мектеп күнү" формасында үзгүлтүксүз психологиялык-педагогикалык практика 3-курста өткөрүлүүчү окуу-өндүрүштүк практика башталганга чейин 2-курста да улануу жана 4-курста финалдык практика менен аяктоого тийиш, себеби, жогору жакта көрсөтүлгөндөй, бардык окуу мезгилинин үчтөн бири үзгүлтүксүз психологиялык-педагогикалык практикага арналууга тийиш.

Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын кийинки маанилүү компоненти **изилдөөчүлүк-чыгармачылык структурасы** болушу зарыл. Лекцияларда жана сабактын башка түрлөрүндө болочок предметчи педагогдорду өз алдынча аналитикалык ишке, ар кандай түшүнүктөрдү, кубулуштарды, кырдаалдарды жана фактыларды синтездей алууга, аларды баалоого жана тийиштүү педагогикалык чечим кабыл алууга үйрөтүү зарыл. Ар бир студент өзүнүн изилдөө ишмердигине киришүүгө тийиш. Бул баарынан мурда жалпы кесиптик дисциплиналар боюнча чыгармачыл долбоорлорду даярдоо, докладдарды, курстук жана дипломдук иштерди аткаруу болуп саналат.

Көнүл бурууну талап кылган дагы бир маанилүү учур заманбап этапта окуучулардын агрессиялуулук психологиялык-педагогикалык проблемасы жетишерлик курч экенин эске алганда - бул **окуучуларды тарбиялоо** көйгөйү. Ошондуктан студенттерди мектепте тарбия иштерин жүргүзүүгө үйрөтүү ЖОЖдо мугалимдерди даярдоонун чечүүчү звеносу болууга тийиш. Бирок бул үчүн ЖОЖдогу тарбиялоонун теориясы менен методикасы курсун олуттуу өзгөртүү эле эмес, студенттерге тарбия иштерин жүргүзүүгө да жетишерлик практикалык даярдык берүү зарыл. Муну педагогикалык практика процессинде гана жүзөгө ашырууга болот. Ушуга байланыштуу мамлекеттик билим берүү стандарттарында окуу процессинин үчтөн бир бөлүгү педагогикалык практиканын ар кандай түрлөрүн өтүүгө арналууга тийиш.

ЖОЖдун өзүндө студенттерди иш жүзүндө даярдоо жана алардын педагогикалык компетенциясын калыптандыруу үчүн аларды педагогикалык ишмердикти жүргүзүүгө үйрөтүү зарыл. Болочок **предметчи педагогдордун сүйлөө техникасына,** алардын психологиялык-эмоциялык туруктуулугунун калыптанышына, өзүн-өзү кармана билишине, чыдамдуулугуна, өзгөчө жагдайларда аракеттене билүүсүнө, келип чыккан окуу кырдаалдарында ыкчам реакцияны пайда кылууга жана адекваттуу туура чечим кабыл алышына ж. б. учурларга өзгөчө көнүл буруу зарыл. Бул үчүн окуу адабияттары жетишерлик, болгону окутуу форматын жана убакытын аныктап, өзгөчө маанилүү максат - болочок предметчи педагогдорду сапаттуу даярдоо үчүн окуу планында бөлүп көрсөтүү талап кылынат. Биздин оюбузча бул үчүн педагогикалык техника боюнча милдеттүү практикумдарды киргизүү зарыл.

Билим берүүнүн сапатын баалоо, педагогикалык кадрларды даярдоонун төмөнкү деңгээлин, мыкты кадрлардын кетип жатышын, педагогикалык эмгекти материалдык жактан колдоонун начар экенин белгилөө менен, Билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы максаттардын жана милдеттердин катарында [5] экономиканын бардык тармактары үчүн жогорку квалификациялуу жана атаандашууга жөндөмдүү кадрларды даярдоонун сапатын жогорулатууну карайт.

Кыргыз Республикасынын 2003-жылы кабыл алынган жана бекитилген **Жогорку кесиптик билим берүүнү өнүктүрүүнүн мамлекеттик концепциясы** эмгек базарынын (рыногунун) өзгөрмөлүү шарттарында бүтүрүүчүлөрдүн кыйла жогорку ыкчамдыгын (мобилдүүлүгүн) камсыз кылуучу адистин компетенттүү моделинин негизинде иштелип чыккан. Адистин мындай модели жогорку мектептин бүтүрүүчүсү компетенттүүлүктүн кандай топтомуна ээ болууга тийиштиги, кандай кесиптик функцияларды аткарууга даярдалгандыгы жана конкреттүү функцияны аткаруу үчүн анын даярдыгынын деңгээли кандай болушу керек экендиги тууралуу сыпаттама болуп саналат. "Бүтүрүүчүлөрдүн даярдыгынын деңгээлине коюлуучу талаптар" бөлүмүндө жогорку мектептин бүтүрүүлөрүнүн даярдыгынын деңгээлине коюлуучу талаптар эки деңгээлде берилет. биринчи деңгээл - мүмкүнчүлүк деңгээли. Ал окуп жаткандарга ЖОЖ сунуш кылууга милдеттүү болгон белгилүү дисциплиналарды жана жалпысынан программаларды өздөштүрүүдөгү мүмкүнчүлүктөрдү белгилейт. Бул деңгээлге жетүү окуу китептеринин, окуу куралдарынын мазмуну, окутуунун тийиштүү сапаты жана тийиштүү окуу-лабораториялык база аркылуу камсыз кылынууга тийиш; экинчи деңгээл - милдеттүү даярдык деңгээли. Ал окуп жаткандар окууну аяктап жатканда ээ болууга тийиш билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн эң ылдыйкы чегин, башкача айтканда мазмуну боюнча да, көлөмү боюнча да жогорку билимдин натыйжаларынын жол берилген эң төмөнкү чегин аныктайт.

Болочок мугалимдин кесиптик даярдыгынын негизги идеяларын анын ишмердик объектисинин - бүтүндөй педагогикалык процесстин - өзгөчөлүктөрүнө таянуу менен негиздөө **"Кыргыз Республикасында үзгүлтүксүз жогорку педагогикалык билим берүү концепциясында"** [4] чагылдырылган. Бул Концепцияда кесиптик билим берүүнү реформалоонун маани-маңызы негизделет, бул реформалоону болочок адисти калыптандырунун (инсандык аспект), ээ болуучу билимдердин мазмунуна жана түзүмүнө өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн (мазмундук аспект), жүрүм-турумун өзү жөнгө салуу ыкмаларына жана алган билимдерин стандарттык чыгармачылык кесиптик милдеттерди чечүүдө практикалык иш-аракеттерге өзгөртүү үчүн пайдаланууга үйрөтүүнүн (технологиялык аспект) көз карашынан кароо зарыл. Ошондуктан заманбап шарттарда педагогикалык кадрларды даярдоо системасы натыйжалуу ишмердик үчүн заманбап коомдун мугалимге болгон социалдык суроо-талабына ылайык педагогикалык билим берүүнүн максаттарын, анын мазмунун жана технологиясын өзгөртүүгө тийиш.

Адабияттар

1. Добаев К.Д. Проблемы педагогического образования в Кыргызстане. // Высшее образование Кыргызской Республики. - Б., 2009.

2. Закон об образовании Кыргызской Республики. - Б., - 2003.

3. Конституция Кыргызской Республики. - Б.: Ака-

демия, 2009.

4. Концепция непрерывного педагогического образования в Кыргызской Республике. – Б., 2009.

5. Концепция развития образования в Кыргызской Республике до 2010 года. // Постановление Правительства Кыргызской Республики от 29 апреля 2002.

6. Сборник государственных образовательных стандартов высшего профессионального образования по специальности 540303 "Русский язык и литература" - Педагогические науки. - Б., 2004.

7. Сборник государственных образовательных стандартов высшего профессионального образования по специальности 540303 "Кыргызский язык и литература" - Педагогические науки. - Б., 2004.

8. Колев Г. Формирование профессионально-педагогической направленности студентов педагогических учебных заведений. - Л., 2005.

Сапиева Г.Е.,

Казахский Национальный аграрный университет,
г. Алматы, Республика Казахстан

МОДЕЛЬ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ АГРОИНЖЕНЕРА ШИРОКОГО ПРОФИЛЯ КАК ПОКАЗАТЕЛЬ КАЧЕСТВА ОБРАЗОВАНИЯ В ОБЛАСТИ СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННОГО ПРОИЗВОДСТВА

Современные мировые тенденции в развитии высшего образования предопределяют необходимость переосмысления роли и миссии выработки новых подходов и определения новых приоритетов для общества. Это объективный процесс, обусловленный вхождением человечества в новую, информационную культуру XXI века - века высоких технологий.

Несомненно, что специалист, соответствующий идеальной модели, должен быть, в первую очередь широко образованным человеком, т.е. необходимо отказаться, в интересах рынка труда и занятости, от модели подготовки узкого специалиста. При этом также необходимо учесть, что узкая специализация на производстве всегда будет существовать, тем более в наукоемком производстве, т.к. она определяет необходимую глубину образования специалиста, его профессионализм и высокую компетентность. Сегодня следует отказаться от заведомой заданности на раннюю узконаправленную подготовку, неизбежно обрекающую общество на возврат к жесткому централизму во всех сферах жизни.

Во-первых, крайне необходима смена установившейся порочной установки на то, что итоговым продуктом обучения считается только подготовка рабочей силы. Исходной позицией должно стать следующее: образование - это, прежде всего вложение в человеческий, гуманитарный потенциал общества, определяющий его прогрессивное развитие.

Важнейшее требование к будущему специалисту - это понимание и принятие иной культуры, иных ценностей и позиций, умение пойти на компромисс, понимание значимости не только собственной независимости, но и чужой. В открытом гражданском обществе данное условие является основной гарантией творческой реализации специалиста.

Идеографическая модель специалиста требует также гуманитарную образованность, поскольку все достижения и кризисы цивилизации в прошлом свидетельствуют о том, что человек не может добиться серьезных достижений, если он ограничен только специальными знаниями. То же самое относится и к обществу в целом. Невозможно разработать или воспринять развитые технологии на фоне убогой гуманитарной или политической культуры.

Поэтому такое большое внимание сегодня придается культуре специалиста, как необходимой при наличии совершенной техники и высоких технологий, для их высокопроизводительного и, самое главное нравственного использования.

Процесс подготовки специалиста в вузе продолжителен, он требует большого вложения сил и ресурсов, и в его стабильности - залог его качества и успешности. Образование человека усиливает его активность. В трудовом процессе высокообразованный человек не находится в роли созерцателя, а пытается в любом случае найти грамотный выход. Но все это возможно, если будущий специалист овладел способами анализа и синтеза, научился обосновывать свои решения, определять причинно-следственные связи и возможные этапы достижения цели. Неизменность процесса профессиональной подготовки уже не соответствует задачам, стоящим перед высшей школой сегодня, поскольку она должна готовить специалистов, не только успевающих за жизнью, но в чем-то опережающих ее. Это диалектическое противоречие, требующее от высшей школы стабильности и мобильности одновременно, день ото дня становится более ощутимым: научно-технический прогресс остро ставит свои задачи перед высшей школой и побуждает к их решению в сжатые сроки. Стратегия развития высшего образования в Казахстане зависит от степени разработанности такого важного приоритетного научно-педагогического направления научных знаний, как моделирование профессиональной личности и деятельности специалистов.

Метод моделирования универсален. Универсальность этого метода означает применимость его ко всем областям научного знания. Термин "модель" происходит от латинского слова "modulus", что означает "мера".

Модель специалиста является своеобразным эта-

лоном, который надлежит воплотить в конкретных мероприятиях профессионального образования в течение ближайшего отрезка времени. Практическая ценность моделей зависит от того, как адекватно и полно они будут отражать основные требования, предъявляемые к специалисту с высшим образованием на данном этапе развития нашей республики.

Принимая за основу модели специалиста обобщенную модель деятельности, мы тем самым автоматически получаем сведения об основных требованиях, о тенденциях использования агроинженеров, конкретных сферах их применения, эффективности их использования и многих других моментах. Существенным достоинством этого подхода является тот факт, что в работе специалиста непосредственно, зримо проявляется возможное несоответствие между подготовкой и конкретной деятельностью. Обобщение и систематизация этих сведений на основе достаточной выборки будет способствовать улучшению не только подготовки специалистов, но и их использованию. Последнее немаловажно, ибо КПД специалистов зависит не только от вузовской подготовки, но и от понимания возможностей их оптимального использования на конкретных рабочих местах.

"Модель специалиста - это не столько отражение отдельных сторон и качеств, которые могут быть установлены эмпирически, сколько тот эталон специалиста, который должен быть получен в результате учебно-воспитательного процесса и к получению которого необходимо стремиться в процессе практической деятельности вуза..."[1].

Уровень узкоспециализированной подготовки агроинженеров резко сдерживает материальное производство, увеличивает срок адаптации. В конечном счете таким инженерам приходится доучиваться, переучиваться, так как подготовленные к определенным узким профессиональным функциям, они не могут проявить себя в условиях работы на новом оборудовании и т.д. Узкоспециализированная профессиональная подготовка затрудняет дальнейшее совершенствование своей квалификации.

Недооценка отрицательных последствий узкой специализации сказывается на темпах внедрения комплексной механизации и автоматизации предприятия. Перевод профессиональной деятельности, в которую вовлечены агроинженеры, на более широкую технологию дает возможность увеличить объем работы без увеличения числа занятых в производстве работников. Узкоспециализированная подготовка приводит также к тому, что значительная доля инженеров останавливается в своем профессиональном росте на определенном уровне квалификации, их творческая и умственная деятельность обедняется. Подготовка специалистов более широкого профиля позволяет целесообразнее организовывать труд.

автономия→аптономыйа (4-б.),
генетика→генетике (7-б.),
индукция→индуксыйа (9-б.) деп берсе, сөздүктүн 2-бөлүгүндө, Ы.Тойчинов иштеген бөлүгүндө, Ы.Тойчинов:

прокурор→биркарол (105-б.),
секта→секти (119-б.),
смета→исмита (120-б.),
хирургия→кыйрургыйа(144-б.),
химия→кымыйа (144-б.) деп сөздөрдү (терминдерди) түпкү маанисинен такыр алыстатып жиберет. Мисалдардан көрүнүп тургандай эле, башка тилден кирген терминдерди эне тилдин тыбыштык өзгөчөлүгүнө ыңгайлаштырууда кээ бир сөздөр (терминдер) өз маанисинен ажырап, такыр эле түшүнүксүз атоолорду, баш айлантууну жаратып койгон. Ушул 2-бөлүктөгү маанисинен четтеп калган котормолорду авторлош болсо да, К.Тыныстановго таандык деп айта албайбыз. Анткени К.Тыныстановдун буга чейин канаттуулар жөнүндөгү (Куштар классы, 85-инв.) жаны-

барлар жөнүндөгү (Зоологиялык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. 29-дело) сөздүктөрү менен иштеп, окумуштуунун сөздүк түзүү өзгөчөлүгүн өздөштүрүп калганбыз. Бирок, сөздүктүн бул 2-бөлүгү жараксыз дегенден алыспыз. Мында, 74-инвентардагы (К.Тыныстанов түзгөн вариант) терминдер толук кийирилген. Арасында гана жогоркудай туура эмес аталышты туюнтуп калган сөздөр кездешет.

Жыйынтыктап айтканда, К.Тыныстановдун коомдук-саясий, философия жана коом-чарба багытындагы терминдери (№ 74, № 85-инв.) мамлекеттик тилдин бүгүнкү күндөгү кээ бир маселелерин чечүүдө да чон роль ойнойт. Ошондой болсо да, бул сөздүктөр өткөн кылымдын 20–30-жылдарында эне тилибиз эми гана телчигип, бутуна тура баштаган мезгилинде жаралгандыгына карабастан бүгүнкү күндөгү кээ бир сөздүктөргө салыштырмалуу сапаты жагынан жогору турат .

Негизинен, бул сөздүктөрдөн эне тилди байытуу үчүн бир топ сөздөрдү алууга болот деген ойдобуз. Бирок, мисал келтирилген сөздөр сан жагынан аз берилгендиктен ушул сөздөр аркылуу эле аталган сөздүктөрдүн сапатынын жогорулугун ченеп коюу максатыбыз эмес. Мындай сөздөрдү К.Тыныстановдун ар бир эле сөздөрүнөн кездештирүүгө болот. Милдетибизокумуштуунун ар бир сөздүгү жөнүндөгү маалыматты коомчулукка кабарлоо болуп эсептелет. Ал эми аларды кенири планда илимий талдоого алуу -- келечек милдеттеребизге кирет.

Адабияттар

1. Краткий философский словарь / Под. ред. Алексеева А.П. - М.: Пропект, 2000.

2. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. -Ф.: Мектеп, 1969.

3. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. – Ф.: Мектеп,1984.

4. Кыскача саясий сөздүк /Которгон.: Сагынов М., Абдылдабеков Т. – Ф., 1980.

5. Оников Л.А., Шишлин Н.В. Краткий политический словарь. – М., 1987.

6. Русско-киргизский словарь / Под. ред. К.К.Юдахин. -Б.: Шам, 2000.

7. Словарь иностранных слов. –М.: Русский язык, 1979.

8. Социально-экономические термины. № 74 инв. (КР УИАнын кол жазмалар фонду).

9. Терминдер. № 85(93) инв. (КР УИАнын кол жазмалар фонду).

10. Ўзбек тилининг изохли лугати. – М.: Рус тили. 1981.

11. Юдахин К.К.Кыргызча-орусча сөздүк. – Ф.: Мектеп, 1985.

Сыдыкова Р.Р.,
БГУ им. К. Карасаева

НЕКОТОРЫЕ ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ВОПРОСЫ ИССЛЕДОВАНИЯ ВОКАЛИЗМА В РУССКОМ И КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКОЗНАНИИ

Сопоставительное изучение систем различных родственных и неродственных языков - одно из значительных достижений отечественного языкознания. Различные виды сопоставления языковых систем проводятся давно, написаны многочисленные исследования, в которых сопоставляются фонетические, лексические и т.д. подсистемы самых различных языков мира.

Сопоставительно-типологическое исследование языков не только выделилось как особый раздел науки о языке, но и за последние годы обогатило арсенал своих методов за счет привлечения новых идей и приемов анализа из общего и сравнительного языкознания.

Большой интерес к сопоставительному изучению языков различных структур широкого круга исследователей объясняется, прежде всего, тем, что оно позволяет установить общие и специфические закономерности развития рассматриваемых языков, выявить принципы их функционирования и закономерности их языкового общения. Научное исследование любого рассматриваемого языка требует описания его грамматических и фонетических явлений, прежде всего, на основе собственного его материала, а также требует сравнения с другими родственными ему языками.

Звуковые структуры слов представляют собой сложные единицы, состоящие из последовательности качественно самостоятельных, но не связанных друг с другом звуков, которые объединены в слог или слоги, находящиеся в определенных акцентно-ритмических отношениях друг другу.

Единицы звукового строя языка как лингвистические величины выделяются на функциональной основе, опирающиеся на самостоятельность и определенную целостность их звукового качества. Звуковая материя языка едина, но имеет два аспекта: фонетический (артикуляция, физический состав, слуховой эффект) и фонологический, или функциональный (различение и отождествление значимых единиц). Поэтому показателями фонетической и фонологической типологий оказываются одни и те же единицы, но рассматриваются они, соответственно, с разных точек зрения.

Представители Московской фонологической школы считают, что в русском языке пять гласных фонем: [а], [о], [у], [э], [и], рассматривая [ы] как разновидность фонемы [и]. [1, 214-216].

Эти гласные отличаются друг от друга в речи благодаря артикуляционно-акустическим различиям, обусловленным степенью подъема языка, продвинутостью по ряду, положением губ. Различия между фонемами образуют ряд противопоставлений.

Существуют также трудности, связанные с изменениями гласных в сильных позициях в зависимости от твердости или мягкости соседних согласных. В свя-

зи с тем, что артикуляционная спаянность в комплексе "согласный - гласный" в русском языке велика, все разнообразные оттенки пяти гласных фонем представляют собой отражение признаков рядом стоящих согласных. Поэтому невозможно неправильно произнести вариации гласных, если согласные произнесены правильно. Отработка гласных в сильных позициях сводится в значительной степени к различению и отработке произношения твердых и мягких согласных, что входит, однако, в задачу усвоения консонантизма.[14, 60].

При обучении вокализму нельзя обойти такую важнейшую особенность русского языка, как редукцию гласных, т.е. изменение качества гласных в безударном положении, которое зависит от места гласной по отношению к ударному слогу, от мягкости или твердости соседних согласных [16, 5].

Представители Петербургской (Ленинградской) фонологической школы выделяют в русском языке 6 гласных фонем: [а], [о], [у], [э], [и], [ы]. К пяти гласным фонемам присоединяется и фонема [ы]. Л.В. Щерба и Е.Д.Поливанов четко выделяют фонему [ы] в русском языке, и вместе с ней признают и шестифонемную вокалическую систему русского языка. [14, .51; 10, 242].

Что же касается разнобоя мнения по вопросу количественного состава системы русских гласных фонем, то весь вопрос упирается в фонему [ы]. Еще Н.С. Трубецкой отмечал, что "в русском языке более переднее или более заднее положение языка при реализации гласной фонемы обусловлено звуковым окружением..."i" реализуется как гласный смешанного среднезаднего ряда (w)". [13, 108]. Т.П. Ломтев считал данный акустико-артикулярный признак нерелевантным для вычисления самостоятельной фонемы [ы]: "Дифференциальный признак среднего ряда в фонемах [и] - [ы]... имеет релятивный характер, но он не является релевантным, т.к. не имеет двоичного характера". [9, 82].

Основой для несовпадения мнения, конечно же, являются различия в понимании лингвистической природы понятия "фонема". Отмечается, что понятие фонемы относится к фонологическому уровню языка, а понятие звука - к ее реализации в речи. Но поскольку фонемы всегда вычленяются и идентифицируются в речевой, а именно, в звуковой дистрибуции, то постольку оба эти понятия: фонема и звук и, следовательно, оба уровня рассмотрения - фонология и фонетика - оказываются взаимосвязанными, взаимообусловленными и взаимно проникающими друг в друга.

А.А.Реформатский, анализируя расхождения Московской и Ленинградской (Петербургской) школы, соглашается со следующим высказыванием Г.А.Климова: "Объективно служила физической интерпретации фонемы и морфемы методическая сторона работ Л.В.Щербы. Ему не удалось выйти за рамки физического истолкования фонемы, несмотря на настойчивые поиски собственно лингвистического подхода к языковой реальности, в частности, несмотря на стремление разграничить понятие собственно "фонетической единицы", с одной стороны, и акустической, или физиологической, единицы, с другой. Хорошо известно, что методика фонологического анализа, предложенная Л.В.Щербой, не дает возможности выявить фонемный инвентарь исследуемого языка" [12, 66].

Л.В.Щерба писал, что "в живой речи произносится значительно большее, чем мы обыкновенно думаем, количество разнообразных звуков, которые в каждом языке объединяются в сравнительно небольшое число звуковых типов, способных дифференцировать слова и их формы, т.е. служить целям человеческого общения. Эти звуковые типы и имеются в виду, когда говорят об отдельных звуках речи. Мы будем называть их фонемами. Реально же произносимые различные звуки, являющиеся тем частным, в котором реализуется общее (фонема), будем называть оттенками фонем" [14 , 18].

В русском языке представители школы Л.В.Щербы оттенками одной фонемы называют звуки [о] и [ȯ] в таких словах, как тот, тётя (фонетически: [тот], [т'ȯт'ь]). Оттенками одной формы считают и звуки [у] и [ў] в словах типа тут, тюль (фонетически: [тут], [т'ўл']). Эти оттенки в русском языке похожи на тюркские звуки [о] и [ө] , [у] и [ү] в словах типа кол - көл, кул - күл. Однако, исследователи тюркских языков, как правило, эти звуки считают не оттенками фонем, а самостоятельными фонемами.

Изучением сегментной фонетики занимались и продолжают заниматься многие учёные, например, А.А.Реформатский, Р.И.Аванесов, Л.В.Щерба, Л.В. Бондарко, М.И.Матусевич и мн. др.

Как известно, гласные в безударном положении характеризуются нечёткой артикуляцией, обуславливающей сокращение длительности, уменьшение интенсивности и изменение качества звуков. Иными словами, гласные подвергаются количественной и качественной редукции.

Акустические гласные, как и сонорные согласные, различаются высотой резонаторного тона. Во всех языках самым высоким является гласный [и], а самым низким [у]. Резонаторные тоны возникают от колебательных движений воздуха, находящегося в резонаторе, и зависят, прежде всего, от объема и формы резонатора. Поэтому характеристика гласных по высоте должна дополняться сведениями об артикуляции органов речи, определяющих объем и форму резонатора. Артикуляционный анализ, основанный главным образом на мускульном ощущении исследователя, осложняется тем, что невозможно "затянуть" произнесение безударного гласного, не нарушая при этом специфики. Естественная же длительность его слишком мала, чтобы можно было бы с уверенностью определить соответствующее положение артикулирующих органов и что "степень силы ударения не имеет непосредственного влияния на качество гласного". [15, 104].

Трудно представить, что количественные и качественные изменения гласных происходят изолированно друг от друга. Л.В. Щерба также подчеркивал, что "непосредственной причиной качественного изменения неударных гласных является их количественная редукция" [15, 104].

Причины качественной редукции Л.В. Щерба видел в количественной редукции, и именно в сокращении долготы. Он писал: "Что касается причины изменения качества в неударных слогах, то его ставят обыкновенно в связь с их слабостью. Я полагаю, однако, что связь эта не непосредственная. Другое дело - количество гласного: малое количество непосредственно влияет на качество, так как органы речи, не успевая занять положения, необходимого для произведения данного определенного качества, останутся, так сказать, на полпути, а если и успевают, то слишком на короткое время, чтобы произвести впечатление на наш слух" [15, 103].

Многообразие изменений гласных в русском языке

обусловлено местом гласного относительно ударения в слове. Р.И. Аванесов отмечает: "Различаясь в слоге под ударением, сильные гласные фонемы не остаются качественно тождественными, они изменяют свое качество в зависимости от наличия или отсутствия согласного перед гласным или после него, а также от качества соседних согласных. Наиболее сильное воздействие на качество сильной гласной фонемы оказывает мягкость или твердость соседних согласных" [3, 47].

В тюркологической литературе первые упоминания об ослаблении и выпадении гласных отразились в трудах Ф.Е.Корша, В.А.Богородицкого, Н.К.Дмитриева и мн. др.

Замечательные работы Е.Д.Поливанова, И.А.Батманова, А.Н.Кононова, Н.А.Баскакова, Ф.Г.Исхакова, А.М.Щербака явились крупным вкладом в тюркское языкознание, в том числе в фонетику тюркских языков.

Во всех указанных работах затрагивались наряду с другими вопросами изучения звукового строя языка и вопросы гласных и его позиционных изменений.

В работе Т.К.Ахматова "Звуковой строй современного киргизского литературного языка" автор старался осветить почти все основные вопросы кыргызской фонетики, применяя некоторые методы экспериментальной фонетики. Касаясь изменений гласных в безударном положении, Т.К.Ахматов отмечает большие сокращения длительности и уменьшение силы гласных в безударном положении. Однако категорически отрицает возможные качественные перемены, т.е. изменения в определенных артикуляторных и, следовательно, формантных структурах безударных гласных. Главную причину такого положения он видит в "слабоцентрализованности" кыргызского динамического ударения, сравнивая с "сильноцентрализованным" динамическим ударением русского языка [2, 44].

М.И. Исабеков в своей работе "Количественная характеристика гласных в современном киргизском литературном языке", касаясь редукции гласных, утверждает: "Независимо в какой позиции находятся широкие и узкие гласные в киргизском литературном языке под ударением или в безударном положении, они не изменяют своих формантов, присущих данному языку"[8, 155].

В фонетической литературе тюркских языков, в том числе и кыргызского языка, имеется мнение о том, что безударные гласные подвергаются не качественной редукции, а только количественной. Это объясняется тем, что они при редукции не переходят в другой звук. С этой точки зрения редукция кыргызских безударных гласных носит количественный характер, так как некоторые качественные изменения безударных гласных не приводят их в другие акустические типы (Б.Калиев, Т.К.Ахматов).

Многие положения, связанные с позиционными изменениями гласных, остаются пока еще спорными. Не потеряло своего значения высказывание Ф.Г.Исхакова о том, что явление редукции тюркских гласных до сих пор недостаточно изучено и закономерности их не установлены [7, 66].

Долгие безударные гласные [уу], [үү], [ии], [ыы] в кыргызском языке не подвергаются заметному действию редукции. В кыргызском языке долгота и краткость - релевантные признаки, выполняющие смыслоразличительную функцию, в русском же языке долгота и краткость гласного звука не играет смыслоразличительной роли.

Долгота и краткость гласных в кыргызском языке дифференцирует значение и смысл слова, что делает гласные данного языка самостоятельными фонемами. Это значит, что долгота и краткость являются дифференциальными фонематическими признаками, в ряде случаев отличающих кыргызский язык от некоторых других языков.

В русском языке долгие гласные появляются только на стыке морфем и являются результатом стяжения последнего гласного предшествующей морфемы и начального гласного последующей морфемы.

Поскольку в пределах одной морфемы в русском языке долгие гласные не встречаются, постольку совершенно очевидно, что в русском языке долгие гласные являются результатом сочетания двух фонем и долгота гласного, таким образом, нефонематична.

Долгие гласные в современном кыргызском литературном языке в любой фонетической позиции и при любых фонетических условиях являются автономной единицей, которая независимо от внешних факторов сохраняет свою типовую длительность. Это верно за исключением некоторых случаев, когда наблюдается укороченное произношение долгих гласных, которое в подавляющем большинстве случаев приходится на конец слова при условии, что нет такого "аналога" с кратким гласным.

Долгота и краткость кыргызского литературного языка - фонематический признак. Экспериментальные наблюдения (Ахматов Т.К., Орусбаев А.О.) показывают, что в большинстве случаев относительная длительность долгих гласных в 2-4 раза превышает длительность кратких.

Изменения длительности гласных - результат действия целого ряда фонетических факторов. К ним относятся: характер окружающих (слева и справа) согласных, открытость и закрытость слога, ударность и безударность, позиция по отношению к ударению, количество слогов в слове, качество гласных, темп речи.

Следует заметить, что в кыргызском языке в отличие от русского, где сила редукции зависит в основном от отношения безударного слога к ударению, степень редукции зависит от целого ряда причин: многосложности слова, количества долгих и кратких гласных в слове, от того, какой звук является ударным: краткий или долгий и т.д. Так, в двусложных существительных с долгим звуком в 1-м слоге редукция конечной краткой фонемы [и] относительно сильнее, чем в существительных с кратким гласным в 1 слоге.

Редукция гласных в кыргызском языке, в отличие от русской, проявляется только в отдельных словах и формах.

Так же, как и в русском языкознании, в кыргызском языкознании существуют различные точки зрения на количественный состав гласных фонем. В кыргызском языке большинство ученых выделяют 14 гласных фонем : [а], [а:] [о], [о:], [ы], [у], [у:] [и], [ө], [ө:], [э], [э:], [ү] .[ү:]; из них - 8 кратких [а], [э], [о], [ө], [ы], [и], [у], [ү]; 6 долгих [а:], [э:], [о:], [ө:], [у:], [ү:]. (3, 29-30; 6, 16; 5, 36).

Б.М. Юнусалиев, кроме вышеприведенных четырнадцати фонем, выделяет еще и долгие гласные [ы:], [и:]. [16, 48]. А.А. Реформатский утверждает, что в кыргызском языке лишь четыре гласные фонемы [11, 483-190]. Различные точки зрения на количество гласных фонем связаны с различным пониманием такого явления, как сингармонизм.

Как мы уже отметили, в русском языке по МФШ - 5 гласных фонем, по П(Л)ФШ- 6 фонем. Все вышеназ-

ванные гласные русского языка имеют место и в кыргызском языке. Но данные гласные в русском языке все же обладают определенными отличиями по их произношению и артикуляции от соответствующих гласных в кыргызском языке.

Как в русском, так и в кыргызском языках классификация гласных основывается на следующих признаках: по участию губ (губные - негубные или лабиализованные - нелабиализованные); по степени подъема спинки языка по вертикали по отношению к небу (верхнего, среднего, нижнего подъема) и движению корпуса языка по вертикали (переднего, среднего, заднего ряда).

Описание кыргызских гласных звуков включает в себя различия по степени подъема языка по вертикали, по ряду, в зависимости от движения языка по горизонтали, по наличию или отсутствию огубления, долготы произнесения и отличительных особенностей формантной структуры [6, 36-59]. С акустико-артикулярной точки зрения можно вычленить 6 коррелятивных пар:1) [а]-[а:], 2) [о]-[о:], 3) [у]-[у:], 4) [о]-[о:], 5) [э]-[э:], 6) [у]-[у:]- которые идентифицируются, исходя из долготы и краткости гласной.

Данный признак гласного звука с уровня акустико-артикуляторного представления гласного переходит на функциональный уровень, поскольку в кыргызском языке проявляет фонематическое, смыслоразличительное свойство. Особенность такого смыслоразличения состоит не только в том, что производится смысловое тождествление слогов внутри слов, но и в том, что отождествляются значения самостоятельных слов, и именно главным средством их отличения друг от друга является фонематический признак долготы и краткости: кон (ночевать) - коон (дыня), тала (расхватывать) - талаа (поле). Особняком остаются вне коррелятивных противопоставлений две гласные: [ы] и [и], которые с акустико-артикуляторной точки зрения близки по подъему ([ы]- гласный среднего подъема, а [и]- верхнего подъема), несколько отличаются по рядности, но оба являются негубными. Данные фонемы [ы] и [и] однако являются самостоятельными фонетико - фонологическими единицами.

Из вышеприведенного краткого количественного сопоставления гласных данных языков становится ясным, что большее количество гласных в кыргызском языке связано с тем, что в кыргызском языке фонематическое значение имеет долгота гласных, чего нет в русском языке. Также в кыргызском языке функционируют гласные ө и ү, которых нет в русском.

На основании экспериментальных данных Т.К.Ахматовым установлено, что "по сравнению с другими тюркскими языками в кыргызском языке наблюдается ярко выраженная тенденция к однородности звукового состава слова. Эта тенденция проявляется в двух направлениях: огубленности или неогубленности. В первом направлении, как небный сингармонизм, она охватывает также и гласные и согласные" [2, 130].

В кыргызском языке реализация гласных фонем зависит в основном от действия закона сингармонизма. При этом гласные в кыргызском языке не подвергаются качественной редукции, которая наблюдается в русском языке. Так, если возьмём русское слово "молоко" и кыргызское "тоголок" (круглый), то в русском литературном языке фонема [о] в первом слоге реализуется в звуке [ъ], во втором - в звуке [?], и в третьем - в звуке [о]. В приведённом кыргызском слове "тоголок" во всех слогах фонема [о] реализуется в виде звука [о]. Как правило, в русском языке гласные фонемы в своем чистом звучании реализуется только в так называемой сильной позиции, т. е. под ударением. В остальных случаях они редуцируются. Эта особенность русского языка представляет особую трудность, начинающих изучать русский язык.

Итак, мы отмечаем, что кыргызские фонемы могут иметь прямые аналоги в фонетико-фонологической системе русского языка, когда совпадают с ними по трем параметрам: 1) ряду; 2) подъему; 3) огубленности. Они могут иметь непрямые аналоги, когда совпадают лишь по двум параметрам. Кыргызские фонемы могут не иметь аналогов в фонетико-фонологической системе русского языка, когда там не имеется подобных гласных.

По своим функциональным особенностям гласные фонемы русского и кыргызского языков совпадают только в одном случае: под ударением. Во всех остальных случаях независимо от позиционного расположения не совпадают.

Литература

1. Аванесов Р.И. Русская литературная и диалектная фонетика. - М., 1974.
2. Ахматов Т.К. Звуковой строй современного киргизского литературного языка. - Ф., 1963.
3. Батманов И.А. Современный киргизский язык. - Ф., 1963.
4. Баскаков Н.А Введение в изучение тюркских языков. Учебн.для студ. гос. ун-тов. - М.: Высшая школа, 1962.
5. Бондарко Л.В. Звуковой строй современного русского языка. - М.: Наука, 1977.
6. Грамматика киргизского литературного языка. Ч. I. Фонетика и морфология. - Ф., 1987.
7. Исхаков Ф.Г. Сопоставительная характеристика киргизских и английских гласных фонем: Автореф.-дис... к.ф.н. -Тбилиси, 1986.
8. Исабеков М.И. Количественная характеристика гласных в современном киргизском литературном языке.-Ф.:Илим,1974.
9. Ломтев Т.П. Общее и русское языкознание. Избранные работы. -М.: Наука, 1976.
10. Поливанов Е.Д. Ибранные труды по восточному и общему языкознанию. - М., 1991.
11. Реформатский А.А. Иерархия фонологических единиц и явления сингармонизма -Исследование по фонологии. - М., 1966.
12. Реформатский А.А. Из истории отечественной фонологии. - М., 1970
13. Трубецкой Н.С. Основы фонологии. - М., 1960.
14. Щерба Л.В. Фонетика французского языка. Очерк французского произношения в сравнении с русским. 7-е изд. - М., 1963.
15. Щерба Л.В. Русские гласные в качественном и количественном отношении. - Л.: Наука, 1983.
16. Юнусалиев Б.М. Киргизский язык - Языки народов СССР. Тюркские языки.- М.: Наука, 1996.

Ахмет Гөзүбол,
К. Карасаев атындагы БГУ

КЫРГЫЗ ЖАНА ТҮРК ТИЛДЕРИНДЕГИ НЕГИЗГИ СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮНДӨГҮ СИНОНИМДЕР

Сөздөрдүн бардыгы эле мааниси, формасы, жасалышы жана синтаксистик функциясы боюнча бир өңчөй боло бербейт. Мисалы, кээ бир сөздөр (зат атоочтор) заттарды билдирип, жөндөмө, таандык, сан, жак боюнча өзгөрүлсө, экинчилери (этиштер) кыймыл-аракетти билдирип, чак, жак, ынгай ж.б. боюнча өзгөрүлөт. Заттардын ар кандай белгилерин билгизип, даражалар боюнча өзгөргөн сөздөр (сын атооч) болсо, сандык (көлөмдүк) түшүнүктөрдү туюндурган сөздөр (сан атооч) да бар. Зат, сын, сан жөнүндөгү түшүнүктөрдү атап көрсөтпөгөнү менен, бул маанилерди өтө эле жалпылаштырып туюндурган сөздөр (ат атооч) да кездешет. Сөздөр ушул өңдүү өзгөчөлүктөрүнө карай морфологияда негизги топторго, сөз түркүмдөрүнө бөлүнөт.

Кыргыз жана түрк тилдериндеги негизги сөз түркүмдөрү төмөнкүлөр:

Сөздөр жеке, өз алдынча колдонулуш, толук түшүнүктү бериш даражасына, сүйлөм мүчөсүнүн милдетин өз алдынча аткара алыш өзгөчөлүгүнө карай кыргыз жана түрк тилдеринде негизги сөздөр жана кызматчы сөздөр болуп экиге бөлүнөт.

Негизги сөздөр зат, сын, сан, кыймыл-аракет ж.б. жөнүндө толук түшүнүк берет; жеке, өз алдынча сүйлөм же сүйлөм мүчөсү боло алат. Негизги сөздөргө Зат атооч (isim), сын атооч (sıfat), сан атооч (sayı sıfat), ат атооч (zamir), этиш (fiil), тактоо (zarf)[1] тууранды (Ünlem) сөздөр кирет. Ошондуктан бул сөз түркүмдөрү негизги сөз түркүмдөрү деп аталат.

Кызматчы сөздөр толук түшүнүктү билдирбей, жеке, өз алдынча сүйлөм мүчөсү да боло албайт. Кызматчы сөздөргө байламта (edat), жандооч (belirteç) жана бөлүкчөлөр (ilgeç) кирет.

Ал эми сөз түркүмдөрүндө өз ара маани жагынан жакын же окшош сөздөр болушу мүмкүн. Аларды синонимдер деп атайбыз; (грек тилиндеги «sinonymos» сөзү - «атташ», «мааниси бирдей» деген маанилерин камтыйт). Мисалы: жүгүр – чурка, бөрү – карышкыр, көк – асман, эл – журт.

Синонимдер негизинен колдонулуш жыштыгы, стилдик мүнөзү жана маанилик өзгөчө түрлөрү (оттеноктору) боюнча бирдей болбойт. Синонимдер – бир эле түшүнүктү билдирип, бирок тыбыштык формасы жагынан бири-биринен айырмаланган, стиль жагынан жашдайына карай колдонулган ар башка сөздөр. «**Адам**» (insan), «**киши**» (kişi) деген сөздөр мааниси жана колдонулуш жагынан негизинен бирдей болуп, бири-бирини алмаштыра ала тургандыгына карабастан, «адамзат» (insanlık), «адам баласы» (insan çocuğu), «адам ата» болуп айтылат, бирок «кишизат» (kişilik), «киши баласы» (kişi çocuğu), «киши ата» болуп колдонулбайт. Ошондуктан көп тилчилер синонимдерди *толук* же *абсолюттук синонимдер* жана *толук эмес синонимдер* деп эки топко бөлүшөт. «Бирок алардын ар биринин колдонулушундагы маанисине терең көз жүгүрткөндө абсолюттук деген түшүнүктүн өзү да кандайдыр шарттуу түрдө колдонгон».[2] Анткени синонимдик катардагы сөздөр бири-бирини абсолюттуу түрдө алмаштыра алса, алардын бирөөсү түшүп калары чын. Демек, толук синонимдердин болушу мүмкүн эмес.

Синонимдер бир унгуга ар түрдүү мүчөнүн жалгануусунун негизинде пайда болору маалым. «Бирок бул жол менен жасалган сөздөр синоним боло алабы же боло албайбы деген маселе изилдөөчүлөрдүн көңүлүн көптөн бери буруп келе жатат. Кээ бирөөлөр унгусу бирдей сөздөр синоним боло албайт десе, изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү унгусу бирдей синонимдерди жокко чыгарбайт. Ал эми түрк тилдери боюнча синонимдерди изилдөөчүлөр да унгусу бирдей сөздөрдөн синонимдердин пайда болушун синонимдин баюу булактарынын бири катары баалашат».[3] Мисалы: эсендик-эсенчилик, токтук-токчулук, тынчтык-тынччылык, мүмкүндүк-мүмкүнчүлүк, бейкапар-капарсыз, камсыз-бейкам ж.б. Эгер аларды синонимдер деп кабыл алсак, анда алар бири-бирини абсолюттуу түрдө алмаштыра алат. Демек, бирдей унгуга мааниле ш мүчөлөрдүн жалгануусу аркылуу жасалган синонимдерди абсолюттуу синонимдер, калган синонимдерди толук эмес синонимдер деп жыйынтык чыгарсак болот. Анда **зат атоочтук (isim)** абсолюттук синонимдер: -лык-чылык, -чу-чуман, -чы-кор мүчөлөрү аркылуу жасалат. Мисалы: тендик-тенчилик, уйчу-уйчуман, ишчи-ишкер.

Синонимдер, белгилүү болгондой, бир сөз түркүмүнө тиешелүү болот. Эң кызыгы, алар бирдей же окшош маанини билдиргенине карабастан, бир эле сүйлөмдө бир өңчөй мүчөлөр же кош сөздөр катары колдонула берет. Бирок булардан этиш, зат атооч жана сын атооч сөз түркүмүнө тиешелүү болгон синонимдик катардагы кээ бир сөздөр гана бир сүйлөмдө бир өңчөй мүчөлөр же кош сөздөр катары колдонулат. Мисалы, зат атооч сөз түркүмүнө көңүл бура турган болсок, ал сөз түркүмдөрдүн эң негизгиси болуп эсептелип, заттардын атын, заттык түшүнүктөрдү билдирет.[4]

Зат атоочтор төл сөздөрдөн жана бөтөн сөздөрдөн пайда болот; бири-бирине маанилеш, жакын же бирдей түшүнүктү билдириши мүмкүн, башкача айтканда, синонимдик катарды пайда кылат. Мисалы, «аалам» – «дүйнө жүзү» – «жер жүзү». Мында «аалам» сөзү бөтөн сөз жана тубаса зат атооч, «дүйнө жүзү» – биринчи компоненти - бөтөн сөз: ал эми экинчиси - төл сөз, туунду зат атоочтун ролун аткарат. «Жер жүзү» - туунду зат атооч, төл сөз. Мында «аалам» сөзү «бүткүл жер жүзү, дүйнө жүзү» деген мааниде «*дүйнө*», «*жер жүзү*», «*дүйнө жүзү*», «*жаан*» деген сөздөр менен синонимдик катарды түзсө, «асман мейкиндиги, андагы жалпы планеталар, жылдыздар» деген мааниде «*космос*» деген сөз менен синоним болот.[5] Демек, синонимдик катардын курамы ачык болот, б. а. өз ара синонимдик катышта болгон сөздөрдүн саны туруктуу эмес, алар жалпы эле тилдин лексикалык өнүгүшүнө жараша өзгөрүлүп, толукталып турушу мүмкүн. Ошентип, алар дайыма эле синоним боло бербестен, шартка, контекстке, колдо-

нулуш жыштыгына жараша синонимдик катарды түзөт. Синонимдик катар туунду жана тубаса зат атоочтордон, же тубаса зат атоочтордон гана түзүлүшү мүмкүн. Мисалы:

адат

Бир элбиз, биздин элдин адатында ар кандай ачуу, араз ачылат. [6]

Bir milletiz, bizim milletin **âdetinde** her çe°it bozulma birliği bozar.

(Үмөталиев)

Hastayı ziyaret ne güzel ***âdet***!

*Ооруганды көргөнгө барыш эң жакшы **адат**!*[7]

A.Güzel, Zeynel Baba, 161

Синонимдик зат атоочтор сыяктуу **этиштик**[8] синонимдик катар да бир сүйлөмдө кезигет. Анткени синонимдик катардагы бир синоним сөз аркылдуу ошол катардагы экинчи бир синоним сөздү түшүндүрүүгө болот. Демек, алардын бирге келишинин себеби – ошол объектин өзгөчөлүгүн даана, ачык түшүндүрүп берүү, аны атаган сөздүн маанисин тактоо иретинде экинчи бир синоним сөз колдонулса керек.Мисалы,

Кыйкыр

Ak tolgalı beylerbeyi ***haykırdı*** ilerle

Bir yaz günü geçtik Tuna'dan kafilelerle

Ак тулгалуу бек **кыйкырды** алга деп

Жайдын бир күнүндө Тунадан кербен менен өттүк[9]

Y.K.Beyatlı, Kendi Gök Kubbemiz,84

Этиш сөз түркүмдөрү кыймыл-аракетти билдирип, ынгай, чак, мамиле ж.б. формалар боюнча өзгөрүп, атооч сөздөрдү багындырып, көбүнчө баяндоочтун милдетин аткарат.[10]

Сын атооч[6] да синонимдерге бай; алар туунду жана тубаса түрлөрүндө кездешет. Туунду сын атоочтор зат атоочко сын атоочту жасоочу төмөнкү мүчөлөр аркылуу жасалат:

-луу: бул мүчө аныкталгыч болгон сөздө -луу мүчөсү жалганган заттын сапаттык касиетинин бар экендигин көрсөтөт: балалуу үй - базар, баласыз үй - мазар, токулуу ат ж.б.

-чыл, -чаак: заттын бир нерсеге жакыныраактыгын көрсөтөт: уйку-уйкучул, арыз-арызчыл, баласаак, малсаак; –чыл мүчөсү ат атоочтон да сын атооч түзөт: өзүмчүл.

- сыз: жоктукту билдирет: шагылсыз зоо болбойт.

-дай: окшоштукту, салыштырууну көрсөтөт: теректей бой бергенче, теменедей акыл бер. -дак: бир нерсенин бар экендигин көрсөтөт: кум-кумдак, таш-таштак. -даш: бирдикти көрсөтөт: үзөнгүлөш, акылдаш, тилектеш. -чан: атчан аскер, мылтыкчан киши, топучан чал ж.б. -лык: заттын кайсы жерден экендигин көрсөтөт: шаардык, айылдык совет. -кы: мезгилди көрсөтөт: кышкы, жазгы, кийинки, мурунку.

Этиштен сын атооч жасоочу мүчөлөр:

-гыр: алгыр бүркүт. -гыч: сезгич, билгич, туйгуч (адам). -калан, -калак: шашкалак (адам). -чаак: уялчаак, кызганчаак, тарынчаак, эринчээк. -гак: соргок адам, коркок ит. -ымсак: алымсак, беримсек адам. -анак: кабанак ит, тебенек ат. -ык: ачык, тунук. -ыңкы: жабыңкы, салыңкы, көтөрүңкү.

Сын атоочтон сын атооч жасоочу мүчөлөр:

-ыш: ак-агыш, көк-көгүш. -ылтыр: ак-агылтыр, көк-көгүлтүр. -ылжын: ак-агылжын, көк-көгүлжүн. -гыч: сары-саргыч. -гылт: кызыл-кызгылт, сары-саргылт. -омук: боз-бозомук, ж.б.

Мисалы: «Азгын экен, кантер экен бала» деп,

сен үшкүрдүн күн кыскасын болжолдоп (Осмонов). (Кыргыз тилинин сөздүгү, Б., 2010, б.37)

'Güçten düşmüş, nasıl yapar çocuk' diye, sen ofladın gün kısalmasını tahmin edip.

Ат атооч[12] зат атоочтук, сын атоочтук, жана сан атоочтук өтө жалпыланган маанилерди туюндурат. Башкача айтканда, заттык, сындык жана сандык маанилерин берип, белгилүү шартка ылайык конкреттешкен, кайсы атоочтун ордуна колдонулса, анын грамматикалык өзгөчөлүктөрүнө багынган сөз түркүмү - ат атооч деп аталат.

Ат атоочтордун башка атоочтордон мааниси жагынан айырмачылыгы - алардын кээ бирөөлөрүнүн туруксуз болушу. Ким жөнүндө сөз болуп жаткандыгына карай сүйлөгөн адам конкреттүү заттардын ордуна ат атоочторду колдонот. Мисалы, сүйлөп жаткан киши өзү үчүн «мен» болсо, сөздү тыңдоочу деген ат атооч аркылуу көрсөтүлгөн зат «сен» болуп айтылат: ал эми эгерде «мен» сөзгө катышпасам, башка бирөө үчүн «мен» - «ал» болот ж.б. Мына ошентип, «мен» деген ат атоочтун өзү эле сүйлөнүп жаткан жакка, учурга карай кээде «мен», кээде «сен», кээде «ал» болуп колдонула берет. Ат атоочтун дагы бир өзгөчөлүгү - алардын кээ бирөөлөрүнө айрым мүчөлөр жалганганда баштапкы формасы өзгөрөт.

Ат атоочтор маанисине карай жактама, шилтеме, сурама, таандык, аныктама, белгисиз, жалпылама, тангыч атоочтор болуп бөлүнөт.

Жактама ат атоочтор үч жактын бирин көрсөтөт. Биринчи жана экинчи жак адамды билдирүү үчүн колдонулат. Үчүнчү жак адамды же жалпы эле заттык түшүнүктөрдү билдирүүчү жандуу жана жансыз заттардын ордуна колдонулат. Жактама ат атоочторго «мен, сен, ал , биз, алар, силер, сиздер» кирет. Булар өз ара синонимдик катарды түзө албайт. Ал эми шилтеме ат атоочтордун кээ бирөө синоним боло алышат. Мисалы, *ошо (ошол)-ал (күнү, жолдо), тиги (тигил)-ал (киши), бу (бул)- ушу (ушул) (жер, китеп)*. Шилтеме ат атооч затты көрсөтүү үчүн колдонулат. Ошондой эле белгисиз ат атоочтор да синоним боло алышат: бирдеме - бир нерсе, кайсы бир - кээ бир ж.б. Тангыч ат атоочтор өз ара синоним боло алышпайт: эч ким, эч нерсе, эч кандай, эч кайсы, эч каер, эч канча, эч качан, эч кайда, эч кайдан, эч кимдин, эч нерсеники, ал эмес, сен эмес, мен эмес, баягы эмес, сен түгүл, тиги түгүл, ошол түгүл ж. б. Тангыч ат атоочтор тануу, жоктукту, каршы келүүнү көрсөтүүчү сөздөр болуп эсептелет. Ал эми таандык ат атоочтор өзүнөн мурда келген атооч сөздөрдү энчилеп, таандык кылып алып, –ныкы мүчөсүнүн айкашуусу алдында түзүлөт. Мисалы: *Ошол үй алардыкы. Бул үй сиздики.* Булардын лексикалык синонимдери жок; синоним сүйлөмдөр төмөнкүлөр: Алардын үйү ошол. Бул биздин үй.

Сан атооч[13] *заттын сандык же иреттик белгисин* көрсөтөт. Сан атоочтор да сын атооч сыяктуу заттык мааниге өтүшөт. Мисалы: Биринчилер тарашты. Мен онун алдым. Кээде алар ээлик жана толуктоочтук милдетти заттык мааниге өтпөй туруп аткарышат.

Сан атоочтор өздөрүнүн маанисине карай төмөнкүдөй бөлүнөт: эсептик сан, иреттик сан, жандама сан, чамалама сан, бөлчөк сан, топ сан. Эсептик сандардан он беш, отуз, элүү, бир сандардын контексттик синонимдери бар. Алар: чейрек (он беш), жарым (элүү, отуз), жалгыз – тек –сыңар (бир).[14]

Тактоочтор[15] кыймыл-аракеттин ар кандай кырдаалын, ордун, мезгилин, себеп менен максатын, санөлчөмүн жана сын-сыпатын көрсөтөт. Башкача айтканда, кыймыл-аракеттин түрдүү кырдаалын көрсөтүп,

морфологиялык жактан дээрлик өзгөрүлбөй, көбүнчө этиштер менен айкалышып, бышыктоочтун милдетин аткарат.

Морфологиялык түзүлүшүнө карай тактоочтор туунду жана тубаса болуп экиге бөлүнөт. Унгу түрүндө туруп, өзүнүн мааниси боюнча тактоочтук касиетке ээ болгон сөздөр тубаса тактоочтор деп аталат. Мисалы: шарт, чукул, тез, бат, кеч, дароо, азыр, эми, ылдам, жай, араң, азыр, шар, төмөн, атайы, мурун, бая, азыр, дайым, улам ж.б.

Бая-жана-мурун-мурда

Баягы Метрей картөшкөсү менен эле байып баратат. (Т.С., 31-бет)

Анткени, *жанагы* кеби кыздын жүрөгүн сыздаткан эле. (Т.С., 35-бет)

Эми (İmdi, Şimdi)

Карабек эми чечилип сүйлөй баштады. (Каимов) (Кыргыз тилинин сөздүгү, Б., 2010, б. 1426)

Karabek'in şimdi dili çözülüp konuşmaya başladı.

Ben °imdi sustururum onu.

(N.F.Kısakürek, Reis Bey, 16)

Жыйынтыктап айтканда, сөз түркүмүндөгү синонимдерди иштөө өтө кылдат мамилени талап кылат. Анткени кээ бир сөздөр сүйлөм ичинде башка сөз түркүмүнө өтүп кетиши мүмкүн. Мисалы, «сулуу» деген сөз сын атооч болсо сүйлөмдө заттык маанини берип калды. *Сулуу кыз, Сулуулар келишти* деген сөз айкаштарындагы «*сулуу*» деген сөз биринчисинде кыздын сын-сыпатын көрсөтүп жатса, экинчи сүйлөмдө кыздар деген маанини берди. Бул жерде зат атооч түшүп айтылды. Демек, биринчи сүйлөмдөгү *сулуу* сөзүнүн синонимдери *жакшынакай-татынакай- келишимдүү-чырайлуу* ж.б. Экинчи сүйлөмдөгү *сулуунун* синоними контекстке байланыштуу болуп, анын контексттик синонимдери *кызгар-бийкеч* болот.

Тилекке каршы, бүгүнкү күндө да болсо, синонимдерге байланыштуу эмгектер кыргыз жана түрк тилинде аздык кылат. Эскерте кетүүчү нерсе кыргыз жана түрк тилдеринин тамыры бир болгондуктан орток сөздөрдү да көп кездештирсе болот. Ошондуктан бул иште да орток болгон сөздөргө көбүрөөк көңүл бурулуп, орток мисалдар көбүрөөк алынды. Ошого байланыштуу сөздүктөрдү түзүү, айрыкча сөз түркүмүндөгү синонимдерди айры кароо, алардын өзгөчөлүгүн иштеп чыгуу - келечектин иши.

Адабияттар

1. Сартбаев К., Үсөналиев С. Кыргыз тилинин синонимдер сөздүгү. –Ф.: Мектеп, 1973.
2. Кудайбергенов С.. Жакыпов Ы., Мураталиев М. Кыргыз тили, –Ф., 1958
3. Мамытов Ж.. Азыркы кыргыз тили, -Б., 1999.
4. Давлетов С.,. Мукамбаев Ж., Турусбеков С. Кыргыз тилинин грамматикасы. -Ф.: Мектеп, 1982.
5. Nurettin KOÇ. Yeni Dilbilgisi. –Ankara, 1995.

Г.Абдувалиева

Кыргыз-түрк "Манас" университети

КЫРГЫЗ ЖАНА ТҮРК ТИЛИНДЕГИ САЯСИЙ ЛЕКСИКАНЫН «МАМЛЕКЕТ» ТЕМАТИКАЛЫК ТОБУНУН САЛЫШТЫРМА АНАЛИЗИ

Ар бир тилдин сөздүк кору коомдо болуп жаткан социалдык, экономикалык, маданий, илимий жана техникалык өнүгүүлөрдү чагылдырып, дайыма стабилдүү түрдө өзгөрүп турат. Бул өзгөрүүлөр тилдин калыптанган лексикалык системасынын өзөгүнө таасир тийгизбейт, алар тилдин ички закондорунун өнүгүшүн көрсөтөт. Бул өзгөрүүлөргө тилдин ички мыйзамченемдүүлүктөрүнө ылайык тилде пайда болгон жаңы сөз жана сөз айкаштар кирет. Азыркы учурдагы аалам-дашуу процессинде бүткүл дүйнө илим, билим жана техниканын негизинде пайда болгон жаңы сөздөр менен толукталып келе жатат.

Коомдогу экономикалык, маданий, социалдык жана саясий сфералардагы өнүгүүлөр улуттук тилдин лексикалык курамына түздөн-түз таасирин тийгизүүдө. Тилдин лексикологиясынын бир бөлүгүн түзгөн коомдук-саясий лексика дагы убакыт менен тен кадам басып, күндөн-күнгө өзгөрүүдө. Мына ошондуктан бул катмардын изилдениши дайыма актуалдуу маселелердин катарында орун алат.

Ишибиздин негизги максаты болуп, кыргыз жана түрк тилиндеги коомдук-саясий терминдердин ичинен «мамлекет» тематикалык тобуна кирген сөздөрдү изилдөө жана алардын жалпылык жана айырмачылыктарын аныктоо болуп саналат.

Жүргүзүлгөн анализдин негизинде кыргыз жана түрк тилдеринде жаңы терминдердин пайда болушу акыркы 20 жылдын ичинде ишке ашканын айта алабыз.

Мамлекет тобуна биз өкмөт, шайлоо, дипломатиялык ишмердүлүк жана аскердик терминологиясына байланыштуу терминдерди киргиздик. Бул топко кирген терминдер жалпы коомдук-саясий лексиканын түрк тилинде 32%ын, кыргыз тилинде болсо 30%ын түзгөнүн айта алабыз. Кыргыз тилинде башкаруу системасына байланыштуу жаңы сөздөр пайда болгон. Мисалы, *партиясыз өкмөт, өкмөттүк төңкөрүш, президент, экс-президент, мамлекеттик катчы, акимчилик, аким, министрлик, меморандум, аралаш система, өкмөт башчысы, айыл өкмөтү, президенттик* ж.б. Бул топтун ичиндеги жаңы сөздөр негизинен семантикалык маанисинин өзгөрүшүнөн жана чет тилдерден кабыл алуу жолу менен пайда болгон. Мисалы, *президент, премьер-министр, экс-президент, өкмөт башчысы* ж.б.у.с. сөздөр орус тилинен өздөштүрүлгөн.

Ушул эле топко компьютердик жана электрондук технологиялардын негизинде пайда болгон *электрондук өкмөт* сөзүн киргизсек болот. Бул сөз азыркы кыргыз жана түрк тилдеринде акыркы он жылдын ичинде актуалдашып, коомдук-саясий лексикада орун ала

баштаган. Электрондук өкмөт эки тилде тен бир топ жаңы сөздөрдүн пайда болушун камсыз кылган. Булар, *фронт-офис (мамлекеттин жарандар менен иштөө), он-лайн кызмат көрсөтүү, модель, транзакция, интерактивдүү маалымат, портал, ортомчу система, электрондук айыл өкмөт, веб-сайт, интернет, электрондук башкаруу системасы, бэк-офис (мамлекеттие ички органдар менен иштөө)* ж.б.

Электрондук өкмөттүн пайда болушу түрк тилинде дагы жаңы сөз жана сөз айкаштардын пайда болушун камсыздаган. Буларга *elektronik devlet-e-devlet, elektronik imza, elektronik hizmet, elektronik veri taban, elektornik oy verme, veb-site* ж.б. кирет.

Ошондой эле бул топто орус тилдериндеги ***анти-*** жана ***меж-*** префикстеринин калькаланышынан улам кыргыз тилинде пайда болгон *каршы* жана *аралык* сөздөрүнүн жардамы менен жасалган жаңы сөздөр байкалууда.

Каршы: *атаандаштыкка каршы саясат, кризиске каршы саясат, монополияга каршы саясат, инфляцияга каршы саясат.*

Аралык: *улут аралык, өкмөт аралык, эл аралык.*

Кыргыз тилинде мамлекетке байланыштуу сөздөрдүн саны жалпы сандын 32%ын түзөт. Өкмөткө байланыштуу сөздөрдүн саны 17 пайызды түзөт. Совет доорунун убагында кыргыз тилине көбүнчө терминдер орус тилинен кабыл алынган. Ал эми СССРдин кыйроосунан кийин чет тилден өздөштүрүлгөн кээ бир сөздөр төл сөздөргө алмаштырылып, колдонула баштаган. 90-жылдары өлкөдө болгон коомдук-саясий өзгөрүү түздөн-түз тилге таасирин тийгизген. Ошол убакыттан бүгүнкү күнгө чейин терминолог, лингвист жана журналисттер өз иштерин терминологияны өнүктүрүүгө багытташкан. Учурда бул топ мамлекеттик бийликти, жалпы саясий түшүнүк жана атоолорду аныктаган, мамлекет куруу жана өнүктүрүү багытын чагылдырган, мамлекеттик органдарды жана уюмдарды аныктаган бир топ жаңы сөздөрдү камтыйт. Мисалы, *администрирование-акимчилик, посольство-элчилик, заседание-отурум, съезд-жыйын, депутат-эл өкүлү, кандидат-талапкер* ж.б.

Чет тилдерден кабыл алынган сөздөрдүн ордуна төл сөздөрдү колдонуу маселеси албетте он көрүнүш, бирок буга карабастан улуттук тилибизде бир топ орус тили аркылуу батыш тилдеринен кабыл алынган сөздөр да орун алат. Анткени бул терминдер коомдук-саясий терминологиясынын өзөгүн түзөт. Булар, *декларация, премьер-министр, президент, оппозиция, сессия, парламент* ж.б.

Мамлекет тобунун экинчи кичи тобуна кирген жаңы сөздөрдүн көбү шайлоонун ситемасынын калыптанышынын натыйжасында пайда болгон. Бул топко шайлоонун алдында жана шайлоо учурунда аткарылган иш-чаралардын негизги түшүнктөрүн билдирген сөздөр кирет. Мына ошентип кыргыз тилинде шайлоого байланыштуу төмөнкү сөздөр орун алган. Булардын көбү орус тилинен кабыл алынган. Мисалы, *альтернативалуу добуш берүү, партиянын негизги электораты, шайлоо процессинин легитимдүүлүгү, шыйлоонун экинчи айлампасы, борбордук шайлоо комиссиясы, бобордук шайлоо комитетети-Боршайком, бюллетендин купуялыгы, шайлоо принциптери, плюралдык шайлоо, парламенттик шайлоо, шайлоо вотуму, үгүт, үгүтүй, үгүттөө, жергиликтүү шайлоо, пиар, талапкердин имиджи* ж.б.

Ошондой эле түрк тилинин коомдук-саясий лексикасында шайлоо боюнча сөздөр орун алат. Булар жалпы саясий терминдердин 1,5%ын түзөт. Буларга *byelik süreci, oy verme, genel seçim, yerel seçim, seçim baraji, aday, oy kaybi, güvenoy, taban örgütü, karşi oy kullanma, seçim kanunu, ara seçim, milletvekili seçimi* ж.б. кирет.

Мамлекет тобунун "дипломатиялык ишмердүүлүк" кичи тобуна орус тили аркылуу англис тилинен өздөштүрүлгөн сөздөр кирет. Өлкөдө дипломатиялык мамилелердин өнүгүүсү тилде *саммит, брифинг, форум, сапар, жыйын, конференция, узартуу, дипломатиялык иммунитет, келишим, съезд* сыяктуу сөздөрдүн пайда болушуна жол ачкан.

Бул ири топтун төртүнчү бөлүгүн аскердик терминология түзөт. Акыркы жылдарда террористтик экстремизмдин өрчүшү дүйнөдөгү бардык өлкөлөрдө коркунуч сезимин пайда кылуу менен бирге коомдун тынчын алып талкуу предметин түзгөн. Ушуга байланыштуу эки тилде тең аскери кыймылдарга байланыштуу жаңы сөздөр орун алган. Кыргыз тилинде топтолгон материалдын ичинен бул сөздөр 0,5%ын түзүүдө. Буларга *провокация, халифат, вахабит, ядролук программа, кагылыш, жаңжал, чыр-чатак, аскердик база, ачкачылык акция, диний экстремизм, пикет уюштуруу, реабилитациялоо, мамлекеттик террорчулук, боевик, атомдук ядро, куралдануу, куралсыздандыруу* ж.б. Көрүнүп тургандай бул кичи топко кирген сөздөрдүн көбү орус тили аркылуу киргизилген.

Түрк тилинде аскердик терминологиясында *nükleer programi, askeri darbe, terörist devlet, terörist, bombali saldiri, nükleer silahsizlanma* сыяктуу сөздөр орун алат. Бул кичи топко кирген сөздөр интернационалдык сөздөрдөн турат, анткени террорчулук кыймылы дүйнөлүк масштабында болгон көрүнүш.

Көрүнүп тургандай дүйнөлүк жаңылануу процессинде орун алган өнүгүүлөр жана өзгөрүүлөр түздөн-түз кандайдыр бир тилдин лингвистикалык аспектисинде чагылдырылат. Мисалы, компьютердик технологиянын өнүгүүсү иш-чаралардын компьютер аркылуу аткарылышы электрондук сөзүнөн келип чыккан **е**-префиксинин өнүмдүү сөз жасоочу мүчө катары колдонула баштаганын көрө алабыз. Кыргыз тилинде мындай көрүнүш **е**-мэйл сөзүндө көрүнөт. Электрондук адрести билдирген бул сөз орус тили аркылуу англис тилинен кирген жана азыркы учурда интернационалдык термин болуп эсептелинет. Түрк тилинде болсо электрондук өкмөттүн ишке киргизилиши гезит-журналдарда өкмөткө байланыштуу терминдерге электрондук терминин айкашып айтылгандыгын көрөбүз. Мисалы түрк тилинде *e-devlet, e-imza, e-oy verme* сыяктуу "eklektronik" сөзүнүн кыскартылып, **е-** префикси катары колдонулушу англис тилинен калькаланган. Мындай туруктуу сөз айкаштар түрк тилинде жаңы терминдин жакшы өздөштүрүлгөндүгүн тастыктап турат.

Мамлекет тобуна кирген коомдук-саясий терминдер тууралуу төмөндөгүдөй жыйынтыктарды чыгарсак болот:

- Кыргыз тилинде "мамлекетке" байланыштуу терминдердин көбү сөз айкаштардан түзүлөт. Булар көбүнчө **-лык, -сыз** мүчөлөрдүн жардамы менен аныктоочтук сөз айкаштарын түзөт: *президенттик шайлоо, парламенттик шайлоо, талашсыз шайлоо, коалициялык өкмөт, өкмөттүк тоңкөрүш, мамлекеттик башкаруу система, мамлекеттик карыз* ж.б.

- Түрк тилинде кыргыз тилине салыштырмалуу мамлекет жана өкмөт тобуна кирген терминдерде атоочтук сөз айкаштар үстөмдүк кылат. Булардын ичинен көбүнчө таандык категориянын жардамы менен түзүлгөн иза-

феттин 2-конструкциясы байкалат: *devlet iktidarı, yönetim sistemi, cumhurbaşkanlığı seçimleri, milletvekili seçimleri* ж.б.

- Электрондук өкмөт системасы кыргыз тилине караганда түрк тилинде көбүрөөк өздөштүрүлгөн. Мына ошого байланыштуу англис тилиндеги elektronik сөзүнүн **e-** префиксинин колдонулушу кеңейген: *e-devlet, e-imza, e-mail, e-seçim.* Кыргыз тилинде электрондук сөзү толук формасында сөз айкаштарын түзөт: *электрондук өкмөт, электрондук добуш берүү, электрондук тутум, электрондук шайлоо* ж.б.

- Кыргыз жана түрк тилдери тектеш тилдерден болгондуктан мамлекет сферасында коом-саясий терминдерди түзүүдө *аралык, arası* сөздөрү кеңири колдонулат, бул сөздөрдүн жардамы менен түзүлгөн сөз айкаштарда аныктагычтын биринчи компоненти эки тилде тең жекелик жана көптүк санда колдонулат. Кыргыз тилинде – *жекелик санда - өкмөт аралык келишим, улут аралык, эл аралык уюм, ведомстволор аралык комиссия*, көптүк санда - *өкмөттөр аралык комитет, өкмөттөр аралык макулдашуу, улуттар аралык ынтымак, улуттар аралык мамиле:* түрк тилинде – жекелик санда *-devlet arası işbirliği, hükümet arası ipler, hükümet arası ilişkiler*, көптүк санда – *hükümetler arası iklim, hükümetler arası zirvesi, devletler arası anlaşma, devletler arası sömürge.* Бул сөз айкаштардагы жекелик сан өкмөттүн ичиндеги байланыштарды билдирсе, көптүк сан өкмөттүн башка өлкөлөр менен байланышын билдирип турат.

- Кыргыз тилиндеги өкмөт тобуна кирген терминдердин көбөүйшүнө 24-март революциясы өбөлгө түзгөн. Мына ошентип 2006-жылдан баштап бүгүнкү күгө чейин гезиттерде сын-пикирге алынган бир топ макалалар орун алууда. Бул революция кыргыз тилинин лексикасында бир топ синонимдик сөз айкаштардын көбөүйшүнө шарт түзгөн. Ошентип 24-март революциясы *24-март элдик революция, 24-март ыңкылабы, "мандалак" ыңкылабы, марадердук, төңкөрүш* сыяктуу сөз айкаштар колдонула баштады. Азыркы учурда өлкөнүн башкаруу системасы журналисттер тарабынан сын-пикирге алынып, жаңы сөздөр жана метафоралар түзүлүп жатат: *Акаевчилер, Бакиевчилер, Акаевщина, Бакиевщина, соцдемчилер. Мисалы, "Акаевщина, бакиевщина деген-бузуу, булгоо, уурулук, зордук мааниде айтылат", Агым, 26.10.2009.* Мындай сөздөрдүн катарына ошондой эле Бакиевдин "Ак жол" партиясынын "ложка" деп аталганын киргизе алабыз. Сугалак, ач көз маанини билдирген "ложка" сөзү экспрессивдик басымды күчөтүп турганы анык.

- Дипломатиялык ишмердүүлүк тобуна кирген терминдер кыргыз тилине караганда түрк тили үстөмдүк кылууда. Булар түрк тилинде 4%ды, кыргыз тилинде 3%ды түзөт. Түрк тилинде бул топко *zirve, kurultay, üçlü, dörtü zirve, toplantı, iş ziyareti, diplomatik ilişkiler, anlaşma.* Ал эми кыргыз тилине бул топко *саммит, келишим, жыйын, иш сапары, брифинг, конвенция* ж.б. кирет.

Тематикалык группа	Кыргыз тили (%)	Түрк тили (%)
Өкмөт	19,2	19
Шайлоо	4,3	5,2
Дипломатиялык ишмердүүлүк	3	4
Аскердик терминология	3,5	3,8
Жалпы	30	32

Group tasks should be classified according to their level of difficulty, linguistic complexity and project achievement, which have been estimated according to the ability of a group to perform a given task. Group method techniques are used as a way to solve practical, educational, intellectual problems and help to motivate the students to learn the language in easy and interesting ways.

Literature

1. " Methods of teaching the foreign languages", M. V. Lyahoviskyi; Moscow, " "Vysshaya shkola", 1981.

2. " Teaching the foreign language through the critical thinking"; scientific- practical magazine of educational problems " Mektep"; T. Matohina; Bishkek,2004.

3. " The role of role-playing at the English lessons" ; Philatov V.M..; Livshis O.L.; Moscow,1985.

Г.А.Бурусманова,
Г.А.Жалилова,
Ж.Баласагын атындагы КУУ

КЫРГЫЗ ЖАНА АНГЛИС ТИЛДЕРИНИН ЛЕКСИКАСЫНДА УБАКЫТТЫ БЕЛГИЛӨӨНҮН БЕРИЛИШИ

Ар бир элдин өзүнүн жашоо шартына, географиялык өзгөчөлүктөрүнө, үрп-адатына байланыштуу маданиятынын дэңгээли, башка улуттун өкүлдөрү менен болгон мамилелери жана жан дүйнө байлыгы өрчүп өнүгөт эмеспи.

Бул статьяда эки улуттун: кыргыз жана англис эл-

дернин-чыгыш менен батыштын өкүлдөрүнүн маданиятын, тил байлыгын, жашоо шартынын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын убакытты , белгилөөдөгү өзгөчөлүктөрү аркылуу көрсөтүп, карап чыгалы.

Албетте, ар бир эле адамга убакыттын белгилениши жана ченелиши турмуш-тиричиликтеги: эгин себүү жана жыйноо, малды жайытка айдоо жана кайра түшүү, жер которуп көчүү жана башка маселелерди чечүүдө эң зарыл, эң маанилүү нерсе болуп эсептелет.

Кыргыз элинин бул маселени чечүүдө тажрыйбалуу жана мыкты адис катары эсептелиниши, сөзсүз түрдө, анын ат үстүндө көчмөн турмушту башынан кечирүүсүндө.

Адам баласы эзелтен бери эле жаратылыш сырлары, анын ичинде асман бөлүкчөлөрүнүн: жылдыздардын, ай-күндүн (батышын, чыгышын), айдын жаңыргандагы өзгөчөлүктөрүнө: чалкалап жаңырышы ж.б.), булуттун кыймыл-аракеттери менен тыгыз байланышта болуп, аларды изилдеп келүүдө. Ушул изилдөөлөрдүн негизинде ар бир элдин өзүнө таандык лексикасында убакытты жана мезгилдерди белгилөөгө тиешелүү сөздөр жана сөз айкаштары пайда болгон.

Бул сөз айкаштар негизинен жаратылышка байланыштуу болгондуктан, көп учурларда так эмес, бирок образдуу жана көп кырдуу. Тил маданиятынын бир бөлүкчөсү катары убакыт сөз айкаштары муундан муунга мурас катары берилип келүүдө, ошол себептен алар азыркы кезде да маанисин жоготпой, иш жүзүндө колдонулуп келет.

Жыл мезгилин аныктоодо кыргыз элинде үркөр жылдызы чоң маанини ойногон:

үркөр жамбашка түшсө – жаз келет;

үркөр жерге түшсө – жаз бүтөт;

үркөр кулжа айынын биринде кулпуга кирет, текенин онунда чыгат (кулжа-июнь, теке-июль).

Баш оонада (август) үркөр таң менен бирге чыгат, б.а. күн чыгышта болот (жайдын ортосунда);

үркөр таң алдында чыкса, шүүдүрүм түшүп, жер салкындайт – жайдын бүтөрү;

үркөр төбөгө келип калыптыр – күз келип, түн узарат;

үркөр төбөгө келиптир – кыш ортосу, январь айы.

Кышында түн эң узак болот, дал ушул учурда үркөр аркылуу түндүн кайсыл мезгили экенин аныкташчу:

үркөр төбөдөн ооганда-түн ооганда, түнкү 12ден кийин;

үркөр жамбашка түшкөндө – таң атарга жакын, саат 5–6 чамасы.

Эрте жазды кыргызда көктөм- көк чөп чыга баштаган маал же баар(фарси-тажик тилинен –«жаз» деген сөздөр менен берилет.

Баарда бары ойгонот (макал).

Чоң атам көктөмдө төрөлгөм деп айтып калчу, демек, ал жаз айларынын башталышында төрөлгөн.

Жаз мезгили: жаз, жазында, жаз менен, жазгы туру (жазгы утурум) сыяктуу сөздөр аркылуу берилет. «утуру»-монгол тилинен алынган «кабыл алуу, жолугушуу» дегенди билдирет. (К.Сейдакматов.1988). Ошондой эле жаздын жаны эле башталышында, б.а. кар эми эле эрий баштаганда, адатта жердин кандайдыр бир бөлүкчөлөрү ит жатканга баткандай болуп карарып калат эмеспи, ошол убакты жана жерди кыргыздар «ит жатак» деп да аташат. Көчмөн калк болгондуктан, итке атайын баш паанек курушчу эмес. Иттер кардын үстүнө эле жатышкандыктан, кар эрип, ошол жер карарып калчу (Х. Карасаев, 1982).

Англис тилинин түпкү тамыры латын тили болгондуктан, айлардын аталышы ошол баштапкы булагына барып такалат жана азыркы убакта алар өзгөрбөстөн колдонулуп келүүдө. «January» – байыркы италиялык эки беттүү кудай Янустун атынан аталган. Бул жылдын башынын жана аягынын символу болуп эсептелген: кары жүзү менен өткөн убакытка караса, жаш жүзү менен келечекке багыт алат. (Januarius-до XVIII в).

«February» – түпкү мааниси « тазалануу айы». Байыркы Рим жыл санагы боюнча «февраль» - жылдын эң акыркы айы болчу, жыл 1-марттан жаңырчу, бул айда курмандыктар чалынып, маркумдарга куран окулчу.

The March, the May, the June айлары римдиктер: согуш кудайы Марска, италиялык түшүм берген жер кудайы Майага, эне жана нике кудайы Юнонага арналган.

The April- «күнөстүү», "aperio"-гүлдөө, ачылуу дегенди билдирет.

The July –Гай Юлий Цезардын наамына аталган.

The August – император Октавиан Августтун атына байланыштуу (б.э.ч. 63-жыл).

The September, the October, the December –латын тилиндеги катар сан атоочтордон: September-жетинчи, October-сегизинчи, December-тогузунчу.

Юлиан санагына чейинки санак март айынан башталган.

Совет бийлигинин таасири астында кыргыздар латын жыл сынагын колдонууга аргасыз болушкан. Көз карандылык алгандан бери кыргыз тилин өнүктүрүү боюнча коруллуп жаткан аракеттердин натыйжасында нукура кыргыз жыл санагы колдонууга берилгени менен аны иш жүзүндө аткаруу көптөгөн чечилбеген маселелердин бири бойдон калууда.

Кыргыз эли мурдатан өзүнүн элдик жыл санагын колдонуп келишкен. Анда жыл башы болуп күн менен түн тенелген убакыттан, жаратылыш жандангандан баштап март (жалган куран) айынан башталган. Нооруз – жаңы жыл майрамы 21-мартта белгиленет, «нау»-жаңы, «руз»-күн дегенди билдирет, иран тилинен алынган (Х.Карасаев, 1982).

Жыл санак анчылык, малчылык жана дыйканчылыкка байланышкан белгилүү бир мезгилдерге бөлүнгөн:

1. жалган куран-март – бугу,
2. чын куран-апрель – бугу,
3. бугу-май – аркар же бугу,
4. кулжа-июнь – тоо теке,
5. теке – июль,
6. баш оона-август – «оона»-тувин тилинен – «бугу» (Х.Карасаев, 1982)
7. аяк оона – сентябрь,
8. тогуздун айы – октябрь,
9. жетинин айы – ноябрь,
10. бештин айы – декабрь,
11. үчтүн айы – январь,
12. бирдин айы – февраль.

Элибизде «бирдин айындай чоюлган» деген сөз айкашы февраль айынын узактыгына, тамак-аштын түгонгөнүнө, сууктугуна байланыштуу айтылган.

Үркөр жылдызынын эзелтен айларды аныктоодо да мааниси чоң болгон. Мындай ыкма-тогоол деп аталат. Ай жана үркөр тенешип, беш күндөн кийин алыстаган маал-беш тогоол деп аталат, жалган куран айына туш келет. (Х.Карасаев, 1982).

Беш тогоол болбой, бел чечпейт. (макал)

Убакытты белгилөө тажрыйбасында үркөрдөн башка Жетиген жылдызынын да орду чоң. Жетиген түнкү саат бирден төрткө чейин бир жерде, саат төрттөн кийин башка жерге жылат. Ошондон улам, түнкү мал күзөтчүлөрү Жетигендин жайгашуусу боюнча алмашышчу.

Тараза жылдызынын да мааниси жөнүндө айта кетсек, убакытты ченөөдө орду бар: тараза жылдыз толгондо – кеч түндө; тараза жылдыз батыптыр – таң атып келатат. (Юдахин, 1957).

Айлардын ишкердүүлүккө мүнөздүү болгон белгилерине карата, төмөндөгү аталыштары да бар:

Амал – жыл сынактын алгачкы айы-22-март- – 21-апрель;

Узун сары – марттын 2-жарымы-апрельдин экинчи жарымы. «сар» – монгол тилинен «ай»ды билдирет, узун ай – күндүн узаргандыгынын белгиси (Карасаев, 1982).

Соор же совур –(теке) – жыл санактын 2- айы-22 апрель-21-май. Совур айында күн совурлайт (Юдахин, 1957)-демек, совур – жаан-чачындын, чагылгандын айы.

Саратан – (чаян) – санактын төртүнчү айы – 22-июнь – 21-июль. Саратан коңузу ысыкты аябай сүйгөндүктөн, ушул кезде көбөйөт.

Асат – (арстан) – бешинчи айдын аталышы – июль.

Ат кара тил болгондо – июлдун экинчи, августтун биринчи жарымы. Чөп бышып жетилип, натыйжасында аттын тили кара түскө боёлот. (Карасаев, 1982).

Сүмбүлө же сумбула – алтынчы ай – 22 август-22-сентябрь. «Сүмбүлө» – араб сөзү-«сонбеле»: 1.буудайдын чачы, 2. бийкеч жылдызы (Карасаев, 1982).

Мийзам (мыйзам) айы – сентябрь, гүлдөр түшө баштаган кез. Мийзам же мыйзамдын гүлү – ак жеңил гүл, күздүн башталышында желге учат. Дагы бир мааниси «мыйдан» - араб тилинен «тараза» дегенди билдирет, күз менен жайдын ортосу, жылдын жыйынтыгын таразалоо деген мааниде айтылышы мүмкүн.

Казан – 22-октябрь – 21-ноябрь, түшүм чогултуу маалы. «казан» – фарс- тажик тилинен алынган «хазан» - күзгү чөп саргаюу жана жалбыректардын түшүүсү деген сөздүн өзгөртүлүп айтылганы.

Чилде – кырк күнгө созулган өтө ысык жана өтө суук маал: жайкы чилде жана кышкы чилде болуп бөлүнөт.

Үт –сынактын 12- айы – 22-февраль – 21-март. Кыргыздар эрте жаздагы түндүктөн түшкөн нурду «үт» деп аташат. Бул кыштын аягы, жаздын башы дегенди билдирген, токчулуктун, молчулуктун, жакшы үмүттөрдүн нуру эсептелген.

Үйгө үт киргенде, малга сүт кирет.

Ошол эле учурда бул мезгил – февраль - бирдин айы; жогоруда белгилеп кеткендей бул ай – узун, кыйын, тамак-аш, чөп түгөнгөн ай болгондуктан, жут кирүү коркунучу да бар болчу: үйгө түшүп, үт келет, үткө аралаш жут келет. (Юдахин, 1957)

Күндөрдү белгилөө боюнча алсак, жети күндүк санак б.з.ч. 4-мин жылдыкта Вавилондо колдонушкан, алар өздөрүнүн ыйык туткан кудайларынын (планеталардын) атынан аташкан.Англис тилинде б.з.ч. 4-кылымда римдиктерден алышкан:

Monday- dies Lunae – день луны;

Tuesday- (lat.) Martes dies – день Марса;

Thursday – (lat.) – Jovis dies – день Юпитера;

Friday – (lat.) Venaris dies – день Венеры.

Friday- lat. Frias dies – день Фрии, богини любви;

Sunday- (lat.) – Sunies dies – день солнца;

Кыргыз тилинде болсо жети күндүк санак «жума» же «апта» деп берилет. Жума күндөрүнүн аталышы тажик тилиндеги 1ден 7ге чейинки катар сан атоочтордун аталышынан айтылат:

Дүйшөмбү – биринчи;

Шейшемби – экинчи;

Шаршемби – үчүнчү;

Бейшемби – төртүнчү;

Жума – бешинчи;

Ишемби – алтынчы;

Жекшемби – жетинчи; бул күндү адатта «базар күнү» же «дем алыш күнү» деп аташат.

Диний көз карашы жагынан да элибиз убакытты белгилеп келишкен. Азанда, азаны менен, таң азандан – эртең менен эрте, саат 5те.

Орозо айында эртең мененки тамак ичип, ооз бекиткен убакты «зоор» же «саар»- араб сөзү – «таң атпай» деген мааниии берет. Багымдат намазы – күн чыгаардын астында, бирок чыга электе.

Бешим намазы – күн так төбөдөн батышка карай жылганда. Бешим намазын өзбектер 13.00 окушчу, кыргыздар болсо, кандайдыр бир себептер менен бир топ кеч окушчу, саат 15–16 чамасында. Ушул себептерден улам кыргыз бешим жана сарт (өзбек) бешим деген сөз айкаштары пайда болгон.

Кеч бешим – күн батарга жакын убакыт.

Аср (дигер, намаздигер же намазгер) намазы – күн батардын алдында, бирок бата электе, батканга эки саат калган убакытта окула турган күндүн үчүнчү намазы.

Шам же акшам намазы – кечки сыйынуу. Күн батканда кийинки, караңгы киргенчектеги убакыт.

Куптан намазы – акыркы сыйынуу, күн баткандан эки же үч саат кийинки убакыт, уктардан мурда окула турган намаз.

Тамак-ашка жана малчылыкка байланыштуу сөз айкаштары:

Чай кайнам 20–30-мүнөт;

Жарма бышым – 1 саатка жакын;

Аш бышым – 2 саатка жакын;

Эт бышым – 3 саатка жакын;

Бээ саам же бээ саан – 2 сааттын аралыгы – 1-1,5 саат;

Бир бээ саам – 1,5 саат;

Эки бээ саам – 2-3 саат;

Бир саам – бир аз убакыт, бир аз.

Ат тезегин кургатпай – 10-15-минутадай. Ат тезегин кургатпаган –бат-баттан келип-кетип турган киши жөнүндө айтылат.

Англис тилинде болсо, убакытты белгилөө негизинен убакытка байланыштуу болгон байламталар аркылуу берилет:

An hour –1 саат;

Half an hour – жарым саат;

A quarter – он беш мүнөт;

A quarter to 2 – 2ге 15 мүнөт калды;

A quarter past 2 – 2ден 15 мүнөт өттү;

For an hour – 1 сааттын ичинде;

In a week – 1 жумадан кийин;

By an hour –1 саатка жакын;

From 2 o'clock –саат 2ден өтүп;

Since 2 o'clock –саат 2ден баштап;

To 2 o'clock –саат 2ге;

After 2 o'clock –саат 2 кийин;

Between 2 and 3 o'clock –саат 2 менен 3түн аралыгында;

At 2 o'clock –саат 2де;

On Friday –жума күнү;

On week-ends –дем алыш күндөрү;

Till 2 o'clock –саат 2ге чейин;

During the holiday – эс алуу учурунда;

In summer – жайында.

Кыргыз жана англис тилдериндеги убакытты билдирген сөз айкаштарынан мисал келтирели.

Таң, таң азандан, багымдат маалы, күндүн мурду жайыла, күн тие, насыбай атар, үрүн-баран («үрүң»-түрк тилинен «ак, жарык», «баранң»-кара,каранғы, (Сейдакматов,1988), үрүл-бүрүлдө, таң кашкайып сүргөндө, тан апак-шапак болгондо («апак»-араб сөзү-«уфук»-горизонт, жээк, «шапак»-«шафак»-күн батарда же чыгардагы кызыл нурлары (Карасаев,1982). *In the morning, in the early morning, with the sunrise, the beginning of the day, the first shine in the horizon, the sun appears, the light sunshine, at 10 a.m.-ante meridiem, get up with a cock.*	Түш, түшкү тамак малы, таламандын чак түшүндө («таламан» - арабдын «таалам, алла таалам» деген сөзүнүн кыргыздар үчүн айтууга ынгайлуу кылып өзгөртүлгөн түрү, «алла тааламдын дал түшүндө», (Карасаев,1982) -12.00, шашке (чоң же улуу шашке) - 12.00 чейин,түш оой, түштөн кийин, түш кыя - 12.00 өткөндө, аср жс дигер – күн батканга чейинки 2 саат. *The time of dinner, afternoon, break time, middle of the day, p.m.-post meridiem, the hot part of the day.*
Кечинде, кечке жуук, кечкурун, күн батар-батпаста, шамда-күн баткандан кийин, күүгүм, кызыл күүгүм, ире-ширеде, ичирде, ичир чалыш, ымырт түштү, каш карайды, таранчы талга конгондо, көз байланып калганда, эл жатарда, кеч бешим, *In the evening, lunch time, to the night, late in the evening, during the sunset, the end of the day.*	Түн, түнүчүндө, түнкүсүн, түн ортосу, түн жарым ооган кез, жылдыз толо, түнү менен, түнү бою, жети түндө. *In the night, in the dead of the night, in the dark, at night, by night, all night long, the whole night, late supper.*

Англистер жуманын ар бир күнүнө мүнөздөмө беришкен: «child – бала»-символ, белги деп түшүндүрүлөт.

Monday's child is fair of face – дүйшөмбү күндүн баласы тунук, таза, акактай,

Tuesday's child is full of grace – шейшемби күндүн баласы сымбаты келишкен маралдай,

Wednesday's child is full of woe – шаршембинин баласы толуп турат капага,

Thursday's child has far to go – бейшембиде ал бала камданат эс алууга,

Friday's child is loving and giving – жума күнү- өз ара сүйүшүүнүн жолун издейт,

Saturday's child works hard for its living –ишембиде - ишкердүүлүгүн белгилейт.

A child that's born on the Christmas' day is fair and wise and good and gay - жекшембиде төрөлгөн- тунуктук, акылмандуулук, жакшылык жана шайырдуулукка бөлөнгөн.

Christmas'=Sabbath- Saturday (Jewish) ; Sunday (Christian) – Кристмас же саббах күнү – еврейлердин эсеби боюнча – ишемби, христиандардын эсеби боюнча – жекшемби.

Кыргыз тилинде төмөнкү сөз айкаштары да убакытты билдирет: көз ачып жумганча, аны-муну кылганча, ачып көздү жумганча, андай-мындай дегиче,көз ирмемге, көз илээшкенче, бир демде, так ушул тынымда, аалам саатта, заматта, бир паста, а бу дегенче.

Жогоруда каралып өткөн убакытты белгилөө жолдору жана ыкмалары, алардын өзгөчөлүктөрү, бул эки тилде сүйлөп, сактап жана өнүктүрүп келе жаткан эки улуу улуттун өкүлдөрүнүн жашоо-шартына, жеринин жайгашуусуна, аба ырайына, маданиятына, диний көз караштарына, кошуна улуттардын таасирине, айылчарбасына, өз ара мамилелерине, б.а. саясий жана тарыхый факторлорго баш иерин аныктап чыктык. Түрдүү улуттардын тарыхы жана маданияты тил аркылуу берилгендиктен, тил ар бир улуттун өз сыймыгы, башка улуттар менен бириктирген көпүрө бойдон кала бермекчи.

Адабияттар

1. Абдулдаев Э., Сейдакматов К. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү.–Ф.: Мектеп, 1990.
2. Байбосунов А. А., Донаучные представления киргизов о природе. -Ф., –М., 1990.
3. Карасаев Х. Накыл сөздөр (тил казынасынан баян). –Ф., 1982.
4. Юдахин К.К., Киргизско-русский словарь. -М., Сов. Энциклопедия, 1957.
5. Пословицы и поговорки кыргызского народа. Из собрания академика Юдахина К.К. –Б., 1997.
6. Russian-English dictionary, V.K. Muller; V., 2009.
7. English prepositions in use ., D.I. Kiselevich.–M., 2005.

Г.Б.Чолпонкулова,
К. Карасаев атындагы БГУ

КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ "СҮЙЛӨӨ" КОНЦЕПТТИНИН ПАРЕМИЯЛОГИЯЛЫК ЗОНАСЫ

Паремия – бул кичи көлөмдөгү элдик чыгармалар, макал-лакаптар, баталар, накыл сөздөр ж.б. Макал-адамдардын көп жылдардан бери келе жаткан философиялык ой корутундуларын жыйынтыктап, алардын турмуш тажрыйбаларынын негизинен алынган, рифмалашкан жана ритмдешкен бир же бир нече сүйлөмдөрдө ойду бүтүрө айткан, тарбиялоо максатында колдонулган фольклордук чыгармалар. "Адам оюнун, акыл-эсинин энциклопедиясы" болгон макалдар дээрлик дүйнөнүн бардык элине таандык болуп саналат, а түгүл айрым макалдардын мааниси окшош келет. Мисалы, "Темир устанын чайыр кесе турган бычагы жок" (Вьетнам), "Желпигич сатчу колу менен желпинет" (кытай", "Боёкчунун шымы боёлбойт"(жапон), "Карапачынын үйүндө бүтүн идиш жок" (афган), "Кайышчынын камчысы жок"(адыгей), "Устанын тогоосу жок"(-кыргыз). Макалдар элдин турмуш тажрыйбасынан улам чыкканын, алардын жалпы нравалык функциясы бирдей экенин мына ушундан да байкоого болот. Макалдар фольклордук тексттерде жана бардык эле акын-жазуучулардын чыгармаларында кеңири учурайт жана адам турмушунун бүткүл көрүнүштөрүн өзүнө тема кылып алат. [1;51].

Бул тилдик каражаттарды изилдөөчү илим паремиялогия деп аталат.

Интерпретациялык мейкиндиктин паремиялык зонасы өзүнчө сүрөттөлөт. Бул зона улуттун аң-сезиминдеги концепттин тарыхый өсүшүн чагылдырат.

Боордош түрк элинен чыккан түрколог Ахмет Гүнгөрдүн жана Асел Жалилова Гүнгөрдүн "Кыргыз макал-лакаптары" аттуу китебинен *"сүйлөө"* концепттин объективдештирген 451 макал-лакаптарды бөлүп чыктык. Бул мисалдарды семантикалык мааниле рине карата төмөндөгүдөй кылып 14 топко бөлдүк:

1. Мүнөздөөчү макалдар. Бул макалдарды өзүнүн ичинен үч топко бөлдүк;

а) жалпы эле адамдарга мүнөздөмө берүүчү макалдар;

б) эркек кишини мүнөздөөчү макалдар;

в) аял кишини мүнөздөөчү макалдар.

2. Кары адамдар туура сүйлөөрүн тастыктаган макалдар

3. Мамилени чагылдырган макалдар:

а) тууганчылык мамиле;

б)жалпы мамиле.

4. Сөз аркылуу адамга эффективдүү таасир берсе болот.

5. Ички сезимди билдирген макалдар.

6. Кепти конкреттүү нерселер менен салыштырган макалдар.

7. Тилектин маанисин билдирген макалдар.

8. Каргыш, алкыш, батанын өзгөчөлүгүн билдирген макалдар.

9. Сүйлөө өнөрү жашоодо маанилүү экенин чагылдырган макалдар.

10. Мыйзам ченемдүү көрүнүштөрдү түшүндүргөн макалдар.

11. Жакшы кепти сүрөттөгөн макалдар:

а)кеңешүү жакшы экенин билдирген макалдар.


б) сүйлөө зарыл болгондо гана сүйлөө керек экенин түшүндүргөн макалдар.

в)маанилүү сүйлөө керек экенин билдирген макалдар.

12. Сүйлөбөй коюу кээде туура экенин далилдеген макалдар.

13. Куру сөздү сыпаттаган макалдар.

14. Жаман кепти чагылдырган макалдар.



1) Эн биринчи *"сүйлөө"* концептин объективдештирип адамдарга мүнөздөмө берген макалдарга анализ жүргүзсөк жалпы макалдардын саны 104 болуп, жалпы макалдардын санынын 23,05%ын түзгөн:

а) жалпы эле адамдарга мүнөздөмө берүүчү макалдар (76 макал):

Жаман кишини мүнөздөгөн макалдар: *сөзү таттуу; көңүлү катуу; жамандын миң сөзү, жакшынын бир сөзүнө да татыбайт; жаман адам каап сүйлөйт ж.б.*

Жакшы адамды мүнөздөөчү төмөндөгүдөй макалдарды бөлүп чыктык: *жакшы-сөздү таап сүйлөйт; акылдуунун сөзү кыска, айта салса нукка; сөз баштаган, эл баштайт; кишинин калыңдыгы сөз көтөрүмдүү ж.б.*

б) эркек кишини мүнөздөөчү макалдар (9 макал).

Кыргыз элинде эркек киши өзүнүн сөзгө бекемдиги, таянар тоо болуусу, иши менен өзүн көрсөткөн эр азамат катары сыпатталат. Эркек киши сөзгө өтө аяр мамиле жасашы керек. Сөздү тандап сүйлөп, аз, бирок маанилүү сүйлөп, оозуна чыккан ар бир сөзгө

жооп берүү менен берген айтылган сөзгө бек турушу керек. Жигит түшүнүгүнө берилген кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө *жаш жигит, эр, тайманбаган, тартынбаган адам, азамат, эрдик, баатырдык, азаматтык, ар-намыстуулук* сыяктуу сыпаттоолор берилген. Бул сыпаттоолорду төмөндө берилген кыргыз элинин макал-лакаптары далилдеп турат: *жигиттин түшүн айтпай, ишин айт; жолборс изинен кайтпайт, жигит сөзүнөн кайтпайт; жигиттин сөзү өлгөнчө өзү өлсүн; эр жакшысы айткан сөзгө бек болот ж.б.*

В) аял кишини мүнөздөөчү макалдар (19 макал).

Кыргыз элинде аял киши жана эркек кишинин орду, аброюу жана өздөрүн алып жүрүү эрежелери конкреттүү түрдө аныкталган. *"Кызга кырк үйдөн тыюу" "Кулагына алтын сырга"* деп кыргыз кыздарына эс тартып баштагандан кийин дароо эле ар дайым кайсыл жерге барбасын улуу кишилер акыл үйрөтөт, кепкеңешин айтат. Кыз киши башын көтөрүп, каяша сүйлөөгө укуксуз. Бул көрүнүш келин болгондо, андан кийин дагы улууараак куракта деле байкалат. Ошол себептен, аял кишини сүйлөөк, маанисиз сүйлөөчү, ушак айтуучу катары сүрөттөгөн макалдар арбын. Мисалы: *чырдуу кыздын чыргоо жомогу ырбайт; отко келген катындын, отуз ооз сөзү бар; аялдын бары таттуу, сөзү ачуу ж.б.*

Кыргыз тилинин макалдары китебинде аялзатына байланыштуу бир нече макал табылган. Бул макалдардын эркек кишини сыпаттаган макалдарга караганда көп болушу патриархат коомубузда аялдардын укугунун чектелүү экенин далилдейт. Бул макалдардан улам аялдардын төмөндөгүдөй сыпаттары бөлүнүп чыккан:

2. Кары адамдар туура сүйлөөрүн тастыктаган макалдардын саны 11 болуп, жалпы макалдардын санынын 2,43%ын түзгөн: *карынын сөзүн капка сал; өзү картайса да, сөзү картайбайт; өзү өлсө да, сөзү өлбөйт ж.б.*

3. Мамилени чагылдырган макалдарга анализ жүргүзө тарган болсо алар жалпы макалдардын саны 45 болуп, жалпы макалдардын санынын 9,97%ын түзгөн:

а) тууганчылык мамиле (18 макал): *Туугандын күйдүрүп айтат, жакын жерге куда болсоң, түрдүү ушак сөз келет, медери жок туугандан, бек сүйлөшкөн жат жакшы ж.б.*

б) жалпы мамиле (27 макал): *эл бар жерде сөз бар; ооздон чыккан сөз отуз уруу элге таралат; өкүм болмок озүңдөн, сылык болмок сөзүңдөн ж.б.*

4. Сөз аркылуу адамга эффективдүү таасир берсе болоорнун тастыктаган макалдардын саны 60 болуп, алар жалпы макалдардын 13,30%ын түзгөн: *Жылуу сөз жылытат, суук сөз муздатат; сөөксүз тил сөөктү сындырат; жакшынын сөзүн таш эритет, жамандын сөзү баш чиритет ж.б.*

5. Ички сезимди билдирген макалдардын саны 8 болуп, жалпы макалдардын санынын 1,77%ын түзгөн: *жүрөк сыры тилден чыгат; ичтегини тилден бил; чаппаса билекте калат, айтпаса жүрөктө калат ж.б.*

6. Кепти конкреттүү нерселер менен салыштырган макалдардын саны 25 болуп, жалпы макалдардын санынын 5,98 %ын түзгөн: *сөз-жип, кандай созсо кете берет; катуу сөз камчы, жылуу сөз укурук; кеби токмоктун, озу акмак ж.б.*

7. Тилектин маанисин билдирген макалдардын саны 8 болуп, жалпы макалдардын санынын 1,77%ын түзгөн: *барды сурабайт, жокту тилебейт, бармак басты, көз кысты.; суугатчы тилейт эгинин, усталар тилейт темирин; өлгөнчө өкүнбө, тирүүлүгүңө тиле ж.б.*

8. Каргыш, алкыш, батанын өзгөчөлүгүн билдирген макалдардын саны 10 болуп, жалпы макалдардын санынын 2,21%ын түзгөн: *атанын каргышы балага ок; адептүү алкыш, адепсиз каргыш алат; куру аякка бата жүрбөйт; каргаша болсо кан оло ж.б.*

9. Сүйлөө өнөрү жашоодо маанилүү экенин чагылдырган макалдардын саны 20 болуп, жалпы макалдардын санынын 4,43%ын пайызын түзгөн: Кыргыз элинде сөз өнөрүнө ээ адамдар дайыма кадыр баркка ээ болуп келишкен. Ошол себептен *чечен, акылман, данышман* деген түшүнүктөр пайда болгон. *Анык чечен акындар, жазгы жааган жамгырдай* деген макалда таза, чакадан куйгансып көп жаап, чагылган чаккан сымалдуу чечендердин сөзү тунук, ачык жана курч болот. Мисалы, *акылмандын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт; чечендин сөзү алтын, устанын колу алтын; чечен таңдайлаш ж.б.*

10. Мыйзам ченемдүү көрүнүштөрдү түшүндүргөн макалдардын саны 4 болуп, жалпы макалдардын 0,88%ын түзгөн: *сөздүн ээси болбойт; ажал келсе темир сандык кеп эмес; ажал күнүн айтып келбейт; баш кесмек бар, тил кесмек жок ж.б.*

11. Жакшы кепти сүрөттөгөн макалдардын саны 68 болуп, жалпы макалдардын санынын 15,07%ын түзгөн:

а) кеңешүү (7 макал): *кеңешиң болбосо, кабырган менен кеңеш; кеңешип кескен бармак оорубайт; жакшы кеңеш-жарым ырыс ж.б.*

б) Сүйлөө зарыл болгондо гана сүйлөө керек экенин түшүндүргөн макалдар, кыска сүйлөш керек (10 макал). *Азаматтын белгиси көбүроок сүйлөйт, азаматтын жакшысы, азыраак сүйлөп көп тыңшайт, аргымактын жакшысы азыраак оттоп көп жүгүшайт.*

в) Маанилүү сүйлөө керек экенин билдирген макалдар (51 макал): *сөз куш эмес, ооздон чыкса кармап айт; ойноп сүйлөсң да ойлоп сүйлө; сүйлөсөң тилиңе сак бол; илим албай мактанба; орундуу айткан кеп таамай ж.б.*

12. Сүйлөбөй коюу кээде туура экенин далилдеген макалдардын саны 18 болуп, жалпы макалдардын санынын 3,99 %ын түзгөн.

Жогоруда далилдегендей, кыргыз эли адам баласы тили аркылуу көп балээге кабылыш мүмкүн экенине терең ишенет. Ошол себептен тилди зарылчылык болгон учурларда гана колдонуп, өтө зарыл болбосо сүйлөбөй коюу туура экенин айтышат. *Айтып берээриң болбосо, оозуң оорутуп нетесиң; үндөбөгөн үйдөй баэзден кутулат ж.б*

13. Куру сөздү сыпаттаган макалдардын саны 25 болуп, жалпы макалдардын санынын 5,54%ын түзгөн.

Жогоруда айтылган макалдар менен бирге көп сүйлөгөн киши дайыма эле мыкты иштей бербестигин же такыр иштебегенин далилдеген макалдар дагы арбын. Мисалы: *иш дегенде жата калган, сөз дегенде тура калат; колу менен иштебеген; оозу менен орок орот ж.б.*

14. Жаман кепти чагылдырган макалдардын саны 54 болуп, жалпы макалдардын санынын 11,97%ын түзгөн: *жылымчы сөздүн жыты жаман; калптын сөзү суу кечпейт; каяшадан кабак чытыган жаман ж.б.*

Муну менен бирге тилдин паремиясын түзүүчүлөрдөн болуп образдуу, элестүү, таамай жана кыска айтылган сөздүн тизмеги учкул сөздөр, афоризмдер.

Афоризм (гр.-кыска, накыл сөз), учкул сөз – терең мааниlүү, курч жана таамай айтылган нуска сөз. Элдик макал-лакаптар мааниси жагынан афоризмге жакын, алардын авторунун бар экендиги менен айрымаланат. Акын-жазуучуларда өзүнчө түр катары (бир шилтемдер, төрт сап ырлар) кезигет. Аалы Токомбаевдин бир шилтемдери, Түгөлбай Сыдыкбеков, Насирдин Байтемировдун накыл сөз түрүндөгү чыгармалары буга мисал болот. Токтогул сыяктуу ак таңдай ырчылардын көбүнүн чыгармаларынын афоризмдер четтен табылат. Мисалы, Токтогулдун *"Сууруп ичкен тамагың, суу ичкен менен барабар", "Дениң соодо эринбей, бекерликке берилбей, эркиң менен жумуш кыл, эринчээк, жалкоо" дедирбей"* сыяктуу саптары афоризмдерге айланып кетти. Азыр афоризмдердин өзүнчө бир топтомдору түзүлүп жатта. Мисалы, "Залкар ойлор" деген китеп (Түз.–А.Ашыров) [1, 21].

Кыргыз тилидеги "сүйлөө" концепттине байланыштуу учкул сөздөрдү табуу максатында көптөгөн көркөм, публицистикалык тексттер анализденген. Бул тексттерден биз изилдеп жаткан концептке байланыштуу кыргыз элинин жана боордош элдердин залкар акындары, улуу жазуучулары же аттын кашкасындай таанымал атуулдарыбыз айткан учкул сөздөрү алынган. Изилдөө үчүн төмөнкү жазуучулардын тексттери колдонулду: Чыңгыз Айтматов, Аман Карымшаков, Х. Карасаев, Махмуд Кашкари, Асан Кайгы, Ыбырай Абдракманов, Мухтар Шаханов, Аскар Турсунов, Доган Аксан, Вильгельм Фон Гумбольд, В.И.Ленин, К.Маркс, Ф.Энгельс, Б.Өмүрөлиев, Аалы Токомбаев.

Сүйлөөнүн кээ бир өзгөчөлүктөрүн көрсөткөн тил (сүйлөө), анын курамы, маңызы, сапаты, милдети, артыкчылыктары жөнүндө айтылган учкул сөздөргө мисал келтиребиз: *"Сөздү оа сезим сыңары аздектеп урунбасаң, дегеле аны күнү-түнү тынымсыз, эсепсиз агып жаткан суудай көрүп, иргеп тандабай, калчап толгонбой, сөздү сүйлөйт деген ушул экен оп, туш келди айта берсең кадырың, беделиң түшөт" (Чыңгыз Айтматов). (5-бет) "Кимдин кандай адам экени, аның сүйлөгөн сөзүнөн эле билинип калат. Адам сүйлөгөн сөзүнө жараша мүнөз күтөт. Мүнөзүнө жараша мамиле кылат" (Аман Карымшаков).*

"Сөз–улуу тарбиячы, акылман насаатчы". (Б.Өмүрөлиев "Кыргыз тили" 2007 110)

Ушундайча, "сүйлөө" концепттинин номинативдик мейкиндигин түздөн-түз түзгөн номинацияларды (сүйлөө, тил, айтуу, кеп, сөз ж.б.), сүйлөө стимулунун ассоциативдик мейкиндиги -паремиялар жана "сүйлөө" жөнүндө пикирлерин айткан жазуучулар, акындар, публицисттердин ойлорун кеңири сөз кылдык. Жогоруда айтылып өткөн маалыматтарга таянып "сүйлөө" концепттинин интерпретациялык мейкиндиги анын 44,77%ын түзөт.

Адабияттар

1. Шериев Ж., Муратов А., Кыргыз адабияты, терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. –Б.,1998.

2. Кыргыз Адабияты, хрестоматия, 1-бөлүк. –Б., 2002.

3. Өмер Асым Аксой. Макал-лакаптар жана фразеологизмдер сөздүгү: 2 томдук жыйнак — Стамбул: İnkilap Kitabevi Yayın , 1988.

4. Ahmet GÜNGÖR. Asel CAİLOVA GÜNGÖR. Kirgiz Atasözleri, Ankara, 1998

5. Абдувалиев И., Акматалиев А., Кадырмамбетова К., Касымгелдиева М., Семёнова Ж., Жайлообаев Б., Исабекова А., Коңурбаева Р., Маразыков Т., Мусаев С., Олжобаев С., Осмонова Ж., Толубаев М., Шатманов С., Кыргыз тилинин сөздүгү. –Б.: Avrasya press", 2010.

Г. Жумакунова,
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ ЛЕКСИКОГРАФИЯСЫНЫН БАШАТЫ КАШКАРЛЫК МАХМУТТУН "ДИВАНУ ЛУГАТ-ИТ-ТҮРК" СӨЗДҮГҮНҮН ТИПОЛОГИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Тил коомдогу жандуу бир кубулуш катары коомдун күн санап өсүп жаткан талаптарына жооп берип, аны менен кошо өнүгүп-өсүп отуруусу зарыл. Ал үчүн тил ээлеринен "улуттук тил" деп аталган бул социалдык кубулуштун тулкусунда болуп жаткан ар кандай өзгөрүүнү маалында байкап, көзөмөлгө алып жана туура багыт берип туруулары күтүлөт.

Түрк тилдеринин, анын ичинде кыргыз тилинин да, аталгандай милдетти аркалап, жаңы саясий-социалдык кырдаалга татыктуу ыңгайлануусу үчүн адабий тилдин мүмкүнчүлүктөрүн потенциалдуу арттыра турган жолдорун ар тараптуу иликтеп, аракетке киргизишн учурдун маселеси. Бул маселе улуттук тилдин бардык тармактарын, анын ичинде өзгөчө лексикология, лексикография сыяктуу оперативдүү тармактарын жандандыруу, аларды азыктандырып турган жалпы элдик тилдин ички жана тышкы булактарын иргеп, ишке тартуу аркылуу мүмкүн болмокчу.

Бул абалда учурдун талабына жараша улуттук тилдин тиешелүү сөздүктөрүн жаратуу сыяктуу эле тарыхый жана нормативдүү сөздүктөрүнүн абалына туура баа берип, кыргыз лексикографиясынын перспективасын белгилөөчү изилдөөлөргө да зарылчылык туюлууда. Макалабызда лексикографиянын бүгүнкү жетишкендиктеринин алкагынан кыргыз сөздүктөрүнүн башатында болгон жана мындан 1000 жыл мурун жасалган Кашкардык Махмуттун "Дивану лугат-ит-түрк" сөздүгүнө кыскача типологиялык баа берүүнү туура көрдүк.

Лексикография – сөздүк түзүүнүн практикасын жана теориясын изилдеген тил илимининн бир бөлүгү. б.а. сөздүктөр жөнүндөгү илим. Лингвистиканын

көптөгөн бөлүмдөрүнө илимий булак болгон практикалык кызматы менен катар сөздүктөрдүн олуттуу теориялык мааниси да бар. Бул маани, баарыдан мурда, анын лексиканын эбегейсиз чон жана татаал организминде тез жана эффективдүү ориентир жасоого мүмкүнчүлүк берүүчү жана адабий тилдин белгилүү заман ичиндеги нормаларын калыптандырып, тил ээлеринин жекече сүйлөшүндөгү тууралык, көркөмдүк жана тактыкты да камсыз кылуучу теориялык аспектилерди ортого чыгарышында жатат (Морковкин, 1978:27).

Сөздүктөрдү типтештирүү иши, б.а., кайсы бир белгилери боюнча классификациялоо иши теориялык лексикографиянын бир илим салаасы катары таанылышынан тарта башталат. Лексикографиянын илимдин бир салаасы катары карала башташынын тарыхы анчалык узак эмес. Али да болсо тилчи изилдөөчүлөр арасында лексикографиянын теориялык аспектине ишенгендер менен катар ишенбегендер да болуп, аны тил илиминин бир бөлүгүбү же сөздүк түзүүнүн эле техникасы, чеберчилигиби деген суроо айланасында талаш-тартыштар жүргөн учурлар жок эмес.

Теориялык лексикографиянын башаты көрүнүктүү орус окумуштуусу Л.В.Щербанын "Лексикографиянын жалпы теориясынын тажырыйбасы" ("Опыт общей теории лексикографии"; Щерба, 1940, №3) аттуу эмгегиги менен байланыштырылат. Бул эмгекте лексикография алгачкы жолу сөздүк түзүүнүн теориясы жана практикасы катары өз баасын алган жана илимий негизге отургузулган (Зиндер, Матусевич, 1974, 18-19).

XX кылымда лингвистиканын ар кыл багыттагы изилдөөлөрүнүн (структуралык, системалык, семиотикалык, коммуникативдик ж.б.) өнүгүшү лексикографиянын теориялык базасынын түзүлүшүнө жол ачты. Орус жана чет элдик окумуштуулардын лексикография боюнча фундаменталдык монографияларынын жаралышы да бул процесстин өрүш алышында маанилүү роль ойноду. Мисалы, В.В.Виноградовдун "Лексикология и лексикография" (1977), Ю.Н.Карауловдун "Общая и русская лексикография" (1976), Л.П.Ступиндин "Теория и практика английской лексикографии" (1982), В.В.Морковкиндин "Основы теории учебной лексикографии" (1990), П.Н.Денисовдун "Лексика русского языка и принципы ее описания" (1993), В.П.Берковдун "Вопросы двуязычной лексикографии" (1973) жана чет элдик окумуштуулардан испаниялык окумуштуу-лексикограф Х.Касарестин "Introduccion a la lexicografia moderna"(1950; 1958-ж. Орус тилине которулган), F.W.Housholder мене Sol Saporta'нэн "Lexicographic Definition in Descriptive Semantics" (1975), R.R.K. Hartman'дын "On Theory and Practice"(1983), J.Dubois'тын "Introduction a'la Lexicographie: Le dictionairie"(1971), L.Zgusta'нын "Manual of Lexicography" (1971), H.E.Wiegan'дын "On the Structure and Contents of a General Theory of Lexicogrphy" (1983) сыяктуу эмгектеринде маселенин ар кыл аспектиден изилдөөгө алынышы теориялык лексикографияны түптөгөн жоболорду жаратты десек болот.

Сөздүк типтери сөздүк түзүү үчүн тандалып алынган объект, анын белгилүү аспектте колго алынышы, тил бирдиктерин берүүнүн ыкмалары (сөздүк-макаласынын же сөздүктүн кайсы бир фрагментинин структурасы), сөздүк бирдиктеринин семантикасын ачуунун жолдору, сөздүктүн көлөмү сыяктуу маанилүү мүнөздөмөлөр аркылуу аныкталат. Бири-бири менен байланыштуу, ошол эле учурда айрым белгилери боюнча бири-бирине карама-каршы да коюлган түрлөрү аркылуу бир тилдеги сөздүктөрдүн жалпы типологиясы түзүлөт. Бир сөздүктүн тибин ал ташыган информация жана аткарган милдети аныктап турат.

Лексикография тарыхында сөздүк типологиясы маселесине биринчи болуп кайрылган Л.В.Щерба сунуш кылган классификациянын негизинде сөздүктөрдүн аспектилик жана функционалдык жалпылыктары жана карама-каршылыктары жатат. Бул карама-каршылык жана жалпылыктары саясында сөздүктөр ар кандай типологиялык категория ичине алынат:

- академиялык сөздүк – маалымдама сөздүк;
- энциклопедиялык сөздү? – жалпы сөздү?
- тезаурус – нормативдүү(котормо, түшүндүрмө) сөздүк;
- нормативдүү (котормо, түшүндүрмө) сөздүк – идеографиялык сөздүк;
- түшүндүрмө сөздүк – котормо сөздүк;
- тарыхый сөздүк – тарыхый эмес сөздү? ж.б.

Л.В.Щербанын өлүмү себеби менен толук бүтүрүлбөй калган бул типология XX кылымдын экинчи жарымынан тарта сөздүк түрлөрүнүн артышы жана ага параллель жаңы функцияларынын жана принциптеринин келип чыгышына байланыштуу чет элдик жана жергиликтүү изилдөөчүлөр тарабынан кыйла өркүндөтүлдү. Сөздүк типтеринин артышына бир жактан ар тараптуу лексикологиялык изилдөөлөрдүн, экинчи жактан электрондук лексикографиянын пайда болушу жагымдуу таасир жаратты.

Лексикографиянын бир илим салаасы катары каралышы:

- өз алдынча изилдөө объектисинин (ар түрдүү сөздүк типтеринин) болушу;
- илимий жана методологиялык принциптерге таяндырылышы;
- өзүнө тиешелүү теориялык проблематикага ээ болушу;
- тил илиминин башка танапташ тармактары арасында байланыштары жана орду бар бир илим тармагы болушу сыяктуу төрт негизги фактор үстүнө курулганын эске алсак, козгоп отурган темабыздын канчалык олуттуу экенин байкаган болобуз.

Мындан лексикографиянын лексикология, семасиология, этимология, диалектология сыяктуу танапташ илимдер менен тыгыз байланыштуулугу келип чыгат. Тил лексикологиялык жактан канчалык ар тараптуу иликтенген болсо, ал тилдеги сөздүктөрдүн сапаты ошончолук деңгээлде жогору жана саны боюнча ар кыл болору шексиз. Мисалы, түрк лексикологиясынын башаты катары таанылган Кашкарлык Махмуттун "Дивану лугати-т түрк" сөздүгү өз заманынын арап тил илиминин жана лексикографиясынын өтө жогору өнүккөн мезгилинде жазылып, анын тажырыйбаларына таянганы жана методологиялык жактан мыкты ишгелгени үчүн бүгүнкүгө чейин өз маанисин жоготпой келет.

"Дивану лугат-ит-түрк" сөздүгүн кыргыз тилин алгач ирет илимий иликтөөгө алган эмгек катары кыргыз лексикографиясынын да башатына ишенимдүү түрдө коё алабыз. Анткени "Диванда" азыр аты өчкөн, өчпөгөн бир катар байыркы түрк тайпаларынын арасында кыргыз тилинен да өз заманынын классификациялык жана методологиялык аспектисинен туруп орчундуу сөз кылынган. "Дивандын" түрк тилдерин мүнөздөгөн жана сөздүк материалдарынан XI кылымдагы кыргыз тили тууралуу бир катар маалыматтарга ээ болобуз.

Кашкардык Махмут өз доорунда түрк тилдери арасындагы айырмачылыктарды айрым тыбыштык

өзгөчөлүктөр менен четтен кабыл алынган сөздөрдө гана байкаларын белгилеп жатып, *"кыркыз, кыфчак, огуз, тохсы, ягма, чигил, уграк, чарук урууларынын тилдерин аралашпаган таза түркчө тилдер"* деп мүнөздөйт. Махмут өзүнүн бул "таза тил" категориясына кирген тилдер үчүн критерий катары *"эң ачык жана туура тил – бир гана тилди билип, фарстар менен аралашпаган жана чет өлкөлөргө барып-келбеген кишилердин тили"* экендигине басым жасайт (ДТЛ. I, 29).

«Түрктөр жыйырма уруудан турат» деп, Византия – Урум өлкөсүнө жакын тургандардан баштап саналган урууларды аягын *кыркыздар* менен бүтүргөн Махмут ((ДТЛ. I, 28), кыргыздардын «*Мачин өлкөсүнө жакындыгынан*» атайлап сөз кылат (ДТЛ. I, 28). *«Кыркыз, кыфчак, огуз, тохси, ягма, чигил, уграк, чарук урууларынын накта түркчө болгон жалгыз тилдери бар. Иемектер менен башкырттардын тилдери да буларга жакын»* (ДТЛ. I, 30) дегенинен да кыргыз тилинин ал кезде башка тилдерден таасирине кабылбай нукуралыгын сактап турганы тууралуу бүтүм чыгарсак болот.

«Диванда» *"Түрк, түркмөн,огуз,чигил, ягма, кыргыз урууларынын тилдерин, уйкаштыктарын белгилеп пайдаландым, менде ар уруунун тили эң ыңгайлуу жайгаштырылды. Мен аларды эң сонун кылып катарга тиздим, мыктылап тартипке салдым"* (ДТЛ, I, 4) деген маалыматтын өзүнөн эле автордун белгилүү илимий даярдыктан өтүп, белгилүү сөздүк салтынан пайдаланганынан кабардар болобуз. Кыргыз тили тууралуу жогоруда айтылган пикирлерди далилдей турган фольклору, этнографиясы жана жашоо шартынан алынган көптөгөн иллюстрациялык маалыматтар да сөздүктүн корпусунда пайдаланылган. Булар, албетте, ар кыл аспектиде каралышы керек болгон кыргыз таануунун алдында турган перспективдик маселелер (Жумакунова, 2010:22), бул макалабызда бизди кызыктырган жагы болсо, жалпы түрк лексикографиясынын башатында турган бул эмгектин азыркы лексикография теориясы алкагынан алып карагандагы типологиялык мүнөздөмөсү тууралуу болмокчу.

Кашкардык Махмут доорунан кийин (балким мурун да) көптөгөн араб, фарс, түрк аалымдары тарабынан түрк тилинин сөз казынасын жыйнаган жана которгон бир далай сөздүктөр жарыяланган. Карахандык, Хорезм, Кыпчак, Чагатай, Эски Анадолу жана Османлы түркчөсү сөздүктөрү деп дооруна жана географиясына жараша бөлүштүрүлгөн бул сөздүктөр түркологиянын эң баалуу булактары.

Түрк сөздүк билиминен сөз кылынганда анын негизин түзгөн араб филологиясынан сөз кылбай коюуга болбойт. Анткени алгачкы түркологиялык эмгектер бүтүндөй араб илиминин теориялык жана методологиялык негизине өнүктүрүлгөн. Араб тили араптардын кыска заманда каратып алган кеңири аймактар үстүндө диндин, мамлекеттик башкаруунун, билимдин жана илимдин тили боло алышына байланыштуу тездик менен өнүккөн. Табигый жана гуманитардык илимдердин гүлдөгөн доору катары билинген бул доор, өзгөчө тилдин өнүктүрүлүшүнө берилген маани менен көңүлдөрдү өзүнө бурат. Бул маани араб тилинин Курандын тили болушунан улам тазалыгы жана таркалышы маселесине эң жогорку мамлекеттик маселе деңгээлинде караган халифат төбөлдөрү жана араб илимпоздорунун аракеттерине карыздар.

Араб тилинин дүркүрөп өскөн учуру катары монгол чабуулуна чейинки VIII–XII кылымдар билинет. Бул өнүгүштүн башкы себептери саясий үстөмдүк эле эмес, араптардын өздөрүнө чейинки Байыркы Греция. Индия филологиялары ээ болгон илимий тажрыйбаны толугу менен өздөштүргөндөрү жана өз тилдеринин өзгөчөлүгүн түп-тамырынан бери иликтеп чыккан философиялык, логикалык терең изилдөөлөрү менен түшүндүрүлөт.

Араб лингвистикасы бүтүндөй мусулман дүйнөсүнүн тил илими, лексикографиясынын өнүгүшүнө эле багыт бербестен, байыркы еврей (иврит) лингвистикасынын, Европада арап филологиясынын, түркологиянын түптөлүшүндө чоң роль ойногон. Арап лингвистикасынын антик доордун илим ана философиясы менен Европа схоластикалык логикасы арасында жасаган арачылык ролу да талашсыз маанилүү. Антик доор илимин XI–XII кылымга чейин тааныбаган Европа, Аристотелдин эмгектерин *аверроизм* атындагы арап версиялары аркылуу тааныган.

Басра, Куф, Багдад, Андалус (Испания) 76 жана Египет-Сирия сыяктуу беш башка мектеп үстүндө курулган арап филологиясынан түрк тил илиминин калыптанышына көбүнчө Басра мектебин туткандардын таасирлүү роль ойногону билинет. Адегенде пуризм (тилде нукуралык) жактоочулары болгон Басра менен Куран тилине белгилүү түзөлтмөлөр жасалышын жактаган аналитикалык Куф мектептери арасында жүргөн арап грамматикасы боюнча талаштар ана гегемония. Халифаттын Багдадга көчүрүлүшүнөн (762) кийин ордун тактык ана жүйөлүүлүк (логика) принцибине таянган эклектикалык (тандамал) мамиленин жактоочулары болгон Багдад мектебине бошотууга аргасыз болушкан.

Арап сөздүкчүлүгүндө ошол кезде эле азыр заманбап тил илиминде жаңы багыт катары киргизилип жаткан түшүнүктөн (cognition "аңдап билүү") тилге (сөзгө) барылабы же тилден түшүнүккө барылышы тууралуу деген талаш жүргөн. Ошого жараша сөздүктөр эки башка принцип боюнча түзүлө баштаган. *Ме'асітоть'l-ме'ано* - түшүнүктөн сөзгө дегендер сөздөрдү темаларга бөлүп (азыркы идеографиялык сөздүктөр сыяктуу) түшүндүрүшсө, *Ме'асіть'l-нигыт* принцибин туткандар болсо, алфавиттик тартипти колдонушкан.

Махмут Багдадга келген кезде саясий да, маданий да жактан Багдаддын зоболосу көтөрүлүп турган чагы эле. Ал кезде Багдадда түрктөрдүн аброю артып, түрк тилин үйрөнүү зарылчылыгы туулуп турган мезгил болчу. "Дивандын" алгачкы котормочусу Бесим Аталай "түрктүктүн алтын доору" деп атаган бул доорго мындайча баа берет: *"Ал кезде Ирак аймагы Ислам дүйнөсүнүн өзөгү болчу: ... Багдаддан башка Бухара, Кашкар, Каир, Шам (азыркы Дамаск) сыяктуу таанылган бир катар жерлер бар болсо да, алар Багдад сыяктуу маанилүү боло алган эмес. Түрк өлкөлөрүнүн ар түрдүү булуң-бурчтарынан көптөгөн билимдүү кишилер таалайын табуу үчүн Багдадга же Мысырга агылып келгендиктен далай илимпоздун Багдадда жыйналганын билебиз.*

"Түрктүктүн алтын доорунда" Ислам дүйнөсүнүн ар тарабында түрктөрдүн сөзү өтүп, баркы күчөп, Багдаддагы арап бийликтери, Халифат түрктөрдүн зоболосу алдында башын ийип турган. .... Ошентип, түрктөр менен жакшы ымала-да болууну каалагандардын түркчө үйрөнүүлөрү өзүнчө эле ыктыярдык абалга келген"(ДЛТ, I: XII).

VIII кылымдын экинчи жарымында дүйнө тил илиминдеги чоң ийгилик арап тил теориясынын пайда

болушу менен байланыштуу. Бул теориянын жаратуучусу басралык окумуштуу, аруз ыр өлчөмүнүн атасы катары билинген аль-Халил ибн Ахмад (791 өл.) болгон. Аль-Халилдин үнсүз+үндүүдөн турган эң кичине тил бирдиги- *харф*ты табышы жана аны жалгыз эле поэзиядагы аруздун эмес, арап сөзүнүн да ритмикалык жана морфологиялык моделинин негизин түзөрүн далилдеши менен лингвистикада улуу секирик жасалган. Окумуштуунун "Kitabu'l-'ayn" аттуу сөздүгү *"арап сөздүкчүлүк тарыхында сөздөрдүн тартиби үчүн белгилүү метод жана принциптердин алынышы жагынан бурулуш чекити болгон"* (Явузарслан, 2009:2). Ал сөздүктүн түркологияга салымына келе турган болсок, түркчөнүн эң эски сөздүгү менен грамматикасынын автору Кашкардык Махмуттун *"Халилдин ыкмасы түркчө үчүн да ыңгайлуу болчу"* деп, андан пайдаланганын жашырбаса да, *"мен сөздөрдүн дагы оңоюраак табылышы жана кыска болушу үчүн"* башка жолду тандап алдым деп сөздүгүндө атайлап белгилеген эмгек болушунда (DTL, I:6).

Махмут сөздүгүндө колдонгон методду өзү ачыктабаса да, бир башка басралык түрк тектүү арап лексикографы Абу Ибрахим Исхак ибн Ибрахим аль-Фарабинин (961-962 өл.) *"Диван аль-Адаб"* аттуу арап тили менен грамматикасын үйрөтүү үчүн жазылган эмгегинен пайдаланган болуш керектигин изилдөөчүлөр G.Bergshtrasser, K.Brockelmann, J.Kelly, R.Dankoff'тор белгилешкен (Dankoff, Kelly, 1982: 32).

Аль-Фарабинин сөздүгүндө алгач ирет колго алынган, бирок арап лексикографтары тарабынан анча колдонулбаган бул методду бир башка түрк тектүү лексикограф Абу Наср Исмаил ибн Хаммад аль-Жевхери (1002-1007 өл.) "Тажу-л-луга ве сихаху-л арабиййе" аттуу сөздүгүндө кайра карап чыгып, жаңы усул түрүнө келтирген.

Окумуштуулар Махмут колдонгон ыкманын арап лингвистикасынын бири-биринен айырмалуу төрт усулунан: 1) үнгудагы тыбыштарды алмаштырып сөз жасама (аль-Халил усулу); 2) идеографиялык "тематикалык" (Абу Убейд усулу); 3) уйкаштык (аль-Жевхери усулу); 4) алфавиттик (аль-Бермеки усулу) түрк тилине ылайык келе тургандай кылып комбинацияланып жасалган ыкма болгонун белгилешет (Белкин, 1975; Eminoplu, 2010:10).

Арап лингвистикасы көз карашынан баа бериле турган болсо, "Диванда" негизинен аль – Жевхеринин сөз уңгусундагы үнсүздөрдүн акыркы муунундагы *харф*тар көңүлгө алынган *калып* жана *уйкаштык* ыкмасы колдонулганы байкалса да, жалпы материал аль-Халил сөздүгү сыяктуу өз-өзүнчө 8 *китаб*га топтолгон. *Китаб*дар адегенде зат, анан этиш болуп экиге айрылган. Ар *китаб*дагы сөздөр эки, үч, төрт, беш, алты, жети муундан турганына жараша *баб*дарга ажыратылган. *Баб*дар болсо, сөздүн акыркы муунунан тарта арап алфавитиндеги катарына жараша тизилген, б.а. алфавиттик тартип да колдонулган. Көбүнчө сөз аягындагы уйкаштыкка негизделген аль-Жевхери усулу X кылымдагы арап поэзиясына жардам берүү максатында жаратылган. Түрк сөз түзүлүшүнө да туура келгени үчүн Махмут бул жолду тандап алып, андан жапжаңы бир түрк усулун жараткан болуу керек. Анын: *"Мен ишти жеңилдетүү үчүн бул жолду туттум. Менден мурун эч ким жасабаган ирет, эч ким ойлобогон тартип менен ишти жолуна койдум. Түрктөрдүн ар бир уруусу өзүнөн сөз чыгара ала тургандай уңгуларды тандап алдым"*(DLT,I:7) деши да мунун ачык далили.

Азыр сөздүк түрлөрүнүн сан жана сапат жагынан артышына жараша лексикографиялык типологияда Л.В.Щерба белгилеген типтер да алда канча артты жана өнүктү. Заманбап типологиялык классификациянын көз карашынан алганда Кашкардык Махмуттун "Дивану лугат-ит-түрк" сөздүгү түркчөнү араптарга үйрөтүү багытындагы түркчө-арапча котормо сөздүк болуп эсептелет. Адресаты араптар болуп, үйрөтүү максаты күткөнү жана ага ылайык методдор колдонгону үчүн бир окутуу (учебный) сөздүгү. Ошол эле учурда котормо менен чектелбестен ар бир сөзгө грамматикалык жана маанилик түшүндүрмөлөр берилип, өтө бай иллюстрацияланганы үчүн түшүндүрмө сөздүк кызматын да аткарат. Түрк тили сөздүгү деп аталып, тил үстүнө курулса да, берилген кеңири энциклопедиялык маалыматтары аны лингвистикалык сөздүктүн чегинен алда канча чыгарып, энциклопедиялык сөздүккө жакындаштырган.

"Дивандын" XI кылымдагы түрк тилдерин чагылдырган тарыхый эстелик болушу анын тарыхый сөздүк экенинен шек туудурбайт. Бирок бир тилдин бүтүндөй өнүгүшүн камтыган прогрессивдүү мүнөздөгү эмес, белгилүү бир тарыхый кесимди камтыган статикалык мүнөздөгү тарыхый сөздүк. Ар түркүн маалымат беришине жана көлөмүнө карабастан ал бир тезаурус эмес. Себеби Махмут өз заманындагы активдүү колдонулган гана сөздөрдү алганын, эскиргендерин чыгарып салганын жазат. Көңүлүндөгү идеалдуу сөздүктүн аль-Халилдики сыяктуу тилдеги эски жаңы бардык сөздөрдүн алынышы (тезаурус тиби) болгонун: *"андай болгондо жыйнактуу (толук) болмок"* деген бир аз кейиштүү сөзүнөн байкоого болот, эски сөздөрдү чыгарып салышын "пайдалануюга ыңгайлуу болсун деп" деген ниети менен түшүндүрөт (ДЛТ, I: 6).

Материалды берүүнүн азыркы типологиядагы багыты: а) тескери (обратный; б) уйкаштык боюнча бөлүштүрүүсү боюнча алганда "Диван" бул экөөнү тең шайкештирген өзгөчө формага ээ. Нормативдик жана диалектилик карама-каршылык боюнча алганда, Махмуттун өз доорунун Жусуп Баласагындын "Кутадгу билиги" да жазылган "хакание түркчөсү" делген адабий тилди негиз алганы белгилүү. Бирок максаты жалпы түркчөнүн байлыгын көрсөтүү болгону үчүн диалектилик материал да жыш колдонулган. Мында да биз бир ана пикир айта албайбыз. Жыйынтыктап айтканда, Кашкардык Махмут XI кылымда түрк, арап тил илиминин бүтүн жетишкендиктерин өз акылы, билими, интеллектуалдык жана журт сүйөрлүк сезимдери аркылуу жууруп, келечек түрк сөздүгү үчүн өрнөк боло турган фундаменталдык сөздүк жараткан.

Тилекке каршы, түрк лексикографиясынын кийинки доорлору болгон Хорезм, Кыпчак, Чагатай, Османлы сөздүктөрү Кашкардык Махмуттун *"канчалаган жыл кыйынчылыгын тартып жасадым"* (ДЛТ, I: 5) деген методун колдонгон эмес (Yavuzarslan, 2009). Чындыгында, андан кийин сөздүк тизими түркчө болгон "актив" (төл тилден бөтөн тилге) мындай чоң сөздүк жазылган да, жазылса, балким, бизге жеткен да эмес.

Адабияттар

1. Atalay B. Abuюka Lьigat veya Zapatay Suzlьrь. – Ankara: Ayyэldэz Matbaasэ, 1970.

2. Белкин В. М. Арабская лексикология / В. М. Белкин. – М., 1975.

3. Caferoplu A. Tьrk Dili Tarihi Notlarэ. – Эstanbul: Эstanbul Ьn Yay.,1943.

4. Жумакунова Г. Түрк лексикографиясынын тарыхынан. – Б.: Илим, 2010.

5. Dankoff R, Kelly J. Mahmud el-Kвргаго Compendium of The Turkic Dialects (Dowвn Lurвt at-Turk). – Harvard University Printing Office, 1982.

6. Eminoplu E. Tьrk Dilinin Sцzlьkleri. – Sivas:Asitan Yayэncэlэk, 2010.

7. Kaюkarlэ Mahmut. Divanь Lugat-Эt-Tьrk Tercьmesi/Зeviren B.Atalay.-Ankara, 1992.

Ал эми Ж.Мукамбаевдин архивиндеги КТДСти түзүүгө даярдалган картотекасын карасак, анда ар бир сөз баш тамгалар менен жазылып, кайсы диалектиге, говорго же говорлорго тиешелүүлүгү, диалектилик сөздүн кайсы тибине кирерлиги, ал сөз катышкан сөз айкашы же сүйлөм толук жазылып, качан, кайдан, ким-

ден жазылып алынганы көрсөтүлгөн. Карточкалар картотека үчүн атайын жасалган тартмалуу шкафка алфавит тартибинде салынган. Ж.Мукамбаевдин КТДС боюнча картотекасы азыркы учурда анын Бишкектеги үйүндө сакталып турат.

Жогорудагы пикирлерди жыйынтыктап, КТДС жалпы түркологиялык мааниси бар, фундаменталдуу эмгек деп тыянак чыгарууга болот. Анын баа-баркына көптөгөн түрколог-тилчилер зор маани беришип, жогору баалашат. КТДС кыргыздардын жалпы элдик тилин түзгөн диалект-говорлордун материалдарын чагылдыруу менен жазуусу кылымдар кыйырында үзгүлтүккө учурап, далай даректүү маалыматтардан куру калган кыргыз элинин тилинин тарыхый диалектологиясын жана тарыхый фонетикасын, лексикасын, грамматикасын түзүүдө, диалектологиялык атласын калыбына келтирүүдө, ошондой эле түрк тилдеринин, диалектилеринин, говорлорунун тарыхын изилдеп-үйрөнүүдө жана аларды жаңыча көз караштан классификациялоо иштеринде бир далай көйгөйлүү маселелерди чечүүгө көмөк берүүчү бирден-бир сөздүк экендигин танууга болбойт. Демек, кыргыз тил илиминде Б.М.Юнусалиев кыргыз диалектологиясынын бүтүндөй теориясын системалуу түрдө толук иштеп чыккан теоретик болсо, Ж.Мукамбаев кыргыз диалектологиясы боюнча теориялык эмгектеринен тышкары, кыргыз тилиндеги диалектилик сөздөрдү алгачкы жолу системалаган практик катары таанылууга татыктуу.

Адабияттар

1. Вопросы диалектологии тюркских языков. - Баку. АН Азербайджанской ССР. - 1963.

2. Ахматов Т.К. Диалектологиялык жаңы эмгек // Советтик Кыргызстан. - 1972.

3. Иманалиев С. Баалуу эмгек // Мугалимдер газетасы. - 1972.

4. Илимий эмгектердин идеялык-теориялык деңгээли жогору болсун // Советтик Кыргызстан. - 1973.

5. Усубалиев Б. Кайран агай! // Ленинчил жаш. - 1989.

6. Шатманов С. Бийиктиктер бүтпөйт // Мугалимдер газетасы. - 1972.

7. Абдулдаев Э., Мукамбаев Ж. Кыргыз диалектологиясынын очерки. - Ф.: Кыргызокуупедмамбас. - 1959.

8. Мукамбаев Ж. Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү. I том. - Ф.: Илим. 1972.

9. Мукамбаев Ж. Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү. I том. Ондолуп, толукталып. 2-бас. - Ф.: Илим, 1976.

10. Мукамбаев Ж. Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү. - Анкара-Стамбул. 2009.

Душеева Г.А.,
ТалГУ

ЗНАЧЕНИЕ "ОБЩЕНИЯ", "ГОВОРЕНИЯ" И "ОБУЧЕНИЯ" В РАЗВИТИИ РЕЧЕВОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ

В нашем ТалГУ, в основном, учатся студенты разных национальностей , что неизбежно приводит к поиску более новых, более эффективных методов обучения. В обучении речевой деятельности появились тенденции, которые стали нами признаваться плодотворными и перспективными. Одной из них явилось тенденция к усилению коммуникативной направленности учебного процесса. Конечно, мы знаем, что это тенденция родилась не сегодня и не вчера: приблизить процесс обучения по его характеру к процессу коммуникации предпринимались давно. Правда, внедрение лишь элементов коммуникативности не приносило, да и не могло принести желаемых результатов, ибо не было системы работы, не были осознаны основные принципы этой системы. По мере того, как продолжались научные исследования и практические поиски, становилось ясно, что мы имеем дело не просто с устойчивой тенденцией, а с методом обучения. Между тем важность обоснования коммуникативного метода и описание его технологии не подлежат сомнению, так как уже давно стало настоятельной потребностью практики обучения. Известно, что разработкой коммуникативного метода занимались многие научные коллективы и методисты.

Выбор этого метода как адекватного средства обучения требовал четкого представления о том, какова цель обучения. Целью обучения является, как уже говорилось выше - говорение. Мы понимали, что говорение - чрезвычайно многоаспектное и сложное явление. Оно выполняет в жизни человека функцию средства общения. Понимание того, как это происходит, прежде всего необходимо преподавателю для успешного обучения. Говорение - это деятельность, точнее один из видов деятельности. Нельзя было забывать, что в результате деятельности говорения возникает его продукт - высказывание. И как деятельность (процесс), и как продукт говорение обладает определенными признаками, которые служат ориентиром в обучении, так как подсказывают преподавателю, какие условия нужно создавать для развития говорения, а так же являются критериями оценки результатов обучения.

Говорение как средство общения может осуществляться как в устной, так и в письменной форме.

Как вид речевой деятельности говорение является лишь одним из средств общения.

Говорение есть выражение своих мыслей в целях решения задач общения. Это деятельность одного человека, хотя она включена в общение и немыслима вне его, ибо общение - это всегда взаимодействие с другими людьми.

Поэтому, являясь относительно самостоятельным видом речевой деятельности, говорение требует обязательного обучения ему в рамках общения и с прицелом на него. Именно так оно рассматривается в систе-

ме коммуникативного метода.

Таким образом, целью обучения нашего вуза по русской филологии следует считать не язык, что уместно при филологическом образовании в специальном ВУЗе и не речь как "способ формулирования мысли", и даже не просто речевую деятельность - то есть говорение, чтение, аудирование или письмо, а указанные виды речевой деятельности как средства общения. Применительно к говорению это означает, что оно (общение) совместно с паралингвистикой (мимикой, жестами) и праксемикой (движение, позы) служат средством осуществления устной формы общения.

Вполне очевидно, что такая цель требует и соответствующего метода ее достижения. Для говорения как средства общения таким методом является коммуникативный метод.

Сказанное определило важнейшее исходное положение: обучать говорению, не обучая общению, не создавая на уроках условии речевого общения, нельзя. Другими словами "основу обучения любому иностранному языку составляет процесс иноязычного общения".

Поэтому, чтобы увидеть, почему наши студенты не говорили, хотя были подобраны интересные упражнения для закрепления грамматических навыков и умений, удачные тексты для аудирования, картинки и прочие учебные материалы, пришлось составить хотя бы общее представление о том, что такое общение и понять, как соотносятся друг с другом "общение", "говорение" и "обучение".

Начнем с общения.

Как оно протекает? Чем движимо? Каково его содержание? Что является средствами, способами, единицей общения? Какова его цель? Результат?

Мы увидели, что преподавание начинается с того, насколько правильно мы сформируем группы, не только (и в первую очередь) исходя из уровня знаний студентов, но и учитывая национальный характер и национальную культуру наших студентов. Не создав "оркестра", благоприятного климата в группе для общения, невозможно было продвигаться успешно в изучении русского языка.

Как и любой вид человеческой деятельности, общение целенаправлено, мотивировано, предметно и имеет свою структуру. Процесс общения можно представить следующим образом: между потенциальными участниками общения (теми, кто хочет и может выступать в общение) всегда существуют определенные взаимоотношения (отсутствие отношений тоже отношения, только нулевые). В какой-то момент у общающихся (или одного из них) появляется потребность вступить в контакт, потребность, связанная с той или иной стороной жизнедеятельности человека. Это может быть потребность в чем-то; тогда общение является как бы вспомогательной деятельностью, позволяющей достигать объект своей потребности. Но это может быть и потребность в самом общении, когда от другого человека, так сказать (ничего не надо), надо просто пообщаться, тогда общение - самостоятельная деятельность.

Мы понимали, что предметом общения являются взаимоотношения собеседников, именно взаимоотношения определяют характер общения, при этом реализуется потребность, в результате чего она становится мотивом деятельности. Это означает, что мотив к общению не может возникнуть, если нет взаимоотношений или они не осознаются.

Цель общения - решение задач, связанных с взаимоотношениями, т.е. изменения их. Измененные взаимоотношения становятся результатом общения. Выше уже упоминалось, что средствами, с помощью которых достигается цель общения в устной форме, являются говорение и аудирование плюс паралингвистика (жесты, мимика) и праксемика (движения позы).

Психология говорит о трех способах общения:

- перцептивном (когда люди воспринимают друг друга зрительно, интуитивно и т.п.);
- интерактивном (когда люди взаимодействуют друг с другом);
- информационном (когда они обмениваются мыслями, идеями, духовными ценностями, интересами, чувствами и т.п.). Эти три способа могут использоваться и отдельно, и в совокупности. Вспоминая курс социальной психологии, мы знали, что единицей общения является акт общения, в котором все участники общения, как минимум два человека, в результате воздействия друг на друга приобретают новые знания, новые мысли, новые намерения и т.п., т.е. каждый участник общения интерпретирует получаемую информацию. Поэтому можно сказать, что продуктом общения является интерпретация информации.

На основе интерпретации меняются взаимоотношения общающихся, следовательно меняется предмет общения. Так акты общения сменяют друг друга, пока потребность не будет удовлетворена или общение не прервется по какой-нибудь внешней причине.

Учитывая это, опытные преподаватели умело работали с текстами, диалогами, с лексико-грамматическими упражнениями, аудированием, находя в любых формах обучения тему для обмена информации. Нам не кажется примитивным такой обмен информацией уже в первые два - три дня начала обучения на изученных простых грамматических моделях: *Это Макс. Он студент. Он здесь. Он изучает русский язык в Петербурге. Он говорит, спрашивает, отвечает, думает по-русски.*

"Глокая куздра..." снимает трудности в дальнейшем и не вызывает стресса у студентов, с трудом переходящим к изучению одного из славянских языков в начале обучения. Большое внимание уделяем вводному фонетическому курсу, для правильного объяснения, которого также проводится один из семинаров по методике преподавания. Например: метод "Опережающее повторение" заключается в том, что, зная программу каждого уровня учеников, и зная, что будет "проходить" через два - три дня, преподаватель в течение одного - двух учебных дней 5-10 минут незаметно вводить новые модели, не активизируя их, но достаточно хорошо и просто предъявляя будущий грамматический материал. Этим самым мы снимаем большое количество трудностей, приходящихся на изучение каждого нового материала: новая лексика, идея грамматической модели, сама грамматическая модель, т.е. форма, отражающая идею. Например, по программе школы начинающим в конце первой недели будет предъявлен предложный падеж. В первый же день учебной недели вводим в модели "Это парк, ученица..." большое количество слов (желательно легко узнаваемых учениками), называющих объекты в городе: театр, банк, библиотека, аптека, музей... Пока ученики думают, что эти слова только для обучения навыков чтения. В первый же день они познакомились с "Глокой куздрой..." и знают, на какие вопросы отвечают подлежащее, обстоятельства образа действия, места, времени, определения и т.д., т.е. знают вопроси-

тельные слова "кто?", "что?", "где?" "когда?", "как?", "какой?", "какое?", "какая?". В последующие дни ученики узнают "здесь", "вот", "там". Жестами или кряками преподаватель покажет "случайно" предлоги "в, и, на". На 4 –5 день при предъявлении предложного падежа ученики легко понимают: Где? - в банке, в офисе, на столе. В этот день будут рассмотрены все формы окончаний существительных в предложном падеже, и это будет одной, а не многими трудностями при предъявлении новой для наших студентов грамматической модели, так как они уже знают 8 - 10 слов, обозначающих объекты в городе, вопрос предложного падежа, понимают локативные значения предлогов "в" и "на".

Общение есть способ поддержания жизнедеятельности человека как индивидуальности. Важно знать и содержание общения: им в конечном счете всегда являются общественные отношения. Именно на их основе строит человек свои взаимоотношения с другим человеком. Различают условно два вида общения:

- ролевое общение, которое реализует общественные отношения в их явном виде (роль преподавателя и роль ученика, врача - пациента и.т.п.), они могут быть в той или иной степени личностно окрашено;

- личностное общение, которое реализует личностные отношения в их явном виде со всеми составляющим мировоззрением, личным опытом, интересами, статусом в коллективе, чувствами и эмоциями.

Таковы общие характеристики общения. Мы посмотрели с этой точки зрения на то, каким же должен быть процесс обучения иноязычному говорению:

1. Между преподавателем и студентом должны установится какие- либо взаимоотношения, кроме официальных "учебных", т.е общение должно быть не ролевое "преподаватель - студент", а общение индивидуальностей, которые видят друг в друге не официальный статус, а речевого партнера;

2. Мотив общения может появиться лишь тогда, когда возникнет потребность в подлинном общении. Потребность в "учебном" общении, которая у наших студентов есть, по характеру иная и не в состоянии обеспечить коммуникативной мотивации;

3. Если взаимоотношения между преподавателем и студентом как между индивидуальностями (личностями) не возникает, то нет и цели, присущее общению. Остается лишь регуляция ролевых отношений преподавателя и студента, что приводит к нежелательному психологическому климату в группе;

4. Должны функционировать все способы общения, о которых говорилось выше: интерактивный; персептивный (т.е. восприятие друг друга как личностей), информационной (обмен информацией: мыслями, идеями, интересами). Если преподаватель дает задание пересказать текст (что имело место на уроках мало опытных преподавателей, посещенных методистом) или студенты проговаривают неситуативные, направленные в никуда предложения, лишенные интонации, то общение не может состояться, а продуктом такого "говорения" является так называемая учебная речь, истинный же продукт общения - интерпретация информации. На некоторые вопросы на уроках типа: Когда вы сегодня встали? Нравятся Вам детективы? Любите вы пиво? и т.п. при отсутствии должного психологического климата студент вправе не отвечать.

Но отношения преподаватель - студент (формальный статус, ролевое общение) не позволяют студенту отказаться от ответа. Поверьте, на следующем занятии студент сделает ту же ошибку и преподаватель с досадой скажет ему: "Мы же это проходили" ("Проходили мимо"!) И мы получаем то, что не редко наблюдаем на своем же занятии: студент либо молчит, либо произносит безжизненные ответы, стараясь добиться лишь формальной правильности. Самое парадоксальное заключается в том, что такие ответы часто оцениваются преподавателем как положительное и мы даже не представляем себе, что на занятии русского языка и не должно быть иначе.

Конечно, хочется сказать, что речь не идет о том, чтобы уроки воссоздавали процесс общения полностью. Это видимо, невозможно и врят ли целесообразно, ибо и цель, и структуры этих процессов различны. Речь идет о том, чтобы придать процессу обучения, не нарушая его организованности, системности и методической направленности, характерные черты процесса общения. Как будет показано дальше, мы рассматривали коммуникативный метод, способный устранить указанные выше недостатки обучения и предающий обучению характер общения для интенсивного метода преподавания.

Рассмотрим говорение как речевую деятельность имеющую специфические признаки:

1. **Мотивированность.** Говорение всегда мотивированно. Мотив выступает в роли мотора речевой деятельности. Мотив может быть осознаваем и неосознаваем в данный момент, но он всегда связан с общением. Поэтому в методике обучения иноязычному общению следует говорить о коммуникативной мотивации (ведь мотивы присущи и любой другой деятельности). В основе коммуникативной мотивации лежит потребность двух видов:

- потребность к общению как таковая, свойственная человеку как существу социальному;

- потребность в совершении данного конкретного речевого поступка, потребность "вмешаться" в данную речевую ситуацию.

Оба вида взаимосвязаны, но в смысле их использования в обучении неоднозначны. Первый вид можно назвать общей коммуникативной мотивацией, ее уровень часто не зависит от организации учебного процесса (есть люди разговорчивые и неразговорчивые), но он является фоном для второго вида мотивации.

Второй вид - это ситуативная мотивация, уровень которой в решающей степени определяется тем как мы обучаем, в частности и, как мы - преподаватели создаем речевые ситуации, какой используем материал, приемы и т.д.

Ситуативные интересы, ситуативная мотивация, "белый рояль" в кустах, который устраивает преподаватель, создает постоянную мотивационную готовность - чрезвычайно важный фактор успешного участия в общении и, следовательно важный для установления речевого партнерства. Отсутствие в отношениях преподавателя и студента статуса речевых партнеров проистекает как раз от отсутствия коммуникативной мотивации обоих видов. Коммуникативный метод призван в корне изменить положение активности студентов.

2. **Говорение** - всегда процесс активный, ибо в нем проявляется отношение говорящих к окружающей действительности. Это отношение имеет место не только тогда, когда человек говорит, но и когда он слушает собеседника (так называемая внутренняя активность). Здесь уместны речевые задание типа: В согласны с коллегой? Что он думает? и т.д. И здесь имеется в виду не та ее сторона, которая направлена на аудирование, на понимание речи собеседника (хотя рецепция - процесс

тоже по-своему активный), а активность реакции на то, что воспринимается: это попутная оценка высказываний, частичное планирование своей реплики и т. п. Внутренняя активность возможно лишь благодаря тому, что предмет общения значим для данной личности и вызывает у нее эмоциональное отношение (например, если сейчас вам хочется о чем то спросит меня, и вы формулируете сейчас вопрос, несогласие и т.п. в внутренне активны). Именно активность обеспечивает инициативное речевое поведение собеседника, что так важно для достижения цели общения. Преподаватель должен быть интересен для студентов, знать больше их, интересоваться знаниями студентов по темам общения.

3. **Целенаправленность.** Бесцельное произнесение каких то предложений есть проговаривание, а не говорение. Говорящий всегда хочет достичь своим высказыванием цели: например, убедить или разубедить собеседника, вызвать сочувствие или разгневать его, поддержать его мнение, высмеять его и т.д. Подобные цели можно назвать коммуникативными задачами. Не считая технологии к.м. задания типа: образуйте повелительное наклонение глаголов 1 или 2 группы, но убедите, посоветуйте, разубедите, предостерегите собеседника от ... (и не заметно для ученика ловко и просто по возможности показываем, что надо сделать с глаголом). Целенаправленность заключается в практичности говорения и осуществляется благодаря его стратегии и тактике, т.е. реализации общей цели и подчиненных задач.

Таким образом, мы наблюдали в начале нашего пути, как студенты после курса обучения, зная слова, умея образовать грамматическую форму, не могли использовать это в говорении. Причина крылась в стратегии обучения, которая предписывает предварительное запоминание слов или грамматических форм в отрыве от выполняемых ими речевых функции. В результате этого слово или форма не ассоциируются с речевой задачей и затем при необходимости не припоминаются - переноса не происходить. Для улучшения действенности этого принципа мы:

а) отбираем материал из тех сфер коммуникации, к участию в которых мы готовим студентов;

б) отбираем лексику не на основе глобальной частотности, а частотности для данной речевой ситуации в данной ситуации;

в) отбираем лексику, необходимую не для тем типа "Кино", "Театр", "Магазин" (это для туристов), а для обсуждения проблем межчеловеческого общения.

Литература

1. Аванесов Р.И. Русское литературное произношение; 6-е изд. -М., 1984.

2. Анушкин В.И. Риторика: Учебное пособие. - Пермь, 1994.

3. Аннушкин В.И. История русской риторики. Хрестоматия: Учебное пособие. 2-е изд. –М., 1978.

4. Апресян Г.З. Ораторское искусство. - М., 1978.

5. Александрович Н.Ф. Занимательная грамматика. -Минск, 1965.

6. Алпатов В.М. и др. Лингвистические задачи. -М., 1983.

7. Баева О.А. Ораторское искусство и деловое общение. -Минск, 2001.

8. Безлюднова М.И. Звездные программы русского алфавита. - М., 2004.

9. Вартанян Э.А. Крылатое слово. -М., 1996.

10. Васильева А.Н. Основы культуры речи. -М., 1990.

11. Введенская Л.А., Павлова Л.Г. Деловая риторика: Учебное пособие для вузов. 2-е изд. -Ростов на Дону, 2002.

12. Вальков А.А Курс русской риторики. - М., 2001.

13. Голуб И.Б. Русский язык и культура речи. -М., 2004.

14. Гольдин В.Г. Речь и этикет. - М., 1983.

К.А.Акынбаев,
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ЖЕРГЕ-ТАЛ ГОВОРУНУН ГРАММАТИКАСЫ

1950-жылдардагы орус диалектологиясынын жана советтик түркологиянын өнүгүшү кыргыз диалектологиясынын өнүгүшүнө да зор таасирин тийгизген. Кыргыз тилинин жергиликтүү диалектилерин, говорлорун жеринен иликтеп, байкоо жүргүзүү, материал топтоо жана ага жараша талдоо иштери бир топ кандидаттык диссертациялардын жакталышын, илимий монографиялардын жазылышын камсыздаганы маалым. Диалектолог Ж.Жумалиев, Н. Бейшекеевдин илимий чыгармачылыгы тууралуу макаласында "диалектологиялык "бум"болгон элүүнчү жылдар" деп мүнөздөгөнү тегин жерден эмес. Кыргыз диалектологиясынын тарыхындагы эң күрдөөлдүү учур элүүнчү жылдарга туура келип, Кыргызстандын аймагындагы жана андан тышкары жашаган кыргыз урууларынын тилин диалектологиялык планда иликтеп-үйрөнүү иштери кулач жайып, бир кыйла теориялык жана практикалык маселелерди чечүү колго алынган эле.

1951-жылы Ж. Мукамбаев КМУнун Кыргыз филологиясы факултетин артыкчылык диплому менен аяктап, Кыргыз ССРинин илимге эмгек сиңирген ишмери, проф. Константин Кузнмич Юдахиндин сунушу боюнча аспирантурага окууга калтырылып, анын илимий жетекчилиги менен коңшу Тажикстан Республикасынын Гарм областынын түндүк бөлүгүндө жайгашкан Жерге-Тал районун жердеген ичкилик кыргыздардын тилин изилдөө ишин баштайт. Албетте, ал кезде кыргыздын жалпы элдик тили аздыр-көптүр иликтенип, анын негизинде улуттук жазуу түзүлүп, кыргыздардын коомдук турмушунда кенири колдонулган кыргыз адабий тилинин нормасы такталып калган эле. Демек, жерге-талдык кыргыздардын тилинде кыргыз

адабий тилинен жана диалектилеринен, говорлорунан обочолонгон өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрүнүн жана жалпы элдик тилдин тутумуна бириктирген жалпылыктарынын болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бирок, андай өзгөчөлүктөрдү жеринен иликтеп, диалектологиянын "элегинен өткөрүп", кыргыз адабий тилине жана башка диалект-говорлоруна карата катышын, т.а., өзгөчөлүктөрү менен жалпылыктарын илимий жактан аныктаган изилдөө иши жүргүзүлө электигине байланыштуу Ж.Мукамбаев диссертациялык ишти колго алып, аспирантурада окуган үч жылдын ичинде жердин алыстыгына карабай, Жерге-Талды жердеген ичкилик кыргыздарына тиешелүү тарыхый, географиялык, этнографиялык маалыматтарды алып, тилдик факт-материал топтоп, аларды иликтеп-үйрөнүп, изилдөө ишин аягына чыгарат. Диссертация КМУнун Кыргыз тил кафедрасында аткарылгандыктан, бул кафедранын мүчөлөрү жана Тил, адабият жана тарых институтунун тил секторунун илимий кызматкерлери тарабынан талкуудан өтүп, 1954-жылы ийгиликтүү корголот.

"Жерге-талдык кыргыздардын говору"[1] (мындан ары ЖТГ) диссертациясын иликтөөбүздүн максаты Ж.Мукамбаевдин кыргыз диалектологиясынын калыптанып-өнүгүшүнө кошкон теориялык жана практикалык салымын аныктоо милдетибиздин бир бөлүгү. Ошондуктан, алгач ЖТГ диссертациясынын структуралык мазмунуна көз чаптырып алып, андан соң анын ички мазмунун талдоого киришели. Иштин курамы төмөндөгүдөй: *кириш сөз; кыргыз тилинин диалектилери жана анын изилдениши, ал жөнүндө адабияттарга мүнөздөмө; Жерге-Тал районунун тарыхый-этнографиялык маалыматы; фонетикалык өзгөчөлүктөр; лексикалык өзгөчөлүктөр; грамматикалык өзгөчөлүктөр; жерге-талдык ичкиликтердин говоруна болгон кыргыз адабий тилинин таасири; жалпы корутунду, тиркемелер; сөздүк жана пайдаланылган адабияттар.* Эмесе, булардын ар бирине токтолуп, талдоо жүргүзүүгө далалаттанып көрөлү.

Биринчиден, диссертант пайдаланган адабияттарга көңүл бурсак. Себеби, анын жогорку окуу жайынан алган теориялык жана практикалык билиминен тышкары, иште пайдаланылган адабияттардын масштабы диссертанттын изилдөө ишинде коюлган маселени туура чечип, таамай жыйынтыктап, так корутунду чыгаруусунун бирден-бир өбөлгөсү экендигин танууга болбойт. Анткени, тил илиминин, анын тутумунда диалектологиянын пайда болуп, өнүгүш тарыхы, ийгилик-жетишкендиктери, кемчилик-кенемтеси тууралуу диссертанттын кабардар болушу жана ишке пайдалуу адабияттарды ирген колдоно билүү жөндөмдүүлүгү изилдөө ишине илимий таяныч болуп, көздөгөн максатка жетишүү аракетинин натыйжалуу болушуна себеп болгон.

Пайдаланылган адабияттардын тизмесинен көрүнүп тургандай, иште падышалык Россиянын тушундагы орус тил илиминин, орус түркологиясынын калыптанып-өнүккөн деңгээлинен баштап, анын үзгүлтүксүз уландысы катары өрчүгөн советтик тил илиминин, советтик түркологиянын тарыхындагы эмгектердин дурус жана буруш жактарына сын көз менен карап, теориялык жана практикалык тийиштүү материалды ыктуу пайдалангандыгына күбө болобуз.

Ошондой эле ЖТГ кандидаттык диссертациясын колубузга алып окуй баштаганда эле өз учурунун саясий идеологиясына ылайыкталып баяндалышы таасын байкалып турат. Кыргыз элинин революцияга чейин колдонгон жазуулары, сабаты, маданий деңгээли ж.б.у.с. маселелердин баары советтик идеологиянын көз карашында бааланган. Анткени, "Совет мезгилинде илимий изилдөөлөрдүн бардыгында таанып-билүүнүн жалпы методу – диалектикалык жана тарыхый материализм методу милдеттүү түрдө пайдаланылып, ар бир советтик изилдөөчүнүн позициясын аныктаган. Бул метод илимдин бардык тармактарында жана изилдөөлөрдүн бардык этаптарында иштиктүү болгон. Ал бардык изилдөөлөр үчүн милдеттүү болуп эсептелип, ал методдон чегинүүгө жол берилген эмес".

Диссертант иштин *кириш сөзүндө* И.В.Сталиндин "Марксизм жана тил илиминин маселелери" (Фрунзе, 1952, 104-б.) эмгегинен, В.И.Лениндин "Чыгармалар жыйнагынан" (XX т. 56-б.), " К.Маркс жана Ф.Энгельстин "Чыгармалар жыйнагынан" (XV т. 327-б.) тийиштүү мисалдарга таянып, кыргыз тилинин улуттук тил катары жетилип, кыргыз адабий тилинин пайда болушуна улуттук жазуу башкы шарттардын бири экендигин, кыргыз жазуусунда колдонулган алфавиттердин кыскача тарыхын, кыргыз адабий тили түндүк диалектиге негизделишин далилдүү көрсөтөт. Ага байланыштуу "кыргыз тилинде "диалект" деген термин кыргыз уруулардын тил өзгөчөлүктөрүнүн калдыктарына жана түндүк, түштүк кыргыздардын территориялык айрылууларына карай келип чыккан тилдик өзгөчөлүктөргө карай алынды. Ал эми "говор" деген термин тар мааниде ошол диалектилердин ичиндеги жогоркудай өзгөчөлүктөргө карата колдонулат" деген пикирин билдирет.

Ж.Мукамбаев диссертациялык изилдөөсүндө бир нече кылымдар бою (1635–36-жылдардан бери) Жерге-Талды жердеген кыргыздардын тилиндеги кубулуштарды кенен-кесир чечмелеп берүү үчүн алардын тарых-таржымалына гана эмес, жалпы эле кыргыз элинин тарыхына назар салат. Албетте, элдин тарыхын ийне-жибине чейин иликтеп, баяндап, баа берүү тарых илиминин милдети эмеспи. Бирок, "тилдин тарыхы - элдин тарыхы" деген аксиоманын чегинде карасак, ар кандай бир тилдин генезиси, өнүгүш эволюциясы мезгил менен мейкиндик мерчеминде каралуучу маселе экендиги талашсыз. Ал эми мезгил жана мейкиндик адам турмушундагы философиялык категориялардын эң орчундууларынын бири болуу менен катар, тил илиминде да түйүндүү маселелердин башын ачууга түртkү боло турган баштапкы чекит. Ал эми диалектология илими тилдин тарыхый эволюциясын изилдөөдө түздөн-түз мезгил менен мейкиндик тоомундагы өзгөрүүлөргө көңүл бурат.

Тилдерди изилдеп-үйрөнүүдө алардын ар биринин тыбыштык системасынын, лексикалык курамынын, морфологиялык жана синтаксистик түзүлүшүнүн учурдагы абалын сыпаттоо - *сыпаттама грамматиканын* изилдөө алкагына, диалектологиялык кубулуштарынын учурдагы абалын сыпаттоо - *сыпаттама диалектологиянын (диалектологиянын)* алкагына таандык болсо, тектеш эмес тилдерди өз ара салыштырып изилдөө - *салыштырма грамматиканын [сопоставительная грамматика]* тектеш тилдерди салыштырып изилдөө - *тектештирме грамматиканын [сравнительная грамматика],* бир тилдин диалектологиялык кубулуштарын тарыхый жактан салыштырып изилдөө - *тарыхый диалектологиянын* изилдөө объекти экендиги маалым.

Ал эми *салыштырма жана тектештирме грамматиканын,* ошондой эле *сыпаттама* жана *тарыхый*

диалектологиянын көздөгөн максатына жеткире турган бирден-бир изилдөө ыкмасы - *тарыхый-салыштырма метод* экени талашсыз.

Ж.Мукамбаев да диссертациясынын *кириш сөзүндө* жерге-талдык кыргыздардын тилин кыргыз адабий тилине жана анын диалект-говорлоруна, ошондой эле тектеш тилдердин айрымдарына салыштырып иликтөөнү К.Маркс жана Ф.Энгелстин "Чыгармалар жыйнагындагы" (XV т., 327-б.) илимий аныктамага таянып, өзүнүн изилдөө ишинде пайдаланылган негизги ыкма - *тарыхый-салыштырма метод* экендигин акыйкат белгилейт.

Ж.Мукамбаев ЖТГ диссертациясында *"Кыргыз тилинин диалектилери жана анын изилдениши, ал жөнүндө адабияттарга мүнөздөмө"* деген бөлүмдө кыргыз тили байыркы заманда түзүлө баштаганы тууралуу сөз козгоп, академик В.В.Бартольддун "Кыргыздар" деген эмгегиндеги "биздин заманга чейинки 201-жылдагы окуялар кыргыздар жөнүндөгү алгачкы маалымат болуп таанылууга тийиш" жана "618–907-жылдары Кытайда өкүм сүргөн Тан династиясынын маалыматтары боюнча "...кыргыздар динлиндерге аралашып кеткен экен" деген пикирлерине, ага кошумча В.П.Левашованын "Два могильника кыргыз-хакасов" деген эмгегинде Кытай жылнаамаларындагы маалыматтарды кубаттаган пикирине таянып, кыргыздар байыркы замандардан бери башка уруулар менен аралашса да, жеңген тил катары бүгүнкү күнгө чейин жандуу тил катары жашап келатканын белгилейт.

V–VIII кылымдардагы Енисей жазуусу кыргыздарга таандык экендигин жактаган В.В.Радловдун, В.Томсендин, С.Е.Маловдун пикирлери кокустук эместигин ырастайт. Тарыхый маалыматтарга жана тилдик фактыларга таянып, кыргыздар байыркы доорлордо Алтайдагы Енисей суусун бойлой көчүп-конуп жашагандыктан, алтай тилдери менен тыгыз байланышта болгонун, кийинчерээк тектеш якут (саха), алтай, шор тилдеринен айырмаланып, өзүнүн ички мыйзамдары менен өнүгө баштап, уруу тилинен эл тилине, эл тилинен улут тилине өрчүп жетилишинин логикалык ыраатын далилдүү баяндап, Батмановдун пикирин мисал келтирип, кыргыз тилинин калыптанышынын узак жана алмай-телмей чиеленишкен процессин кыскача чечмелеп берген.

Ошондой эле кыргыздардын эл катары калыптануу процессинде ички жана тышкы себептерден улам байыркы замандардагы турум-турпатынан бир кыйла өзгөрүп, өрчүгөнүнө карабай, "XIX кылымдын аягында XX кылымдын башына чейин бүткүл Кыргызстан боюнча өзүнүн негизги сөздүк фондусу жана грамматикалык түзүлүшү жагынан бир бирдиктүүлүктү түзгөн жалпы кыргыз элинин элдик тилине ээ боло алган. Ошондой болсо да, азыркы кыргыз тили территория жана уруу тилдеринин калдыктарына байланышкан тилдик бир кыйла өзгөчөлүктөргө ээ", - деп баа берип, Кыргызстандын түндүк жана түштүк региондоруна мүнөздүү болгон тыбыштык, лексикалык, грамматикалык өзгөчөлүктөрдүн дээрлик ар бирин көрсөтүп, кыргыздар жалпы элдик бирдиктүү бир тилде сүйлөшсө да, мындай өзгөчөлүктөр кыргыз тилин территориялык эки диалектиге бөлө турганын белгилейт. Ошону менен катар түндүк жана түштүк диалектилери да өз ичинен бири-биринен өзгөчөлөнгөн белгилери менен территориялык жактан говорлорго бөлүнөрүн тиешелүү мисалдар менен далилдеп, "азыркы кыргыз тилиндеги уруу тилдеринин жогоркудай кээ бир калдыктарынын ушул күнгө чейин сакталышы - кыргыздардын жалпы элдик бирдиктүү тили аз эле убакыттын ичинде түзүлбөгөндүгүн, ал кыйла мезгилге созулгандыгын, анын жалпы элдик тилге айланышында ага уруу тилдеринин кошулмаларынын болгондугун, ал уруу тилдеринин кошулмаларынын айрым өзгөчөлүгү ушул күнгө чейин сакталып келе жатканын айгинелейт", - деп бүтүм чыгарат.

Кыргыз тилинин тарыхына жана диалектологиясына байланышкан маселелер Октябрь революциясына чейинки изилдөөлөрдө козголбогондугун жана ага мүмкүнчүлүктүн болбогондугун, кыргыз тилин изилдеген окумуштуулардын да жокко эсе болгондугун белгилеп, бул өндүү маселе жалгыз гана В.В.Радловдун эмгегинде кээ бир жаңылыш жыйынтыктар менен берилсе да, кыргыз диалектилери боюнча анын эмгеги алгачкы жолку илимий маалымат экендигин баяндайт. Ошондой эле революциядан кийинки изилдөөлөр 1923–24-жылдары Кыргызстандын түндүк райондорунда жүргүзүлө башталганын, ошол учурдагы Кыргыз тилин жана адабиятын илимий изилдөө институту (НИИКЯиЛ) (50-жылдардагы Тил, адабият жана тарых институту) уюштурганын күндөлүк басма сөздүн материалдары менен далилдүү көрсөтөт. Ал эми түштүктөгү изилдөөлөр 1947-жылдан баштап колго алына баштап, натыйжада, бир нече эмгектер жазылганын белгилеп, ал изилдөөлөрдө көтөрүлгөн проблемалар тууралуу кеңири баяндап, талдоо жүргүзөт. Талдоодо өзү изилдеген Жерге-Тал говорунун материалдары менен ага чейинки иликтөөлөрдүн материалдарын салыштырып, кыргыз тилинде кездешкен жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү көрсөткөн орчундуу белгилерди таблица түрүндө жыйынтыктай алган.

Диссертациянын *"Жерге-Тал районунун тарыхый-этнографиялык маалыматы"* деген бөлүмүндө Тажикстандын Гарм областынын түндүгүндө орун алган Жерге-Тал району тууралуу айтылат[1]. Адатта, диалектологиялык маалыматтардын ээси болгон эл жана ал элдин туруктаган территориясы, чектешкен аймактары, ал территорияга келгенге чейинки мезгилден баштап, баштан өткөргөн тарыхы, башка элдер менен карым-катышы, чарбасы, жашоо образы ж.б.у.с. көптөгөн факторлор абдан маанилүү. Демек, диалектологиялык изилдөөнүн бутасына алынган элдин жашаган аймагынын тарыхынын, географиялык абалынын, этностук жагдайынын тилге тийгизген ички жана тышкы таасирлерин байкап-баалооого зор көмөгүн тийгизе турган материал болуп саналат.

Кыргыз диалектологиясы боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөр же изилдөөнүн негизинде жазылган монографиялардын диалектологиялык маанидеги маалыматтуулугу жагынан алып карасак, Ж.Мукамбаевдин диссертациясы бир кыйла кызыктуу материалдарга бай. Анда ал, атактуу окумуштуулардын көз караштарын, пикирлерин карама-каршы салыштырып, мисалдары менен көрсөтүп, сонунда өзүнүн ою менен жыйынтыктайт. Эгер тактала элек талаш-тартыштуу маселелер болсо, анын тигинисин да, мунусун да баяндап, бир пикирдин жок экендигин белгилейт. Бирок, булар көбүнчө, этногенезге, тарыхка ж.б.у.с. түздөн-түз байланышып, тил маселелерине кыйыр мааниде байланышкандыктан, изилдөөчү чече турган лингвистикалык проблемалардан четтеп кеткен деп жыйынтык чыгарууга болбойт. Албетте, бул диссертация жерге-талдыктардын тилин кыргыз адабий тилине жана анын диалектилери менен говорлоруна тарыхый жактан салыштырып изилдөө же болбосо диалектологиялык аспекттен изилдөө болгонуна карабай, (Жерге-Тал

боюнча) тарыхчылардын, санжырачылардын, этнографтардын, фольклористтердин, музыка таануучулардын, социолингвисттердин, этимологдордун, географтардын ж.б. кызыкчылыктарына танапташ келген чакан энциклопедиялык маалымат деп баа берүүгө толук ылайык.

Ал эми изилдөөнүн диалектологиялык өнүтүнө кайрыла турган болсок, жерге-талдык кыргыздардын курамындагы уруулардын баарынын тили фонетикалык, лексикалык, морфологиялык жактан өз ичинен бири-биринен айырмаланып турганы жана ошол эле учурда тектеш өзбек, казак, уйгур, алтай элдеринин айрым говорлорундагы фактылар менен кээ бирлери жалпылыкка ээ болсо, кээ бир фактылары айырмаланып тургандыгы мисалдар менен ишенимдүү берилип, жерге-талдыктардын тилиндеги өзгөчөлүктөрдүн эволюциясы өзүнө гана таандык жол менен өркүндөгөнүн баса белгилейт.

Кыргыз санжырасы боюнча карай келсек, кыргыздар онго, солго жана ичкилик урууларына бөлүнөт эмеспи. Ал эми жерге-талдыктар ичкилик урууларына кирип, өз ичинен оңго, солго бөлүнүп, ар биринде бир нече уруулар бар. Ж.Мукамбаев жергиликтүү элдин өкүлдөрүнөн чогултканматериалдардын арасында тарыхка, санжырага байланыштуу материал арбын. Алардын бирин келтирели. "70 жаштагы Махманазар карыя (Пүтө-Көл кыштагынан): "кыргыз кырк кыздан тараган. Анын ону шәәрдә ичкери кетет. Ону ичкилик дейт. Калган отузунан тараганны отуз уул дейт", - деп атайт". Андан ары диссертант өз сөзү менен: "Он канатка кыпчактар кирет. Кыпчакка, алардын айтуусу боюнча: *найман, актачы, кызыл аяктар* биригет. Сол канатына тейиттер кирет да, тейитке ке*сек, гыдырша, бостон, чигитирлер* биригет"[5].

Кыргыз урууларынын жиктелиши жана алардын тили тууралуу жергиликтүү элдик санжыра пайдаланылган: "Бул жөнүндө Кулуке: "Ичкилик кыргыздар оң, сол болуп бөлүнөт. Оңго кыпчак, солго тейит кирет... Отуз уулдун тили вашка. Ичкиликтердин тили башка. Шәәрдин ичиндегини ичкилик, сыртындагыны отуз уул дейт", - деп айтат. Кыскасы мындан ичкиликтер өздөрүн эки канатка бөлөрүнө ишенүүгө болот"[6], - деп тастыктайт.

Диссертациянын изилдөө объекти жерге-талдык кыргыздардын тили болгондуктан, Ж.Мукамбаев мүмкүн болушунча ар тараптуу материал топтоп, аларды изилдөөнүн негизги предмети болгон диалектологиялык өзгөчөлүктөрдү толук ачып берүүгө далалат кылганын көрөбүз. Толук ачып берүү деген эмне? Изилдөөнүн көздөгөн максатына жетиш үчүн тандап алган тарыхый-салыштырма методдун жардамында жергиликтүү элдин тилинин учурдагы абалын сыпаттоодо тилдин ошол абалга чейинки басып өткөн тарыхый жолун, изилдеп, өздөштүрүп, логикасын таап, кайра аларды жыйынтыктаган реалдуу илимий интерпретациялоо дегендик.

Диссертант, жерге-талдык кыргыздар ичкилик урууларынан болгондугуна байланыштуу, дегеле бүткүл ичкиликтердин тарыхы, тили ж.б. толук изилдене электиги тууралуу ой учугун таштайт.

Ж.Мукамбаев жерге-талдыктардын элдик санжырасын тарыхчы-окумуштуулар В.В.Бартольддун, С.М.Абрамзондун, Н.А.Аристовдун, Н.А.Кисляковдун, А.Панковдун, Г.Арандаренконун, В.Н.Ошаниндин, В.Васильевдин илимий материалдары менен; тилдик фактыларды С.Е.Маловдун, К.К.Юдахиндин, И.А.Батмановдун, В.В.Решетовдун, Ж.Шүкүровдун, Р.И.Аванесовдун, Н.А.Дыренкованын, Г.Д.Санжеевдин, О.Бакеевдин, Г.Бакинованын, М.Төрөжановдун (Туряджановдун) лингвистикалык-диалектологиялык материалдары менен эриш-аркак пайдаланып, жерге-талдыктардын тилиндеги өзгөчөлүктөрдүн келип чыгышы элдин тарыхына, жашоо-шартына ж.б.у.с. көптөгөн факторлорго байланыштуулугун баса белгилейт.

Ж.Мукамбаев диссертациясынын кийинки бөлүмдөрүндө жерге-талдык кыргыздардын тилиндеги фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык өзгөчөлүктөрдүн ар бири өз-өзүнчө сыпаттап, кыргыз адабий тилине жана анын диалектилерине, говорлорына жана тектеш алтай, казак, өзбек ж.б. тилдердин материалдарына тарыхый жактан салыштырып, кыргыз тилинин Жерге-Тал говорунун толук грамматикасын түзүүгө жетише алган. ЖТГ диссертациясы мазмундук жактан тарыхый жана сыпаттама диалектологиянын синтезинде жазылып, жалпы көлөмү машинкага басылган 456-бетти түзөт.

Адабияттар

1. Мукамбаев Ж. Жерге-талдык кыргыздардын говору. Филол. илим. канд. ... дис. -Ф., 1954.

2. Айылчиева Д.А. Пособие для аспирантов и соискателей по написанию, оформлению и защите диааертаций. - Б., 2000.

3. Абдулдаев Э., Мукамбаев Ж. Кыргыз диалектологиясынын очерки. - Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1959.

4. Мукамбаев Ж. Кыргыз диалектологиясы жана фразеология: Жогорку окуу жайларынын филол. фак. студ. үчүн кошумча окуу китеби. –Б.: Кыргызстан, 1998.

5. Юдахин К.К. Классификация киргизских диалектов. В книге: Первая научная сессия АН Киргизской ССР. - Ф., 1955.

6. Батманов И.А. Выступление на втором совещании по диалектологии тюркских языков 11-15 ноября 1958 г. В Казани. - В кн.: Вопросы диалектологии тюркских языков. - Казань, 1960.

7. Орузбаева Б.Ө. Кыргыз адабий тилинин жалпы элдик негизи жөнүндө. - Ф.: Илим., 1968.

8. Юнусалиев Б.М. Кыргыз диалектологиясы (Жогорку окуу жайларынын кыргыз филология факультеттери үчүн окуу куралы). - Ф.: Мектеп, 1971.

9. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. - Ф.: Илим, 1980.

10. Юнусалиев Б.М. Тандалган эмгектер. - Ф., 1985.

Усубалиева Ш.У.,
Саадаева А.С.,
КНУ им. Ж. Баласагына

ТИПИЧНЫЕ ГРАММАТИЧЕСКИЕ ОШИБКИ В УСТНОЙ АНГЛИЙСКОЙ РЕЧИ

Как известно, понятие термина грамматика неоднозначно. Под *грамматикой* традиционно понимают: 1) раздел языкознания, изучающий формы словоизменения, формулы словосочетания и типы предложений в отвлечении от конкретного лексического материала; 2) грамматический строй языка; 3) совокупность правил изменения и сочетания слов и способы описания этих правил.

Для методики обучения иностранным языкам представляет интерес грамматика как свод описания правил. Как грамматический строй языка и грамматика представляет собой внутреннюю сущность, а как совокупность правил, она раскрывает эту сущность [1].

В последние годы по методике преподавания иностранных языков большое внимание уделялось контрастивным исследованиям, направленным на выявление сходств и различий в двух языках с целью прогнозирования и предупреждения типичных ошибок, учащихся при изучении иностранного языка. Однако метод контрастивного анализа не оправдал надежд, которые на него возлагали, в частности сторонниками аудио лингвального направления в методике. Во-первых, основной вывод контрастивистов, считающих, что появление подавляющего количества ошибок в иноязычной речи учащихся обусловлено исключительно интерферирующим влиянием родного языка, не согласуется с данными, полученными многими исследователями на материале изучения типичных ошибок и причин их возникновения. Во-вторых, само по себе общее деление ошибок на контрастивные неконтрастивные едва ли может помочь преподавателю, заинтересованному в выявлении многообразных причин возникновения ошибок и их устранении. Поэтому в последнее время среди методистов все чаще утверждается мнение, что «ошибки лучше фиксировать на практике, чем прогнозировать» [2].

В языкознании и методике также ставится вопрос о настоятельной необходимости «собрать силами работников средней и вышей школы корпус типичных ошибок, которые допускаются учащимися и студентами на всех уровнях языковой системы». Известны работы некоторых методистов, в которых анализируются типичные ошибки выпускников средних школ. Однако в этих работах не дается статистического анализа всего корпуса типичных грамматических ошибок [3].

Для того чтобы иметь возможность дать статистический анализ и сделать достоверные выводы относительно типичных ошибок, необходимо было собрать достаточно обширный материал.

В основу классификации был положен принцип убывающей частотности, дающий возможность выявить наиболее типичные ошибки, которые, по мнению большинства методистов, требуют особого знимания и целенаправленной системы обучения для их предупреждения и устранения преподавателями.

На основе классификации типичных ошибок методисты и преподаватели вузов разработали методические рекомендации для учителей и преподавателей, упражнения для учащихся и студентов, а также составили контрольные работы для готовящихся к сдаче экзамена по английскому языку.

Многолетний опыт работы со студентами и с учениками дает основание считать, что учет типичных ошибок и систематическая целенаправленная работа для предупреждения и исправления их является одним из рациональных путей подготовки учащихся к вступительному экзамену по английскому языку. В таблице №1указаны грамматические явления, в которых учащиеся и студенты допускают типичные ошибки. Как и следовало ожидать, наиболее грамматической категорией оказалось для учащихся и студентов глагольная система английского языка на которую приходится 41% всех с грамматических ошибок Далее в соответствии с принципом убывающей частотности идут ошибки на употребление артиклей, нарушения порядка слов, употребление предлогов, местоимений, образование множественного числа существительных и наконец, ошибки в других грамматических явлениях, удельный вес которых сравнительно невелик – 14%.

Статистический анализ позволяет нам сделать некоторые выводы о характере грамматических ошибок, назвать основные причины, порождающие их, и дать некоторые рекомендации для их преодоления и предупреждения.

Достаточно взглянуть на таблицу, чтобы убедиться в том, что наиболее типичные ошибки, как правило, наблюдаются в простейших грамматически явлениях. Так, например, количество ошибок в употреблении и образовании временных форм в особенности Present Indefinite и Past Indefinite, глагольной to be связки достигает почти треть всех зарегистрированных грамматических ошибок. Примитивный характер ошибок очевиден в случаях неправильного употребления артиклей, предлогов, местоимений.

Есть основание считать, что учащиеся допускают вышеуказанные ошибки не потому, что им не знакома данная грамматическая структура, а потому что у них не были сформированы соответствующие грамматические речевые навыки и умения. И это полностью подтверждалось во время экзамена: если учащемуся указывалось на ошибку, то он в большинстве случаев исправлял, причем при этом он чаще всего правильно объяснял грамматическое явление.

В учебниках английского языка авторов А.П. Старкова и Р.Р. Диксона указанные грамматические явления, в которых учащиеся допускают наибольшее количество ошибок, представлены довольно полно в речевых упражнениях. Например, глагол to be активизируется в тренировочных и речевых ситуативных упражнениях на протяжении всего первого года обучения. Большое количество упражнений отводится также на формирование навыков грамматического

компонента устной речи и других явлений. например времен Past Indefinite и Present Indefinite вводной структуры "there is", артиклей, местоимений, предлогов. Все вышеуказанные грамматические явления повторяются в разнообразных упражнениях. Таким образом, система упражнений в учебниках в основном создает надлежащие условия для формирования и активизации грамматических навыков в устной речи учащихся. Обилие грамматических ошибок в устной речи учащихся объясняется главным образом тем, что преподаватели и учителя далеко не всегда придерживаются наиболее рациональной системы работы, которая была бы действительно направлена на формирование навыков и умений в устной речи. Посещение некоторых уроков убеждает нас в том, что работа над выработкой речевых навыков и умений ограничивается, как правило, выполнением упражнений тренировочного характера в отрыве от жизненных речевых ситуаций.

Таблица № 1.

Типичные грамматические ошибки
по схеме авторов: Натальин В. П., Евгенеико Д.А.

№ п/п	Грамматические явления, % и количество ошибок	% ошибок	Примеры типичных ошибок
I.	Глагол 41% (1237)	11%	My mother work(s).*
	1. 1. Present Indefinite Tense (утвердительная и отрицательная и вопросительная формы)		I finish(ed) * school last year.
	2. Past Indefinite Tense (утвердительная и отрицательная и вопросительная формы)	5%	I **not studied** last year.
	3. Другие времена	4%	The text (is) about Robinson.
	4. Глагольная связка to be	11%	The book (was) read.
	5. Вспомогательный глагол to be	4%	I want (to) become a teacher.
	6. Формы инфинитива	2%	He is fond **to read**.
	7. Герундий, причастие и др. явления	4%	
II.	Артикль 13%(403)	8%	**A** children. **A** snow.
	1. Артикль (неправильное употребление)		**The** school 7.
	2. Артикль (пропуск)	5%	He is (a) member of the Party.
III.	Порядок слов 11% (322)	6%	**The film saw everybody.**
	1. Прямой и обратный порядок слов		What he could do ?
	2. Вводная структура There is	5%	**In our town many parks and squares**.
IV.	Предлоги (% (261)	5%	To go **in** the cinema.
	1. Предлоги с пространственными и временными значением		In this year.
	2. Другие предлоги	4%	To say (to) him. Tell **to** me.
V.	Местоимение 6%(181)		
	1. Неопределенные местоимения	4%	Much books. Many snows.
	2. Другие предлоги	2%	This room.
VI.	Множественное число :%(180)		
	1. Окончание s (пропуск)	3%	One of the best writer(s).
	2. Существительные с чередованием гласного	3%	Child**s**. Man**s**. Children**s**. Men**s**.
VII.	Другие грамматические явления 14%(436)		
	1. Части речи (лекеико-грамматическое явление)	5%	I live in the **Ukrainian.**
	2. Числительные	2%	They **discussion** the book.
	3. Другие явления	7%	Two hundred**s** people.

Всего 100% (3020)

*Пропущенная грамматическая форма заключается в круглые скобки, неправильная форма подчеркивается.

Филология илимдеринин доктору, КР УИАсынын корреспондент мүчөсү Р.З.Кыдырбаева 2004-жылы жарыяланган "Мезгил, муундар жана манасчы" аттуу эмгегинде Сагымбайдын, Саякбайдын, Жусуп Мамайдын жаратуучулук өзгөчөлүктөрү тууралуу мындай деп жазат. "XX кылымдагы манасчылардын классикалык тибине Чоюке менен Шапак, Тоголок Молдо менен Молдобасан, Сагымбай менен Саякбай, Шаабай менен Мамбет жатат. Булар дагы улуу сөзүн, улуу салтын уланткандар жана кайрадан жараткандар. Манасчылардын ушул тибине, классикалык тибине салыштырганда Жусуп Мамай сөзсүз түрдө айырмаланып турат... Ал жазгыч акындар сымал кагаз жүзүндө иштейт, индивидуалдуу чыгармачыл процессти башынан өткөрөт"(3.6-7-б.). Бул изилдөөчүнүн жазуусунда чындык бар. Анткени Жусуп Мамай эн алгач Сагымбайга, Саякбайга окшоп, эл алдында чыгып, "Манас" эпосун дароо төгүп айткандыгы жогорудагы эскертүүлөр бир жагынан далилдейт. Бирок кийинки мезгилдерде Жусуп Мамайдын жазгыч манасчы болуп калгандыгынын себебин, Кытайдагы кыргыздардан чыккан атактуу акын Мамбет Асан менен өзүм 2004-жылы январь айында жолуккан кезде мындайча айтып берген (М.Асан "Семетей" бөлүмүн басмага даярдаган. -Н.Т.).

"80-жылдардын башында Жусуп Мамайдын "Манас" эпосун жана анын бөлүмдөрүн жазып алып, басмага даярдай турган атайын группа келишет. Ошол жазып алуучулардын катарында өзүм да бар элем. Бир жумадан кийин Жусуп аба мени сыртка алып чыгып, жаш баладай ыйламсырап: "Буларды алып кетчи, мен күүгө келип, жаны дем менен айта баштаганда эле мени токтотушуп отуруп, мени аябай чарчатышты. Мени жайыма коюшсун. Өзүмдүн күчүмө келгенимде, оюма түшкөнүмдө, өзүм кагазга түшүрүп, жазып берейин"-дейт. Мына ушул сөздөрдү Жусуп абаман уккандан кийин жазып ала тургандарга келип, Жусуп абанын айткандарын айтып, өзүнүн жайына койдук. Ошондон баштап Жусуп аба өзү жазып, манасчылык өнөрүн кагаз бетине түшүрүү менен иш жүзүнө ашырган". Демек, акын Мамбет Асандын айтуусуна караганда Жусуп Мамай жаш кезинде эпосту төгүп айтып жүргөн, ал эми 80-жылдардан тарта эпосту басма жүзүндө жарыялоо зарылдыгы келип чыккан учурда өз колу менен жазып бергендиги байкалат. Бул пикирибизди профессор Үмүт Култаева да Жусуп Мамайдын "Манас" аттуу жарыялаган макаласында: "Жусуп Мамай биздин Кыргыз Республикасына биринчи келгенде мен "Манасты" жазып жатам деген экен. Ошол 1989-жылдан бери Жусуп Мамайды жазгыч манасчы деп келебиз"(4. 15-б.). Негизинен, Жусуп Мамай жазгыч манасчы катарында "Манас" эпосун жана анын бөлүмдөрү: Семетей, Сейтек, Кененим, Сейит, Асылбача-Бекбача, Сомбилек, Чигитей эпосторун жаратып бергендиги менен баалуу экендигин унутпашыбыз керек. Анткени, Кыргызстанда Сагымбайдын, Саякбайдын вариантында "Сейтек" эпосунун уландысы катарында бүткөн варианттары биз үчүн белгисиз. Бирок Сагымбай мүмкүнчүлүгү жетсе тогуз урпагына чейин айтаарын айрым маалыматтар

ырастайт. Маселен Каныбек Жунушев "Улуу манасчы Сагымбай" аттуу "Ала-Тоо" журналынын 1990-жылкы №9-санына жарыялаган макаласында Сагымбайдын айткан сөзүн мындайча жазат: "Жомоктун чети жаңы оюлду. Эски көкүрөк оорум кармабаганда "Манастын" тогуз тегине чейин айтып үлгүрөт белем. Кээде башым айлангансып да кетет, бул эмнеси?... *Манас атанын арбагы колдоп Семетейге чейин айтып* жете алар бекемин. Кагылайын кыргызым, өзүң жараткан "Манасты" берип кетсем арманым жок!"-дегендир (5. 87-б.). Ал эми Жусуп Мамайдын вариантында үчүнчү урпагы "Сейтек" эпосунан кийинки жогоруда айтып өткөн уландыларынан тышкары "Манас" эпосуна чейинки Ногой хан, Кара хан аттуу бөлүмдөрү бар экендигин да айтып жүрүшөт. Ал эми Кыргызстанда болсо "Манас" эпосунун "Семетей", "Сейтек" бөлүмдөрүнөн башка "Алымсарык жана Кулансарык" бөлүмдөрү да бар деген эскерүүлөр гана жазылган (6. 304-б.). Бирок алигиче бул бөлүмдөр калың окурмандардын колуна китеп түрүндө жарыяланып тааныла элек. Ошондой эле, газетага жарыяланган айрым маалыматтардан да эпостун кийинки бөлүмдөрү тууралуу айтыла тургандыгы гана кабарланат. Маселен, Саякбайдын устаты Чоюке, анын небереси манасчы Шаабай Азиз уулу тууралуу 2006-жылы 20-январда "Заман Кыргызстан" гезитинин 13-бетинде: "Шаабай Азиз уулу, анын манасчылык өнөрү жөнүндө кенен сөз кылууга мезгил өзү күбө болуп отурат. Атактуу чоң манасчылардын бири Чоюкенин небереси Шаабай Азиз уулунун үчилтиги жана анын уландылары болгон "Эр Сарык", "Кененим", "Алтын бармак Акаяр", "Арстан түстүү Ак жол баатыр" жомокторунун бар экени кыргыз журтунун оозеки казынасынын дагы эле жуктуулугун айгинелеп турат"-деп жазылган. Мындай маалымат, албетте Кыргызстандагы Сагымбай, Саякбай өндүү манасчылардын өсүп келе жаткандыгы менен далилденсе, экинчи жагынан "Манас" эпосунун кийинки бөлүмдөрү жөнүндө Кыргызстанда өзүнчө варианты жаралышына аракеттер болуп келгендигин айкындайт. Келечекте Шаабай Азиз уулу өндөнгөн манасчылар эпостун кийинки урпактары тууралуу тиешелүү маалыматтарды айтып берет деген ишенич алып келет. Мына ушундай маалыматтардан кийин айрыкча калың окурмандардын колуна тийген Сагымбай, Саякбайдын өздүк жаратқан бөлүмдөрүн жана Жусуп Мамайдын жазып жарыкка чыгарган "Манас" эпосу жана анын урпактарын бири-бири менен салыштырып, варианттар ортосундагы жалпылыктарды, айырмачылыктарды ажыратып берүү максаты алдыга коюлат. Бирок варианттар ортосундагы жалпылыктар жана айырмачылыктар тууралуу сөз кылуудан мурун ар бир жаратуучунун өмүр баянына кыскача токтолуп өтүү туура болуп отурат. Анткени, жалпы окурмандарга белгилүү болгондой Сагымбай Орозбаков Саякбайдан да, Жусуп Мамайдан да манасчылык өнөрүнөн дагы, жашынан дагы улуу манасчы.

Сагымбай Орозбаков 1867-жылы Ысык-Көлдө Кабырга деген жерде туулган. 1922-жылы адегенде Каюм Мифтаков, андан кийин Ыбрайым Абдрахманов Тянь-Шандагы Солтонсары деген жайлоодо Сагымбайдан "Манас" эпосу жазылып алынат. 1926-жылы "Манас" бөлүмүнүн Сагымбайдын оозунан жазып алуу аяктайт. Ал эми кийинки "Семетей", "Сейтек" бөлүмдөрү ооруп калганына байланыштуу жазылбай калгандыгы айрым изилдөөчүлөрдө баса белгиленип айтылып өтөт (3. 28-48-б.). Сагымбайдын устаттары Назар, Тыныбек, Балык аттуу атактуу манасчылар болгон. Ал эми Саякбай Каралаев 1894-жылы Ысыккөл облустунун Жети-Өгүз жергесинде туулган. Саякбайдын оозунан 1934-жылдан 1940-жылга чейин бүт трилогия - "Манас", "Семетей", "Сейтек" жазылып алынган (6. 309-б.). Саякбайдын устаттары: Суранчы, Байдалы, Тыныбек, Чоюкелер болгон. Аталган манасчыларга салыштырмалуу Жусуп Мамай 1918-жылы Кызылсуу Кыргыз автономиялуу областына караштуу Акчий районунда Кара-Булак айылында Меркенч кыштагында Атжайлоо деген жерде туулган. Жусуп манасчылык өнөрдү агасы Балбайдан үйрөнөт. Жусуп Мамай "Мен манасты кантип айтып калдым" деген макаласында агасы Балбайдан үйрөнгөнү боюнча айтып, жазып калгандыгы жөнүндө айтат. Ал эми Балбай өз мезгилинде Жүсүп Акун, Ыбырайым өндүү манасчылардан "Манасты" жана беш урпагын толук жазып алгандыгын эскертет (7. 11-б.). Мындай белгилүү манасчылардын өмүр таржымалына кыскача токтолуп өткөнүбүздүн себеби, үч манасчы Сагымбай, Саякбай, Жусуп Мамай бири-бирин көргөнбү, бири-биринен таасир алганбы деген маселенин негизин ачып берели деген суроо туулушу мүмкүн. Кээ бир маалыматтарда Сагымбай Орозбаковдун кытайлык кыргыздардан чыккан Жүсүп Акун (кээде Жүсүбакун Апай деп айтып жүрүшөт) аттуу белгилүү манасчы менен кездешкени тууралуу айтылат. Маселен, Сагымбай өзүнүн үй-бүлөсү менен 1916-жылы Кытайга барганда Жүсүп Акун аттуу манасчы менен беттешкендигин төмөнкү фактылардан баамдасак болот.

Кытайлык кыргыздардан чыккан санжырачы, Үсөйүн ажы 1989-жылы жарыяланган "Кыргыз санжырасы" аттуу китебинин "Манас" дастаны бөлүмүндө: "Сагымбай 1916-жылы Советтен Акчийге келип, Жүсүп Акун менен "Чоң казатта" айтып сынашкан. Сынчылар: "Сагымбай Талас жактагы окуяларды жакшы айтты: Жүсүп Акун Манастын Бейжинге жүрүш кылганын, бул жүрүштөгү баатырлардын образын, Манас жеңилип кайткандагы Манастын, Чубактын, *Алмамбеттин армандарын жакшы айтты-деп* баалашкан. Сагымбай өзү да Жүсүп Акундун Манасты айтуу ыкмасы менден жакшы экен-деп корутунду чыгарган"-деп жазылган (8. 131-б.). Мындай маалыматтар Мамбеттурду Мамбетакундун 1995-жылы жарыяланган "Кыргыз адабиятынын тарыхы" аттуу китебинин "Азыркы заман манасчылары" аттуу бешинчи бөлүмүндө, 1995-жылы "Манас" эпосунун кыскача окуяларынан баян" аттуу эпостун кара сөз түрүндөгү китептин баш сөзүнө да жазылган (9. 194-196-б.). Демек, бул жазылган маалыматтарга караганда Кытайдагы кыргыздардан чыккан манасчы Жүсүп Акун Сагымбай Орозбаков менен кездешип, атүгүл бири-бирининн манасчылык өнөрлөрүн сындашкан. Бирок Жүсүпбакундун манасчылык өнөрүнө толук ыраазы болбогон пикирлер Кытайдагы кыргыздардын изилдөөлөрүндө кездешет. Мисалы, биз жогоруда атап өткөн Мамбеттурду Мамбетакундун "Кыргыз адабиятынын тарыхы" аттуу китебинде Жүсүпбакундун, Ыбрайымдын, Балбайдын манасчылык өнөрлөрүн өркүндөтүүгө кимдер себепкер болгондугу тууралуу кенири сөз кылат. Мына ушул аталган манасчылардын ичинде Ыбрайым аттуу манасчыга токтолгон учурда: "1917-жылдын киришинде Ала-Тоолук атактуу манасчы Сагымбай менен элибиздин чоң манасчысы Жүсүпбакун Карачий деген айылда "Манас" айтуу басакесине түшкөн. Алар Манастын "Чоң казат" ж.б. бөлүктөрүн эки күн улап айтканы менен "Сейтектен"

наркысын билбей турганын эскертишет. Ошол улагада от жагып отурган Ыбрайым Балбайга тигилер билбеген жерди өзү биле тургандыгын шыбыраган "Ыбырайым Балбайга "Манас" эпосунун кийинки беш бөлүмү болгон "Кененим,", "Сейитим", "Асылбача-Бекбача", "Сомбилек", "Чигитейлерди" айтып берген. Манасчы бул бөлүктөрдүн жарымын кара сөзгө, жарымын ырга аралаштырып айткан экен"-деп жазып берет (2. 563-б.). Демек, Мамбеттурду Мамбетакундун жазгандарына караганда Жүсүпбакун "Манастын" *кийинки беш урпагын билбеген сыяктуу. Ал эми* Ыбрайым Балбайдын устаты болгон. Балбай болсо өзүнүн чогултуп жазган материалдарынын бардыгын Жусуп Мамайга калтырып, аны манасчылык өнөргө шыктандырган. Демек, Сагымбай менен Жусуп Мамайдын бири-бири менен кездешкендиги тууралуу маалымат азырынча жок сыяктуу. Көрүшкөн күндө дагы манасчы Жусуп Мамай Сагымбай каза болгондо (1930-жылы) 12 *жаштагы жаш бала эле. Ошондой эле* Жүсүбакун Сагымбай менен беттешип, манасчылык өнөрлөрүн сындашкан деген пикирлер айтылып жүрсө, ал эми Жусуп Мамайдын агасы Балбай Жүсүбакундан кийинки Ыбрайым манасчынын таасири менен манасчы болгондугун эске алсак, анда жогорудагы оюбуз өзүнөн-өзү далилдүү болуп калды. Ошентип, "Манас" эпосунун дагы бир варианты Кыргызстанда белгилүү болду. Бул манасчы Жусуп Мамайдын вариантында "Манас" эпосунун 18 тому Кытайда "Шинжаң эл басмасы" тарабынан жарыяланган. Бүгүнкү күнү Кыргызстанда 18 томунун бириктирилген варианты 2004-жылы орус алфавитине салынып, ушул эле жылы Кызылсуу Кыргыз автономиялуу районунун жетекчиси Мамбет Асан Токтонаалы уулу башчылык кылган делегация Кыргызстанга келип, алардын жардамы менен бул китеп айрым окурмандарга белгилүү болду. Мына ушундай 18 томдон турган Жусуп Мамайдын вариантындагы "Манас" жана анын бөлүктөрү кандайча алгач изилденип, жазыла баштагандыгы тууралуу айта кетели. Адегенде эл арасында кытайдагы кыргыздардын "Манас" эпосундагы окурмандарга белгилүү болгон кээ бир каармандар тууралуу уламыштар сакталып келген. Маселен, "Бакайдын тереги" аттуу уламышта Кытайдагы Какшаал деген жерде Баткалаш Касаба деген зоонун боюнда бир чоң карыган тал бар экен. Ошол зоонун этегине жол салынганда, ал тал тоскоолдук кылгандыктан, аны жардыргыч менен жардырып кескилеп, жолдун астына бастырып жатканда, жыйырмага жакын иштеп жаткан адамды таштар басып өлтүрүптүр. Элдер бул кырсыктан коркуп, мал союп бата кылышып, талдан кечирим сурашат. Ал эми теректин үзүлгөн, кесилген жеринен кан жана сүт агып турган имиш. Кийинчерээк терек кайра көгөрүп, өскөн экен. Ал эми "Сыргактын мүрзөсү" деп аталган жерде өтө чоң адамдын мүрзөсү бар. Мүрзөнүн айланасына жүрөк, самын, камыр, коон, дарбыз, туяк, ок, сөйкө ондогон кызыл сары түстүү майланышкан жылма таштар коюлган. Эгерде адамдардан бирөө ооруса, ошол таштан ылайыктуусун алып, ооруган жерине тийгизип, ырымдап коюшат имиш. Мындай таштар башка жерден табылбайт. Бул таштар Сыргакка тиешелүү имиш. Ошондой эле, "Аккуланын чидер ташы", "Алманбеттин мүрзөсү", "Кырк чоронун тереги" аттуу уламыштар да эл арасында кеңири тараган (2. 559-560-б.).

Кытайдагы кыргыздар да өздөрүнүн манасчыларын төрт топко бөлүшөт. Тагыраак айтканда, Какшаалдагы манасчыларга: Жүсүбакун Апай, Ыбрайым, Мамбеттокто Саяк, Мусалжан, Балбайлар кирсе; Улуучаттагы манасчыларга: Эшмат, Намаз, Осмон, Темирлер кирсе; Актоодогу манасчыларга: Абдырахман, Ысмандар кирсе; Каражүлдөгү манасчыларга: Асмакун Молдолор кирет. Мына ушул аталып өткөн манасчылар Кытайдагы кыргыздардын арасында айтылып жүргөн "Манас" эпосунун окуяларын ооздон-оозго айтып, сактап келишкен. Мындай иштин ийгилиги "Манас" эпосунун Жусуп Мамайдын вариантында 18 томунун жазылып алынышына себеп болду. Негизинен, *бул варианттын жазылып алынышы өзүнчө бир* тарых.

1956-жылы кытай мамлекети аз сандагы улуттардын тилин изилдөө үчүн максат коюп, Пекинден Шинжаңга атайын бир группа келет. Бул группа жергиликтүү кыргыздардын тилин изилдөө менен Кызылсуу кыргыз автономиялуу районуна келип, айылдарды, кыштактарды кыдыра баштайт. Ал кезде "Манас" *эпосу тууралуу түрдүү маалыматтар эл арасында* айтылып жүрсө да, толук маалымат алына элек кезде тилди изилдеген изилдөөчүлөр кайрадан борборго келип, "Манас" аттуу улуу эпос бар экендигин билдиришет. 1960-жылы октябрда ШУАРдагы (Шинжаң уйгур автономиялуу району) адабиятчылар менен кол өнөрчүлөр биргелешип, Тенир тоодогу кыргыздардын маданий казынасын, оозеки чыгармачылыгын жазып алууга барышат. Алар Кызылсуу Кыргыз автономиялуу районуна барышып, Улуучаттан Темир аттуу манасчыны жолуктурушат. Бул манасчынын айткан "Семетей" эпосунан үзүндүсү 1960-жылы кытай тилинде чыгып турган "Тамыр" аттуу журналынын биринчи санына жарыяланат. Алар Артыша келип, Акчий районунда "Манас" эпосун күнү-түнү айткан бир манасчы бар экендигин билишет. Бирок мүмкүнчүлүктөрү жана убакыттары болбогондуктан, атайын түзүлгөн группа кайра Пекинге келет. 1961-жылы борбордон (Пекинден) Шинжаң бөлүмчөсүнө "Манас" эпосу жана ага кошуп кыргыздардын салт-санаасын, үрп-адатын кошо жазып алууга буйрук беришет. Шинжаң уйгур автоном районундагы адабият жана көркөм бирикмесинде иштеген кытай изилдөөчүсү Лийфажүндү "Манас" эпосун иликтеп, аны жазып алууга тапшырышат. Лийфажүн өзү менен үч киши болуп, Кызылсуу Кыргыз автономиялуу районуна келет. Кызылсуу Кыргыз автономиялуу республикасында эл оозеки чыгармачылыгын иликтеп жүргөн Үсөйүн ажы, Сакен Өмүр, Мамбеткаазы Эминаалы аттуу адамдар менен Лийфажүн кездешет. Алардан Жусуп Мамай аттуу улуу манасчы бар экендигин угуп, аны дароо эле Артышка алып келип, анын айткандарын жазып алууга максат коюшат. Жусуп Мамай Артышка келгенден кийин ал жерде Эшмат, Тамыр, Намаз сыяктуу жыйырмадан ашуун манасчылар менен таанышып, алардан айрым окуяларды дагы теренирээк өздөштүрөт. Жазып алуу группасына Жусуп Мамай адегенде "Манас" эпосунан 38000 сап, "Семетейден" 27000 сап, "Сейтектен" 19000 сап, "Кененимден" 16000 сап, "Сейиттен" 2800 сап айтып жаздырат. Ошол кезде жазып алууга катышкан Үсөйүн ажы бул тууралуу мындай деп жазат: "Ошондо Жүсүптүн курчуган чагы экен. Эртели-кеч айт десек токтобой айтып берүүчү. Биздин үлгүртүп жаза албастыгыбызды билип, "Манасты" бир сап-бир саптан айтып берүүчү. Мамбетказы, Сакен жана мен жазганбыз",-дегеле азбоочу эле. Кээде обону жок кара ыр боюнча айтып берүүчү. Бир айтканда 2-3 саат токтобой айтып берүүчү. Кээде өзүн да жаздырчу элек" - дейт. Мына ушундай максатта иштеп жаткан группа-

дагылар бир жагынан эпосту жазып, бир жагынан которуп басмага даярдап "Эл адабияты", "Тяньшань", "Тамыр", "Шинжан" гезиттеринде "Манастын тою", "Көкөтөйдүн ашы", "Кененим" аттуу бөлүктөрүн кытайчага, уйгурчага которуп, басма сөз беттерине жарыялап турушат. 1962-жылы июнда Кызылсуу Кыргыз автономиялуу районунун областтык партком ишканасынын башкы катчысы Сейшулин Карабулак айылына барат. Карабулак айылындагы жашаган элди чогултуп, жыйын өткөрөйүн деп турганда жергиликтүү башкаруучулардан башка айылдын жөнөкөй элдери барбай коет. Көрсө, ал күнү Жусуп Мамай "Манасты" айтат деген кабар элге жетип, алардын көпчүлүгү ошол жакка кеткенин угат. 1964-жылы июндан баштап 1966-жылдын июлуна чейин "Манас" эпосун иликтеп, жазып алуу группасы Кызылсуу Кыргыз автономиялуу районунда болот. Бул группаны жогоруда айтып өткөндөй Кытай изилдөөчүлөрү Павийак жана Лийфажүн жетектеп, өздөрүнө жардамчы катары Сакен Өмүр, Үсөйүн ажы, Пазил, Абдыкадыр Токторов, Үсөналы Алымкулдарды ж.б. кошуп алышат. Аталган кызматчылар эки багытта иштешет. Биринчиси Жусуп Мамайдын айтуусунда "Манас" эпосунун толук вариантын жазып алууга багыт болсо, экинчиси "Манас" эпосун негиз кылып алып, кыргыздардын тарыхын, этнографиясын, тил жазуусун, диндик ишенимдерин текшерип алуулары керек эле. Бул учурда Жусуп Мамай "Манас" эпосунун бөлүктөрүн дагы көбүрөөк айтып, алтынчы урпагы "Асылбача-Бекбача" эпосун жаздырат. Ошондой эле, Жусуп Мамай "Манас" эпосунан башка кенже эпосторду: "Курманбек", "Толтой", "Эр Төштүк", "Мамаке Шапак", "Тутан", "Көбөөк", "Жаңыл Мырза" аттуу эпосторду жаздырат. Мына ушундай багытта иштелип жаткан учурда тагдырга каршы Кытайда мурдаган башталып келе жаткан "Маданий көнтөрүшү" 1966-жылы чоң күч алып, өзүнүн саясатын күчөтөт. Бул көнтөрүштүн негизги максаты жергиликтүү устаттардын байыркы маданиятын, салт-санаасын жана колуна калем кармап жазган чыгармачыл адамдардын бардыгына "Эскини тирилдирген Жайыл Унсур" деген аталышта жалааларды коюп, башкаруучулар тарабынан айыпка тартуу эле. Мындай саясий кырдаал "Манас" эпосуна да өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Улуу эпосту "уулу чөп" деп аташып, аны жараткан Жусуп Мамайга "Идеялык каталыктарды оңдоо жана түзөтүү керек" деген жалааны коюп, аны да камакка алышат. Бирок Жусуп Мамайды эл актап алат. Ага карабай Жусуп Мамайдын жанын эл тынч койбой, "Манас" эпосунун айрым үзүндүлөрүн айттырып угушат. 60-жылдардын башында жазылып алынган "Манас" эпосунун бөлүмдөрү маданий көнтөрүштүн учурунда алынып кетип, ошол бойдон дарексиз жоголот (2. 588-589-б.). Мындай кыйын жагдай 70-жылдын аягына чейин созулат.

1978-жылы ноябрда Кытайдагы коммунисттик партиянын борбордук комитетинин 11-кезектин 3-жалпы жыйынында кайрадан тарыхты карап, кетирген кемчиликтерин оңдой баштайт. Ошол учурда Жусуп Мамай Бейжинге чакыртылып, Борбордук улуттар Шойуанында (университетинде) туруп, кайрадан "Манас" эпосун жаздырууга киришет. 1961-64-жылдар аралыгында жазып алынган "Манас" эпосунун кол жазмалары толугу менен жоюлуп, болгону 1964-жылы Пазил аттуу жазып алынган "Семетей" эпосу Лийфажүнда сакталып калат. Алгачкы бөлүктөрүн издеп тапкыча Жусуп Мамай "Манас" эпосунун жетинчи урпагы "Сомбилектен" 12000 сап, сегизинчи урпак "Чигитейден" 12300 сап айтып, Сакен Өмүргө жаздырат. Ошентип, эпостун биринчи бөлүктөрү табылбай, кайрадан кайталап айтуу жана жазуу иши башталат.

1980-жылы Жусуп Мамай Шинжан уйгур автоном райондук адабият-көркөм өнөрчүлөр бирикмесинин орун басары болуп дайындалып, Үрүмчү шаарына келет. Окмөт тарабынан Жусуп Мамайга кайрадан "Манас" эпосунун бөлүктөрүн жазып берүү иши тапшырылат. Адегенде Жусуп Мамай "Манас" эпосун бирөөгө айтып берип жаздырса, кийинчерээк өзү да жаза баштайт. Ошентип, 1983-жылы үчүнчү урпак "Сейтек" төртүнчү урпак "Кененим", бешинчи урпак "Сейит", алтынчы урпак "Асылбача-Бекбача" аттуу бөлүктөрүн жазып бүтөт. 1989-жылы Жусуп Мамай агасы Жумаалы Келбайдын эстетүүсү менен бешинчи урпак "Сейит" эпосунун кагаз бетине түшүрүлбөй калган жеринен 16700 сапты кайрадан толуктап, кагаз бетине түшүрөт. Ошону менен Жусуп Мамай "Манас" эпосунун сегиз урпагын толук кагаз бетине түшүрүү үчүн көп жылдардан бери аракетинин акыбети кайтып, басмага сунуш кылат. Атап айтканда, "Манас" эпосунун I тому 1984-жылы, II, III, IV томдору 1990-жылы, "Семетей" эпосунун I тому 1984-жылы, II, III томдору 1991-жылы, "Сейтек" эпосунун I, II томдору 1992-жылы, "Кененим" эпосунун I, II томдору 1993-жылы, "Сейит" эпосун 1994-жылы, "Асылбача-Бекбача" эпосунун I, II томдору 1994-жылы, III тому 1995-жылы, "Сомбилек" эпосун 1995-жылы, "Чигитей" эпосун 1995-жылы "Шинжаң эл басмасы" тарабынан белгилүү болот. Ошентип, "Манас" эпосу жана анын бөлүктөрүнүн жарыяланыш тарыхы 1984-жылдан башталып, 1995-жылга чейинки жылдарды камтыйт. Андан кийин "Манас" эпосунун 8 урпагы бириктирилген кара сөз түрүндөгү китеби 1995-жылы "Манас" эпосунун окуяларынан кыскача баян" деген аталыш менен жарыяланган. Аталган китепти кара сөз түрүндө түзгөндөр: Турсун Жумалы "Манас", Толкун Турду "Семетей", Токтонияз Абдылда "Сейтек", Норуз Үсөналы "Кененим", "Сомбилек", Мамбеттурду Мамбетакун "Сейит", Макелек Өмүрбай "Асылбача-Бекбача", Токтобүбү Ысак "Чигитей" эпосторунун кара сөз түрүндөгү вариантын жазышып, бардык урпактары бириктирилип, бир китеп түрүндө жарыяланышкан. Демек, Кытайдагы кыргыздардын "Манас" эпосу жана анын урпактарынын жазылып, жарыяланыш тарыхы 60-жылдардан баштап 80-жылдардын экинчи жарымына чейинки аралыкты камтыйт.

Эми табигый суроо өзүнөн-өзү туулат. Жогорудагыдай тарыхка ээ болуп жарыяланган Жусуп Мамайдын жаратуусундагы "Манас" эпосу жана анын урпактары Кыргызстанда белгилүү болгон "Манас" эпосунун варианттары ортосунда кандай жалпылыктарды жана айырмачылыктарды түзөт? Албетте, эки башка мамлекетте жашап, өздөрүнүн үйрөнгөн мектебине жараша манасчылык өнөрүн өнүктүргөн манасчылардын өздөрү курган туруктуу сюжети, андагы ойлоп тапкан көркөм табылгалары, деталдык сүрөттөөлөрү ортосунда созсүз түрдө жалпылыктар менен айырмачылыктар кездешпей койбойт. Мындан сырткары Кыргызстанда Сагымбай, Саякбайлардын жаратуусунда эпостун үч бөлүгүнөн чектелип, ал эми Жусуп Мамай үч бөлүгүнөн сырткары дагы 5 бөлүгүн жаратып бергендигине байланыштуу айырмачылыктар бар экендиги өзүнөн-өзү байкалып турат. Ошондуктан, эпостун варианттар ортосундагы жалпылык-

тарды жана айырмачылыктарды айтуудан мурун эпосту айтуучу жана жаратуучу деген сөздөрдүн тегерегинде бир ойду айтып кетүү туура болуп отурат. Негизинен, баарыбыз айтуучу деген терминге көбүрөөк көнүп калганбыз. Ошондой эле, Кытайдагы кыргыздардын изилдөөлөрүндө байкадык. Маселен, 2004-жылы "Шинжан эл басмасы" тарабынан орус тамгасына салынып жарыяланган "Манас" эпосу жана анын урпактары" тууралуу 1780 беттен 112 басма табактан турган көлөмдүү китебинин эң алгачкы бетинде да "Айтуучу Жусуп Мамай" деген жазууну окуйбуз. Мындай "айтуучу" деген сөздүн көбүрөөк айтылышына карата профессор К.Артыкбаев 1973-жылы "Айтуучубу же жаратуучубу" деп жарыялаган макаласында, 1995-жылы "Манас - улуу рух" аттуу жарыялаган жыйнактын ичиндеги "Манас" эпосун кимдер жараткан?" деген макаласында: "Менин терең ишенимимде кыргыз эпосторун айтуучуларды жөнөкөй эле "айтуучу" деп мүнөздөө чындыктын бир гана жагын эске алып, экинчи эң маанилүү жагын эске албагандыкка жатар эле. Эпостун жаралышында тардициялуулук эмес, жеке индивидуалдуу чыгармачылык аракет басымдуу, негизги орунду ээлейт. Ошон үчүн "Манас" эпосунун С.Орозбаков жараткан варианты, С.Каралаев жараткан варианты өндөнгөн жеке варианттар пайда болуп отурат"-деп жазат (10. 4-5-б, 5-11-б.). Профессор К.Артыкбаев тарабынан манасчылардын айтуучулук касиетинен сырткары жаратуучулук өзгөчөлүгү бар деген пикиринин чындыгын манасчы Жусуп Мамай далилдеди. Анткени, Жусуп Мамай өзүнүн вариантындагы "Манас" эпосун жана анын урпактарын кагаз бетине түшүрүп, жазып берген манасчы. Биз билген маалыматтар боюнча Жусуп Мамай "Манас" эпосун эл алдында көбүнчө жаш кезинде төгүп айтып жүргөн, кийинчерээк 80-жылдары колубузга тийген эпостун 18 томун бүтүндөй өзү жазып бергендигин ишенимдүү маалыматтар далилдейт. Демек, Жусуп Мамайды жалаң эле "айтуучу" деп айтыштын өзү анын экинчи жаратуучулук улуу талантын көмүскөдө калтырып коюу менен барабар болуп жаткандыгын эске алышыбыз керек. Жалаң айтуучу деген түшүнүктөн улам Жусуп Мамай 1995-жылы Манастын 1000 жылдыгына келгенде "Эл артисти" деген сыйлыкка ээ болгон. Бир караганда мындай сыйлык өз ордун тапкансыйт, бирок үнүлүп, түшүнө келип караганда бул наам Жусуп Мамайдын эч убакта артист болуп иштебегендиги, ага "Кыргыз эл акыны" деген наамды берип койсо, толук атын тапмак. Анткени, Жусуп Мамай юридикалык жактан алып караганда да, ал артист деген кесипте эч убакта иштеген эмес. Демек, манасчылардын айтуучулук касиетинен сырткары жаратуучулук өзгөчөлүктөрү бар деген пикиринин канчалык чындыгы бар экендигин далилдөө иретинде келечекте аталган үч манасчылардын жараткан варианттарын бири-бири менен салыштырып, алардын ортосундагы жалпылыктарды жана айырмачылыктарды ачып берүү ар бир варианттын айтуучулук өнөрүнөн сырткары жаратуучулук өзгөчөлүктөрү канчалык деңгээлде өөрчүгөнүнө көз салып көрүү керек.

Адабияттар

1. Жусуп Мамай. Сакен Өмүр, Ырысбек Абыкан ж.б. "Манас" эпосу жөнүндө. /Түз.: К. Кырбашев. –Б., 1994.

2. "Манас" эпосунун кыскача окуяларынан баян. Үрүмчү: Шинжаң эл басмасы, 1995.

3. Кыдырбаева Р.З. Мезгилдер, мүүндар жана манасчы. -Б., 2004.

4. Култаева Ү. Жусуп Мамайдын "Манасы" //Кыргыз адабияты. 208, №5, 18-31-март.

5. Жунушев К. Улуу манасчы Сагымбай //Ала-Тоо, 1990, №7.

6. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. - Ф.: Илим, 1973.

7. Жусуп Мамай. Мен Манасты кантип айтып калдым. Китепте: "Манас" эпосу жөнүндө. -Б., 1994.

8. Үсөйүн ажы. Кыргыз санжырасы. Үрүмчү: Шинжаң эл басмасы, 1989.

9. Мамбеттурду Мамбетакун. Кыргыз адабияты тарыхы. -Үрүмчү: Шинжаң эл басмасы, 1995.

10. Артыкбаев К. Айтуучубу же жаратуучубу // Кыргызстан маданияты, 1973, 12-апрель; Китепте: Манас - улуу Рух. - Б., 1995.

Н. Абдуллаева,
К. Карасаев атындагы БГУ

ОМОР СУЛТАНОВДУН ПОСТСОВЕТТИК ПОЭЗИЯСЫ

О.Султановдун поэзиясы – бир боор элинин турмушу чырмалышып, кыргыз башынан өткөн капсаландарда, коогалуу калабалуу күндөрдө кошо жанчылып, элдин көзүн, ой-сезимин, салт-санаасын (этносун) өзүнө таандык сөз боёктору, өзгөчө философиялык айбар менен чагылдырып келаткан унгулуу поэзия»[1].

Эскерте кетсек, ал – жигердүү изденүүлөрү, жаңыча көркөм табылгалары менен 60-жылдардын башында кыргыз поэзиясына келип кирген муундун өкүлү. Акын 60–70-жылдары чыгармаларын ошол убактын идеалогиясына тууралап жазганга аргасыз болсо, 90-жылдардан кийин андай кысымдан кутулуп, эркин жазууга бет алды десек жаңылышпайбыз.

Советтер Союзу таркагандан кийин СССРдин курамындагы бардык өлкөлөр өз-өзүнчө өнүгүү жолуна бет алышты. Кыргызстан да 1991-жылы 31-августа Эгемендүүлүккө ээ болгондон тартып, өз арабасын өзү тартканга аракеттене баштады. Коомдогу мындай өзгөрүүлөр, бир формациянын башка формацияга алмашуусу албетте, адабиятка зор таасирин тийгизет. Анткени адабият коомдогу көрүнүштөрдү, өзгөрүүлөрдү көркөм чагылдырат. Ошондуктан кыргыз поэзиясы да жаңы багытка бет алды, т.а., СССР убагында адабият көбүнесе компартиянын көрсөтмөлөрү менен жазылса, 90-жылдардан тартып, эркин жазыла баштады. Демек, 90-жылдардан кийин бир гана Султановдун чыгармачылыгында өзгөрүү болбостон, ал бүтүндөй кыргыз адабиятынын бардык жанрларында жүрдү. Маселен, 70-жылдары «Совет өлкөсүндө жалаң жыргал жашоо, кайгы, муң деген жок болуш керек, биз

эмгекчил элбиз», - деген ураандар күчөп тургандыктан, көпчүлүк акын-жазуучулар өздөрүнүн мунканууусун, коомдо болуп жаткан карама-каршылыктарды, турмуш чындыгын ачык жаза алышкан эмес. Ал эми О.Султанов ошол жылдары «Эллегия» деп аталган жанрдын үстүндө иштеп, сүйүү жөнүндө, өзүнүн ички катылып жаткан сезимдерин, ыймандай таза сырын кагаз бетине түшүрүп, ошондой эле «биздин жашоо жыргал», - деп жар салган менен чындыгында, адамдар жан дүйнөсүндө жалгыз экендигин, кыйналып жашагандыгын, турмуш чындыгынын карама-каршылыгын, кээде ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңээрин ачык жазган. Маселен:

Кайдан келип, кайда мени алпарат?!
Түшүп бердим толкунуна сезимдин.
Эми ардайым жүрөгүмдө салтанат
Эми ар дайым сенсиң анан өзүммүн.
Мага келчү майда өкүнүч, кайгылар
Урундуңар тосоолдукка урабас.
Эми мени кебелте албай калдыңар
Мен чынармын кылым көктөп куурабас[2].

Ырдан көрүнүп тургандай, акын турмуштун карама-карышылыгын жана сүйүү адамга кайдан келет?, - деп суроо коюп, ал сезим пайда болгондон тартып, адам жан дүйнөсүндө конфликт жүрөөрүн көркөм сөз каражаттары менен туюнтуп жатат. Акын ар бир сапты кылдаттык менен иштеп чыккандыгы жогорудагы мисалдардан көрүнүп турат. Ырдын идеялык-көркөмдүүлүгү жогору дээр элек. Куплеттердин өзүндө карама-каршы ойлор чагылтылган. Акындын кайгы, муңу, анда сүйүү сезиминин күчөшү акынды кайраттуу кылат. Бул контрастуулук ырдын көркөмдүүлүгүн андан беш-бетер күчөтөт. Тилекке каршы бул жылдары акынды коомчулук катуу сынга алып, анын чыгармаларын белгилүү бир мезгилге чейин чыгарууга тыюу салышкан. Ушундай оор мезгилди басып өткөн акын, адамдын башына кыйынчылык келет, бирок ошол кыйынчылыкка чыдап, аны жеңгенде адам кайрадан жаңыдан туулгандай болоорун жакшы түшүнгөн. Бул жөнүндө акын О.Султанов өзүнүн бир интервьюсунда да белгилеп, «Баягы учурда көп сөздү, ойду ачык айтууга мүмкүн эмес эле да. Айттың эле бүттү, партиялык чогулушта каралып, куугунтук жеп калчусуң. Андай учурлар да далай ирет башымдан өтпөдүбү. Ошон үчүн ачык айта албай (сөз «Чарчоонун жүзүнчү ыры» туурасында), кыңкыстап атып, кыңыр айтылган жерлери көп. Мисалы, «үшкүрүктөн чыгып келген ышкырыктай»[3]... - деп, «Чарчоонун жүзүнчү ырындагы» сапты эскерет. Биз билгендей, «Чарчоонун жүзүнчү ыры» акындын өмүрү, тагдыры, бул турмуштун ак-карасын көрүп билгендери, б.а., турмуш чындыгы чагылдырылган. Ал эми акындын 90-жылдардан кийинки жыйнактарын карап көрсөк («Жан берели сүйүүгө» 1996, «Ашуу төр» 2005), аларда акын өз оюн ачык, дана жаза алган. «Жан берели сүйүүгө» китебинен үзүндү келтирсек:

Депутаттык атасынан калгандай,
Өмүр бою болуп көргөн ар кандай, -
Абышкалар үзө баскан шымдарын.
Эл көзүнө көрүнүшүп шамдагай, -
Баланча жыл кызмат иштеп кеткем деп,
Жардам кылам ун, талкандан, эттен деп,
Баягы эле алдамайы алдамай.[4]

Бул убакта бийлик тарабынан эч кандай кысым болбогондугу жогорудагы саптардан көрүнүп турат. О.Султанов шайлоонун ыплас оюндарын чагылдыруу менен, элге көзүнөрдү ачкыла деп, депутаттарды таза иштөөгө чакырып жатат.

Арасында киши өлтүргөн шумдар бар,
Арам иштеп, акча-пулга тунган бар. (155) деп, адамдардын психологиясынын, пейлинин бузулгандыгын ашкерелеп жатат.

К.Борбугуловдун[5] сөзү менен айтканда, Омор Султановдун ырларынын ааламында поэзиянын илеби оттой жанып турат. Граждандык, эстетикалык, нравалык сезимдин толкуну уруп, жалпы эле адамгерчиликтин, турмуштун, көз алдыбызда турган тиричиликтин ыры ырдалат. Ырларын окуп жатып, күтпөгөндөй ачылыштарга учурайсың. Анын өзгөчө акындык бийиктиги ушунда. Философиялык ой-жүгүртүүсү менен адамды, тарыхты, жаратылышты, оокат-тиричиликти, же согуш-тынчтык жөнүндө жазганда мазмуну терең, ойлору бир сап менен, б.а., тоодой ойду томуктай сөзгө батырып, окурманга кызыгуу туудурат.

Омор Султановдун кыргыз поэзиясындагы дагы бир ийгилиги терең психологиялуу ырларды жазгандыгы Мисалы: «Сен жөнүндө поэма» («Жан берели сүйүүгө», 1996). Акындын лирикаларында логикалык бирдиги чың, эмоциялык жана рационалдык моменттердин катышында ченемди кылдат сезүү бар. Мындай касиеттер А.Токтогулов[6] айткандай, О.Султановдун калемдештери С.Эралиевдин, С.Жигитовдун, М.Абылкасымованын, Т.Кожомбердиевдин, Р.Рыскуловдун бир катар чыгармаларына таандык. Албетте, аталган акындардын чыгармачылык манералары, стилдери ар башка. Мунун өзү жакшы, анткени бизге «ар түрдүү жана жакшы акындар» керек эмеспи. Маселен, С.Эралиев сүроттөө каражаттарынын дааналыгы, тактыгы жана молдугу менен жаратылышындагы кылдат лирик катары көрүнсө, М.Абылкасымова белгилүү поэмаларында революциялык пафосту, күрөшкө үндөө мотивдерин өзөк катары тутат, О.Султанов менен Т.Кожомбердиевде болсо, жашоо, өмүр, өлүм, пендечилик, биз жашаган жер тагдыры сыяктуу түбөлүктүү темалар жагдайында өздөрү баштан кечирген, санаарткан перселерин эч нерсесин жашырбай ортого коюп, ошолордон улам тереңирээк жыйынтыкка умтулуу байкалат. Р.Рыскуловдун лирикалык каарманы бу дүйнөнүн жаштыгын, түбөлүктүүлүгүн, адам духунун өлбөстүгүн, өжөрлүгүн шаңдуу жардаган жарчы катары көбүнесе романтикалык маанайда көрүнсө, С.Жигитовдо көрүнүштүн диалектикалык маңызын, чындыгын ачып көрсөтүү предметке катаал реалисттерче мамиле этүү принциби байкалат.

Омор Султанов арзуу лирикаларын ««Көз ирмемден» тартып, улам кеңитип, улап, бир түз сызык менен жүрүп отуруп, «Жан берели сүйүүгө»[7]» китебине чейин жеткирип, адам турмушундагы улуу сезимди даңазалап, бул жашоодо сүйүү деген нерсенин бар экендигин далилдеген. Акын «сүйүү» темасын «Сен жөнүндө поэмасында» (аталган китеп) ачык, кенири лирикалык маанайда чагылдырып берүүгө жетишти.

Эгерде аталган чыгарманы «поэма» деп ала турган болсок, анда ал О.Султановдун поэма жанрындагы жаңы көркөм табылгасы десек болот.

Авар элинин улуу акыны Р.Гамзатов «...менин сүйүүгө арнаган поэмам али жазылып бүтө элек. Каармандарым экоо. Бири – мен. Бири – махабат. Бирок башкысы менин сүйүүм»[8], - дейт. Анын сыңарындай, О.Султановдун да поэмасындагы негизги нерсе – акындын сүйүүсү.

А.Осмонов: Сүйүү жүрөк каны экен.
Сүйүү өмүр балы экен.
Сүйүүнүн оту мендеги
Сенде дагы бар бекен.

Эгер болсо сенде да
Экөөбүздө бир тилек
Неге өчүп калды экен[9] деп, акын сүйгөн адамынан ажырагандыгын айтса, ушундай эле көрүнүштү О.Султанов да:

Айрылыштык көңүлүм сенден калган жок,
Куру намыс – кур калтырып алдады.
Сен ишенбес сөздөрүндө жалган жок,
Сүйүү оту жүрөгүмдө бар дагы. (25-б.)

деген саптар менен чагылдырат. Акындардын экөөндө тең «сүйүү» темасы козголуп жатат. Бирок, аталган акындарда бир эле тема ар башка ыкмада, ар башка стилде ачылып жатат.

А.Осмонов сүйгөнүнө кайрылып, сүйүүнүн оту неге өчүп калды экен? деп, татаал сүйүүнүн табышмагына баш катырса,О.Султанов сүйгөнүнөн ажырагандыгын, бирок ал сүйүү акын жүрөгүндө эч качан өчпөстүгүн айтып, өзүндөгү үмүттүн шооласынын жанып турганын метафоралаштырып билдирет.

Сүйүү – бул жөн гана жактыруу эмес. Ал - адам жүрөгүнүн тереңинен орун алган оттуу сезим. Чыныгы күйүп турган отту суу сээп өчүрүүгө болот, ал эми адам жүрөгүндө күйүп турган отту, сезимди өчүрүүгө мүмкүн эмес. Адам бул сезимге кабылгандан баштап, өмүрүнүн аягына чейин жүрөгүндө сактаары айдан ачык. Эгерде адам ал сүйүүгө жетсе, анда бул – бакыт, жетпей калса, анда өмүр бою өчпөгөн күйүт да, арман да. О.Султанов ошол жетпей калган сүйүүсүнүн күчтүүлүгүн, ал сүйүү акын жүрөгүндө бүгүн да, эртең да жашай берери терең психологиялык маанайда ачылган, б.а. О.Султанов бул сүйүү темасындагы поэмасында лирикалык каармандын изденүүсүн ачкан. Акындын аталган поэмасы өмүр бою энсеген, издеген кымбат адамынын портиретин тартканга арналган. Ошондой эле түбөлөк тема сүйүү темасын жеке өзүнө тиешелүү стилде сүйүүнүн бар экендигине кубануу, издеген адамы менен табышуунун өзү бул дүйнөнүн жыргалы, үчүнчүдөн, жашоого үмүт жандырган бир гана сүйүү экендигин айтуу максатын койгон. Башка акындардан айырмаланып, О.Султанов адамдар бири-бирин түшүнүү керек деген жана «Унутпоо», «Сагынуу» сыяктуу ырларында сезимди өчүрбөө керектигин айткан. Адамзаттын алдына өтө чоң суроо коюп, «Адам айкөл болуш керек», - дейт. Мында акын «Сагыныч», «Умтулуу» идеяларын көтөрүп чыккан, т.а., бул темадагы ырларынын философиялык мазмуну дүйнөнү сүйүү сактап кала алат, сүйүүсүз жашоонун өзү кызыксыз, келечек, үмүтүн сүйүү болгондо гана алдыга чыга алат деген ойлор түзөт.

Жогоруда келтирилген ыр саптарында акын бир эле учурда жеке өзүнүн тагдырын, сезим-туюмун жазып жатат. Ошол эле учурда ал сезим-туюмдар жалпыга да таандык, б.а.,О.Султановдун «Сени» ал акындын гана сени эмес, ал ошол поэманы окуган бардык окурмандардын «Сени». Мында акын лирикалык каармандын образын ачууда өзүнүн жеке ой толгоолору, сезим-туюмдары аркылуу лирикалык каармандын сүйүү үчүн баарына даяр экендигин, сүйүү аны нравалык жактан тазалагандыгын ачып жатат. Поэманы окуган ар бир адамдын психологиялык абалы өзгөрүп, уйгу-туйгу сезимдерге дуушар болуп, көз алдыга өзүнүн гана сенин элестет.

Демек, «Сен жөнүндө» деген акындын гана сүйгөн кызы эмес, поэманы ким окуса, ошол окурмандын да «Сени» жөнүндөгү бийик ойлору.

Мен сени сүйгөн жокмун көзүн үчүн,
Күлгөндө жазгы гүлдөй жайнап кеткен.
Мен сени сүйгөн жокмун сөзүн үчүн,
Кайгыны көкүрөктөн айдап кеткен.
Мен сени сүйгөн жокмун боюн үчүн,
Жигиттин талабына жооп берген.
Жок, сени сүйгөн жокмун оюн үчүн,
Ак нурдай ай алдынан кармап келген.
Мен сени сүйгөн жокмун сырын үчүн,
Эч качан, эч кимдерге жандырбаган.
Бар туруп айтар сөзүм, каруу күчүм,
Бактысыз сени карап жалдырагам
Мен сени сүйдүм сүйүү бардыгынан,
Жаркырап, жаңыланып, сезим гүлдөп.
Көңүлдү жан көшүлткөн жашыл ыраң
Бүрдөбөй калган багым кайра бүрдөп. (10-б.)

Жогорку саптардан көрүнүп тургандай, «Сен жөнүндө поэма» өз ичине өтө курч сюжетти деле камтыбайт. Жөн гана абстракту нерселерди, ой-сезимди конкреттештирет. Аталган поэмада лирикалык «Мен» гана өзүнүн сүйүүсүн жакын адамына арнап жүрүп отурат. Ал эми экинчи жак тарабынан лирикалык мендин сүйүүсү кандай кабыл алынгандыгы, лирикалык сендин реакциясы туурасында айтылбайт. Акын жөн гана сүйгөн адамынын алдында отчёт берип жаткандай сезилет. Бул жагынан алганда, М.Алыбаевдин «В.Маяковскийге акындык отчёт»[10] аттуу поэмасына кандайдыр бир деңгээлде үндөшүп кетет. М.Алыбаевдин да аталган поэмасында лирикалык мендин ой толгоосу терең мазмунда лирикалык маанайда берилет. Акын орустун улуу акыны Маяковскийге чыгармачылыгы тууралуу, кыргыз элинин совет доорунда гүлдөп, өнүгүп жаткандыгы жөнүндө отчёт берет. Мидин Маяковский менен сүйлөшүү иретинде мындай дейт:

Жолдош Маяковский,
Билесиң толук
Өзүң да жүрбөдүңбү
күбө болуп,
жеңиш деген кыйла күчтү суратат.
Адамды
өзүнө-өзүн сынатат.
Эскини жаңы
көп түйшүк менен
Кулатат.

Ырдагы бул саптарда жаңы заманды куруу оной эмес деген идея жатат. Мында да аталган идея лирикалык мендин толгонуусу аркылуу ишке ашат..Бирок М.Алыбаевдин поэмасында О.Султановдун «Сен жөнүндө поэмасынан» айырмаланып, лирикалык Мен менен кошо сени да бар. Ал - В.Маяковский. Бул улуу акын менен кыргыздын улуу акыны ой бөлүшүп, Мидин улуу акынга отчёт берет. Ал эми О.Султановдун поэмасындагы негизги ой жогоруда белгилеп өткөндөй, лирикалык мендин монологу аркылуу гана ачылат.

О.Султановдун поэмасында психологизм, адам жан дүйнөсүнө таасир эткен саптар орун алган:

Бактылуу азап тартып уйку көрбөй,
Сезилип мага бирдей кыш менен жай.
Жүрбөдүм капарым жок өнгөлөрдөй,
Басмырттап башка түшкөн санаа бардай.
Жашымдан жалгыздыкка ынак болуп,
Күтчүмүн эмнегедир күндө эртең деп.
Сагынчым сары жылдыздай келчү толуп,
Үмүтүм толкундардай келчү демеп. (6-б.)

Акындардын бир бактысы - жалгыздык да, бир трагедиясы да жалгыздык. О.Султанов бул өнүттөгү ойлору жогорудагы ыр саптарынан жакшы көрүнөт.

К.Ибраимов[11] акындын поэмасы туурасында мындай дейт: ««Аэропанорама» айткан «музыкалуу маа-

найларга» жөндөмдүүлүгүн, «жан дүйнөсүндөгү табиятынан радардай» сезимтал экендигин, асыресе, «Сен жөнүндө поэма» аттуу циклдеги ырларында да көрсөтүүгө далалаттанды. Ырасында ал ырлар бир өңчөй формада жазылгандай, бир гана сыбызгытып, көңүл бейпайын айтып, жүрөккө ысык жана түбөлүктүү сезим тынбай шыбырап бергиси келгендей, көңүлдүн тереңине чөгүп махабаттын жай, күнөөсүз чыгып жаткан монотондуу дабышындай таасир калтырат».

Авар элинин улуу акыны Р.Гамзатов:[12] «Тема – бул жазуучунун бүткүл дүйнөсү, жазуучунун бүтүндөй турмуш-турпаты». Дагы «Жазуучуга теманы ким бермек? Андан көрө ага баш, көз, кулак, жүрөк берүү жеңилирээк. Жан табиятынын сүйүүсү, же жек көрүүсү боюнча эмес, жыт боюнча, т.а., искөөсү боюнча гана издеген жазуучу өз мезгилинин уулу боло албайт. Алар өз мезгилинин эмес, бир күндүн балдары», -дейт.

Бул өңүттөн М.Алыбаевдин «В.Маяковсийге акындык отчёт» аттуу поэмасындагы

Бирок,
Кайда конфликт?
Кайда сюжет?
Сол каарман кайда?
Оң каарман кайда?
Сүйүү да жок,
Күйүү да жок.
Проблемный эмес,
Алган темасы майда
Бул поэма
Береби дейт бизге пайда...
Бирок мен айтамын:
Жаза бер,
Айда Мидин,
Айда! (147-б.)

деген саптары эске түшөт.

Ал эми кайра О.Султановго кайрылып келсек, А.Токтогуловдун[13] сөзү менен айтканда, акын «балан тема жазылбай калды, ошону жазайын», -деп, чыгармачылыкты кургак программага айландырбайт. Бирок акындын кечээки космос темасынан бурулуп, кадимки эле жашоо, өмүр, адамгерчилик, ата коныш жөнүнөн традициялык формада жазышын ал акындын бүтүндөй эстетикалык көз карашындагы артка чегинүү катары кабыл алып, мына эми тигинисинен ийги чыкпасын билип, өз нугуна кайра түштү деп ат үстүнөн бүтүм чыгара салгандар бар. Теманы жана мазмунга жараша форма тандоону мынчалык үстүртөн түшүнүү жарабастыр. Мүмкүн бул темада акын өзүн турмуштук жана сүйүү лирикаларындагыдай табийгы, көп кырдуу, эркин алып кете алган эместир, мүмкүн ал тема анын акындык натурасына ылайык келбегендир, мына ошондон улам анын бул багытта жазгандары бизге карандай акыл жүгүртүүдөн (умозрительно) келип чыккандай туюлгандыр. Мүмкүн мында ф антазиянын, интуициянын, белгилүү деңгээлде эмоциянын катышы жетишерлик болгону менен акындын ыймандай сыры (искренность) жок болуп жаткан чыгар. Бирок улуттук бешигинде алтын менен күмүштү, ай менен жылдызды эрмектеп, санаасы тынч термелип жата бербей, жаңычараак мазмунга, жаңыча формага, интеллектуалдык мазмундуулукка умтулуунун өзү – сандан сапатка умтулуу деген сөз.

Акын О.Султанов ички дүйнөсүнө бүлүк салып козгогон кубулуштар, окуялар туурасында гана жазат. Ошол нерсе гана акындын темасына айланат.

Акындын аталган поэмасы толукталып отуруп, «Жан берели сүйүүгө» китебине чейинки 69 ыр «Сен жөнүндө поэмасында» дагы кеңейтилип, акыры:

Жашоо деген – жаман, жакшы түш белем,
Өмүр өтүп кетет экен иш менен.
Сен келе бер, сага бара берем мен,
Сүйлөшөлү жер жарылган күч менен. (42-б.)

деген саптар менен жыйынтыкталат.

А.Эгембердиева[14] туура белгилегендей, кыргыз поэзиясында Мидин Алыбаевден кийин эле бул жанрда өз почеркин тапкан, сүйүү ырларын бийик деңгээлге көтөргөн акын – О.Султанов.

Ал эми 2005-жылы жарык көргөн «Ашуу төр»[15] аттуу жыйнагын колго алып карап көрсөк, анда акындын чыгармачылык дараметинин дагы бир тепкичке жогорулагандыгын байкайбыз. Мындан биз мезгил өтүп, жаш жогорулаган сайын акын дүйнөсү, ойлоо маданияты алда канча байып, дүйнөлүк классиктерден таалим алгандыгын көрөбүз. Акын жашы улам жогорулагандан жогорулап барат, а бирок анын поэтикалык дүйнөсү жашаргандан жашарууда. Акындын лирикаларынан көркөм эстетикалык духтун күчтүүлүгү сезилип турат.

Аталган жыйнактын баш жагындагы белгилүү сынчы К.Даутовун «Омор Султанов – тирүү классик»[16], - дегенинде эле эмне деген ой жатат. Подтексте катылган ойду ар бир окурман өзүнүн ой жүгүртүүсүндө, ансезиминде чечмелеп түшүнүүсү зарыл. Даутовдун тирүү классик деген бул – О.Султанов өлбөс акын, ал өзүнүн жанга ырахат берген чыгармалары менен ар дайым окурмандын жүрөгүндө, жан дүйнөсүндө жашап калары.

О.Султанов «Ашуу төр» жыйнагында жаш өтүп, карылыкка моюн сунуу, бирок убакытты уттурбай окурманга дагы бир жолу эстетикалык ырахат тартуулап, өзү да ырахат алууну көздөйт.

Бөгөт түштү так алдыма таш кулап,
Бөксөрбөдүм оттү жаман, жакшы убак.
Жардын кырын жандап жүрүп отурдум,
Жазамын деп төрт сап ырды жакшылап... (10б.)

Ушул төрт гана саптан акындын бүт өмүрүн поэзия дүйнөсүнө арнаганын оңой эле байкоого болот.

Аталган жыйнакта акын кыргыздардын өз жерин саткандыгы жана кыргыз жериндеги жаныбарларга тынчтык бербей кырып жаткандыгыбыз туурасында жазат. Мунун бары кашайган чындык. Биздин трагедиябыз ошол чындыкка көздү жумуп, колду шилтеп койгондугубузда экен. Ал эми акын дүйнөсү бул чындыкты көрүп туруп, чыдай албады. Аны поэзиянын тили менен элге тартуулады. Биз адамдар байкабаган нерсени акындык сезим менен дагы бир жолу ачып берди. Оюбуздун далили катары «Үзөңгү кууш менен коштошуу» деген ырын мисал келтирели:

Ак зоолорун ак булуттар басып тур
Айланасы ымырттанып жашып тур.
Ичим күйүп коштошом деп келгенде
Имерилип дайрасы агып жатыптыр. (14-б.)

деп, жаратылыштын да ыйлап жатканын көркөм сөз каражаты менен бизге жеткирип жатат. Жана дагы:

Бирөөлөргө тартпай айткан тилим дарт
Бирөөлөргө заар тогон жинн дарт.
Тынчым кайтып келээр беле дейм бирөө
Акча берсе эки, же үч миллиард...
Кээ бири анда: - Байыды Омор, оо дешип,
Үзөңгү кууш акча эмес бир тоо дешип.
Кембагалдар алар кайдан билишсин

Калгандыгын тукумга бүт доо кетип. (16-б.).

Жерди сатуу элди саткан менен барабар экени баарыбызга маалым. Ар бир адам алкымын тыйып, эл, жер үчүн күйүп-бышкан патриот болсо деген ой, тилек, каалоо ушул куплеттерде жаңырып тургансыйт. Бир кишинин кетирген катасы бүтүндөй элдин түпкүлүгүнө доо кетирип жатканын

Кембагалдар алар кайдан билишсин

Калгандыгын тукумга бүт доо кетип деп жатпайбы. Ал эми «Вертолёт менен аркар атуу» (17-б.) деген ырында акын:

Асман чүмкөп жаткан жерге дым чыкпай
Азаптуу ажал-азреил чымчыктай, -
Мотор үнү тынчтык бузду дүрбөтүп
Аркарларга келген бөөдө кырсыктай.
Алар турду тобун чачып жоготпой
Аруулукка айбандыкты жолотпой.
Эркин тоонун эр көкүрөк элиндей
Эс акылды жан берээрде коротпой. (аталган китеп. 18-б.)

Көрсө, адам баласынын жырткычтык пейли кармаса, жырткычтын жырткычы да тең келе албайт тура. Адам чыдагыс мындай айбанчылык жорукка табигат да жашын төгүп тургандыгы ырдан көрүнүп турат.

«Ашуу төр» жыйнагындагы лирикалары негизинен салттуу формада жазылды. Бирок адамзатты нравалык, руханий жактан тарбиялаган идеялык көркөмдүүлүгү жогору болгон ырлар орун алды.

Омор Султановдун лирикасы - өчпөс лирика. Анын ырларында граждандык пафос бар. Ырларынын көчүлүгү баштан өткөн, көргөн билгендерге арналып, адам турмушунун көп кырдуу татаалдыгын чагылдырууда абдан жемиштүү эмгектенди.

Айрыкча, 90-жылдарга чейинки чыгармаларын кандайдыр бир рамканын чегинде (т.а. оюн толук бере албай) жазса, 90-жылдардан кийинки чыгармаларында акын өз оюн толук ачып бергенге жетишти. Мунун далили катары «Сен жөнүндө поэма» жана «Ашуу төр» жыйнагындагы ырлардан көрө алабыз.

«Жүрөктөн чыккан ыр гана жүрөккө жетет», - демекчи О.Султановдун лирикалары көңүлдүн түпкүрүнөн суурулуп чыгып, жалпы окурмандарды нравалык, рухий жактан тарбиялоого кошкон салымы чоң. Анын ырларын окуганда эстетикалык ырахат алып, бул жашоодогу ар кандай көрүнүштөрдү, кубулуштарды кабыл алууда чел баскан көз умачтай ачыла түшөт да, айлана-чөйрөдө болуп жаткан өзгөрүүлөрдү тереңден сезип, байкай баштайсын.

Биз жогоруда сөз кылган Омор Султановдун эки китеби тең ар бир окурмандын китеп текчесинен орун алганга татыктуу жана бул жыйнактар жөнүндө дагы-дагы бир канча жакшы ойлор айтылат деген ниеттебиз.

Адабияттар

1. Тургунбаев С. – Акын жүгү бир бүтүн доор... // Заман Кыргызстан. – 1995, 20-октябрь.
2. Султанов О. Жан берели сүйүүгө. Китепте: Сен жөнүндө поэма. –Б.: Акыл.1996.
3. Султанов О. Чарчоонун жүзүнчү ырын улайт окшойм... // Кыргыз туусу. – 2002, 14-16-май.
4. Борбугулов К. Ыр толкуну //Кыргызстан пионерии. 1985, 22-ноябрь.
5. Токтогулов А. Көркөм сөз милдети // Кыргызстан маданияты. – 1971, №36, 8-сентябрь.
6. Султанов О. Жан берели сүйүүгө. –Б.: Акыл. 1996.
7. Гамзатов Р. Менин Дагестаным. –Ф.: Кыргызстан, 1972.
8. Китепте: Жусупов К. Ыр сабындагы өмүр. –Ф.: Мектеп, - 1974.
9. Алыбаев М. –Б.: Кыргызстан, 1996.
10. Ибраимов К. Изденүүнүн зарылдыгы // Кыргызстан маданияты. -1977, 8-сентябрь.
11. Гамзатов Р. Менин Дагестаным. Китепте: Тема. – Ф.: Кыргызстан, 1972.
12. Токтогулов А. Көркөм сөз милдети. // Кыргызстан маданияты. -1967, №36, 8-сентябрь.
13. Кыргыз адабиятынын тарыхы. VII т. –Б., 2002.
14. Султанов О. Ашуу төр. –Б.: Бийиктик, 2005.
15. Султанов О. Аталган китеп. Китепте: Классиктин дүйнөсүнө кире бил! – Б.: Бийиктик – 2005.

Н.Ш.Калбыкова,
Б.Ельцин атындагы КРСУ

АЛГАЧКЫ КЫРГЫЗ КЫЗДАР ПОЭЗИЯСЫ

Акындар поэзиясы - кыргыз элинде туу чокуга чейин көтөрүлгөн, керегеси кенен, чамгарагы бийик өнөр. Кыргыз акындарынын чыгармаларында элдик салт, таалим-тарбия, жамандык менен жакшылык жөнүндөгү насааттар, элдин тиричилиги, ой-мүдөөсү, арманы жашайт. Кээ бир акындар сөз берметтерин кыноонун ири устаты болуу менен бирге он сегиз миң ааламды оодарыштырып ырдап чоң философиялык ой толгоолорго жетишкен. Айрымдары өз өмүр баянына көбүрөөк байланышта ой жүгүртүп, өз баштарынан өткөргөн чындыктар аркылуу турмушка, дүйнөгө баа беришет.

„Акын" деген сөз „ырчы" деген сөз менен маанилеш. Түшүндүрмө сөздүктөрдө „акынга" мындайча аныктама берилет: „Акын - ыр жазган же төгүп ыр чыгарган киши", „Ырчы - ыр чыгарган, ыр жазган акын. Төкмө ырчы, жамакчы ырчы".

Кыргыз элинин байыркы эл болгондугу, башынан не бир алаамат окуялар өткөндүгү, ошолорду улам кийинки муунга айтып туруу, ошолор аркылуу таалим-тарбия жүргүзүү зарылдыгы ырчыларды,тагыраак айтканда, акындарды керектеген. Орто кылымда жашаган Жусуп Баласагындан тартып 19–20-кылымдарда жашаган Молдо Нияз, Нурмолдо, Молдо Кылыч, Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу ж.б. акындардын өмүрү, чыгармачылыгы терең изилденип, эл арасында кеңири белгилүү. Ушул эле учурда кыргыз элинде таланттуу акын кыздар да болгон. Кыргыз

жергесин социалдык теңсиздиктин жөө туманы каптап, думуктуруп турган чакта дүйнөгө келип, мезгил мыйзамынын катаалдыгынан табият берген өнөрүн ача албай арманда кеткен кыргыз кыздары канча. Ак таңдай акын, сүрөткер катары элдин рухий таржымалында калчу далай кыз-келиндердин пенделик дили, көрк-келбети өзүнө жоо болуп,катаал турмуштун каргашалуу окуяларында жок болушкан. Алардын мининин бири гана өзүлөрү жашап жаткан мезгилдин мыйзамдарына каршы чыга алган, керт башынын күнүмдүк кызыкчылыктарынан ашкере кечип, башын тобокелге байлап, адамдык бийик идеалдар жөнүндө ырдап өтүшкөн. Бирок, алар канчалык чечкиндүү болбосун түбү келип мезгилдин өкүмүнө аргасыз баш ийишкен, көксөгөн мүдөөсүн орундата алышпаган. Анткени менен аларда нукура адамдык тазалык, адам өмүрүнүн маани-маңызын көрө билген жетиктик бар. Улама аңызга өтүп, тарых булактарына айланып, жылдыздай жанган өлбөс-өчпөс өмүрлөр бар.Мына ошол асыл өмүрлөрдүн бири 18-кылымдын экинчи жарымында жашаган, Таласты жердеген баатыр Итим уулу Бүргөнүн кызы Ак Шербет. Ал кичинесинен акылы тунук, акындык өнөргө жакын кыз болуп чоңоет. Кудалашкан Кубат бийдин Агышайбек деген баласынын түрүн көрүп, байкатпай жашын чайкап:

Карыма салган билерик,
Кашайгыр неге токтобойт.
Кайындап алчу түгөнгүр,
Хан уулуна окшобойт.
Алтындан салган жүзүгүм,
Аты жокко токтобойт.
Алам деп жүргөн түгөнгүр,
Ата уулуна окшобойт ,-деп жакын көргөн жеңесине айтат.Аны укkан Бүргө баатыр бир кезде учурашпай өткөндүгү үчүн Кубат бий башын айра чапкандыгын кызына айтат. Атасынын башындагы тактарды көрүп, Кубат бийдин баласын чанса чоң уруш башталарын сезип, Ак Шербет айласыздан макул болуп ырдаган экен:

Атакем мени берем деп,
Ант менен бууган жолумду.
Анттан - шерттен танганда,
А кургурду чанганда
Атамды тилген ал кушчу
Акимсинген хан кушчу
Айылды соо коебу?
Айылды жоого чаптырсам,
Акыры түбүм оңобу?
Атасын сөзгө сындырган
Атанын кызы болобу?

Аяк - башын сылайын,
Ардак эр кылайын.
Анда да баркым билбесе,
Атаңды деп тилдесе
Алдангандан ыйлайын.
Ак маңдай сөөгүм кайкы экен,
Арман ай кандай кылайын.

Атасы Бүргө баатыр өлгөндө да Ак Шербет келип кошок кошкон. Адатта ал оң карап олтуруп кошчу экен. Өзүнүн таамай сөздөрү, акылдуулугу, куюлушкан сөз тапкычтыгы менен калың элдин кыйырына белгилүү болуп, сый - урматка татыйт. Ак Шербеттин акындык өнөрү, кошкон кошоктору кыргыз элинде кенири белгилүү болгон, Айтылуу манасчы-акын Балыкооз Ак Шербеттин акындыгына таң берген.Балыкооз менен Жангарач баатыр атайы барып анын ырын угуп: „Ак Шербеттин сөзү - Берметтин сөзү, калктын сөзү" ,-деген экен.

20-кылымдын башталышында торолуп, аң-сезимдүү турмушунун алгачкы кадамдары эки доордун жалгашуу чени менен тушташ келген таланттуу, эркиндикти көксөгөн, өмүр мүдөөсүн таза өтөөгө тырышкан кыз-келиндердин ичинде Кетмен-Төбөлүк акын Акбермет Карагул кызы бар. Анын өмүрү - ыры, ыры - өмүрү десек болот. Табият берген өң-келбети, сулуулугу тагдырынын тайкы болушуна себепчи болгон. 1911-жылы 12 жаш курагында атасынан айрылып, алтын, күмүш, малга сатылып турмушка чыгууга аргасыз болот. Айласы кетип, эч кимден колдоо таба албаган Акбермет арман, муң толгон ырларына күчүн чыгарат:

Алты аркар жылдыз маанайым,
Алтыдан өргөн саамайым.
Жашымда атам өлгөнү -
Мен шордуу,
Байланган экен таалайым.
Жети аркар жылдыз маанайым,
Жетиден өргөн саамайым.
Бул кордукту көргөнү -
А деле менин таалайым.

Жетимдиктин азабынан тез тотуккан, ары турмуштун, жашоонун, өмүрдүн маанисин илгертпей туя билген сезимтал Акбермет жазмыштын башка салганына баш ийип отура берүүдөн баш тартып, бошонуп чыгуунун жолун издейт. Акыры эркиндик алат. Мезгил мыйзамынын күчтүүнөн Акберметтин өз тагдырын өзү чечүү үчүн жан үрөп жасаган аракети сая кетип, эми Таласта жашаган мал-мүлктүү 65 жаштагы кишиге токолдукка сатылат. Өмүрүнүн ал күндөрүн акындын бул ыр саптарынан көрүүгө болот:

Күмүштөн чачпоо тагам деп,
Күн тийгизбей багам деп,
Бул жаман күлө басып жагынып,
Кандай десең мен макул,
Сага каламын деп багынып.
Андагы жаштык чагымда
Ойлогон ойго жете албай.
Алданын салган насиби -
Амал-айлам түгөнүп,
Арамга байлап башымы.
Канчалык өткүр болсом да
Жаш денем көк темирдей жашыды.

Кыргыз фольклорунун жыйноочусу К.Мифтаков 1923-жылы 9-июлда Акберметке дал ушул үйдөн жолугуп, арман ырларынын, кошокторунун, сүйүү ырларынын айрымдарын өз оозунан жазып алган. Ал күйөөсүнөн, күндөштөрүнөн жашырынып жүрүп ырларынын аз гана бөлүгүн айтып бере алган. Ырларын жагымдуу үн, өзүнө таандык обон менен киши чыдагыс муңдуу кылып ырдагандыгын жыйноочу баса белгилеген. Ал Акберметтин талантына, прогрессчил көз карашына өзгөчө баа берген: „Бул Акбермет аялдардын өз укуктары үчүн адабият аркылуу күрөшө баштагандардын биринчи мисалы болууга жарайт. Акын, чечен болсо да өзүнүн кат билбегендиги, кеңеш мыйзамдарынан кабарсыздыгы манаптар колунда кор болуп сатылып жүрүүсүнө себеп болгон".

Акбермет Карагул кызынан жазылып алынган чыгармалардан анын кыргыз элинин акындык поэзиясынын сырларын терең билип, элдик лириканын, кошоктордун, арман ырларынын адамдын ички эмоциясын чагылдыруу ыкмаларын терең өздөштүргөнү көрүнүп турат. Акбермет теңсиздик заманда тагдырына да, талантына да жаштайынан балта чабылган кыргыз кыз-

дарынын бири. Бирок, анын чыгармалары тарыхый да, көркөмдүк маанилери жагынан да унутулгус мурас болуп калат десек болот.

Октябрь революциясына чейин аялдар эл алдында комуз менен ырдап чыгып, „Манас" айтып белгилүү болгону анчалык маалым эмес. Анткени, патриархалдык-феодалдык доордун мыйзамына, адеп-ахлак, жүрүм-турум эрежелерине жана аялдардын турмуштук жеке мүмкүнчүлүктөрүнө байланышкан объективдүү, субъективдүү себептер буга түртткү болгон. Мындан аялдардын дастандардын, эпостордун пайда болушуна, өсүп-өнүгүшүнө чыгармачылык катнашы болгон эмес деген бир жактуу бүтүм чыгарууга болбойт. Айталы, улуу манасчы Саякбай Каралаевдин эң алгачкы устаты чоң энеси Дакиш болгон. Ал киши элдик чыгармалардын, эпостордун бал шекер даамын болочок манасчынын кулагына куя берген. Бул факт оозеки чыгармалардын эл ичинде жашап, өсүп-өнүгүшүнө аялдар да ар дайым өз салымдарын кошуп келгендигинен кабар берет. Алар эркек ырчылардай эл алдына чыгышпаса да өздөрүнө ылайык чөйрөдө ырларды чыгарып, дастандардан үзүндүлөрдү аткарып келишкен. Мисалы, улуу манасчы Сагымбай Орозбаковдун кыздары Токтобүбү менен Сабира „Манас" айтып, жамактатып ыр чыгарышчу экен. „Манас" айтканы үчүн күйөөсү Токтобүбүнү теридей ийлеп сабачу дейт. Акыры Токтобүбү кайтыш болот. Ушундай тарыхый кырдаалда көкүрөгүнөн ыр төгүлгөн аялдар өз өнөрлөрүн кыз узатып кошок ырдалганда, же адам өлгөндө айтылчу кошоктордо гана көрсөтө алышкан. Адам өмүрүн ырга салып жамактатып ыр чыгарган атактуу кошокчулар кыргыз элинде байыртадан бери болгону менен алардын ырлары, кошоктору жазылып алынбагандыктан биздин муунга жеткен эмес.

1917-жылы Улуу Октябрь революциясынын жеңиши, кыргыз аялдарынын тең укуктуулукка ээ болушу, жер-жерлерде мектептердин ачылып балдардын, анын ичинде кыздардын сабатттуу болушу кыргыз кыздар поэзиясынын негизине жол салды. „Кыргыз поэзиясы, кыргыз ыр өнөрү - байыртадан бери келе жаткан өз өзөгүндө улуттун тирилиги менен чырмалышып, кошо өрүлүп, эл башынан өткөн капсаландуу учурларды жана жайбаракат күндөрдөгү маанай-сезимдерин, элдин өзүнө таандык этносун өзгөчө боектор, өзгөчө философиялык айбар менен чагылдырып келаткан поэзия" ,- деп акын жана адабиятчы Сүйөркул Тургунбаев айткандай, 20–30-жылдардагы өзгөрүүлөр, жаңылыктар таланттуу кыргыз кыздарына таасир бербей кое алган эмес.

Таалайлуу кызы элимдин,
Тартынбай калем аламын.
Кагаздын бетин саймалап,
Тамгадан түрүн саламын.
Жаркыраган заманда
Жалындап өчпөй жанамын ,-деп кыргыз кыздарынан чыккан карлыгач акын Нуркамал Жетикашкаеванын ырын айткан пикирибизге мисал катары алсак болот.

Н.Жетикашкаева кыргыз көркөм адабиятынын майданында кыз-келиндердин арасынан биринчи болуп калем кармап, өзү жашаган мезгилдеги каламдаштарындай эле жаңы заман, жаңы доордун жарчысы болуп „Биздин заман", „Ырысыбыз партия" аттуу ырларын жазган.

Биздин заман - нур заман,
Бактыбызга жаралган.
Алга бизди өөрчүткөн
Компартия акылман, -деген ыр саптары чындыгында эле 1916-жылкы элдик көтөрүлүштөн кийин Кытай жеринде чачыранды болгон, жок болуп кетүү коркунучу туулган кыргыз элинин бактысына Октябрь революциясынын жеңиши, жаңы замандын орношу чыгармачыл ар бир адамды таасирлентпей, эргитпей кое алган эмес. Көркөм сөздүн устаттарынын кайсынысы болбосун жүрөктүн тереңинен чыккан ырларын партияга, аны жетектеген Ленинге арнап жазышкан. Нуркамалдын „Лениндин туусу астында" ыры ошол мезгилди ыр түрүндө түрмөктөштүрүп окурмандарга өтө таасын ачып бере алган:

Жаркырап Улуу Октябрь нур чачканда,
Кызыл туу көтөрүлүп ай асманга.
Тытылып түндүн тору быт-чыт болуп,
Таалайдын күнү чыгып таң атканда.

Бул ырда акын кыз „Тытылып түндүн тору быт-чыт болуп" деген метафараны колдонуу менен кыргыз элинин өткөндөгү түндөй караңгы турмушун элестүү, образдуу берүүгө жетишкен. „Түндүн тору" тытылган соң анын артынан „таалайдын күнү чыгып, таңдын атышы" да логикалык жактан ырдын идеясын улап, тереңдетип турат. Бул саптар кантсе да Нуркамал Жетикашкаеванын образдар аркылуу ой жүгүртүүгө чебер таланттуулугунан кабар берет.

Жетикашкаеванын „Компартия агабыз" аттуу ырында акындык толкуу менен кыргыз жерине партиянын „Алтын нурдуу күн" чыгаргандыгын даңазалаган. „Октябрдын кызы" болуп төрөлгөн акын „Октябрь берген үн менен" жаңы доорду ырга кошкон. Ал „Ильичке" деген ырында:

Мынакей Ильич жатат табытында,
Сүзүлүп уктагандай нур астында.
„Токточу, шаштырбачы сакчы жигит,
Көңүлдүн сагынганы тарасын да!"-деп улуу адамга арналган урмат-сүйүүнү поэтикалык күчтүү сезим менен бере алган.

Сүйөркул Тургунбаевдин: „Сүрөткер канчалык дареметтүү, таланттуу болсо анын көзү жана сезим-туюмдары тирликтин сырларын жана кереметин ошончолук даана көрөт. Ал дүйнөнүн жаңы кырын, жаңы кешпирин ачат, б.а. өзүнүн өнөр ааламын жаратат",- деген сөздөрү Нуркамалдын „Сүйүнөм", „Кантип жүрөк кубанбайт", „Ырысты көрдүм чалкыган" аттуу ырлары жөнүндө айтып жаткансыйт. 20–30-жылдардагы өзгөрүүлөргө, жаңылыктарга күбө болгон акын бул жөнүндө ырдабай кое албады. Ырлары аркылуу өзүнө гана таандык болгон өнөр ааламын жаратты.

Улуу Октябрь революциясынын жеңиши, Лениндин, Коммунисттик партиянын жаңы доорду орнотуудагы ролу Нинакан Жүндүбаеванын „Партияма", „Октябрь жөнүндө эки ыр", „Сүйлөштүм" ырларында да өзгөчө эргүү менен берилген:

Октябрым жарык нурун төкпөсө,
Таалай таңы атпайт эле кыргызда.
Дүнүйөгө даңкы чыккан жарыштан
Кыргыз үнү жетпес эле жылдызга.

Акын бул ырларында жаңы заман кыргыз элине түн болуп жабылган сабатсыздыктын жабуусун ачып, кыргыздын уул-кыздары Пушкин, Горький, Лермантовдун чыгармалары менен таанышып, келечекке кең кадам таштаганын көрсөткөн. Аалы Токомбаев белгилегендей ал кездеги чыгармалар көбүнчө күндөлүк саясий окуяларга карата агитациялык үн кошкон мүнөздө болгон.

Ленин, партия темасына алгачкы муундагы акын кыздарыбыздын бири Сатин Абдыкеримова да кайрылган. Анын алгачкы „Улуу Ленин", „Партия", „Ну-

руңдан дүйнө жаркырайт", „Кеменгер сенин жарыгың", „Эл таалайы" аттуу ырлары буга далил.

Жаңы күч, жаңы таалай,жыргал заман,
Жаркырап нур алышат аалам-адам.
Бактымды улуу Ленин ачкан үчүн,
Партия сени ырдасам кубат алам.
Жазууга калам алсам Партия деп,
Жалындуу сыр күүлөрүн издеп табам.
Жүрөктүн толуп ташкан толкун сырын,
Жазайын сен талбагын болот калам, -деп „Жазайын" деген ыры анын акын болуп калыптанышына, бактылуу келечегине Коммунисттик партиянын, аны жетектеген Лениндин түздөн-түз катышы бар экендигин айтып турат.

Социалисттик курулуштун ар түрдүү жаңылыктары, турмушта болуп жаткан өзгөрүүлөр, айыл-кыштактардагы коллективдүү чарбанын орун-очок алгандыгына байланыштуу келип чыккан жаңыруулар, эркин эмгектин артыкчылыгы жана анын жемиштүү натыйжалары отузунчу жылдардагы кыргыз акындарынын негизги тематикалык багыты болду.

Нуркамал Жетикашкаева 1937-жылдардан баштап мезгилдүү басма сөздөрүбүздүн беттерине жарыяланган алгачкы ырлары менен өзүнө коомчулуктун көңүлүн буруп, тез эле оозго алынган. Акын бардык дили менен жаңы турмушту даңазалап, элдин күрдөөлдүү эмгегине шыктанып:

Колхоз айлым карап көрсөм
Кандай сонун жаңырган.
Катар-катар катарлашып
Катар үйлөр салынган ,-деп Октябрь революциясына чейин артта калган кыргыз турмушун жаңы социалисттик турмушка салыштырган. Бул тема „Өссүн өмүр жаркырап", „Ырысты көрдүм чалкыган", „Дагы алга" ырларында улантылат. „Өчпөс чырак" ырында акын социализм доорундагы эмгекчилердин жашоосунун улам жакшырып бара жатканын, „ырдасын деп акынга, үн берген партия" жөнүндө кубанычтуулук менен ырдайт. Нуркамалдын баса көрсөтө турган бир чоң жетишкендиги - элдик оозеки адабияттын булагынан пайдалануу менен аны поэзиянын бийиктигине көтөрө алып, билгичтик менен ырларына сиңире алгандыгында. „Нуркамал ырга кошкон эмгек, тынчтык,партия жөнүндөгү тема социалисттик турмуштун идеясы болуп эсептелет. Ал адеп ыр сандыгын ачкан мезгилде советтик түзүлүштүн ири жеңиштерин ырдоо өзгөчө жаңылык болгон. Ал өзүнүн чыгармачылыгын социалисттик курулуштун салтанатын жар салуудан баштады" ,- деп Жумакан Тынымсеитова так мүнөздөгөн.

Ар бир чыныгы акын - өз доорунун атуулу. Кийинки муундар ар кандай акындын поэзиясынан анын жашаган учурунун жүзүн көрө алса, добулбастан үнүн уга алса, анда ал акын өз милдетин аткарган болот. Нинакан Жүндүбаева кыргыздын башка акындарындай эле жаңы турмуштун активдүү жарчысы, куруучусу болгон. Анын,,Шыбакчы", ,,Механизаторлорго", „Уй фермада" ырлары эмгек ээлерине арналган. „Улуулук" деген ыры карапайым жумушчуну жаңы бийиктикке көтөрө алган:

Заводдордун жан жүрөгү мотору,
Миң тетикти бир тетикке байлаткан.
А жумушчу моторлордун ачкычы,
Жашоолорго сансыз өнөр жайнаткан.

Баарын курап көзгө илешпес майдадан,
Завод ичинен завод жасашат кайрадан.
Тоо көчкөндөй автоматтар жүк тартса,
Ай, жумушчу өнөрүңдөн айланам.

Жогорудагы ыр саптарынан көрүнүп тургандай, акын кыздарыбыз да 30-жылдарда Ж.Бөкөнбаев, Ж.Турусбеков, М.Элебаевдерге окшоп жумушчу темасына кайрылышып, кыргыз элинин турмушунда башта болбогон оор өнөр жайлары, алардагы күрдөөлдүү эмгектер жөнүндө ыр жазышкан.

Отузунчу жылдары советтик поэзиянын эң негизги милдети - жаңы заманды ырдоо болчу, анын эмгекчи элге тийгизген нурун чагылдыруу эле. С.Абдыкеримова да четте турбастан эмгекчи элдин таламын талашып, анын эмгегин, өнөрүн, жаңы куруп жаткан завод-фабрикаларын, колхоздорду ак дили менен ырдай билди. Акындын „Гүлдөгөн колхоз", „Эмгек күүлөрү", „Кетмен чап", „Биздин таң", „Шайлайбыз", „Колхоз жаштарынын ыры", „Беш жылдык" өндүү жаңы турмушту даңазалаган ырлары буга күбө боло алат. Азыр бизге көнүмүш адатка айланган, көп элес албаган паровоз - отузунчу жылдардагы акындардын космостук корабли болгон. Чынында кылымдар бою жайдак өскөн Ала-Тоого темир жол салынып, паровоздун аралашы өзүнчө эле чоң жаңылык эле. Өз кезинде бул жаңылыкты ырдабаган кыргыз акыны жок-тур. Сатин Абдыкеримова да бул жөнүндө өзүнчө поэтикалык чеберчилик менен жазган:

Алоолонуп тоо жаңыртып кыйкырсаң,
Ак түтүнүн көктү карай созулган.
Ак баранда атып чыгып булк этип,
Асмандагы ак булутка кошулган.

Суналган түз болот темир жол менен,
Сызып учуп көзгө илешпей кетесиң.
Саатынан, мүнөтүнөн кечикпей,
Сен паровоз күткөн жерге жетесиң.

Акындын „Аэроплан" деген ырында да артта калган кыргыз элинин жаңы заманга кол созушу, техниканын жаңылыктарына таң калуусу айтылат.

С.Абдыкеримова аялзатына теңдик, эркиндик берген „алтын заманды", „азат берген күндү" өзүнчө тема кылып ача билген.

Аялга азат берген алтын күнүм,
Ар убак бийик чыгат шаңдуу үнүм.
Өлчөмсүз өнөр бердиң, билим бердиң
Өзгөртүп аялдардын жашык түрүн.
(„Азат берген күнгө")

Заары уудай заманда,
Зарланган кыргыз кыздары.
Эшиктен төргө өтпөгөн,
Эзилип айткан мун-зары.
Ырдамак тургай ал кезде,
Ачык сүйлөп күлбөгөн.
(„Алтын заман")

Каардуу эски заманда,
Кыздардын күнү түн болгон.
Бактысыз кедей кыздары,
Байларга барып күң болгон.
Азыркы теңдик заманда,
Ар өнөр келди колунан.
Бардыгы ишмер өнөрпоз
Билимдин түшкөн соңунан.
(„Эки заман элеси")

Жогоруда ырлардан көрүнүп тургандай, С.Абдыкеримова жаңы заманда кыргыз кыздары жеткен эркиндик, теңдик, укукту өз алдынча ырга салып, жаңы күндүн артыкчылыгын жеткилең ачып берген. „Өзгөртүп аялдардын жашык түрүн" деген ыр сабында „жашык" сөзүн абдан орундуу колдонгон. Ал аркылуу кыргыз кызда-

рынын өткөндөгү жумшак, жалтаң баш көтөрүп ооз ачпас, бар азабын, күчүн ыйына чыгаруу менен чектелген кыргыз кыздарынын мүнөзү жаңы заманда өзгөрүп, жаңы сапатка көтөрүлгөнүн чебер сүрөттөй алган. „Эшиктен төргө өтпөгөн" кыздар бүгүн „бардыгы ишмер өнөрпоз" болуп, „билим соңуна түшкөнүн" даңазалаган. Кыргыз кыздарынын турмушуна совет бийлигинин жеңиши менен кирип жаткан жаңы көрүнүштөрдү ырдоо ошентип кыргыз акын кыздарынын да чыгармачылыгындагы башкы тема болгон.

„Акындын өмүрүн, тагдырын түшүнбөй туруп анын ырларын түшүнүүгө мүмкүн эмес. Жеке керт башынан турмуштун улуу драмасын кечирген, татаал динамикасын түшүнгөн акындын чындыкты айтууга акысы бар" ,- деп Камбаралы Бобуловдун айтканы бар. Сатин Абдыкеримованын өмүр жолу менен таанышканда бул сөздөрдүн чындыгына күбө болосуң.

Акындын өмүр жолу жөнөкөй да, татаал да. Жөнөкөйлүгү - 1919-жылы Киров районундагы Бейшеке кыштагында туулуп, ошол жерде өсүп-өнгөн. Ал эми татаалдыгы - эрте жетим калган, өмүр бою мектеп босогосун аттап көргөн жок, он төрт жашында зордоп күйөөгө беришти. Акындын „Кыздарга кайрылуу" аттуу ырын окуганда окурмандын көз алдына ошол каргашалуу, теңсиздик заман элестелет:

Он үчкө кадам койгондо,
Окутпай берген кыздарын.
Ушундай укмуш сыр менен,
Уядан мен да учкамын.
Күйөө деп аны санабай,
Көрүнгөн каардуу душманым.

Бул саптарда акындын керт башынан өткөн тагдыры чагылдырылган. Кымындайында зордоп күйөөгө берилгенин окурманына ачык айтуу менен жаш да болсо мындай зомбулукка көнбөгөнүн, „күйөө деп аны санабагандыгы", күйөөсүн „каардуу душманындай" көргөндүгү баяндалат. 30-жылдарда өз башынан өткөн окуяларын ачык баяндоо, аны биринчи планга чыгаруу кыргыз поэзиясында сейрек, жокко эсе көрүнүш эле. Анткени, ал жылдары биринчи кезекте коомдук, таптык, саясий маселелерге көңүл бөлүнүп, ал эми адамдын жеке турмушун ырга айлантуу салты болгон эмес. Ушу жагдайды эске алсак, С.Абдыкеримованын аталган ырын кыргыз поэзиясынын 30-жылдардагы тематикалык, проблемалык жаңылыгы деп кароого толук негиз бар.

Ырда жөн гана арман, өкүнүч айтылбастан С.Абдыкеримова өсүп келе жаткан жаш муундарга эже катары акыл-насаатын айтып, эски заман менен жаңы заманды салыштырып, татыктуу билим алууга, өнөр ээси болууга чакырат.

Акындарыбыз өздөрүн жаңы замандын жарчылары катары туюнуп, партия эмне десе ошону ыр түрүндө кайталаган. Гезит-журналдардын күндөлүк талаптарына, муктаждыктарына ылайыктап ырлар жаратышкан. Ошондуктан, ал кездерде жарык көргөн ырлардын басымдуу көпчүлүгү сөзсүз мезгилдүү басма сөздө жарыялоо максатын көздөө менен жазылган, саясий-чарбалык темаларга, белгилүү даталарга, дагы башка күндөлүк окуяларга арналган.

Кеңеш куруп, ат коердо газетке,
Кимдер муну оюна алды болду экен.
Ким айтат деп суроо үнү чыкканда,
Кандай акыл „Эркин-Тоо" деп койду экен.

„Эркин-Тоодон" миң күлпуруп гүл өстү,
Эрип болот ай-күн менен ширешти.
Адамзаттын көөрү колдон төгүлүп,
Акыл эргип асман менен тиреште.

Сатин Абдыкеримованын „Эркин-Тоо" аттуу ырындагы бул саптар кыргыздын алгачкы гезитине карата жазылган. „Газетага", „Правда" деген ырлары гезиттин чыгышына,1-май майрамына арналган „Гүлдө жаштар", саясий маанайдагы „Комсомол", „Улуу күнгө" сыяктуу ырлары бар.

„Поэзия - тап күрөшү учурунда өтө курч курал болгондугун түшүнүү керек, акындар турмуш күн тартибине койгон чакырыктарды поэзиянын тили менен колдоп чыгышкан" , -деп Камбаралы Бобулов белгилегендей, жашоодогу жаңылыктарды, айыл жергесиндеги өзгөрүүлөрдү ачып көрсөтүү 20–30-жылдардагы кыргыз поэзиясы үчүн өзүнчө бир жооптуу жана ардактуу тематика болуп эсептелинген. Өздөрүнүн эркек калемдештери сыяктуу эле кыргыздын алгачкы акын кыздары аталган тематикада алгачкы ырларын жаратышып, социалисттик идеологиянын ишке ашышына, жаш совет мамлекетинин өнүгүп, калыптануусуна, жаш, жаңы муунду тарбиялоого, адамдардын аң-сезим, психологиясынын өзгөрүшүнө зор салымдарын кошушкан. Албетте, алардын калеминен жаралган бардык эле чыгармалар көркөм иштелиши боюнча жогорку деңгээлде чыга берген эмес. Бирок, канткен күндө да ал ырлардан акын кыздардын талант көрөңгөсү кадимкидей байкалганын көрмөксөн болууга болбойт. Алар эркин Кыргызстандын алгачкы акын-карлыгачтары катары адабият тарыхында өзүнчө орунга ээ.

Адабияттар

1. Жусупов К., Кылычев Э. Аялзатка таазим. - Б., 1996.
2. Кыргыз тилинин сөздүгү. - Б., 2010.
3. Кыргыз адабиятынын тарыхы, - Б., 2004.
4. «Эркин-Тоо» гезити, 2000, 25-февраль.
5. Жетикашкаева Н. Ырлар жана поэма. -Ф., 1978.
6. «Кыргызстан маданияты» гезити, 2002, №2, 28-май.
7. Жүндүбаева Н. Алгачкы жаңырык. - Ф., 1960.
8. Абдыкеримова С. Таң шооласы. - Ф., 1977.
9. Өмүркулов Б. Нуркамал. -Ф., 1988.
10. Абдыкеримова С. «Айыл ырлары». - Ф., 1964.
11. Жүндүбаева Н. Кең дүйнө. -Ф.,1985.
12. Абдыкеримова С. Өмүр издери. - Ф., 1979.
13. Бобулов К. Фольклор жана адабият. - Ф., 1980.

Буржубаева Д.Т.,
ИНО БГУ им. К.Карасаева

О КОНЦЕПЦИИ КУРСА "ЛИТЕРАТУРА ЦЕНТРАЛЬНОЙ АЗИИ" ДЛЯ СТУДЕНТОВ ЗАОЧНОГО ОБУЧЕНИЯ

Изучение истории и теории литературы народов Центральной Азии, имеющей огромное значение в историко-культурном развитии наций на протяжении многих столетий является одним из важнейших звеньев в системе филологического образования в Кыргызстане. По настоящее время данный курс изучается студентами-заочниками лишь одной специальности: "Русский язык и литература". Студенты, обучающиеся по специальности "Кыргыз тили жана адабияты" изучают дисциплину "Литература тюркских народов", т.е. почти тот же курс, но без фарсиязычной литературы, которая во многом обогатила тюркские литературы. Здесь, при разработке курса учитывался, главным образом, лишь языковая принадлежность, в то время как следовало бы учитывать и остальные компоненты центрально-азиатской региональной литературы.

Основной задачей курса "Литература Центральной Азии" является ознакомление с литературными произведениями народов центрально-азиатского региона, воплотивших в художественных образах свою историю, культуру, особенности миросозерцания. Это позволяет ближе узнать историю народов, живущих в едином территориальном пространстве, именуемом Центральной Азией, объективно оценить их вклад в историю мировой культуры.

Курс является самостоятельной дисциплиной, дающей обзор таджикской, узбекской, туркменской, казахской и кыргызской литератур.

Как известно, специфика заочного образования заключается в том, что основная часть работы по обретению знаний ложится на плечи самого студента, в период же учебных сессий он прослушивает дисциплину в сжатом виде. Как же сделать, чтобы данный курс был усвоен достаточно полноценно, эффективно, чтобы студент был готов в условиях ускоренного режима разобраться в материале? Думается, что заочная форма обучения, так необходимая в современных условиях, не должна расцениваться как что-то усеченное, неполноценное. Она должна быть равной по всем параметрам с дневной формой. Этого можно добиться, если выполнять необходимые условия. Автор данной статьи много лет преподавала данную дисциплину и на дневном отделении, и на заочном, и пришла в результате длительной практики к следующему выводу.

Во-первых, преподающий дисциплину должен вдохновлять, поощрять обучаемых к познанию, заражать их своей любознательностью и приглашать к совместному решению той или иной задачи.

Во-вторых, студенты должны являться к сессии подготовленными к диалогу, с возникшими вопросами по заданному материалу, с желанием поделиться собственными впечатлениями о прочитанном.

Настоящий курс начинается с обзора классического периода развития литератур Центральной Азии, представленный именами выдающихся писателей, классиков Востока Рудаки, Фирдоуси, Омар Хайяма, Саади, Хафиза, Руми, Навои, Бабура. Для этого периода характерно выдвижение общечеловеческих гуманистических идей, формирование и расцвет основных поэтических жанров. Этот список нерушим, его нельзя сократить, ибо будет утрачено что-то ценное, и его не будет доставать при характеристике творчества других поэтов. Можно сократить объем произведений, но не самих авторов.

Литературная эпоха 17-18 веков рассматривается как переходный период от Средневековья к Новому времени и связана с именами Махтумкули, Кемине и Бедиля. Период становления и развития национальных литератур Центральной Азии 19 - начала 20 века предусматривает обращение внимания на творчество просветителей-демократов Абая Кунанбаева, Бердаха, Ахмада Дониша и других, на развитие устной и письменной акынской поэзии, на общность тем, идей, образов в литературах после Октябрьской революции. Литература советского периода развивалась в условиях господства единой партийной идеологии и в рамках одного государства, поэтому она рассматривается как общая культурно-эстетическая система, с учетом, вместе с тем, особенностей национального менталитета различных народов. Заключительная часть курса посвящена анализу ведущих характерных тенденций национальных литератур региона на современном этапе, перспективам их дальнейшего развития.

Программное изложение курса имеет следующее содержание.

Литература Центральной Азии как литература, созданная на протяжении веков усилиями многих народов и представляющая собой единую историко-культурную, художественную систему. Мифологические, религиозные, этические воззрения народностей Центральной Азии и их отражение в первых памятниках искусства слова. Древнеиранский литературный памятник "Авеста", древние памятники тюркоязычной культуры (орхоно-енисейские памятники рунического письма). Слияние воедино этических, религиозных, моралистических, политических и научных умозаключений (синкретизм) в книге Юсуфа Баласагуни (1021) "Кутадгу билиг" ("Благодатное знание"). Традиционность жанровой и композиционной структуры книги. Вопросы этики, нравственности, гуманизма и идейно-художественное значение книги как феномена средневековой тюркоязычной литературы. "Диван лугат-ит ат-турк" ("Словарь тюркских наречий") Махмуда Кашгари [1483-1530].

В Иране и Средней Азии IX-X века представляют собой период становления и формирования эпохи Возрождения, которая отличалась от предыдущих эпох по идейному богатству, по отражению правды жизни, по глубине и общественной значимости поднимаемых в литературе вопросов, по близости к народным истокам. Связь литературы с народным творчеством, по-

становка ею жизненных вопросов, их глубокая общественная значимость - характерные черты поэзии восточного Ренессанса. Творчество Абуабдулло Рудаки (ок. 860-941) - основоположника классической персидской поэзии. Биографические мотивы в касыде "Стихи о старости". Глубокая человечность, неповторимая эмоциональная выразительность, отсутствие мистических образов и религиозных мотивов в поэзии Рудаки. Философская глубина мысли, естественная простота и остроумие в его рубайях, касыдах, фардах и газелях.

"Шахнаме" Абулькасима Фирдоуси (ок. 940-1030) - эпический памятник мирового значения, представляющий собой свод мифологических и эпических сказаний древних иранских племен. Отражение в них различных сторон их жизни, раскрытие в них различных этических и эстетических проблем, показ антагонистической борьбы добра и зла.

Омар Хайям (ок.1048-1122), Саади (между 1203 и 1210-1292), Хафиз (ок.1325-1389 или 1390) - крупнейшие поэты персидской ветви классической поэзии Востока. Материалистические взгляды Омара Хайяма - математика, астронома, философа и поэта. Пафос свободы личности, протест против несправедливости мира, гедонистический и философский характер поэзии Хайяма.

Саади как проповедник гражданских и общечеловеческих ценностей, чувств и смыслов. Саади - автор знаменитых поэм о том, как надо жить - прозаико-поэтического произведения "Гулистан" и многочастной поэмы-месневи "Бустан". Изложение Саади в своих этико-моралистических произведениях художественной концепции гуманизма, согласно которой человек своим величием и мудростью должен возвыситься над сословной идеологией и религиозными предрассудками.

Газель - ведущий жанр в творчестве выдающегося поэта Востока Хафиза. Гимн человеческой жизни со всеми ее доступными радостями, вызов мусульманской нравственности того времени, протест против ханжеской морали, осуждающей любовь к женщине, вера во всемогущего и в то же время выражение мятежного настроения по отношению к богу, обличение социальной несправедливости и пороков общества в газелях Хафиза.

Форма "назире", представляющая собой литературное поэтическое подражание в литературах Ближнего и Среднего Востока, Средней Азии, своего рода "ответ" на определенное произведение другого поэта с обязательным сохранением тематики, размера, рифмы, изобразительно-выразительных средств того произведения, на которое отвечают, нашла свое выражение в творчестве Алишера Навои (1441-1501). Это "Хамсе" ("Пятерица"), собрание пяти поэм - "ответ" на произведения Низами, Дехлеви, Джами.

Захириддин Мухаммад Бабур (1483-1530) - поэт, государственный деятель, полководец, основатель империи Великих Моголов в Индии является автором книги "Бабур-наме", отразивших исторические события конца 15-16 веков, а также великолепных газелей и рубаи, в которых мироощущение передается через конкретное "я". Внесение Бабуром в искусство поэзии мощной стихии волевого, личностного начала. Поэзия для Мирзы Абдулкадира Бедиля (1644-1721) как средство для выражения своих убеждений, достоинства и чести. Отражение общественно-политической борьбы, идеологии антифеодальных крестьянских движений в поэзии Бедиля. Нарушение классической восточной традиции в изображении любви и оптимистический пафос поэмы "Комде и Модан". Творчество Махтумкули (ок. 1733-1780) и Кемине (ок. 1770-1840) - корифеев туркменской поэзии, выражение в нем высоких общественных идеалов и обращение к жизненно важным темам. Отражение в их поэзии тяжелой судьбы туркменского народа в 18 веке, в период межплеменной вражды и постоянных хищнических вторжений со стороны соседних государств.

В 19 и начале 20 века в литературах Центральной Азии развились и упрочились прогрессивные, демократические направления, представленные выдающимися мастерами художественного слова. В их числе Абай Кунанбаев (1845-1904), в своих стихах пытавшийся найти причину страданий народа и призывавший народные массы к просвещению, которое может указать путь к лучшей жизни. Беспощадное изобличение невежества, взяточничества, паразитизма и духовной нищеты правителей казахской страны, непримиримое отношение к общественному укладу казахского аила составили основной пафос поэзии Абая. Впервые в казахской литературе высказано новое отношение к семье, родительскому долгу, к воспитанию детей, к женщине. Абай углубил образную систему и стилистические приемы устного поэтического творчества, обогатил словарь, наполнил поэзию новыми идеями.

В многочисленных стихах и поэмах Бердаха (1827-1900) широко отражена социальная жизнь каракалпакского народа 18-19 веков. Наиболее характерные черты его творчества - правдивое изображение тяжелой жизни народа, беспощадное изобличение притеснителей, мечта о счастливом будущем. Основоположник таджикского просветительства Ахмад Дониш (1827-1897) и его последователи в своих художественных произведениях и философско-исторических трактатах выступали с резкой критикой феодальных порядков, обличали духовенство, доказывали необходимость коренной реформы образования, глубоко сочувствуя нужде и бедствиям простого народа.

Произведения узбекского поэта-демократа Мукими (1851-1903) имели большую общественную силу, его лирические газели становились народными песнями, но наибольшую известность имели сатирические стихотворения, в которых отражались уродливые стороны общественной жизни того времени.

Национальные литературы Центральной Азии до распада Советского Союза представлены как историко-культурная общность, входящая в состав единого государство СССР. Развитие литературы Центральной Азии советского периода в условиях господства единой коммунистической партийной идеологии и в рамках единого государства. Воздействие революционной действительности и революционных идей на творчество первых советских писателей данного региона. Тема укрепления советского строя, коллективизации, раскрепощения женщин, борьбы с врагами революции, пробуждения народного самосознания в творчестве Хамзы, Садриддина Айни, Дурды Клыча, С.Карачева и др.

Общность идейного пафоса, тематики литератур Центральной Азии и их интернационализм в период Великой Отечественной войны. Духовный мир человека, его нравственный, патриотический облик в центре внимания писателей региона.

Социально-историческая обстановка в республиках Центральной Азии в послевоенные десятилетия. Возрастание профессионального уровня литераторов, определение отношения к традициям, классическому наследию и достижениям мировой литературы. Созда-

ние писателями региона крупных эпических полотен, тяготеющих к эпопее. Борьба старого с новым как основной конфликт в произведениях литературы. Показ коренной переделки быта и сознания людей, творческий труд, дружба народов, советский патриотизм, трудовой героизм в произведениях.

Характерными чертами современной литературы Центральной Азии являются: возросший уровень национального самосознания литератур, связанный с обретением народами национальной независимости; активные поиски разнообразных художественно-эстетических форм отражения мира; обогащение произведений философским и психологическим содержанием; стремление к преодолению недостатков литературного прошлого; свободное осмысление исторического прошлого своего народа и др. Все это свидетельствует о новом качественном уровне литератур Центральной Азии, позволяет определить дальнейшие перспективы их развития. Анализ произведений современной литературы дает возможность подтвердить это.

Литература

1. Литература Востока в средние века. - М., 1996.
2. История зарубежной литературы. Программы курса. - М.: МГУ, 2001.

З. Тургунова,
Эларалык Ататүрк Алатоо Университети

ТӨКМӨ АКЫН ЫСМАЙЫЛ БОРОНЧИЕВДИН АЛЫМ-САБАК АЙТЫШТАРЫ

Акындардын алым-сабак айтышы - бул кандайдыр бир ыкмада бир багытта акындардын бирин оюп экинчиси улап коштоп айтышы. Айтыштын бул түрү ырчылар арасында өтө кеңири тараган. Өзгөчө совет мезгилинде эмгек алдыңкыларын, колхоз-совхоздорду мактоодо көп пайдаланылган. Айтыштын бул түрүндө Кыргызстандын ар кайсы жериндеги жаңы өзгөрүүлөрдү жана эмгектин ээлерин алдынкы айылдык актив менен карапайым күжүрмөн адамдардын ар кандай кыргыз интелигенттеринин жана өсүп бара жаткан алдыңкы көрүнүштөргө тоскоол болуучулардын абдан таамай тартылган образдарынын бүтүндөй бир галереясын көрө алабыз. Алым сабак айтышта бардык учурда азыркы кыргыз адамдарынын алдынкы өкүлдөрүн даңазалайт. Алдыдагы жаркыраган келечекке чакырат. Көркөм сөздүн ээси болуп калган төкмө ар бир сөздү өз ордуна кое билип, эмгек ээлеринин күжүрмөн иштерин даңазалоо менен алардын айрылгыс бир боору катары сахнага чыгат.

"Таалайлуу кыргыз элибиз" деген айтышта эки акын кыргыз элинин өткөндөгү турмушу менен азыркы турмушун кеңири планда салыштырышып, кеңири тематикалык арымда кеп козгошот. Бул айтышта бирин-бири кордоо, ашкерелөө же чымчып тийишүү деген сапаттардын бирин да жолуктура албайбыз. Анда-санда гана эки район же эки тараптын акын болуп айтышка чыкканда гана анча-мынча кемчиликтерди чукулап бетке айтышпаса, көбүн эсе эмгекчи элдин эрдиктерин даңазалоо, мактоо жай турмушту сүрөттөө менен гана жүрүп олтурат.

Шабданбаев: Советтик кыргыз эл болду
Таалайлуу улуу жолдогу
Карысы кайра жашарып
Жаштары өсүп такшалып,
Эл турмушу онолду - деп кыргыз элинин оомал-төкмөл күндөрдөн алыстап, жакшы бейпил турмушка багыт алгандыгын ырга кошот.

Борончиев: Баа жеткис гигант курулуш
Фабрика завод орноду
Илгерки Пишпек жаңырып
Иретке кайра салынып,
Фрунзе болду борбору.

Анда Шабданбаев айтыштын салтына сүнгүп кирүү үчүн сылык-сыпаа эле Борончиевге:
Таалайына тең аткан,
Күн санап өсүп бараткан
Күрдөөлдүү кыргыз элиң бар
Ошол элге ылайык
Оозуңда ширин кебиң бар
Таңшытсаң бол жаагыңды - деп байкатпай акырын айтыш ырын көркүнө чыгаруу үчүн тийишип өтөт.

Анда Ысмайыл Борончиев:
Ушу атагы чыккан айылдан
Жүрөктүү ырчы сен болсоң
Жүдөгөн ырчы мен болсом
Буларды неге айтпайсын
Мурунтан билген эр болсоң - деп тапкычтык менен сөзгө жыгылбастан, жүйөөнү кайра Токтонаалы ырчынын өзүнө оодара салат.
Айтып өткүн дааналап
Салтанаттуу Түштүктү
Мааниси менен мактадың
Байлыгында болжол жок
Каптап ташыйт акчаны
Жайлоосу Алай, Алай-Куу
Арпага тушташ баш жагы
Тайкы деп сени дагы айтам
Толуп жаткан чарбадан
Токтолуп бир аз айтпадың
Айтайын эми угуп тур
Асыл тукум чарбаны
Илгерки уйдан эмки уйдун
Эки эсе оор салмагы
Мактоого арзыйт чынында
Беш эсе арбын каймагы
Алтындан баасы жогору
Азыркы койдун жүндөрү
Төрт түлүктүү мал өткен
Ак-Сай, Арпа, Суусамыр.
Соң-Көлгө жайып чардаткан,
Малга жайлуу Тянь-Шань
Байлыгынан сүйлөйлү - деп Кыргызстандын түштүгүндөгү жетишкендиктерди, ийгиликтерди, жаңылыктарды даңазалоо менен бирге, алым-сабак ай-

тышынын ыкмасына салып, Ысмайылдын айткандарына кошумчалап, Токтонаалы төкмө жайынча баяндоого өтөт.

Келтирип айттың баарысын
Кебиндин жок жалганы
Толкуну тоодой жеңишке
Токтолбой өсүп келиште
Жергелүү кыргыз элибиз
Эмгек менен күн санап
Гүлдөй берет жерибиз.

Бул айтышта социализмдин жакшы жактары саналып, акындардын көп деле буркан-шаркан түшүп, сөзго жыгып айтышкан учурларын жолуктура албайбыз. Айтыштын алым-сабак деп өзүнүн аты айтып тургандай кезектешип бир-бирине сөз узатуу аркылуу эски турмуш менен жаңыны салыштырууну гана көрө алабыз.

Эки акындын айтышындагы дагы бир өзгөчөлүктү белгилебей кетүүгө болбойт. Булар өздөрүнүн айтышында жалан гана жетишкендикти даназалап отурбайт. Кээде айтыштын объектиси кылып биздин турмушубуздагы кээ бир жетишпеген кемчиликтерди да алышат. Мисалы: бир айтышта Борончиев менен Шабданбаев экөө адегенде жайды жайлата эки башка жакта командировкада жүрүшүп, көптөн бери көрүшпөгөндүктөрүн эскертишет да, анан бири-биринин кыжырына тийе турган нукумаларды сөз арасынан кыпчый кетишип, айтышты курч мүнөзгө жеткиришет. Бирок эки акын жеке нукумаларын коомдук чон мааниси бар иштерди баяндоого тыгыз айкалыштырышып, ошонун натыйжасында жетишкендиктер менен бирге кемчиликтерди да жашырбай сынга алышат. Мисалы: Токтогул районундагы кээ бир кемчиликтерди баяндаган Ысмайылдын сөзүнөн кыскача үзүндү келтирели:

Айтпай кеткен экемин,
Райондун борборун
Азыр айтып беремин
Ага капа болбогун
Ондобоптур эмгиче,
Автобустун борборун
Доротдели Акматов,
Билбеймин качан ондоорун:
Үч-Теректик тууганың
Пахтасын жакшы бакпаптыр,
Чабыгын түзүк чаппаптыр,
Ала-була суугарып,
Ар жерин кургак таштаптыр - жана башка ушул сыяктуу кемчиликтерди бетке айткан мындай айтыштардын таасирдүүлүгү жөнүндө сөз болууга да мүмкүн эмес. Ошондуктан өз айтыштарында биздеги жат көрүнүштөрдүн бетин тайманбай ачуу жагы эки акындын талантынын бир беткей эместигин булардын ар тараптуу ой жүгүртүп, кенен ойлонуп сын берээрин далилдеп турат.

Аты аталган эки акындын совет доорундагы айтыштарынын негизги багыты - жаңы заманга жарчы болуп, социалисттик курулуш үчүн өзүлөрүнүн көркөм ырларынын күчү менен элди үгүттөө болду. Бул өнүттөн караганда аты аталган ырчыларды совет мезгилиндеги турмуштун жалындуу пропагандисттери десек жаңылышпайбыз. Алым-сабак айтыштарында да бул эки акын илгертен бери келе жаткан айтыш ыкмасын колдонушуп, адегенде бири-бирине бир аз тийишип, элди күлдүрө салып, анан негизги сөздү жакшы колхоздордун үлгүлүү иштерине арнашат., алардын ыры угуучуларга "алдыңкы колхоздорго теңелгиле, алардан үлгү алгыла" деген пикирди сайрап өтүшөт.

Кыргыз ССРинин Эл артисти Эстебес Турсуналиев менен 1969-жылы Нарында малчылардын майрамына айтышуу үчүн жөнөп жатып, филармониянын ошол кездеги директору, Арген Эсенкуловго:

Бекерчинин бирибиз
Пенсияда жүрүбүз
Эл кааласа барайын
Эмгегимди билиңиз, - деп өзүнүн куюлушкан сөздөрү, кумар жазчу кептери менен залкар төкмөлөрдү күлдүрүп отурган. Нарынга барып, Ысмайылдын малчыларга ырдап турган жери:

Саламатбы малчылар,
Сагынып тосуп алчулар,
Амандашып ырдамак
Акындардын салты бар - деп адаттагыдай эл менен учурашып анан малчылардын эмгегин бир аз ырга кошуп мактап, каалоо-тилегин билдирип, аягында:

Эрмек болуп берсин деп,
Энсепсинер жалпынар
Эми Эстебес иним баштагын
Эринбей турган жаш чагың
Күүлөнүп кетип баратат
Күндө күчөп таскагың
Энсеп бизди чакырган
Элиндин көөнүн шаттагын
Сен Алымкулдан үлгү алгансың
Осмонкулдай багбансың
Калыктан кармап калгансын
Шабданбайдан шандуусуң
Ысмайылдан ылдамсың
Кана иним шанкылда,
Калкың угуп жыргасын, - деп Эстебес инисин устат катары көкөлөтө мактап, акынды ар кимге салыштырып, артыкчылык жактарын ырга кошот да сөз кезегин Турсуналиевге сунат.

Келдик бүгүн Нарынга
Кенешме болгон чагында
Эртеден бери Ысмакем
Эсендешти баарына
Эл булбулу залкар адамдын
Элестетти нечеин
Барк-кадырга кошулган
Ысмакем менен олтурган
Мен да бактылуу акын экемин.

Э.Турсуналиев бул саптар менен өзүнүн Ысмакесине болгон сый-урматын көрсөтүп өттү. Ошондо Борончиев:

Критика жакшы сөз
Кириңди жууп алгандай, - деп сын жагына басым кой, мен жакшы жактарын ырдайын - дегендей белги берип, устат катары жаш жетилип, бутуна турун келе жаткан залкар төкмөнү туура жолго түшүрүп, ага үлгү көрсөтөт.

Ошентип, Ысмайыл Борончиев кайрадан обон созуп, комузунун боорун тырмалап, жаш ырчы менен алым-сабак айтыша баштайт.

Жеңип чыккан мелдештен
Жергеге ишин көргозгон
Сакадай бою сары алтын
Салкын аба, төрдо өскөн
Кышы жайы малынан
Кырсыкка ибирин бербестен
Угулган даңкы калкына
Урмат дейм мындай малчыга
Атын эл угуп кубансын
Айтыйын элим жалпыңа,

Мына Кара-Үнкүрдүн сайында
Конзавод деген айылда
Шайыркүл деген келин бар
Союзга шайлап депутат
Салтанаттуу чагы бар
Атактуу чабан Сабыркүл
Айтпасам калат таарына
Шайыркүл менен Сабыркүл

Гүлдөй бер өсүп дайым, - деп төкмө бул жерде малчылардын духун көтөрүп, алардын ары түйшүктүү, ары татаал эмгектерин көкөлөтө, алаканга сала мактап ырдайт. Ысмайыл Борончиев менен айтышка түшкөнүнө маашырланып, кезекти чыдамсыздык менен күтүп олтурган Эстебес Турсуналиев комузун колуна алып:

Ырыстуу элдин жаштарын
Ысмаке жакшы мактадың
Намысы жок жалкоолор
Начарын мага таштадың
Билишимче айтайын
Бир экөөнүн аттарын - деп бир, эки начар иштеген чабанды сындап келип, акырын жыйынтыктады.

Арттагы начар колхозду
Айтуудан акын уялат.
Айлы да өспөйт иши өспөйт
Активи болсо сугалак
Андайлар иште кумалак.
Айдаш керек кубалап
Алдыңкы чарба жылына
Атак-даңк алат, туу алат
Баарынар даңкгуу болгула
Акындарың суранат.

Эстебес Турсуналиев чабалыраак чабандарды сынга алып, намысына тийип өтөт. Акырында жыйынтыкталган ойдо "Дайыма алга, эмгек аркылуу гана адам болосунар" - деген ойду айтып, жалпы эле эмгекчилерди күжүрмөндүккө үгүттөйт.

Ар киминдин намысың
Алдыңкы колхоз-совхоз бол,
Атагыңарды таанысын,
Жетишкен ушул заманда
Жеп ичкендер арылсын.
Жемиштүү байлык көп болуп
Жергенер гүлдөп жаңырсын - деп жакшы каалоолору менен айтышты аягына чыгарат. Ысмайыл төкмөнүн Эстебес Турсуналиев менен алым-сабак айтышы экөөнүн тең бир-бирине алгач жолу беттешип жаткандыктанбы, айтор айтыш өтөт сылык түрдө, бирин-бири толуктап, оюн улап олтуруп эле айтышты сонуна чыгарышты. Анткени Эстебес Турсуналиев Боронchиевди улуу деп, ага баш ийип, талантына таазим кылгандыктанбы, айтор бир да жолу айтыштын эрежесине баш ийип, ортого сөз таштап, же болбосо тийиштик кылып көргөн жок. Ал эми Ысмакеси жан шериги Шабданбаевге берген жооптордун бирин да бербестен, Э. Турсуналиевдин намысына тийип, аны оргуштатып, акындык делебесин козгогон да жок.

Жогоруда биз сөз кылган эки ырчы Тоң районуна адабият менен искусствонун он күндүгүнө жөнөп, жолдо бара жатканда Ысмайыл Боронchиев: "Эстебес иним кечээги эле биз аралашып жүргөн ырчылар биринин сөзүн бири илип, коштоп кыска-кыска чукулдап кайрышып айтышчу эле, биз ошого көнүшүбүз керек. Жаныбыздагы балага да эрмек болуп баралы" - деп калды, - деп эскерет төкмө Эстебес Турсуналиев.

Анан Эстебес Турсуналиевге үлгү көрсөтүп ага сабак болсун үчүн эки саптан турган ырларды ырдап кирет.

Ысмайыл: О, мобул Он-Арча суусу буулса,
Эстебес: Ортосуна зангыран
Олчойгон чоң ГЭС курулса,
Ысмайыл: Катар көчө салынып,
Капчыгай ичи кубулса,
Эстебес: ГЭС бүтүп майрам күн болуп,
Калкылдап элдер жыйылса
Ысмайыл: Анда куттуктап, шаңдап, шаңкылдап
Биздей ырчынын үнү угулса
Эстебес: Ошондой элге ырдашка
Сиздей олбурлуу акын туулса, - деп Боронchиевдин айткан сөздөрүнөн бир да калышпай, теңме-тең жооп кайтарып, сөздүн нугун бурмалабай, бир түз сызык менен жүрүп олтурушат.

Ысмайыл: Аганды өтө мактадың
Акындардын кыйынча
Эстебес: Устатына шакирти
Уят болбос, сыйынча
Ысмайыл: Жарайсың иним сындадым
Жакшы акын болдуң буюрса
Эстебес: Жашымда ээрчип көп жүрдүм
Жаныңарда кулунча
Ысмайыл: Көңүлүм толду уга бер,
Иним, көктөгү шумкар туйгунча, - деп кыска-кыска эки саптан турган ырлары менен Эстебес Турсуналиевдин айтыш өнөрүндөгү талантын байкаштырып, сынынан өткөрөт. Айтыштын аягында "Жарайсын иним сындадым" деп жетилип келе жаткан төкмөнүн талантынын такшалып, жетилип калгандыгын баса белгилейт. Жаш ырчы менен да алым-сабак айтышып, ага сабак берип, жол көрсөтөт. Бул көрүнүштөр Ысмайылдын айтыш өнөрүн кийинки муундун ээлери - төкмөлөрдүн төрүнөн орун алган Токтогул, Калык, Барпы сыяктуу залкар төкмөлөрдүн деңгээлине жетсин, - деген тилек менен аларга устат катары өзүнүн жол көрсөткөндүгүнүн күбөсү.

Адабияттар

1. Боронchиев Ы. Ырлар жана поэемалар. - Ф., 1949.
2. Боронchиев Ы. Шамбет. - Ф., 1958.
3. Боронchиев Ы.Турмуш күүлөрү. - Ф., 1960.
4. Боронchиев Ы. Мекеним. - Ф., 1980
5. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. - Б., 2000., 6-том.
6. Кыргыз адабиятынын тарыхы. - Б., 2000. 6-том.
7. Кыргыз элинин чыгармачылыгынын тарыхынын очерки. - Ф., 1973.
8. Боронchиев Ы. Шабданбаев Т. Эмгектин каармандары. (Айтыш). // Ала-Тоо, 1960.
9. Боронchиев Ы. Шабданбаев Т. Дайыма эскеребиз. (Айтыш) // Советтик Кыргызстан. 1960, 10-июнь.
10. Эсенкул Төрокан уулу. Ысмакемди эскерүү. // Советтик Кыргызстан. 1990, 7-июль.
11. Артыкбаев К. Ысмайыл Боронchиев. // Ала-Тоо. 1961.
12. Күмүшалиев К. Эки акын. // Советтик Кыргызстан., 1958.
13. Маликов К. Таланттуу ырчы. // Советтик Кыргызстан. 1961, 14-апрель
14. Саатов Ж. Ысмайылдын ыр нөшөрү. // Кыргызстан маданияты. 1985.
15. Стамов А. Жол жорго элең чаалыкпас. // Кыргызстан маданияты. 1978.
16. Токомбаев А. Пукура менен коштошуу. // Кыр-

гызстан маданияты. 1978.

17. Борончиев Ы.Тамашанын тарыхы. // Кыргызстан маданияты. 1990.

18. Борончиев Ы.Каймана. // Чалкан. 1962.

19. Борончиев Ы. Найманбай менен Кара Курмандын айтышы. // Кыргызстан маданияты. 1989.

20. Борончиев Ы. Элдик өнөрдүн башаты. // Кыргызстан маданияты. 1975. 29-май.

21. Борончиев Ы. Шабданбаев Т. Токтогулга эстелик. Китепте: Клубдук сахна. –Ф., 1969.

22. Бөлөбалаев О. Жолчулар менен саламдашуу. // Ала-Тоо. 1963.

Б. Элебесова,
К. Карасаев атындагы БГУ

КЫРГЫЗ-ТҮРК ПОЭЗИЯСЫНДА ФИЛОСОФИЯЛЫК ЭКЗИСТЕНЦИАЛИЗМ МААНИСИНДЕ ЖАЗЫЛГАН ЛИРИКАЛЫК ЫРЛАР

Экзистенциализм – латын тилинде exsistentia – кыргызчага которгондо - жашоо дегенди түшүндүрөт. Жашоо философиясы – философиядагы ирроционалдык багыт. Экзистенциализм интелигенциянын мүдөөсүнө туура келген көз карашты түзүүгө аракет жасоодон келип чыккан. Биринчи дүйнөлүк согуштун (1914–18) алдында Россияда пайда болгон. Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин - Германияга, экинчи дүйнөлүк согуш (1939–45) учурунда Францияга, кийин АКШ ж.б капиталистик өлкөлөргө тараган. Анын идеалык таянычтары – Э. Гуссерлдин феноменологиясы жана С.Кверкегордун диний мистикалык окуусу. Динчилер (Г. Марсель, К. Ясперс, Н. А. Бердеев ж. б.). Экзистенциализм боюнча философия болмушту акыл-эс (рациональное) эмес, интуиция аркылуу аңдап билет. Таанып билүү ыгы боюнча илимге караганда искусствого жакын. Философиянын предметин – «бытие», анда субъект менен обьект жуурулушуп кеткен. Экзистенциализмде эркиндикке да субьективдүү түшүндүрмө берилет. Б.а. адамдын өлбөстүгү тууралсында даңазаланып жазылган ырлар жаралат.

Түрк акындарына ушул философиянын таасири тийгенби? Ушул жөнүндө жаза кетүү зарыл. Албетте бул багыт түрк жергесине да тараган. Ошону менен бирге Түрк акындары да бул багытта чыгармаларын жаратып. өздөрүнүн ойлорун айтып келишкен. Ушул оюмду тастыктап экзистенциализм жөнүндө айтып кеткен улуу ойчул Биттердин жобосун айткым келди: "Тамырынан үзүлгөн, (...) негизин жоготкон, өткөнгө, тарыхка ишеничин жоготкон, (...) коомдо чоочун болуу, (...) бактысыз, тынчы жок, адам барлыгын түшүндүргөн. Коом ичинде жашаган индивиддин коркунуч алдында болгондугу (...) адамдын түшүнүксүз бир болмуш абалына келгени (...), бул бөштүк жана маанисиздик ичинде өз дүйнөсүнүн азайып кеткендиги (...), өзүн өзү жоготуу коркунучунун алдында белгилүү болот." (С. К. 2-адабият, 103-106-б) деген жобонун негизинде түрк акындары ырларын жаратып келет.

Мына ушундай ар кандай маанайдагы философиялык көз карашты камтыган ырларын жаратып, таланттуу акындарыбыз кыргыз болобу, түрк болобу өз эл журтуна тартуу кылып келишет. Ооба ар бир доордун акыны, ыры, заман-коому (саясий кырдаал) бар эмеспи. Мына ошол доорго ылайыктуу поэзиялар жаралып келген, поэзия жаратууда коомдогу болуп жаткан ар кандай кырдаалдын он жагын да, терс көрүнүштөрүн да сынга алып, же. болгонун болгондой чагылдырып берип, элди жакшы жака үндөп, көзүн ачууга түрткү берген ырлар жаралып келүүдө. Ошол ырлардын ичинен ачык, түз мааниде жазбастан кыйыр түрдө тактап айтканда философиялык көз караштагы ырлары аркылуу элге түшүндүрө алышкан. Маселен жан жаныбар, деги эле жаратылыштын ар кандай кубулуштары аркылуу адамдардын келбети, мүнөзүнө жараша келиштирип ар кандай адамдарды же коомдун чыныгы жүзүн ача алышкан.

"Поэзия- жашоо, турмуштун кан-тамырынын согушу, ал омүрдүн каны менен жаны, жарыгы менен оту",- (Б.В. 1-адабият, 240–241-б.) деп Белинский бекеринен айтпаса керек. Ошондуктан, ыр – бул жашоо, жашоо-бул ыр экендигин мындан артык түшүндүрүүгө мүмкүн эмес. Башкача айтканда искусство пайда болуп, ошол искусство аркылуу улутту улут кылып, адамды адам кылып таанытканбул искусство түрлөрү. Мына ушул искусствонун бир түрү болгон–адабият, ошол адабияттын да адамдын жан дүйнөсүнө эң жакыны, жан досу десек да жарашкан – бул поэзия!

Ушул оюмду бекемдөө үчүн улуу акын А.Осмоновдун:

Мен тансам: жаштан танам ырдан танбайм,
Ыры жок өмүрүмө канааттанбайм.
Кудайга миң мертебе калп айтсам да,
Ырыма бир мертебе калп айталбайм. – деген ырын алгым келди. "Жаңылбас ооз, мүдүрүлбөс туяк болбойт" эмеспи, анысы сынарындай бир жерде болбосо бир жерден жаза тайып кетишиң мүмкүн. Бул көрүнүш ар бир адам баласынын турмушунда болбой койбойт. Ал эми адамдын ичиндеги болуп жаткан уйгутуйгу сезимдерин поэзия гана түшүнүп, поэзия аркылуу гана башкаларга чындыгын айтып бере аласың.

Жашоо философиясында жазган кыргыз жаш акыны Нурлан Калыбековдун ырларынан мисал алып, азыркы кыргыз поэзиясында да жашоо жөнүндө жазган акындарыбыз бар экендиги далилденип берилмекчи. Ал эми түрк поэзиясында да мындай багыттагы жазылган ырлардын жок эместигин тастыктап, мисал аркылуу адам сезимин белгилеп берүүнү туура таптык.

Азыркы кыргыз поэзиясынын жаш туруп, баш болгон көрүнүктүү устаттарынын бири Нурлан Калыбековдун ырларынын көпчүлүгү экзистенциалистик маанайда жазылган ырлар десек болот. Бардык дин-даанышмандык, бардык иле-айла, окуулар, бардык улуулук сулуулук баскычтары чекитке айланып, ал эми Жан-Рух, Тенир, Аалам менен тендеше жанашып, чексиз түпсүз акыйкат кудуретине ишенген жерден Нурлан Калыбе-

ков өз ордун табат. Улуу биримдик, түбөлүк, өмүр гана таанып билүүнүн түп максаты экенин жаратат. Маселен: "Кайрылуу" ырына көңүл бурсак

Эй адамдар!
Бөлбөгүлө силер мени,
Динге, тилге, улутка,
Мен адаммын дүйнөлүк.
Нурдан бүткөн,
Сырдан бүткөн.
Өлбөс жанмын түбөлүк –

деген сапаттардан эле биз эмнени байкай алабыз?! Албетте бул жерде түбөлүктүүлүк өлбөстүк мааниси камтылып жатат. Андан ары уласак

Жашоолордон жашоого өтүп,
Доорлордон доорго өтүп,
Денелерден денеге өтүп кубулган.
Жер шаарынын кайсы жери,
Талап кылып турса мени,
Ошол жерде адам болуп туулган
Дүйнө ааламдын,
Асман жерин,
Ай, күн, жылдыз булуттун,
Нурларынан жуурулган, (...)
(Нурлан Калыбеков).

Мына ушул ырда берилген адам оюн, адам сезимин биз жашоо философиясы, башкача айтканда, Экзистенциалистик философиялык түзүлүштө жазылган ыр деп таптык. Себеби, философиялык ой жүгүртүп көрсөк бул ырдын түпкү мааниси адам жаралат, өзүнүн оюна жараша иш жасайт. Ошол иши аркылуу жашоода аты өчпөй түбөлүк калат же бир предмет болуп дүйнөгө кайра жаралат.

Адам деген бул дүйнөдө түбөлүктүү жашаш керек дейт. Жаралып кайра кеттинби, кайра дилиң тилиң пейлиң тазарып бул жашоого келериңди унутпа дейт. Ошентип бул ырында экзистенциалистик философиялык идеа камтылганын да байкадык. Кийинки ыры «Нур дүйнө» деп аталат. Акын дагы да болсо масштаптуу болгон дүйнө проблемасын козгоп жатат. Ал эми дүйнө болсо албетте жашоо да улана бермекчи. Ошону менен бирге дүйнөгө болгон көз карашты акын жөнөкөй гана кара сөз түрүндө эмес, адамдын жан дүйнөсүнө жакын болгон сезимин, оюн ачып, даана чагылта алган поэзия аркылуу дүйнөнүн курулушун бергиси келген. Бул дүйнөнү эмнеге гана салыштырбайт?! Анда эмесе ырынан мисал алып байкасак:

Сыйкырдуу нур дүйнөм,
Ачылгыс сыр дүйнөм
Түбөлүк жашоону,
Ырлардан кур дүйнөм!

Ай күндөй нур дүйнөм,
Ааламды жуу. дүйнөм
Дилдерди тазартып,
Аруулук куй дүнөм!

Тенирдик кур дүйнөм
Теңделип тур дүйнөм,
Махабат ааламын
Жүрөкө кур дүйнөм!
(Нурлан Калабеков).

деген саптарын философиялык маанайда карай турган болсок, адам сезиминдеги жашоо философиясын чагылдырып алган. Мисалы түбөлүктүү жашоону ырлардан кургусу келип, өмүрдү өткөрбөй, өмүрдүн токтоп туруусун каалап, адам баласынын ичиндеги сезимдерди тазартып, кара ниеттин, терс көрүнүштүн болбошун, ошондой эле түбөлүктүү тема болгон махабат сезимин да ырына камтып кеткен. Мына ушундай көрүнүштөрдү адам фантазиясы менен жаратып, экзистенциалистик багыттагы ырларды кыргыз акындары колдонуп келүүдө. Ал эми түрк поэзиясында болсо:

Алсак: Çeşit çeşit süsler keyifler gördüm,
Yine de gözümde tüterdi yurdum;
Bildim, çabalamam benim bo° yere;
Ben ki hep bu dağın taşın çocuğu,
Yüz yıl geçse on beş yaşın çocuğu.
(D. A. 3-адабият, 72-б)

деген Бехчет Кемалдын ырын биз түз мааниде түшүнбөй өтмө мааниде, тактап айтканда, философиялык түшүнүктө карап, ырдын философиялык маанисине ой жүгүртүүбүз абзел, Маселен, акыркы гана эки сабына кайрыла турган болсок, "Ben ki hep bu dağın taşın çocuğu"- дейт. Албетте ата мекенинин атуулу болгон үчүн ошол жаңап жаткан жеринин уулумун деп жатат. Ал эми "Yüz yıl geçse on beş yaşın çocuğu"- деген сабын кандай түшүнсөк болот? Бул сапта: биринчиден ата мекенине эмгегиң сиңип аркана өлбөс чоң из калтырып кеткен болсоң ошол эмгегиң окулуп, же айтылып, же эскерилген сайын ошол адам кайра жашарып, тирилип, айтылып жаткан жерде тургандай сезилет дегени.

Мына ушундай философиялык көз караш менен тегерегине өз көз карашы менен ой жүгүрткөн түрк жаш акыны Алтай Өктемдин "Бүкүр" ырын алып карооо жараарлык:

Uzun bir kışı başlatır sesin.
tarafsiz yangınlarla küllenmiş gibi agır.
belki gelirim kar revan içinde
belki gelirim eski bir İstanbul gecesinde
tas plakta çalan şarkılara karışıp
nilüferler açar gölde.
(...) (D. A. 3-адабият, 207-б)

"Бүкүр" ырында Алтай Өктем катуу сүйгөн, бирок эстен чыгарылбаган эски бир сүйүүнүн жана анын адамда берилген ички кайгы капасын, жан дүйнөсүндөгү ошол сүйүүнүн урандыларын эске түшүрүүсү менен бирге, үмүт менен үмүтсүздүк тууралыгындагы ойлорду белгилеген. Бул катуу сүйүп калган сүйүүнү, өткөндүн таасири, адамдын сыртында оор жүк башкача айтканда бүкүр (томпок) катары калып каларын белгилеген. Ошон үчүн ырга ушул "бүкүр" деген ат берилген болуш керек деген ой туулат.

Алтай Өктемдин "Бүкүр" ырын философиялык лирикага кошкондугубуздун себеби, философиялык лириканын каснеттерине ээ болуп, милдеттерин толук аткарып жатат. Бул "Бүкүр" ырын чыныгы поэзия деп атасак болот. "Бүкүр" деп темасын окуганда, ар бир эле адам, майып болгон бир бүкүр адамды элестетет. Жок андай эмес, бул түшүнүк, адамдын тышкы кебетеси эмес, ички сезимин чагылдырган поэзия. Ошол катуу сүйүп калган, бирок сүйүүсүнө жетпей калган адамдын жан дүйнөсүндөгү, ой чабыттары, кубанычы, кайгысы, кусалыгы, жакшы көрүүсү, жек көрүүсү, көңүл калуу жана башка толгон токой ички сезимдерин, акын адамды курчап турган жаратылышка салыштыруу аркылуу чагылдырып, ырды мыкты бере алган, болгондо да ички сезимди чагылдырганда, таамай жана курч берген. Бир жагынан "сулуу сулуу эмес - сүйгөн сулуу" дегендей сүйүүнүн кереметин, күчтүүлүгүн, керек болсо ошол сезим жоголсо адам жашоодон күңүл калып, өлүмдү гана самап каларын да туура баяндай алган.

Философиялык Экзистенциалистик маанайда жазган түрк жана кыргыз акындарынын ырларын, айрык-

ча азыркы мезгилдеги жаш акындарды кездештире алдык. Мис.: Нурлан Калыбеков, Э. Аттокуров, Алтай Өктем, ж.б. Экзистенциализм негизинен багыт болгон. Бирок бул багыттын күчү кайтканына көп болсо да, анын кандайдыр бир калдыктары жашап келгендигин, азыр да жашап жаткандыгын иштен толук баамдап байкадынар болуш керек.

Адабияттар

1. Белинский В. Статьи о классиках. –М., 1970.

2. Cevdet Kudret. Örneklerle edebiyat bilgileri. İst., 1980.

3. Doğan Aksan. Cumhuriyet döneminden bugüne örneklerle şiir çözümlemeleri. –A., 2004.

М.А. Майрыкова,

Эл аралык Ататүрк Ала-Тоо университети

СОГУШ ТЕМАСЫ УЗАКБАЙ АБДУКАИМОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДА

Согуш темасы Узакбай Абдукаимовдун чыгармачылыгындагы негизги темалардан.У.Абдукаимов өзү дагы Улуу Ата Мекендик согушка катышып, фашисттик баскынчыларга каршы күрөшүүдө өз салымын кошкон. Анын Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында 19-гвардиялык аткычтар дивизиясынын минометтук взводунун командири болгондугу жөнүндө да маалыматтар бар. У.Абдукаимовдун чыгармачылыгындагы согуш темасынын чагылдырылышынын бирден-бир далили катары жазуучунун күндөлүгүн алсак болот. Чындыгында эле кыргыз адабиятындагы согуш жөнүндө жазылган эң биринчи орунда турган чыгарма "Майдан" романы үчүн бул күндөлүк негиз болуп берген.

Ошол эле күндөлүк туурасында адабиятчы Н.Мурадымов: "Важной страницей биографии Узакбая Абдукаимова стала Великая Отечественная война. Вместе с частями Советской Армии киргизский писатель прошел от берегов Волги до стен Кенигсберга. В условиях окопной жизни он постоянно вел дневник, который по словам Т.Уметалиева, до наших дней сохранил "внутреннюю красоту нового советского человека". Пронизанные суровой правдой войны, духом патриотизма и интернационализма дневники младшего лейтенанта Абдукаимова вошли бесценным документом 78-й том "Литературного наследства" ("Советские писатели на фронтах Великой Отечественной войны")

Дневники стали для писателя своеобразной подготовкой к работе над романом "Битва", снискавшего известность как самое широкомасштабное произведение о войне в киргизской литературе" деп жазат.

Жогоруда белгилеп кеткендей жазуучунун чыгармачылыгындагы согуш темасын ачып берген, улуу майданды сүрөттөгөн чыгармасы- бул "Майдан" романы экендигин эч ким тана албайт. Күндөлүктөгү согуш мезгилиндеги маалыматтар кийин "Майдан" романынын жаралышына негиз болуп берген. Чыгармада согуштун алгачкы учурунда биздин армиядан фашисттик армиянын алда канча күчтүү болгондугун ачык эле сүрөттөйт: "..... Кызыл Армия жок болду, эми анын тозуп кеткен ар кайсы жердеги бытыранды гана бөлүктөрү болор- болбос каршылык көрсөтүп жатат,- деп Гитлер бүткүл жарыя кылып салды.....", "...Совет армиясынын абалы кыйын эле болуп турган. Мына ушул кыйынчылык маалында Москванын тегерегине шашылыш түрдө танкага каршы орлор казылып, түрдүү башка чептер курулуп, Москва душман менен өз босогосунда кармашууга камынды. Немецтер өзүнүн үстөмдүк кылган техникасына таянып, биздин аскерлердин көшөргөн каршылыктарын жай болсо да басып, жапырт кирип келатышты....".

Бирок, жазуучунун чыгармачылыгын караганыбызда "Майдан" романы менен күндөлүгү гана жазуучунун чыгармачылыгындагы согуш темасын чагылдырат деп айтсак жаңылышкан болобуз. Бул жөнүндө белгилүү адабиятчы Садык Тиллебаев өз макаласында: "Улуу Ата Мекендик согуш темасына арналып жазылган калемгердин калган бардык чыгармалары анын башкы китеби болгон "Майдан" үчүн прелюдиядай сезилет. Сүрөткердин "Карындашыма" деген повестинен жарыяланган үзүндүнү, "Ак кайың" пьесасын, согуштук лирикасындагы айрым ойлорду, маанайларды окуган адам бул сөздүн калыстыгына ишенет" деп жазат. Жазуучунун "Ак кайын"пьесасын, "Карындашыма" деген повестин жана "Карындашыма кат" "Күткөн жарга кат", "Бир боорумду кучкум бар" деген ырларын жазуучунун согуш жөнүндө жазылган чыгармалары деп карасак болот.

Эгер жазуучунун согуш жөнүндө жазылган чыгармаларына кеңенирээк токтоло кетсек, "Ак кайың" аттуу пьесасында да согуш убагы сүрөттөлөт. Чыгарма Ала-Тоо журналына 1970-жылы №7- санына жарыяланган. Чыгармада Шакан-апа, Шарапат, Жоошбай, Аксаамай, Балбак, Камбар, Муса, Карыпбай, колхозчулар, солдаттар жана алардын командири, душмандардан запкы көргөн кыз катышат.

Чыгарманын биринчи көшөгөсүндө Мусанын энеси Шакан-апанын баласын күтүп, кейип турган абалы сүрөттөлүп, баласы согушка кеткен энелердин образы ачылып берилет.

"Каралдым, балам, кайдасың?
Үнүм да жетпес жайдасың...
Күңгүрөп чыккан табышым,
Күрмөлбөй ылдам жеткейсиң.
Кар-бороон салып душманга,
Балама кайрат эткейсиң" -деп, алыстагы баласынын карааанына кагылат. Ал эми Мусанын сүйгөнү Шарапат сүйгөнүн согушка узатып, жалгыз калган башка бир топ кыздардай эле сүйгөнүн жоктоп, арманын ак кайыңга айтып мунканат:

"Сен кеттиң алыс сапарга,
Гүлүңдү сактап мен калдым.
Таппаганда эч арга,
Ак кайың болуп ыргалдым" .

Шакан-апа менен Шарапаттын аянычтуу абалынын сүрөттолүшүнөн кийин кан күйгөн согушка барбай айылда калган эки жүздүү, жалкоо, намыссыз кыргыз жигити Жоошбайдын образы ачылып берилет.

Ал эми экинчи көшөгөдө алыскы майдандагы окуя сүрөттолөт. Жакындарынан кат күткөн солдаттар, Шарапаттан келген катты Муса окуйт.Катты окугандан

кийин бардык солдаттарда патриоттуулук сезим ойгонуп, эл-жерге болгон сагынуу сезими күч алып,

"Душман туусун жерге бүктөп,
Заманасын кууралы.
Элден чыккан азаматтар
Кел ушуга ант кылалы" -деп

курал-жарактарын түздөп кармап, туруп калышат.

Ошондой эле душмандардан запкы көргөн кыздын:

"Душман түндө басып кирдим айлымды,
Таштап, качтым үйүмдөгү барымды.
Партизанка дешип кармап алышып,
Кетиришти абийиримди, арымды....."

деген сөздөрү окурманды кош көңүл калтырбай, ошол согуштун убагында душмандардан запкы көргөн көптөгөн совет кыздарынын элеси көз алдына тартылат. Ушул өтө көп эмес, саналуу гана саптарга согуштан жабыркаган, жакындарын жоготкон, улуу майандын оор күндөрүн батырып, окурманга жеткире алгандыгы – жазуучунун чеберчилигин дагы бир жолу айгинелейт.

Андан тышкары У.Абдукаимов согушка байланыштуу ырларды дагы жазган. Айта кетсек, 1985-жылы чыккан "Жениш үнү" деген китепке У.Абдукаимовдун "Карындашыма", "Мен келемин", "Бир боорумду кучкум бар" деген ырлары жарыяланган.

"Карындашыма" деген ыры 1944-жылы жазылган. Ал ырында:

Карындашым, өмүрүңдү кадырлап,
Жараштырып саамайыңды өрө жүр.
Көңүлчөктү бөлө көрбө жабырлап,
Үмүт, сабыр мээриминде өнө жүр.
Көңүлүңдү бек каптаган чеп арып,
Өчкөн отту сен да кайра жагарсың
Мундуу жүзүң таң сыяктуу агарып,
Чоң көчөдө сен да даркан басарсың"-деген саптар орун алган. Жогорудагы саптар өзү далилдеп тургандай бул ырда согушта жүргөн жоокердин карындашына арнап, карындашын сабырдуулукка чакырып, согуштун бүтөөрүнө, элдин маанайы көтөрүлөөрүнө ишеним көргөзөт.

Ал эми 1945-жылдын 9-майында жазылган "Бир боорумду кучкум бар" деген ырында жеңиштин келишин чыдамсыздык менен күткөн элине, тууган жерине тезирээк жетүүнү каалаган жоокердин тилеги айтылат. Сөзүбүз куру болбос үчүн ошол ыр саптарын да жаза кетели:

"Солдаттыктын оор борчун аткарып,
Тууган элге канат байлап учкум бар.
Жар- жорого жеңиш нурун таткырып,
Жетимсинген бир боорумду кучкум бар..."

1944- жылы жазылган "Мен келемин" деген ырындагы кээ бир саптар "Ак кайың" чыгармасында да Мусанын ыры болуп кездешет. Ошондой эле:

"Душман туусун жыгып, тытып, талкалап!
Жарык жүздүү болуп жайнап кел"-дедиң
"Урматыңды чаң жугузбай калкалап,
Күткөнүмдү журт алдында көр"..... дедиң
Зор майданда душман күнүн тарытып,
Кубат болдуң алга карай басарда.
Эрдик кайрат, демилгеге марытып,
Жарым көңүл кылганың жок сапарда"-деген саптар согуш убагында жакындарынан, сүйгөн жарларынан кат алган жоокерлердин көңүлдөрү кандай көтөрүлүп, ошол каттар аларга дем, күч бергендиги ачык айтылат.

Ушул эле ыр "Күткөн жарга кат" деген ат менен "От ичинде" деген китепке жарыяланган. Бирок, анда ыр 1944-жылы эмес, 1942-жылы жазылган деп берилген .

Жыйынтыктап айтканда, көпчүлүк- "Майдан" романы менен гана белгилүү болгон жазуучубуздун согуш жөнүндө жазылган андан башка да чыгармалары бар экендиги далилденди. У.Абдукаимов кара сөздүн гана чебери эмес, кыргыз поэзиясынын да ааламын кеңейткен адабиятчы катары белгилүү десек болот. Ага далил катары бир катар котормолору, "Ак кайың" пьесасы жана ырлары эсептелет.

Адабияттар

1. Абдукаимов У. Ак кайың // Ала-Тоо. -1970. - №7.
2.Абдукаимов У. Бир боорумду кучкум бар // китепте "Жеңиш үнү". - Ф.,-1985.
3. Абдукаимов У. Из дневники младшего лейтенанта // Китепте С пером и автоматом. -Ф., 1974.
4. Абдукаимов У. Карындашыма /Китепте Жениш үнү. -Ф., -1985.
5. Абдукаимов У. Мен келемин /Китепте: Жениш үнү. -Ф., -1985.
6. Айтматов Ч. Турмушту чыныгы көркөмдүктө чагылдырган жазуучу // Кырг. мад. -1979.-№43.
7. Кайыпов С. Жоголгон мурас табылды //Ала-Тоо.-1989.-№7.
8. Мурадымов Н. Главное дело жизни // Ленинский путь.- 1984.-14-декабрь.
9. Садык Алахан. Узакбай Абдукаимов жана "Майдан" талкуусу. - Б., 2000.
10. Шаев Ш. Улуу майдан жөнүндөгү роман // Ленин жолу.- 21-июнь.- №122.

С. Муратова,
Ж.Баласагын атындагы КУУ

МАНАС ЭПОСУ – ТҮПКҮ КЫРГЫЗДАРДЫН ЖАРАТКАН ЭПИКАЛЫК ДАСТАНЫ

Түрк урууларынын баатырдык эпостору болжол менен алганда VI-X кылымдарда пайда болуп, XIII-XV кылымдарда кагаз бетине түшсө керек деген божомолду мисал келтирип[1], бирок андан ары чындыгында «Манас» дастанын ким биринчи кагазга жазганын илимпоз катары изилденген эмес. Бул жерден айтып кетүүчү бир маселе- «Манас» дастанын кагаз бетине биринчи жолу түшүргөн адам бул-Сайфиддин Аксытегин болгон. Ал XV кылымда араб жазмасы менен атактуу «Мажму ат-товарих» эмгегинде «Манас» да-

станын кагаз бетине түшүргөн эң алгачкы эпик жыйноочу, жазуучу болгон. Азыр биз «Манас» дастанын кагаз бетине түшүрүлгөндүгүнө 500 жылдан ашканын айтып кетүүбүз керек.

Эпикалык чыгармалардын жаралышында айтуучулардын ролу туурасында В. Жирмунский: «Аксакал кары, уруунун патриархы жана көрөгөч ырчы-айтуучу Коркут ата да бүт Огуз эпосу аркылуу өтүүчү фигура болуп саналат. Коркут аңгемелерде окуяларга катышуучу катары көрүнөт жана ошону менен бирге аларды түзүүчү жана аткаруучу катары ой жүгүртөт. Ал ар бир аңгеменин аягында баатырдын урматына ыр чыгарып, анын эрдигин даңазалайт жана ханды мактап ырдайт- деп жазат.[2] Демек, академик В. Жирмунскийдин пикири да айтуучулук башаттын башталышын, калыптаныышын улутубуздун менталитетине жараша туура анализ жүргүзгөн.

Академик Мухтар Ауэзов Сагынбай Орозбаковдун вариантын изилдөөдө эпостун алгачкы айтуучулары Жайсаң ырчы жөнүндө:

Жайсаң ырчы дегени,
Жалаң үйдүн борумун,
Жарым күнү ырдаган -деген ыр саптарындагы ырчынын аты Жайсаң аталарын белгилеп, «Манастын» алгачкы ырларын ушул акын түзгөн болушу мүмкүн деген пикирди айткан.[3]

Манас» эпосун изилдөөчү катары М. Жумалиев айтуучулук өнөргө кеңири саресеп салып: «... айтуучулар-эл журттун, калайык калктын маданий руханий тарыхында өлбөс-өчпөс из калтырган көркөм сөз өнөрүнүн ээлери» [4]-деп таамай пикирин айткан. Албетте айтуучулар болбосо тээ алмустактан берки руханий мурастарыбызды төкпөй-чачпай кемитпей, бөксөртпөй, бапестеп, аздектеп бул күнгө чейин жетмек эмес. Орто Азиядагы улуттардын болгондо да тең тайлашкан улуттардан айырмаланып, эпикалык жомоктордун жаратманы катары тарыхыбызда ташка жазылган поэтикалык дастандардан элибиздин айтуучулук башатынын башталганын так кесе айткан илимде али пикир жарала элек.

«Манастын» эң алгачкы айтуучулары – Жайсаң ырчы менен Ырамандын Ырчы уулу. Алар Манас батыр менен үзөнгүлөш жүрүшүп, доону бирге доолашып, жоону бирге жоолашып, жакшылык менен жамандыктарды баштарынан бирге кечиришип, жалпы эле адам баласынын өмүрү, анын уланышы тууралуу терең осуяттарды калтырышкан көп кырдуу өнөрдүн ээлери[5] болушкан.

«Кыргыз элинин маданий тарыхында манасчылык өнөрдүн качан пайда болуп, атайын кесип катары калыптанып, өнүгүп, сакталып келе жатканын так айтууга мүмкүн эмес, анткени, биринчи айтуучу-жомокчу ким болгондугу жөнүндөгү маалымат «Манастаануу» илиминде Жайсаң ырчы деп таанылып, ал тургай эзаторикалык байланыштан алынып жазылган маалыматтар өзүнчө китеп болуп басылып чыгууда. Эл оозунда айрым манасчылар тууралуу аңыз-уламыш сөздөр сакталып калганын жана эпостун өзүнүн поэтикалык текстинде айтылган айтуучу-аткаруучулардын ысымын эске албай коюга болбойт. Ошондой легендарлык айтуучулардын бири-Жайсаң ырчы»[6]

Эпосто Манас Жайсаң, Ырамандын Ырчы уулу экөөнө тең өзүнүн баатырдык иш аракеттерин эл алдында унутулбай айтып жүрүүсүн минтип өтүнгөн:

Урушка ырчы брбагын,
Эл унутуп калбасын,
Айкөл Манас оорагын.
Арстан атка мингени,
Бирге жатып, бирге туруп,
Ушул жакка чыккансың,
Ойронундун кылганын,
Унутуп таштап койбогун,
Жатсаң турсаң ойлогун-деп, баатырдын аманат жанын ырчыларга тапшырып, уламадан узун сөздү улай жүрүүсүн өтүнгөн. Ошол эле жерден Улуу сөз баянын акыйкаттуу так улоосун тапшырат:

Кылбаганды кылды деп,
Апыртып айтып койбогун-деп[7] аманат кебин айтат.

Кээде биз «Манас» эпосун карап отуруп, апыртмаларга, ашыкча көркөмдөгөн эпизоддорду байкайбыз. Жогорудай айтылган Манас бабабыз өзү: «Кылбаганды кылды деп, апыртып айтып койбогун»-деп катуу эскерткени кийинки муундарга да катуу сабак болгон. Анткени ушул жерден айта кетчү кеп, Сагынбайды манасчылар «акындык жамакчылыгынды кошпой нак өзүн айт» деп Келдикенин эскерткенин жакшы билебиз.

Бизге чейин жеткен маалыматтарга караганда айтуучулук өнөрдүн түп башатын калыптандырган Ырамандын ырчы уулунан кийинки айтуучу-Токтогул ырчы жөнүндө Тоголок Молдо:

«Ырамандын соңунан,
Иши келип оңунан.
Элден таап нускасын
Арбытып айтып кыскасын.
Толубай сынчы сындаган,
Токтогул ырчы ырдаган,
Токтогул ырдап турганда
Элдин бары тыңдаган»- деп өзүнүн ырында ырдаган[8].

Дүйнө элдерине кеңири белгилүү болгон эпикалык чыгармалардын алгачкы айтуучулары сыяктуу эле, элибизден чыккан ырчылар менен акындар да колуна комузун алып, баатырлардын урматына ыр чыгарып, эрдиктерин даңазалап ырдашкан. Улуу «Мнас» эпосун жаратып, аны ооздон оозго, кылымдан кылымга, укумдан тукумга, атадан балага мурас катары улантышына Жайсаң ырчы менен Ырамандын Ырчы уулу сыяктуу ырчылардын ысымдары бүгүнкү күндө да эл оозунда легенде-уламыш катары айтылып калса керек.[9]

Жайсаң ырчы «Чоң казаттын» катышуучусу жана күбөсү. «Чоң казаттагы» кыргыздардын кошунунун кырылышы, адамдардын каңырыгын түтөтүп, сай сөөгүн сыздатып, байыркы ата-бабаларыбыздын башынан кечирген эң бир оор, эң аянычтуу, эң бир трагедиялуу учурларын бир көз ирмем менен гана көз алдыга келтирет:

Чоросу айкөл Манас Шер бабаңдын
Чабышта Чоң Бээжинге чогуу барган,
Чок түшүп, өрткө айланган Чоң казатта
Чогуу эл бөтөн жерде тирүү калган.
Боздогон менин үнүм эсиңдеби?
Бошоткон муун жүүндү, сезимдерди,
Чырагым, ал көрүнүш өзүң көргөн,
Көрүнүш «Чоң казаттын» кезиндеги
Сен уккан ыр саптары ошондогу,
Кайгы муң жаңырыгы сезимдеги. (Жайсаң 1. 12.)

Жайсаң ырчыдан кийин Ырамандын Ырчы уулу улантканда анткени, эл оозундгы уламышка караганда кырк чоронун бири Ырамандын Ырчы уулу айкөл Манас баатыр каза болгондо анын баатырдык иштерин, көргөзгөн эрдиктерин, эл журтка сиңирген эмгегин, кылган кызматын кошок кылып ырдаган. Демек,

Манас баатыр өлгондө кошок ырларында негедир Жайсаң ырчы айтылбайт. Кийинчерээк ошол эл оозунда айтылып калган баатыр жөнүндөгү кошокторду Токтогул ырчы бир сюжетке бириктирип, Манас тууралуу чыгарма жараткандыгы айтылат.[10]

«Ырчы уулдан кийин саны аз душманы көп байыркы кыргыз элинин басып өткөн тарыхый жолуна, өсүш деңгээлине ылайык легендарлык ырчы Токтогул «Манасты» түптөндүрүп, дастанды негиздоого өзөк юолуп берген уютку болгон арноо, кошок, арман ырларын бириктирип, бир эпикалык чыгармага айландырган деген улама-легенда эл арасында оозэки сакталып, биздин күнгө жеткен.[11]

«...мурдатан кабыл алынып келе жаткан салт боюнча «Манас»- бир кишинин чыгармасы эмес, элдин чыгармасы. Андагы ар бир табылга бүт элге таандык. Ошон үчүн эпостогу традициялык табылгаларды ар бир манасчы өз табылгасы катары пайдалана берүү адаттагы көрүнүш. Андай учурда угуучулар да сен бирөө айтканды кайталап жатасың дебейт, тескерисинче манасчыга баа берилгенде: *сен баланча чон манасчы айткандай эмес, башкача айтат экенсиң* деген кине коюлган».[12] Айтуучулук өнөрдө мына ушинтип өзүнчөлүк варианттардын башталганын байкайбыз.

№	Түпкү кыргызстандык манасчылардын жашаган доорлору	Кытайлык кыргыздардын манасчыларынын жашаган доору
1	Жайсаң ырчы (жашаган доору белгисиз)	Болгон эмес
2	Ырамандын ырчы уулу (жашаган дору белгисиз)	Болгон эмес
3	Токтогул ырчы (болжол менен XIV-XV кк. жашаган, ырчы Манас эпосун бир сюжетке бириктирип, эпостун нугун, негизги өзөгүн түзгөн.	Болгон эмес
4	XVII-XVIII кк. Нармантай (Чоң баш), Нооруз.	Болгон эмес
5	XVIII к. Келдибек Карбоз уулу, Балык (Бекмурат) Кумар уулу, Чоңду, Айтике	Болгон эмес
6	XIX к. Назар Болот уулу, Чоодан, Акылбек, Тыныбек Жапый уулу, Чоюке Өмүр уулу, Дыйканбай, Доңузбай, Азиз анын уулу Шаабай Азизов, Шапак Рысмендеев, Акмат Рысмендеев, Касымбай, Дөңкана, Багыш Сазанов, Байбагыш Ыбырайым Абдракман уулу.	Тыныбек Жапыйдын үйүндө төрт жылы оту менен кирип, күлү менен чыгып, малын багып манасты үйрөнгөндөр: Эшмат Мамбет, Жусубакун Апай.
7	XX к. Сагынбай Орозбаков менен Саякбай Каралаев өнөрдүн могикандары.	Балбай Мамай, Жусуп Мамай, Осмон Намаз, Кабылакун, Төрө Жума, Сатыбалды ажы, Шаабай Чолу (Шаабай Азизов эмес), Орозо Кадыр, Муса Якуб (уйгур), Арзы Турду.
8	XXI к. Уркаш Мамбеталиев, Назаркул Сейдрахманов, Табылды Актанов, Алимбай Маатов, Асанкан Жумалиев, Тилек Асанов, Анарбек Жумалиев, Талантаалы Бакчиев, Рысбай Исаков, Дөөлөт Сыдыков,Улан Исмаилов, Самат Көчөрбаев, Сыргак Мырзакаримов, Замир Баялиев.	Осмон Мати

Кытайлык кыргыздар Кызыл суу өрөөнүнө үч толкун менен барганы тарыхыбызда белгилүү. **Биринчиси** – Ашым Жакыпбековдун варианты боюнча Айкөл Манас чет Бээжинди алганда, ал жерге ордосун орнотуп, кырк жигити менен байырлап турганда болжол менен негизги отурукташкандар ошол учурда калган болушу мүмкүн. Анткени Кызыл-Суу өрөөнүндөгү топономдердин аталышы акыркы эле жылдарда жаралган эмес, ал кеминде бир кылымдын ары бери жагында жаралган топонимдер.

Экинчиси – 1855-жылдары Ормонхандын чабышынан соң ооп кеткен көлдүк кыргыздар.

Үчүнчүсү – 1916-жылкы Улуу үркүн мезгилинде ооп барган кыргыздар негизги вариантты башкача айтканда Тыныбек Жапый уулунун вариантын өз оозунан угуп, төрт жылы жата конуп жүрүп өздөштүрүп кетишкен: Эшмат Мамбет, Жусубакун Апай, Жусубакундан Балбай Мамай андан бир тууган иниси Жусуп Мамай "Манасты" өздөштүргөн. Аларга негизги себеп болуп манасчыларыбыздын өзүлөрү да ооп барып кандайдыр бир мезгилге чейин жашап калгандары ачык себеп болгон. Ошондуктан кытайлык кыргыздарда манасчылык өнөр негизинен XX кылымдын орто ченинен баштап жандана баштаган десек болот.

Айтуучулар үчун сөзсүз угуучулардын санынын көп болушу да көрүнүктүү рольду ойнойт. Угуучуларсыз айтуучу баяндап жаткан окуясына же эпизодуна жан дүйнөсү менен берилип, эргүү менен айта алышпайт. Айтуучунун көңүлүн көтөрүү максатында угуучулардын арасынан айрым бирлери «оп, бали» деген кыйкырык сүрөөлөрдү айтышып кубатташканда анын шыгына шык, демине дем кошулат, «кем болбо», «азамат», «бар бол!» деген сүрөөнчүлөрдүн сөздөрү манасчынын ого бетер эргиткен.

Чоюке эпостун «Чоң казатты», «Канықейдин Букарга качышын», «Семетейди», «Сейтекти», «Кененди», «Алымсарык», «Кулансарыкты» толук айткан. Чоюкени өз оозунан жазылып калбаса да биз анын шакирттери Саякбай менен Шаабай Азиз уулдарынын репертуарына карап, бешилтикти толук айткан деп болжолдоого болот.[13] Эгерде Чоюкенин варианты жазылып калганда, изилдөөнүн тагыраак жообу табылмак. Анткени менен кимдин шакирттери экенин Саякбай менен Шаабай Азиз уулу айтуучулук өзгөчөлүгү жана окшош эпизоддору менен гана айырмаланып турат.

Чоң манасчы Саякбай Каралаев жөнүндө Ч. Айтматов: «Тагдыр жалгап кайсы бир жолу Каралаев менен Чүй өрөөнүндөгү чарбалардын бирине барганыи эсимден кетпей. Каралаев келиптир деген кабар алеки саатта эле айылдан айылга жетип, желден ылдам тарап кеткен. Ар кайсы жактан, айдың талаалардан, алыскы фермалардан убап-чубап, үлгүргөнү машинага түшүп, тракторго жабышып, көпчүлүгү жөө жалаңдап, бир заматта азан-казан эл жыйналып калды. Каралаевдин

өнөрүнө куштары артылган ушунчалык көп болгондуктан, алар колхоздун чакан клубуна батпай, тең жарымы сыртта калышты. Ошондо Каралаев ачык аянтка, эл ортосунда туруп "Манас" айтмакчы болду. Чакан сөөрүчө жасап, алдына отургуч коюп беришти, казгактаган эл ким каалагандай жайланышып, көпчүлүгү түз жерге эле мандаш уруп, бир дары машиналардын кузовуна чыгып, айрымдары ат үстүндө туруп, анын жомогун тыңдап жатышты. Бир оокумда төбөдөн кара булут сөгүлүп, алты сай жамгыр төгүп жиберди. Бирок Каралаев жомогун токтотподу, эл да козголбоду, Көнөктөгөн жаан алдында өтмө катар суу болгонуна кайыл, назарын бурбай жомокчуну муюп угуп, отура беришти. Ошол кезде бүт ыкласы Каралаевге байланып калган эле. Мен муну эч качан унутпаймын»[14] - деп эскерет.

Чоң манасчылардын түштөрүндө «аян берип», «арбак даарыган» тубаса талантына акын-жазуучулар, коомдук ишмерлер, адабиятчылар, философтор өзүлөрүнүн эң жогорку бааларын беришкен. Алардын эң акыркы өкүлдөрү тууралуу залкар жазуучубуз Ч.Айтматов: «Эгер менден өз элиндин улуу адамдарын билесиңби?- деп сурашса, арийне алды менен озунуп, ушул Саякбай Каралаевди айтат элем»[15] деген жообунун өзү эле, улуу манасчынын тубаса талантына таазим кылып, кадырлап урматтоонун айкын далили.

«Манас» – Улуу сөз. Андан байыркы элибиздин миңдеген жылдар бою көздүн карегиндей сактап, келишкен сөз берметтери менен каймактарын топтошторган. Чоң жомокчулар менен чоң манасчылар улуу сөздөрдүн чыныгы ээлери.

Ырас, «Манас» эпосунуна карата биринчи болуп илимий пикир айткан, анын тексти биринчи кагаз бетине түшүргөн адам белгилүү окумуштуу Ч. Валиханов. Ал «Манас» эпосун айрыкча баалап, аны гректердин «Илиада» жана «Одиссея» өндүү бүткүл дүйнөгө белгилүү болгон эпикалык чыгармачылыгы менен салыштырган. «Манас» бир мезгилге келтирилген бир кишинин- Манас баатырдын тегерегине топтолгон бардык кыргыз мифтеринин, жомокторунун, санжыраларынын энциклопедиялык жыйнагы»[16] деп баса белгиленген. Эгерде Валиханов өлүп калбаганда, анын эмгеги жүз жалдар бою эч ким тарабынан козголбой жата бербегенде, өз убагында илимий пикир айтылбаганда «Манас» эпосу жөнүндөгү илимий изилдөөлөр, дүйнөлүк эпосторго салыштырмалуу пикирлер мындан да эртерээк жана көбүрөөк айтылмак.

XIX кылымда «Манас» эпосуна байланыштуу бир катар баалуу илимий пикир калтырган окумуштуу академик В. Радлов: «Кыргыздарда көркөм сөз искусствосу бөтөнчө өскөн, Ошондой эле алар эпикалык чыгармаларга айрыкча бай»-деп өзүнүн адилеттүү пикирин айткан. Окумуштуунун кыргыз элинин оозэки поэзиясынын мазмунун байлыгы, бийик көркөмдүүлүгү суктандырат. Поэзиянын мындай гүлдөп өнүгүшүнүн окумуштуу элдин тарыхый турмуш шарты менен байланыштырып, андан обьективдүү жыйынтык чыгарат. Ал кыргыз элинин баатырлык ырларында жомоктун фантастикага караганда элдин реалдуу турмушун басымдуу орунду ээлерин тура байкаган. Ошондой эле манасчылар үчүн угуучу чөйрөнүн ролуна, импровизация маселесине токтогон.[17] Манас изилдөөчү окумуштуулардын пикирине караганда фантастикалык жомоктор эмес, турмуштук тарыхый жана баатырдык эпосторду элибиз башка улуттурга караганда көп жаратканын айтып кетишкен.

Грек акыны Гомер «Илиаданы» жаратkан сыяктуу байыркы эпикалык поэзиянын океаны болгон «Манас» эпосун эң алгачкы ырга айлантышкан: легендарлык Жайсаң ырчы, Ырамандын Ырчы уулу, эл оозунда айтылган үзүндүлөрдү бир сюжетке бириктирип, окуяга айландырган. XIV-XV кылымдарда жашаган Токтогул ырчы ошол кылымдын жашоочусу Сайпидин Аксытегиндин биринчи иретте кагаз бетине түшүрүү иштери жүргүзүлгөн. XVIII-XIX кылымдарда жашап өтүшкөн: Нооруз, Чоңбаш (Нармантай), алп Манасчы Келдибек, Балык ырчы, Тыныбек Жапый уулу, Назар Болот уулу, Чоюке Өмүр уулу андан ары улантуучулар Сагынбай менен Саякбай биздин муунга чейин манасчылыктын улуу нускасын улап жеткиришти

Ал эми манас айтуучулук өнөрдүн тарыхый өсүп өнүгүү жолун түпкү кыргыздардын башкача айтканда кыргызстандык кыргыздардын манастаануучулары Р. Кыдырбаева, Ж. Орозобекова, А. Обозканов, бир туугандар Жумалиевдер изилдеп, илимге чыйыр салышкан.

Саякбайга XX кылымдын Гомери деген аталышты өзүбүздүн Манас изилдөөчүлөр эмес, казактын окумуштуусу Мухтар Ауэзов берген. Кыргыздын ооматына буюрган айтуучулукту изилдөөдө, «Манас» эпосун илим катары изилдөөнү да биринчи болуп Мухтар Ауэзов баштаган.

Келдибек, Балык, Чонбаш, Назар, Акылбек, Тыныбек, Дыйканбай, Чоюке, Сагынбай, Саякбай булардын көбүнүн таланты жөнүндө, азыр сөз сүйлөө кыйын. Алар өз убагында жазылбай калды. Бирок Сагынбай менен Саякбайдын эскерүүлөрүнө караганда алар да зор алптардын болушканы талашсыз. Азыркынын Гомери деп аталышкан, атактуу манасчыбыз Сагынбай менен Саякбай так ошолорду угуп, ошолордон үлгү алышкан эмеспи. Сагынбай менен Саякбай тарыхта жашашкан бирок, тарыхка али түшө элек Гомерлер. Алар жөнүндө илим маселесинде талаш жок. Тескерисинче алардын өмүрү таланты ар тараптан жазыла да баалана да элек.[18]

Оозэки адабияттын өзүнчө закону, өзүнчө орду генийлери бар. Мен Гомерлерди эпостун Аристотели, ал эми Саякбайды анын Гегели дээр элем. Эгерде ушундай салыштырууга макул болсоңуз, анда Гомер «байыркы Саякбай». Бирок алардын чыгармачылык тагдыры философ Аристотел менен Гегелден дээрлик айырмаланып турат. Аристотелсиз Гегелдин пайда болушу мүмкүн болбосо, Саякбай Гомерсиз эле пайда болду. Себеби «Манас» «Илиадасыз», анын таасирисиз эле жаратылбадыбы. Мындай өзгөчөлүк белгилүү даражада бардык эле эпосторго тиешелүүү. Ошондуктан Манасты алгачкы изилдөөчүлөрдүн бири Венгер окумуштуусу Георг Алмашинин «Манастын» чыгышына «Илиада» менен «Одессеянын» тийгизген таасирин эске албай туруп, аны изилдөө мүмкүн эмес деген натура оюна кошулууга болбойт. Кандай гана гениалдуу чыгарма болбосун анын оозэки түрүндө, башка элдердин маданиятына тийгизген таасири өтө чектелүү, көпчүлүк учурда жокко эсе эле болот.

«Манаста» «Чоң казат» кыргынын көз жаш кылып Жайсаң ырдаса, Грециянын сокур Демодон ырчысы Троян согушу жөнүндө Одиссейдин баатырдыгын Арей менен Афродитанын махабатын ырдаганда гректер кадимкидей көз жашын көлдөтүп укkан эле[19].

Мүмкүн ал бирин серин бирге аймакташ жашаган элдерге же өз ара катышы бар өлкөлөргө белгилүү болушу ыктымал. Бирок, бири-биринен алыс турган маданий байланышы жок элдер үчүн андай таасир болушу өтө кыйын. жазма адабият гана мындай тоскоолдуктарды жоет. Ошон үчүн ар бир эпос негизи-

нен өзүнчө бири-биринен түздөн-түз таасирсиз жаралган көрүнүш болуп эсептелет. Алардын баалуулугу-табылбастыгы баарынан мурун ушунда жатат. Демек, алардын айтуучулары да өзүнчө талант, өзүнчө гений. Алардын талантын алардын өмүрүн, алардын өзгөчөлүгүн үйрөнүү изилдөө илимдин түздөн-түз милдети[20]-деп Асанбек Табалдиев кыргыз окумуштууларынын ичинен бир топ чыйрактык менен изилдеген, бирок өмүрүнүн кыскалыгынан андан ары илимий пикир уантылбай калган. Эгерде А. Табылдиевдей «Манас» эпосубузду дүйнөлүк эпосторго салыштырып, анын ордун бере билген мекенчил окумуштууларыбыздан дагы айтпай журттан алтоо эле чыкканда биздин фольклористикабыз дүйнөдө саясий аренага чыгып кетмек.

Не деген улуу армандар! Улуу элдин Улуу Баатырынын Улуу Армандары! Чыгыш бүтүндөй Азияны, Батыш бүтүндөй Европаны титиреткен нукура күн балдарынын күндөй Улуу Армандары! Батыш Дунайдан башталып, Чыгышы Сары деңизден бүткөн түндүгү Түштук мухиттен башталып, Түштүгү Кытай кызыл баш маймун, кутан жеринен аяктаган, Улуу көчмөн империяны түзгөн теңирдин өз уулдарынын Улуу Арманы эле!!!

Ошондо Кайың ыйлап, тал ыйлап,
Калайык журттун бары ыйлап,
Токсондогу чал ыйлап,
Толгон журттун бары ыйлап,
Телегейи текши ыйлап (М. 1986. 224-б.)

Турду, не деген Улуу армандарда не деген жалпы элдик кайгы зар. Ушул кезге чейин башка элдердин эпосунан мынчалык Улуу армандарды да, Улуу кайгы зарды да окуй элекмин... окубайм дагы... себеби, мындай улуу арман менен улуу кайгы зар эч бир элдин эпосторунда жок, санжыра эпосубуздун улуулугу да мына ушунда. «Манас»- тарыхый чындыкты керемет көркөмдүүлүктү бере алган дүйнөдөгү бирден бир улуу чыгарма!!!

Улуулукка таазим эт кара кыргыз! Тизелеп туруп таазим эт, анткени ал сенин тарыхың, сенин Улуулугуң!!! [21] Ошондуктан айтылуу Калыгул олуя: «Шагылы болбой тоо болбойт, тарыхы болбой эл болбойт»-деп айтканы бекеринен эмес чыгаар.

«Бул жашоо чексиздиктен келаткан Улуу көч болсо, адамдар ага ара жолдон кошулуп, сааты жеткенде түшүп кала берген жолоочулар тура.»[22] Көз ирмемде бир элес нөшөрдөй төгүп айткан жомок гана эсте калып, учтан түпкө уланып келатат. Элибиздин көкүрөгүндө кыттай уюп, аны асырап багып, ушул күнгө жеткиздик. Башка улуттардан өзгөчө касиетибиз так ушунда. Бир кезде "Илиада", "Одиссеяны" жараткан грек эли, бүгүнкү күндө бизге окшоп айтуучулук өнөрдү улап кете алган жок. Элибиздин эң негизги касиети – айтуучулук өнөр менен төкмө акындардын өнөрүндө. Ушул эки касиет улутубуздун уңгусун улап кетүүчү нарктуу көрөңгө.

Улуу жазуучу Ч. Айтматов дагы: «Каралаев «Манас» айтып жатканда андан көзүңдү тартып алалбай, кирпигинин ирмелишинен тартып, колунун жансалышына чейинки ар кыймылынын абалын көрөңгөнүн көөр таштай чанда бир кезиге турган шыбагасы даарыган бул адамдын авазына кулак төшөп, муюп отуруп, анын жасат жаны эпикалык уюткунун өзүнөн бүткөнбү деп ойго келесиң. Бул манасчынын тулку боюнан бешенее бейнесинен сезилип, эбаккы өткөн доордун карааны жылып келип, калдайып алдында тура калгансып кетет. Ошондогу ойрондуу окуялар, ошондогу кайгы-муң, ошондогу айкөл акыл сарсанаа, жамандык менен жакшылык бары чогуу келип, ушул кишиге уютулуп калгансыйт"- [23] деп, Саякбайдын өнөрүнө миң бир ирет табынган.

Манас айтуучулар дастанчылардан айырмаланып Манастын үч бөлүгүн тең толук айта бигенинде. Негизинен өзөктүү окуяларды өз купулуна чыгарбай, өзгөртпөй айта билүүсү негизги шарт. Биринчиден «Манастын» өзөктүү сюжети туруктуу мүнөзгө ээ, ал бүткүл калкка дайын. Андыктан аны эч бир айтуучунун озү каалагандай өзгөртүп, бурмалап айта берүүгө акысы жок.

Экинчиден, «Манастагы» баатырларды алардын кыял жорук, айла-амалдарын чоролорду, алардын минген энчилүү тулпарларын, зоот чопкуттарынан курал жарактарын сүрөттөгөн образдуу тизмектер устатынан шакиртине өтүп колдонула берүүсү салттуу туруктуу ыкма. Аны бардык эле манасчылар ошол турган даяр түрүндө колдоно беришет.

«Кимисинин өмүр баяны менен чыгармачылык жолуна кайрылбайлы, бардыгы тең өзүнөн мурда «Манас» айтып турган манасчыларды көргөндүгү, аларды ээрчип жүрүп үйрөнгөндүгү жөнүндө көп айтышат. Ушу сыяктуу фактынын негизинде келип, мансчылыкты даараруу же түш көрүү эмес, таалим алуу жана үйрөнүү жолу менен бирге жаратылыш берген талантынын өөрчүшү аркылуу барып, «Манас» айтып калган деген жыйынтык чыгарууга болот.[24] Ал эми көпчүлүк «Манас» изилдөөчүлөр төмөндөгүдөй пикирге келишет: «Арбак даарыганда гана чыныгы манасчы болушуна ишенген болочок айтуучунун талантынын ойгонушу, эргиши ошонун натыйжасында эпосту айтуу жөндөмүнө ээ болушуна, түш көрүүнүн белгилүү даражада себепчи болушу да айтылат».[25] Арбак даарып, түш көрүү же аян көрүү белгисин ар бир манасчы өзүнө профессионалдык сыр катары пир тутушуп, андан ары өзүнүн айтуучулук өнөрүнө сүнгүп кирип, эл алдына чыгуусуна шарт түзөт. Кайсы гана манасчы болбосун аян берүүгө өтө ишенимдүүлүк менен аяр тутуп мамиле кылышат.

Илим манасты жаратуучулар жана аны асырап айтуучулар ким экендигин так анализ жүргүзүгө тийиш. Кытайлык кыргыздардын изилдөө иштеринин көп жерлеринен илимге жат көрүнүштөрдү учуратууга болот. Мисалы: «Кыргызстан жана Жунго тарапта жашаган эң чебер манасчылардын мурасы төтөлөй жана төтөсүз (кытайлык кыргыздардын стилинде) түрдө Ак-Чий деген капчыгайлуу жергеде жыйылып, бир-бирин толуктап арбып, деңиздей толкуп чыгышы тарыхтын тамашасы» (?)[26] Кыргызстандык манасчылар менен Жунго манасчылардын биригип Ак-Чийде манастын толук вариантын жаратканын толук факт менен көрсөтүүсү керек болчу. Ал тургай Жуңголук манасчылар Манасты Ак-Чийде төрөлгөн деген фактыны интернетке да киргизүүгө үлгүрүшкөн. Мындай так эмес маалыматтар аркылуу азыркы жаңы кабыл алып жаткан жаш муундарга тура эмес информацияларды таратып, алардын башын ого бетер айлантпаш керек.

Жуңголуктар өзүлөрүнүн Манасты чечмелеп берүүгө алсыз экендигин өзүлөрү төмөндогүдөй моюнуна алышкан: «Азыр ушул тапта Мисирдин сыйкырлуу пирамидасындай көз алдыбызда 18 томго айланып жаткан «Манас» эпосунун саптарын толук чечмелеп берүүгө аябай алсыздык кылабыз»[27] деп жазып, «Кылым карыткан бул улуу мурастын кыргыз эли менен бирге жашап, өнүгүп өсүп келатканы белгилүү»[28]-деп моюндарына алып, андан ары «Конкреттүү айтканда Ж. Мамай айткан «Манас» эпосу XIX кылымдын соңу

XX кылымдын башында өткөн эң көрүнүктүү манасчылардан мурас калган»[29]-деп, өздөрүнө өздөрү так маалымат беришкен. Анткени кытайлык кыргыздар манасчылык өнөрго XX кылымда гана киришишти. Ага чейинки түпкү жаралышы, эпостун калыптанышы, айтуучулук өнөрдүн эволюциялык өсүп өнүгүүсү, манасчылыктын кайыптар дүйнөсүнөн жалганышы, аян берүү жолдору менен манасчылык өнөргө келүү жолдору кыргызстандык гана кыргыздарда болуп келген жана мындан ары да боло берүүчү улуттун уңгулуу касиети.

Андан сырткары Жусуп Мамайды «тирүү Гомер», «дөөлөттүн көөхары»[30] деп көкөлөткөнү менен Жусуп Мамайдын айтуучулук өнөрүн угуп көргөн бир да кыргызстандык инсан жок. Бул тууралуу музыка изилдөөчү Балбай Алагушевдин айтканы бар: «Биз канчалык сурансак да Жусуп Мамай манас айтпай койгон» деп. Манасчы үчүн кай жер болбосун, кандай аудитория болбосун токтоналбай оргуштап айтуу салт эмеспи. Бул тууралуу залкар манасчыбыз Саякбай Карелофиндердин «Колеваласынын» юбилейинде (аларда Колеваланы жалаң аялдар гана айтат экен) он аялды алдына салып айдатып алардын салты боюнча туруп айтат экен ошондо да оргуштатып төгүп айтып бүт дүйнөгө түз эфир аркылуу таратылган. Мынакей, манасчынын чыныгы опогейи.

Кытайлык кыргыздардын интернетке жарыяланган Манас Ак-Чийде төрөлгөн деген маалыматтын жалган экендигин төмөндөгү далилдер менен бекемдөөгө туура келет: «Алтайдан Анжыян жактагы Алоокеге караган жерге жетип, Отуз-Адырдын боюна айылын кондуруп, Манас жанына алтымыш жигит алып ууга кетет».[31] (бириктирилген вариант боюнча) Ал эми Саякбай Каралаевдин варианты боюнча «Манас Кошойдун кенеши боюнча дароо эле Таласка барып конот»[32].

Ал тургай Манастын жаралышы, түптөлүшү, жашап өткөн жерлерин топонимикалык аталыштары ушул кезге чейин аталып келатканы да буга далил. Манас эпосунуна байланыштуу тарыхый маданий жана уламыш эстеликтердин биринде да Манас Ак-Чийде төрөлгөн деген далилдүү фактытыны кездештире албайсың. Тескерисинче мындай топонимикалык аталыштар Бишкек шары боюнча 4 жерде, Чүй областы боюнча 8, Ыссык-Көл областы боюнча 5, Нарын областы боюнча 18, Жалал-Абад областы боюнча10, Ош жана Баткен областынын аймактарынан 25 топономдик далилдер бардыгын илим ырастап отурат.[33]

Азыркы жаңы кабыл алып жаткан жаш муундардын башын айлантып, Манас Ак-Чийде төрөлгөн деген далилсиз пикирди жарыялаганы кытайлык кыргыздардын катаалыгы. Жаш муундарга Манасты үйрөтүүдө биз далилдүү тарыхый фактыларга гана таянып атуубуз абзел. Бол босо биз Манас дастанын тарыхый болуп өткөн окуя экендигин далилдөөдөн четтеп кетебиз, ал тургай ынандыра албайбыз.

Манастынбар. Кытайлык манасизилдөөчүлөр "Манас" дастанына байланыштуу топонимикалык далилдөөлөргө таянып, андан сон илимий пикир жаратсын.

Адабияттар

1. Абдыкерим Абдразаков Турк атанын балдары болсок... же рун башаттары. «Огуз наме» поэтикалык эстелиги. Туркия. 2000.
2. Жумалиев М. Манасчы- айтуучулук өнөр. –Б., 2002.
3. Ауэзов М. Киргизская народная героическая поэма. «Манас». Киргизский героический эпос «Манас». - М.: АН СССР, 1961.
4. Алиев С., Кулматов Т. Жайсаң ырчы. -Манасчылар жана изилдөөчүлөр. Кыргыз Жибек жолу. 1995.
5. Тоголок Молдо. Чыгармалар. 1том. Ф.: Кыргызстан, 1970.
6. Мусаев С. Чоң манасчы Саякбай жана ал айткан вариант. -Манас. 1к.- Ф.: Кыргызстан, 1984.
7. Чоюке Өмүр уулу. Ала-Тоо // Кыргыз руху . «Манас»,- Б.: Мурас, 1995.
8. Айтматов Ч. Ал океан сындуу «Манастын» миллион сабын жат билген. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. -Ф.: Кыргызстан, 1998.
9. Валиханов Ч. Соч. в 5 томах; Алма-Ата, 1981.
10. Радлов В.В. Образцы народной литературы северных тюркских племени Ч.V. СПБ, 1885.
11. Табылдиев А. Гомер жана Гомерлер. (Манас айтуучулар жөнүндө) // Чүй баяны 1995. -12.-август.
12. Одиссей.- М.: Наука, 1955.
13. Шапак Рысмендеев. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. -Ф.: Илим, 1989.
14. Кыргыздар. IV том. –Б., 1997.
15. Линйин «Манаска» жоромол», 114-б. Йек Мунгул университети басмасы, 1991.
16. Манас энциклопедия 2-том. Мурас илимий пропагандалык ишкер долбоору. –Б., 1995.
17. Манасчылар жана изилдөөчүлөр. –Б., 1995.

Б.Б.Элебесова,

К.Карасаев атындагы БГУ

КЫРГЫЗ-ТҮРК ПОЭЗИЯСЫНДА ФИЛОСОФИЯЛЫК – МЕДИТАТИВДИК МААНАЙДА ЖАЗЫЛГАН ЫРЛАР

Философиялык–медитативдик лирика – акындын өлүмгө, турмуш–жашоого карата болгон ички ой–толгонууларынын натыйжасынан келип чыгат. Акын өзү жашаган мезгилге көз жүгүртөт, ал жөнүндө ойлонот, кубанат, же сарсанаа болот. Ушундай буркан–шаркан түшкөн сезимдер толкунун акын өзүнүн жеке ички дүйнөсүнөн өткөрөт.

Ушул мааниде азыркы эмес, мурунку акындардын ичинен А. Осмоновдун « Отуз жаш » деген ыры өтө мүнөздүү. Ырдын башталышы жана композициялык жыйынтыгы төмөнкүдөй:

Ырыс өмүр кандай кыска, кандай аз...
Тагдыр ошол өлчөмүнөн көп кылбас.
Бирок чиркин аздыгына мейли эле,

Анын октой тездигине катат баш.
Кече гана тиги кырда жок эле
Кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш.[1]

«Отуз жаш» акындын жеке өмүрлүк сезимдеринен, жеке турмуштук натыйжаларынан улам келип чыкканы талашсыз. А. Осмонов бул ырын 1944-жылдын декабрь айында, б.а отуз жашка так толоор кырдаалында жазган. Акын өз өмүрүнүн дал ошол учуру туурасында кийинчерек мындай мүнөздөмө берет: «1945-жыл менин жеке өмүрүмдүн жана чыгармаларымдын бышкан мызгили деп ойлойм». Демек, «Отуз жаш» ырына талдоо жүргүзгөндө акындын ушул сөздөрүнө маани бербей коюшка болбойт.

Жогоруда келтирилген строфада акын ачыктаначык эле өмүрдүн тездиги, учкулдугу, болгондо да октой учкулдугу, бая гана жок боз ат азыр эле көз ирмемде тиги кырдан пайда боло калган тездиги жөнүндө айтып жатат. Кыскасы метафоралык образдын мааниси өмүрдүн зымырап учуп өткөн тездигин белгилеп тургандай сезилет. А чынында ырдын көркөм мазмундуулугу, философиялык тереңдиги, албетте, адам өмүрүнүн тездигин ырдоо менен чектелбейт. Эгерде биз бул лириканы андан ары окусак, метафоралык образ улам жаңы мааниге ээ болуп тереңдеп, өзүнүн медитативдик касиетин күчөтүп отурганын көрөбүз. Натыйжада акын өзүнүн жеке өмүрлүк сезимдерин бүтүн бойдон адамзат өмүрү жөнүндөгү, «суудай тынбай аккан» адам турмушу жөнүндөгү, адам мезгилинин учу-кыйырсыз түпсүздүгү жана чексиздиги жөнүндөгү терең медитативдик философиялык лирикага айландырган.

Мындай философиялык медитативдик маанайда жазган Түрк акындарынын ырларынан да кездештирсе болот. Анда ушул эле А. Осмоновдун «Отуз жаш» аттуу ырына окшогон, тактап айтканда философиялык медитативдик мааниде жазылган Жахит Сыткы Таранжынын "Отуз беш жаш"ырын мисал кылып ала алабыз.

Yaş otuz beş! Yolun yarısı eder.
Dante gibi ortasındayız ömrün.
Delikanlı çağımızdaki cevher,
Yalvarmak, yakarmak nafile bugün,
Gözünün yaşına bakmadan gider. (...)[2]

Кыргызча котормосу:

Жаш отуз беш, жолдун жарымы болот,
Дантел сымал ортосундабыз өмүрдүн.
Эр жигит убагыбыздагы асыл мээнет,
Жалынуу, жалбаруу бекер бүгүн,
Көз жашыңа карабай өтө берет өмүрүң.

Бул ырынан биз адамдын ички толгонууларын байкайбыз. Өмүр-өлүм темасы козголгон, күчтүү сезим менен жазылган философиялык медитативдик лирика десек жаңылышпайбыз. Себеби бул ыр акындын өмүр-өлүмгө, турмуш-жашоого карата болгон ички ой-толгонууларынын натыйжасынан келип чыгып жатат. Ырас «Эр ортону элүү жаш» деген кеп бар эмеспи, ал эми Жахит Сыткы Таранжынын ушул «Отуз беш жаш» аттуу ырында эмне үчүн өлүмдүн ортону 35 жаш деп алган?- деген суроо туулбай койбойт. Ооба бул дагы коомго, чөйрөгө ошондой эле адамдын т.а акындын ички ой жүгүртүүсүнө жараша жазылса керек?! Акын өзүнүн абалын түшүнүп мындан ары өзүнүн жашоосу кызыксыз, мурункудай маанилүү болбой каларына көзү жеткен чыгаар. Ооба бул оюмду ачык айтсам, Сыткы Таранжы да А. Осмонов сыяктуу эле 35 жашка чыгып чыкпай эле бул дүйнөдөн кош айтышкан. Анан кантип өзүнүн өмүрү аяктап өлүмүнө чукулдап калгандыгын сезип жазган ушундай акындарыбыздын ушул медитативдик философиялык лирикалык ырлардын үлгүсү катарындагы ырлыр деп айтпай коё алабыз.

Жахит Сыткы Таранжынын «Отуз беш жаш» ырына көз жүгүртүп философиялык маани маңызына кайрыла кетсек:

Бул отуз беш жаш өмүрдөгү жолдун жарымы. Мына ушул жашка да келип калыптырбыз, көрсө өмүр көз ачып жумганча тез өтөт турбайбы, керек болсо көз жашыңды төгүп турсаң да ага карабай өмүр деген бир нукта өтө берет. Аны сен эч токтото албайсың. Мага эмне болгон, жүзүмө карбы түштү эмне мынча жүзүм суук, бул мен эмес менин жүзүмдү өзгөртүп жаткан күзгү сен менин- душманымсыңдейт. Ооба ким эле жагымдуу өмүрүнүн өтүшүн кааласын. Анысы сыңарындай акын да ушул ырында өмүрдүн тездигин ар кандай көрүнүштөр аркылуу сүрөттөп, адамдарга бийик деңгээлде чагылдырып түшүндүрүп бере алган.

Мына ушундай Жахит Сыткы Таранжы, ошондой эле Алыкул Осмоновдор сыяктуу философиялык медитативдик лирикаларды жараткан азыркы заманыбыздагы кыргыз түрк акындарыбыз да жок эмес.

Алсак, кыргыз акындарынан Жолон Мамытов, Турар Кожомбердиев жана ошондой эле Э. Аттокуровдун кээ бир ырларынан ушундай медитативдик маанайда жазылган ырларды кездештире алабыз. Ал эми түрк акындарынан Барыш Бычакчы, Күчүк Искендердин ырларынан мисал ала алабыз.

Мына ушул акындардын ичинен Ж.Мамытовдун поэзиядагы изденгендик, жаңыча багытка умтулгандык менен катар табигый жана жөнөкөйлүк байкалат:

Мени окууга өттүң, кел деп Ош айтып,
Сен ошондо убаданды бош айтып.
Сүт ташыган машинанын үстүндө,
Кеткен күнүм жаштыгыма кош айтып.[3]

Жогорку саптар жупуну окуган адамга жугумдуу жасалмасыз. Балалык менен, жаштык менен кош айтышуу чоң турмуштук сапарга аттануу, акындын "Отту сүйөм" аттуу биринчи китеби да дал ошол "Сүт тарткан машинедей" жаш акынды чоң адабияттын шарын көздөй алып кетти.

Түрк акындарынын ырларына кайрыла турган болсок, алгач Барыш Бычакчынын "karlarda son bahar" аттуу ырындагы философиялык медитативдик жагына кайрылабыз.

Алсак: Uzakların düz çizgisi,kuru otların sesi.
Ah yolculuk, şiddetli genişlik
ve her yöne gidebilirim.
Bunu çok geç anladım, kuşlar geçti yanımdan
Bazı mevsimler, çok geç anladım.
Önüm arkam ölüm...[4] - деген ырында өлүм бар болчу дагы да боло берет. Бул ырында акын өмүрүнүн тез өтүп, бошко өтүп кеткенин айтып ошол кырчын өмүрүмдү эмнеге мурда байкабадым, көрсө куштар учуп өтүп кеткен сыяктуу эле өмүрүм да өтүп, өлүмүм алдымдан да артымдан да келип калган турбайбы деп кейип жазганын жогорку ырынан көрө алабыз. Негизинен эле Барыш Бычакчынын ырларынын басымдуулугун философиялык тематикадагы ырлар камтыйт. Анда ошол ырларынын бири "Friюka" деген ырынан мисал алалык:

Artık gidemin buradan, bu şehirden,
Eşyalar ve ben öyle ağırız ki
Hiç kıpırdamıyoruz yerimizden.
Önceleri hafifti her şey, ağırlaştırdı zaman,
Geçen zaman -деп

айтылган ырында өткөн жашоосу кандай өтүп кеткени жөнүндө, ошондой эле жогорудагы ырында өмүрүн куштун учканына салыштырса ал эми 'Frişka' аттуу ырында шамалда жүргөн т.а. Катуу шамалда кандай кыйынчылык менен бассаң, мен да өмүр жашоомду ошондой кыйналуу менен жашадым деген ойду берген. Ал эми кыргыздан жаңы чыгып келе жаткан жаш акын Э. Аттокуровдун:

Бир жарк этип өмүр бизден узаса,
Үмүттүн да күнү бүтөт ошондо.
Мезгил жетип баш ийермин ага да,
Түркүк болуп ким калыптыр жашоого?[5] .. деген ыр саптары жашоо турмушка болгон көз карашты белгилеп берип отурат. Ал эми "Сага айтам" аттуу ырында:

Жер огунда шек алдырбай айланат,
Жерди айланып төбөбүздө ай жанат.
А адамды жаралгандан жанчыды
"Турмуш" деген чоң тегирмен майдалап (...)[6] -деп адам баласынын бул дүйнөдө жаралып, турмуш менен күрөшүп, кандай жашап келерин, жашоосунда эмнелерге кызыгып, ошого жетем деп жашаарын, оң жана терс көрүнүштөрү менен сыноодон өтөөрүн, ошондой эле "Киши болоор кишинин, киши менен иши бар, киши болбос кишинин эмне менен иши бар" дегендей адам баласы достору менен карым катышта болуп, ошол достору менен байланышта болорун айтып келип, ал эми "досторунан айрылуу бул кыйын, бул нерсени бир гана ажал деген неме айра алат" деп ырында даана белгилеп кеткен. Ал эми:

Бул өмүрдүн ар мүнөтүн аярлап,
Сезсең кана текке кетип жатканда?!
Түбөлүктүү эместигиң билип жүр!
Шүүдүрүмдөй бир келгенсиң ак таңга-[7] деген саптардан биз эмнени байкадык? Албетте Э.Аттокуровдун чыныгы философиялык медитативтик маанайда жазылган лирика десек жаңылышпайбыз. Себеби өмүрдүн текке кетип жатканын айтып, ошол өмүрүңдүн баркына жетип жаша деген ойду айтып жатпайбы.

Ал эми Түрк поэзиясында эмгектенген жаш акын-Күчүк Искендердин 'Ben ölürsem' (Мен өлсөм) деген ырын окуп чыгып, философиялык медитативтик лирикага киреринбайкап туруп жазбай коюу мүмкүн эмес эле. Бул ырда адамдын ичиндеги ой-толгонуулары; кандайдыр бир деңгээлде бир нерсеге санаркоо, кейүү сезимин байкайбыз. Күчүк Искендер адам концепциясы болгон-адамдын ички кейүүсүн философиялык жактан карап, ырын бизге тартуу кылган. Алсак:

Ben ölürsem karakutumu bulamayacaklar
ne bir aşk zerafeti
ne bir hayal tabiri... küçücük ömrüm
hep rüzgar gülleri kokacak!

Bir sinek cenazesinden dönmüşüm de sanki
ağzım burnum kanyak
denizden yeni çıkartmışlar yağmurun ölüsünü
mevsimlerden napalm günlerden ilk bahar.
(...)
Ben ölürsem karakutumu bulamayacaklar
ne bir buz yorgunluğu
ne bir sinema perdesi yırtık.. küçücük kabrim

bir çocuk kalbi gibi haylaz olacak! (...)[8]

Мен өлсөм. Акындын жаш башы пессимистик абалда өлүмүн ойлогону, жашоосундагы кемчилигин сезгени, сагынычы күчөгөн нерселерге, сабырсыздык менен күткөндөрүнө жете албай калгандыгы, эзилгендиги жөнүндө кеп кылат. Кандай гана кыйынчылыктарды башынан өткөрүп, акыры өзүнүн күч-кубаты азайып, өлүм жөнүндө ойлонуп, жеңил ойлуулука алдырып, жашоо кызыксыз болуп бара жатканда ойлонот. Эгер мен өлүп калсам андайын жашоо кандай болот дейт да, кайра эгер өлүп калсам жашоо деген жашоо да "өлгөндүн бети ары, тирүүнүкү бери" дегендей өлсөм көрүм ошол бойдон эч кимди кызыктырбайт, керек болсо табылбай да калат. Ошол кыска өмүрүмдө эмнелер болду, анын баары унутулат да. Жашоо кайра шамалдын нугу менен гүл жытташып кала берет деп өлгөндөн кийинки жашоону элестеткендиги туурасында сөз болот. Ошондуктан ырдагы темасын "Мен өлүп калсам" деп атаганынын себеби да ушунда болсо керек. Кыскасы, мен өлгөндөн кийин кандай жашоо болот, турмушта өзгөрүүлөр болобу же бир темп менен эле жашоо өтө береби?- деген ой пайда болот.

Ырдын акыркы бөлүмүндө (окуган) укканга чоочун келген biz yorgunluğu чыныгы чарчагандыкты түзүп берип, сунуштоо идеясы орун алган. Ошол акыркы саптарда да бактын таба албай калып, бекерге кеткен кыска өмүрүн эскерип баяндоосу кыска сөздөр менен түшүндүрүлүп берилген.

Ырды эң күчтүү сабы '*bir çocuk kalbi gibi haylaz olacak* ' дегени өлгөндөн кийин кичинекей мазары, жаңы туулган баланын ойноок жүрөгүндөй болуп калаарын туура жазган. Өлгөндөн кийинки жайын мазарга салыштырып, мазарды болсо жаш баланын ойноок, тентек жүрөгүнө салыштырганы- бул, *мазарга* сыйынганы келген элдерди көргөндө, арбагы ыраазы болуп сүйүнөт эмеспи, ал эми жаш бала болсо үйгө конок келсе эмне кылаарын билбей сүйүнүп, тентек кылат да, а эгер мазарга киши келбей тынчтык өкүм сүрсө, ошондой эле баланын да эч ким карабай балага көңүл бурбай койсо жүрөктө кандайдыр бир сагынуу бук пайда болот да. Мына ошол жаш баланын жүрөгүндө кандай гана өзгөрүүлөр болбойт. Мына ошондуктан баланын жүрөгүн мазарга салыштырганы да ошондо болсо керек.

Мына ушундай жогоруда берилген акындардын ырларынан биз философиялык медитативдик лирикада жазылган ырларды азыркы заманыбызда да кездештире аларыбызды көрсөтө алдык. Мен поэзияда өзүнүн ордун жоготпой сактап келе жаткан философиялык медитативдик лириканын кандай жаралары: акындын өмүр – өлүмгө, турмуш – жашоого болгон ички ой толгонууларынын кесепетинен келип чыгарын, ошондой эле акын өзү жашаган мезгилге көз жүгүртүп, ал жөнүндө ойлонорун, кубанарын, же сарсанаа болуп, адам концепциясынын (сезиминин) ар кандай кырдаалда болорун жогорудагы түрк жана кыргыз акындарынын ырлары менен даана түшүндүрө алдык деп ойлойбуз.

Адабияттар

1. Кыдырбаева З., Асаналиев К. Кыргыз адабий илимий терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү. -Б., 2002.
2. Osman Turan. Tьrkiya Tьrk Adabiyatэ. -A., 2003.
3. Мамытов Ж. Отту сүйөм. –Ф.: Кыргызстан, 1969
4. Gülten Akın. Şiir üzerine notlar. -İ.: Nisan, 1996
5. Аттокуров Э. Жаш толкун. –Б., 1999.
6. Аттокуров Э. Кыргыз туусу. -2003., №73, 26-29 сентябрь
7. Doğan Aksan. Cumhuriyet döneminden bugüne örneklerle şiir çözümlemeleri. -A., 2004.

М.А.Майрыкова,
Эл аралык Ататүрк Ала-Тоо университети

«МАЙДАН» - КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНДАГЫ БИРИНЧИ ПСИХОЛОГИЯЛЫК РОМАН

Кыргыз адабиятындагы, тактап айтканда прозадагы психологизмди изилдөөгө алган Г.Хлыпенко адамдын жан дүйнөсүн сүрөттөө жөнүндө: «Каармандын ички дүйнөсүн, турмушун сүрөттөп көрсөтүүнүн адабиятта эки принциби бар.Айрым изилдөөчүлөр колдонгон терминология боюнча алар: ***динамикалык жана аналитикалык*** принциптер. Мунун биринчиси, Л.Н.Толстойдун сөзү менен айтканда «окуянын өзүнө кызыкса», экинчиси «сезимдерди ачып, чечмелеп берүүгө кызыгат»[1], дейт да, эки принцип жөнүндө кененирээк аныктама берет:

«Динамикалык прнициптин маңызы каармандын ички дүйнөсү анын кыймыл-аракеттери жасаган иштери аркылуу, башкача айтканда сырткы белгилер аркылуу ачылат. Персонаждын жан-дүйнөсүнүн алабалын биз анын өзүн кандай алып жүргөнүнөн, сүйлөгөн сөзүнөн, тигил же бул окуяга тышкы реакциясы кандайча болуп жаткандыгынан улам билебиз.

Аналитикалык принциптин маңызы мында жазуучу «психикалык процесстердин жыйынтыгын сүрөттөө менен чектелип калбайт, аны ошол процесстин өзү кызыктырат» (Чернышевский Н.Полн.собр. соч. в15 томах, 425-б.). Психикалык турмуш тикедентике формада ачылып сүрөттөлөт. Ал окурмандардын алдына ич-койнунан аңтарылып берилет.

Аналитикалык принцип динамикалыкка караганда адабий өнүгүштүн бир кыйла кийинки мезгилинде пайда болгон көрүнүш. «Сезимдин аки-чүкүсүнөн өйдө» жазууга биринчилерден болуп кайрылган Лермонтов болгон деп эсептеп жүрөбүз, бирок, бул принцип Л.Н.Толстойдун чыгармачылыгында эле бир кыйла ар тараптуу жана толук өнүгүүгө ээ болгон. Бул эки принциптин өзүнө таандык эстетикалык белгилүү касиеттери болгону менен экөөнүн ортосунда кескин сызык коюлган чек ара жок жана болушу мүмкүн эмес. Эки принцип бар дегендик - бул экөө таптаза эле бирикпеген нерселер дегендикке жатпайт. Мүнөздөрдү психологиялык жактан ачуу чеберчилигинин чыныгы башатын ушул принциптердин бирин таптакыр танып, экинчисин бекитип, бир жактуулук кылуудан эмес, тескерисинче, алардын эстетикалык өз ара таасир этүүсүнөн издөө керек»[2].Ошондой эле бул изилдөөчү: «Кыргыз жазуучулары психологиялык анализ жасоо искусствосун өздөштүрүүнү, негизинен алганда, фольклордук «кампа» менен гана башташкан эле. Кыргыз прозасынын алгачкы чыгармалары - бул адамдын ич дүйнөсүн аралап көрүүнүн, психологиялык анализ жасоо искусствосунун биринчи кадамдары эле»[3] деген оюн айтат.

Демек, кыргыз жазуучуларынын алгачкы чыгармаларында адамдын ички дүйнөсү кыймыл-аракети өңдөнгөн сырткы белгилер аркылуу ачылып берилген. Кыргыз прозасынын калыптануу мезгилиндеги көркөм психологизм каармандын ички дүйнөсүн сүрөттөп көрсөтүүнүн динамикалык принцибин таяныч кылган. Жазуучуларда «сезимдердин акичүкүсүнө» чейин жетүү алыс болгон.

Көркөм психологизмдин андан аркы өнүгүшү динамикалык ыкмаларды улам калыптандыруу, жетилтүү багытында жүргөн.

Алардын ичинен кыргыз романдарынын арасында өзүнүн терең психологизми менен Узакбай Абдукаимовдун «Майдан» романы кескин жана таасын айырмаланат. Каармандын ички дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөрдү, кубулуштарды терең ачып көрсөтүүдө бул жазуучу баяндоонун эпистолярдык жана ички монолог формасын кеңири колдонот. Алсак, Кыдырбектин, Качыкенин,Чынаркандын каттары. Бул каттарда автор жөн эле кадыресе кабар менен чектелбейт, ал андан ары тереңдейт, ар бир персонаждын турмушка, окуяга карата болгон жекече мамилеси, ал турмак жашоо, жүрүп жаткан окуя, согуш жана тыл, адамдардын армазаалыгы жана адилеттиги, жаратылыш ж.б. жөнүндөгү кеңири ой жүгүртүүсү чагылат. Мына ошондуктан романдан орун алган бул каттарды кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын бир үлгүсү катары кароого болот.

Чыгармадагы психологизм туурасында чыгарма жарык көргөндөн бери эле, тактап айтканда «Майдан» талкусунда» эле айтыла баштаган. Анда чыгып сөз сүйлөгөн дээрлик бардык адабиятчылардын бардыгы тең эле чыгармадагы психологизмди баса белгилеп кетишкен.

Психологизм Качикенин образын ачууда, анын Чынарканга, Апсаматка болгон мамилесинде өзүнүн эң бийик чекитине жетет. Турмуштун мына ушул татаал түйүндөрүндө эки Качикенин – биринчиси, өзүнүн жашоо жолунда оң жолго түшө албаган, дайыма эле кандайдыр тоскоолдуктарга учураган, эрки бош жүдөө Качике болсо, - экинчиси, өзүнүн ойлогон оюнан, өзүнүн чындыгынан кайтпаган, чындык үчүн, идеал үчүн күрөшүүгө дайым даяр турган Качике.

Качикенин образын жаратууда кыргыз жазуучусу профессионал котормочу катары улуу орус адабиятын мыкты өздөштүргөнү, айрыкча «адам жанынын диалектикасын» ачкан Толстой менен Достоевскийди жетишерлик даражада өздөштүргөнү таасын байкалат. Бул жөнүндө кийинчерээк кененирээк сөз болот. Кыргыз совет прозасында бул романга чейин адамдын жан дүйнөсүнө мынчалык үңүлүп назар салуу, психологиялык тереңдик, мынчалык көркөм сабаттуулук сейрек учуроочу. Белгилүү адабиятчы Кадыралы Даутов Узакбай Абдукаимовдун «Майдан» романына талдоо жүргүзүп, андагы психологизм жөнүндө: «Писателя У.Абдукаимова, как истинного реалиста, интересовали, очевидно, ни событийность, ниувлекательность сюжета, ни даже необыкновенность судьбы героя, а становление характера, личности человека, эволюция его психологии. Он раскрывает диалектику этого многосложного, противоречивого процесса как бы изнутри. Этот развернутый психологизм, идущий от толстовской традиции, впервые творчески освоен У.Абдукаимовым и весьма успешно применен в названном произведении. В этом отношении «Битва»- первый психологический роман в киргизской литературе, написанный на высоком профессиональном уровне»[4]

деген пикирди айтса, дагы бир белгилүү адабиятчы М.Борбугулов өз макаласында: «..... Если раньше киргизские писатели показывали лишь внешние проявления внутренней жизни человека, У.Абдукаимов раскрывает образ мыслей, психология героев, душевные порывы и смену настроений. У.Абдукаимов обогатил национальную романическую практику многими неизвестными киргизской литературе приемами глубинного проникновения в человеческую душу. Наряду с традиционным повествованием, авторской характеристикой писатель щедро вводит внутренний монолог, различные способы психологического анализа, письма-исповеди и т. д.»[5],- деп жазат. Чындыгында эле кыргыз адабиятынын тарыхында адамдын жан-дүйнөсүнө үңүлүп карап ар тараптан аны ачып берүү У.Абдукаимовдун чыгармаларындагыдай ачылып берилген эмес.

У.Абдукаимовдун «Майдан» романына жогору баасын берип, «талкууда» да романга анализ жасап, чыгарманын артыкчылыгын баса көрсөтүп, угуучуларга далилдеп берген адабиятчы К.Асаналиев: «... Баарыдан мурда бул роман психологиялык роман. Чыгарманын жүрөк титиреткен күчтүү жактары да, кээде иренжиткен чабал жактары да ушуга байланыштуу. Каармандардын психологиясын терең ачуу, алардын ичи-койнуна кирип, ар түрдүү уңкул-чуңкулдарын таамай сүрөттөө жагынан жана кээде тереңдейм деп жатып жаза тайып кетмейлери менен бул роман кыргыз авторлорунун оюна далайларды салып, далайларды үйрөтөөрүнө шек жок»[6] деген адабиятчы: «Автор каармандардын психологиясын ачууда майда штрихтерди кандай кеңири пайдаланса, ошондой эле узун монологдорду, кейипкерлердин ички ой жүгүртүүлөрүн да марттык менен романдын сюжеттик составына киргизет»[7],- деп айтылган ой менен чыгармадагы каармандарды талдоого алган. Кыдырбектин, Берметтин образдарын ачуудагы психологизмге токтоло кеткен адабиятчы романдын психологизми Качикенин образында көркүнө чыкан деген пикиирди айтат да: «Автордун бирден бир ийгилиги- Качикенин образы аркылуу татаал психологиялык образ түзө алгандыгында. Бул жагынан алганда У.Абдукаимовдун кыргыз прозасына киргизген жаңылыгын тануу, жокко чыгаруу нукура эле адилетсиздик болор»[8] деген пикирин билдирет.

Бирок, У. Абдукаимовдун чыгармачылыгындагы психологизмди изилдеген дагы бир изилдөөчү Г.Хлыпенко жазуучунун чыгармачылыгындагы «артык баш» психологизмдик жөнүндө айтат:

« .... Ал эми У.Абдукаимовдун «Майдан» романында мүнөздөрдү психологиялык жактан иштеп чыгуунун тереңдиги шыр эле көңүлдү өзүнө тартып алат. Бирок, анын дагы бир башка жагы бар. Ал – «артык баш» психологизмдик. Жазуучу аналитикалык каражаттар болуп эсептелген - ички монолог менен ички диалогдорду өтө эле ыксыз пайдаланып жиберет. У.Абдукаимовдогу кемчилик-так ошол ички монологдордо описательность үстөмдүк кылып жатканында. Мындай алганда сүрөттөөнүн да жөнү түшүнүктүү, анткени, өткөн кездердин прозасындагы психологизмдин өп-чап болуп жатканында эле. Мында эсеси чыгып, «артык баштыкка» чейин чаап кетип жатат»[9] десе, ошол эле пикирди чыгарма жарыкка чыккан алгачкы убактарда эле «Майдан» талкуусунда С.Эралиев чыгармадагы «артык баш» психологизм жөнүндө: «..... Психологиялык жактан тереңдейм деп олтуруп эле автор түпсүз кудукка айлантып жиберет. Буга мисал Берметтин ою, Берметтин каттары, Качикенин ою, монологдор» деген оюн билдирет. Чыгармада канчалаган ар түрдүү каармандар бар. Ал эми окуялар согуш башталгандан бүткөнгө чейинки окуяларды камтыйт. Жазуучунун чеберчилиги ошончо көп каармандуу окуялар менен гана байланыштырып ачып бербестен, алардын жан дүйнөсүн аралап, психологиялык анализден өткөрүп, өзүнчө мүнөзгө ээ болгондугунда. Анын бирден-бир алгачкы максаты болуп - адамдын жан-дүйнөсүн, ички дүйнө туюмун ачып берүү болгон. Образдын психологиясын ачып берүүдө жазуучу ички монологдорду көп пайдаланган. Чыгарманын башкы каармандары болгон Качикенин, Чынаркандын, Берметтин, Мырзабектин, Жамалкандын ички монологдору чыгарманын ар кайсы жеринде, ар түрдүү кырдаалда орун алган. Каармандын ошол сырткы окуяга болгон таасирлениш монологу аркылуу каармандын образы психологиялык жактан кеңенирээк ачылып берилген. Көпчүлүк убакта адамдын жекече турмушуна карата сын көз караш менен кароо принцибинде чечмеленет. Муну Качикенин төмөнкү ички монологунан кездештирсек болот:

«Өзүмчү өзүм? Менде эмненин кайраты? Кишинин эң эле бош, жүдөөсү мен эмеспи? Качан мен кабыргасы каткандык кылып, тыңыраак иштеп, кыйынчылык менен күрөштүм эле? Качан болсо ишимди да иштей албай, турмушумду да кура албай, көчөдө дабдырап жүрчү эмес белем! Качан болсо ишимди, өзүмдүн таалайымды өткөрүп жиберип басып жүрүп, «асан кайгы» болчу киши эмес белем.....»[10] Демек, Качике өзүнүн бардык жерде эч нерседен багы жоктугуна, турмуштун татаал бурулуштарына дайыма өзү туш келерине кейип, ошол эле убакта өзүнүн боштугуна нааразы болуп карайт.

Ошондой эле ички монолог аркылуу каармандардын образы таамай ачылып берилет. Буга Мырзабектин ички монологу далил болуп берет:

«Апсамат,-деди ичинен Мырзабек.- Апсамат куу, кытмыр, анткор, анын авторитети да өзү жасап сүйлөгөндөй жасалма;ичи тар, бирөөнү көралбайт;ошондуктан анын бетине бирөө бирдеме деп даап айталбайт. Андай кишилерди өзүнүн душманы көрүп, бирде болбосо бирде аларды каралайт. Тиги Апжапарчы? Педант. Мансапкор. Коркок, көлөкөсүнөн үркүп турат. Зулпукар болсо ээрчиме. Булардын баары өзүнөн башкаларды киши ордуна көрбөй, бирок аны билгизбей, ичинен гана күлүшөт. Бирок булар кишинин акылдуулары, аны өздөрү билишет, мындайча айтканда өздөрүн өздөрү акылдуу санашат,ошондуктан бирөөнү жамандап, бирөөнү жектеп, бирөөлөргө сын такканды өз укугу деп эсептешет....»[11]. Сыртынан сыр бербей кытмырланып, патриоттуулук сөздөрдү сүйлөп, эл-жерин үчүн күйгөн киши болуп сүйлөгөн, кейиген киши болуп көзүнө жаш имерген Апсаматтын образы Мырзабектин бул монологунда жеткиликтүү ачылып берилген.

Негизи жазуучунун чыгармачылыгында адамдын сырткы дүйнө менен болгон байланышына караганда ички дүйнөнүн орду кеңенирээк орун алган. Ички монолог, адамдын жан-дүйнөсүнүн ар түрдүү абалы таамай сүрөттөлүп, ачылып берилген.

Жыйынтыктап айтканда, «Майдан» романы кыргыз адабиятында биринчи психологиялык романдардан болуп эсептелет. Жогоруда айтылган белгилүү адабиятчылардын пикирлери бул ойду тастыктап турат десек болот.

Адабияттар

1. Абдукаимов У. Майдан. -Ф., 1980.
2. Асаналиев С. Кыргыз романынын мейкининде // 1969, 12-ноябрь.
3. Борбугулов М. Цель - художественное исследование действительности // Вопросы литературы. -1971. -№ 7-9.
4. Даутов К. Создатель романа нового типа // Сов. Кирг. -1989. -№ 242.
5. Жумаев М. «Майдан» романынын көркөм дүйнөсү //Озмительские чтения-99.
6. Садык Алахан. Узакбай Абдукаимов жана «Майдан» талкуусу. -Б., 2000.
7. Хлыпенко Г. Прозадагы психологизм // Кырг. мад. -1971, -17-март., -№11.

К.Эдилова,
ЭААУ

МЫРЗА ГАПАРОВДУН АДАБИЯТКА КЕЛИШИ

М. Гапаровдун ысымы кыргыз адабиятына 1950-жылдардын аягында угула баштаса да, 1960-жылдары анын арааны көрүнүп, таанымал боло баштады. Ал кичинесинен эле элдик дастандарга, эпосторго, уламыштарга, санжыраларга кызыгып, анын кызыгуусу бара-бара адабиятты сүйө билүүгө, жазуучулук шыгын ойготууга жакшы өбөлгө түзгөн. Эмгек жолун геологиялык чалгындоо партиясында жумушчу болуп иштөөдөн баштаган.

Жаратылыштын кооздугу жазуучуну өзүнүн сыйкырдуу дүйнөсүнө тартып, алгачкы чыгармачылык ойлорду, сезимдерди тартуулаган. Жазуучунун чыгармаларынын дээрлик бардыгында пейзажды, айлана-чөйрөнү, жаратылышты сүрөттөө сүрөтчүнүн кыл калеминен жаралгандай жандуу да, элестүү да сезилгени жазуучунун жүрөгүнүн сезгичтигин, көрөгөчтүгүн, жазуучулук сезиминин күчтүүлүгүн айгинелейт. Ал геологиялык чалгындоо партиясында иштеп жүргөн мезгилинде көркөм адабияттын улуу жолуна кадам таштап, алгачкы аңгемелерин жаза баштаган. Бирок жазуучунун айтымына караганда ошол мезгилде эмне жөнүндө жазып жүргөнүн эстей албайт. Себеби редакцияга жиберген аңгемелеринин бири да жарыкка чыкпай, авторго кеп-кеңеш айтылып, кайрадан өз колуна тийчү экен. Басса-турса колунан китеп түшпөгөн жаш уланга А. П. Чеховдун чыгармалары абдан жагып калат. Бирок канчалык окуса да орусчага жеткиликтүү түшүнбөй, А. П. Чеховдун чыгармаларын алгач өзбек тилинде, анан кыргыз тилинде (котормолорун) окуп, кийинчерээк гана улуу жазуучунун чыгармаларын оригиналында эркин окуп калган. Илим-билимге умтулган жаш жазуучунун тилеги орундалып, Кыргыз мамлекеттик университетинин филологиялык факультетинин студенти болуп калат. Студенттик мезгилден анын чыгармачылык жолунун алгачкы ийгиликтери жарала баштады.

1956-жылы «Жаш ленинчи» журналына эң алгачкы «Сырдуу окуя» деген аңгемеси жарыкка чыгат. Бул аңгемеде колхоздун мурабы Кубат карыя, небереси Сатай, кошунасы Осмон карыя жөнүндө баяндалат. Кубат карыянын минген аты тик жардан үркүп өтөт, бул туурасында ал үйүнө келип, небересине жана Осмон карыяга айтып берет. Осмон карыя «үркөн жеринде кунанына бир сыр көрүнгөн. Айтаарым ушул: ошол жерге баргын да бир жолу дуба окуп, бата кылып кой. Артынан келме келтирип койсоң да зыяны тийбейт»[2] – деп кеп-кеңешин берет. Көрсө, ал жерде эч кандай сырдуу нерсе деле жок экен, болгону дөңгөчтөн ат үркүп кеткен экен. Сатай чирип калган дөңгөчтү бир тээп жардан кулатып жиберет да, чоң атасынын кылыгына, аңкоо мүнөзүнө боору эзилгенче каткырып күлөт. «Мына ошол күндүн эртеси Кубат карыя эртең менен жумушка бара жатканда анын жээрде кунаны «сырдуу окуя» болгон жерден үркпөй өттү»[3]. Бул динге каршы үгүттөлгөн чыгарма. Себеби ошол мезгилдеги динге болгон айыгышкан атеисттик күрөш жазуучунун ушул аңгемесинен ачык эле байкалат. Динди жоктоп атеист атка конуп, ата-бабалардын нускалуу сөздөрүн, кылган иштерин, үлгү болорлук насыяттарын, улуу жолдорун унутка калтырып, эмнеге жетиштик. Элинин өткөндөгүсүн унутуу, жектөө, эстен чыгаруу албетте маңкуртчулукка алып барат, ата-салттан ажырап маңкурт болорубузга аз калган. Динди эмне үчүн жерийбиз, каалагандар жүрөгү, көңүлү, пейли буйрук бергендер ыйык тута берсин, себеби динде да улууну урматтап, кичүүнү ызаттап, ата-бабаларыбыздын салт-санаасын урматтаган пайдалуу касиеттери көп.

«Сырдуу окуя» аңгемесинде автордун элдик каада-салтты, карыларды кадырлап, урматтаган салтын жерип, чоң атаны неберенин шылдыңына, мыскылдоосуна дуушар кылган. Себеби эмнеде? Аңгемеде Кубат карыя жумуштан келе жатып, атынын бир жерден үч жолу үркүп кошкурганын кошунасына айтат. Кошунасы болсо ал жерде бир сырдуу нерсе бар экенин айтат да, дуба окуп, бата кылып коюсун өтүнөт. Бул жерде Сатайдын чоң атасын мыскылдап күлөрлүк деле себеби жок. Чоң ата небересинин алдында басынып, бүжүрөп калышы, дуба окуп, бата кылып коюш, өзүнчө бир кылмыштай сүрөттөлөт. Аңгеменин аталышы да темасына, идеясына төп келишпейт, бул жерде эч кандай сырдуу окуя жок, чириген дөңгөчпү же Сатайдын күлкүсүбү? Аңгеменин маанисине, маңызына карап, ой жүгүртүп олтуруп, үлгү болорлук, жаш окурмандар аларлык таалим-тарбияны, эстетикалык сапаттарды байкоо кыйын. Сатайдын образын жазуучу үстүртөн сүрөттөп, анын ойлогон ою, жасаган иши, жандүйнөсү көмүскөдө калган. Жогорудагы кемчиликтер жазуучунун өз жолун таба электигин, стереотип-схеманын колдомосунда жүргөндүгүн айгинелейт.

1958-жылы «Жаш ленинчи» журналына жарык көргөн «Бөтөн таканын изи» аңгемесинде Алжир ме-

нен Франциянын ортосундагы айыгышкан согушту баяндаган ачуу чындыкты окуп жатып, көзүнө ылайдан көгүчкөн жасап ойноп жаткан бейкүнөө беш-алты жаштар чамасындагы алжирлик наристенин жана баарын кыйраткан француз солдаттарынын сүрөтүн көрүп, ошонун негизинде жазган. Бул көркөм чыгарма эмес, публицистикалык чыгарма да.

Жазуучунун 1958-жылы жарык көргөн «Чымын», «Балык» «Бөбөгүмө», «Араб кызына»[1] аттуу ырлар жыйнагы мектеп жашындагы балдарга арналып жазылган. Бул ырлар жыйнагында автор балдарга чымынды, балыкты жандуу сүрөттөп гана тим болбостон, алардын жашоо-тиричилигинин кызыктуу учурларынан мисал келтирген. 1966-жылы жарык көргөн «Бир шиңгил жүзүм» аттуу мектеп жашындагы балдар үчүн жазылган жомогунда автор жаныбарлардын, түлкүнүн, коёндун жана башка жаныбарлардын бир шиңгил жүзүмдү ынтымактуу, урушпай-талашпай бөлүп жегендигин сүрөттөө менен балдарды ынтымакка, биримдикке үндөгөн.

1963-жылы жарык көргөн жаш окурмандарга арналган «Мейман»[2] аттуу чакан повестинде жазуучу окурмандарды айылдык кең пейил, ала-көөдөн, ак көңүл балдар менен тааныштырат. Чыгармада башкы каарман Кимсан өзү жөнүндө, достору жөнүндө окурмандарга баяндап берет. Автордун биринчи жыйнагы экендигине карабай, мындагы чыгармалар балдардын образдарынын ачыктыгы, окуялардын чебер түзүлгөндүгү менен окуучулардын сезиминде жылуулук калтырат. Жыйнак «Мейман» аттуу чакан повести менен ачылат. Чоңдор темасына арналган «Турналар жазда келишет» аңгемесин 1961-жылы жарыкка чыгарды. Бул жазуучунун такшалуу жолундагы чыгармасы. «Жаш өспүрүмдүн балалык сүйүүсү, чоң турмуштан өз жолун издеши аталган аңгеменин сюжетин түзөт. Аңгеменин негизги каарманы Азиз сүйгөн кызы Разияга таарынып, аны менен бир мектепте, бир класта, бир партада катарлаш олтуруп окууну каалабай, мектеби, бирге окуган классташтары менен кош айтышып, шаарга кетет. Азиз таякесин ээрчип шаарга барган күндөн тартып, өз алдынча иштөө деген эмне экенин, чыныгы турмуш кандай болорун күн өткөн сайын акырындап түшүнө баштайт. Селсаяк таякесин ээрчип, шаардын далай ашканаларын кыдырып, мейманканаларын түнөк кылат. Акыры жолоочуну ээрчип жаңылгандыгын түшүнүп, турмуштан өз жолун издеп кетет. Окуучу Азиздин образын анын мүнөзүндөгү калыптануу процессин автор бир кыйла жеткиликтүү ачып бере алган»[1]. Бирок М. Арстанбековдун чыгарманын түпкү маңызын карабай үстүртөн жасаган анализи менен Азиздин таякесин такыр эле селсаяк кылып, адам санынан чыгарып коюуга болбойт. Болгону турмуш жолунан адашкан, турмуштан өз ордун таба албай убара болгон адам десек туура болчудай.

«Аңгемеде жаздын келиши символикалык маанига ээ. Жаз келгенде кыркаар тартып адамдардын сүйүктүү куштары – турналар да кайрадан учуп келишет эмеспи. Ошондуктан жаздын келиши бул сапар Азиз менен Разиянын да көңүл отун, кайрадан жандандырып, сүйүү жаратаары шексиз»[1], – деп К. Абдылдабеков макаласында белгилеп кеткендей, жазуучунун чыгармачылыгындагы бурулуш жасаган чыгармасы болуп эсептелген.

Айрым бир кыргыз жазуучуларынан бирден бир чоң айырмачылыгы, ал жөн келди эле каарманын көкөлөтө бербей, мактабай, аны көптүн бири катарында баяндап, аны кадыресе турмуштук тагдырын окурмандын көз алдына тарта билгендигинде.

Жазуучунун эң алгачкы аңгемелеринин бири «Газала» (1963). Бул аңгеме жөнүндө сөз козгосок, бул сегиз-тогуз жашар, чыгармада аты аталбаган баланын эскерүүсү. Бул аңгеме жаш баланын эскерүүсү экенин, биз чыгарма башталганда эле баамдайбыз.

«Ошондо мен канча жашта болдум экен? Тогуз же сегиз? Жок, тогуз болуу керек. Анткени ошол кышта, сандалда бүлбүлдөгөн жип чырактын жарыгында ийик ийрип олтуруп, кандайдыр бир сөздөн улам, таенемдин: «Сен ушул келе жаткан баарда тогузга чыгасың», – дегени жадымда калыптыр»[2].

«Газала» аңгемеси тууралуу адабиятчы Ү. Касыбеков төмөндөгүдөй пикирде экендигин билдирген. «Жөнөкөй гана сүйүү тарыхы. Асыресе, мунун артында чоң турмуш, чоң дүйнө жаткандыгын көрөбүз. Турмуш аңгемеде кандай гана жактары менен көрүнбөсүн, чыныгы татаал дүйнө экендигине ишенебиз. Андан өзүнчө жеке турган фактыда, жеке ситуациядан, кокустук көрүнүштөрдөн турган окуянын системасын эмес, көп жактуу, татаал байланыштарды көрүүгө болгон умтулуу, аны кеңири нравалык иликтөөгө болгон аракет бар экенин баамдайбыз»[3]. Жогоруда Ү. Касыбеков белгилеп кеткендей, жаштардын үмүт-мүдөөсүн, каалоо-тилегин жазуучу өзүнө гана таандык чеберчилик, талант менен баяндайт. Ошону менен катар эле жаш баланын эскерүүсү, Кундуздун өлүмү аркылуу жалпы журттун башына түшкөн кыйынчылыкты, азап-тозокту, кан күйгөн согушту сүрөттөйт.

Бекеринен автор чыгармасында сүтак тууралуу элдик уламышты баяндабаса керек. Себеби, соолуган согуш Кундуздай нечендеген жаштарды мүшкүлгө салып, жаш кезинен, сүйгөн жарынан ажыратты. Уламышта Сүтак кандай какшап суранса, булар да ошондой сураныш, арзуу тилектерин эмгектери менен көрсөтө алышты. Ал эми пайгамбардын келини Сүтактын тою менен Кундуз жеңесинин тоюн салыштыруусунан, баланын наристе, балалык дүйнөсүнө кайрадан кайрылып баргысы келгенин, тынч мезгилди эңсеп сагынганын байкайбыз. Баланын таза, назик дүйнөсү турмуш жагдайынын көп жактарын ачып, согуштун тийгизген оор залкалары баланын айыпсыз дүйнөсү аркылуу көрсөтүлүшү, окурманды өткөн күндү, азыркы мезгилдин таасиринен баалоо маанайында берилген. Дал ушундай көрүнүш, согуш мезгилине карабай, сырткы дүйнө каардуу, катаал реалдуу дүйнө эмес, поэтикалуу дүйнө катары сезим калтырат.

Газала өзүнчө символикалык көрүнүш, себеби ыры менен адамдын моокумун кандырып, бирок караанын көрсөтпөгөн газала бул Кундуз менен өспүрүмдүн келечекке болгон үмүт тилеги, каалоосунун күбөсү катары эстетикалык жактан чоң кызмат кылат.

«– Көп нерселер жөнүндө, – деди жеңем ээгин тизесине коюп, алыска-алыска кыялдуу карап. – Көпкөк асман, көчмөн булуттар, күндүзгү ай, күндүн нурлары, топурагы эшилген, талаалар, мүрзөлөрдүн үстүнө чыккан кызгалдактар, кубалашып ойногон көпөлөктөр, шыбактын түбүндө жумуртка басып жаткан башка бир газала жөнүндө ырдайт»[1].

М. Гапаровдун өзгөчөлүгү, көркөм чеберчилиги ушул жерден дагы бир жолу айгинеледи. Газала жөнүндө Кундуздун баяны өзүнчө бир поэтикалуу, анын ырын жашоодогу эң аяр, назик, түбөлүккө кайрылгыс көрүнүштөргө салыштырат. Бул чыгарма тууралуу адабиятчы Б. Кебекова төмөндөгүдөй пикир-

ди айткан: «Мырза Гапаровдун «Карача Торгой» (1963) аңгемесинде алгачкы сүйүүсү мүшкүлдүү соғуш мезгилине туш келип, сонуну таркабай, өкүттө калган жаш келиндин трагедиялуу турмушун кичинекей эпизоддук окуяда таамай тартат. Бул да болсо аңгеме жанрынын күрдөлдүү иштеле башташын, сүрөттөө чеберчилигинин артышын, жанрдык спецификанын тактылышын көрсөткөн фактылардан»[2]. Б. Кебекова жогоруда белгилеп кеткендей, М. Гапаров согуштун айынан, залалынан дал ушундай трагедияга дуушар болгон жаш келиндин аянычтуу тагдырын жаш баланын таза дүйнөсү, көзкарашы менен берип, жеткирип жатат. Согуш мезгили экенине карабай, жаш баланын эскерүүсү балалык таза сүйүүгө, кардай тазалыкка бөлөнгөн Газала бул эки каармандын тилегин, ой-мүдөөсүн түшүнгөндөй, аны өз тилине салып ырдап, элдин кубаныч, кайгысына, азап-тозогуна ортоктош болгондой элес калтырган. Жакыптын согуштан келгенде аялын угузганда ыйлабай, анын өлгөн жерин көргөндө, көзүнөн жашын куюлтуп ыйлашы, кандай гана аянычтуу сүрөттөлгөн. Өмүрлүк жубайынын өлгөн жерин өз көзү менен көргөндө гана өлүмдүн таш боордугуна наалат айтып, сүйгөнүн жоктоп ыйлады.

Кундуздун образын автор лирикалык тондо берген, ал өзүнчө бир ажайып, назик дүйнө. Кайниси менен согуштун азабын чогуу тартып, талаа ишинде иштеп, колу бошой калганда бак аралай ойношу, гүлдөгөн аппак өрүкзардын арасында каректеринен куюлган жаштын ай нуруна чагылышын сүрөттөө менен автор Кундуздун образын тереңирээк ачып бергенге аракет кылып, окурманга анын кандай адам экенинен кабар берет.

Жазуучунун «Газала» аңгемесинде согуш учурунда айыл-кыштактарда кары-картаңдар, жалгыз бой аялдар, эне сүтү оозунан кете элек жаш балдар калгандыгы баяндалат. Бирок башка жазуучулардан өзгөчөлүгү бул, чыгарма кандайдыр бир кан күйгөн согуштун илебинен алыс тургандай сезилет да, жаш баланын эскерүүсү, айрыкча, Кундуз жеңеси жөнүндө балалык таза сезим менен баяндап бергени, окурманга жакшы ой калтырат

Газала – бул жалпы калайык-калктын согуштун эртерээк жеңиштүү аяктап, жакындарынын кан күйгөн согуш талаасынан аман-эсен кайтышын тилеген үмүтү, зары. Газаланын сайрашы – бул жашоонун, махабаттын түбөлүктүүлүгүн даңазалоо. Кан күйгөн согуш ааламга, адам баласына мүшкүл түшүрсө да, нечендеген адамдардын өмүрүн кыйса да, жашоо токтобой улана берет.

Жазуучуну айрыкча турмуштан жаңылып өз ордун табалбай калган же болбосо акырындап туура, түз жолду тандап алып, келечекке карай ишенимдүү кадам шилтеген каармандар кызыктырат. Мисалы, «Турналар жазда келишет» (1961) аңгемесинде Азиздин, «Күнөстүү арал» повестинде Жаңылдын образы буга толук күбө боло алат.

Адамзаттын жакшылыкка умтулуп, жакшы көрүнүшкө, саамалыкка карай кадам шилтеши адамды өзүмчүлдүктөн сактап, жандүйнөсүн байытып, шыктандырып, жаңы күч, жаңы дем, жаңы шык тартуулайт. Жазуучунун чеберчилиги – адамдын жандүйнөсүн татынакай таразалап көрсөтүү менен бирге, ага кандайдыр бир көп жактуу, көп түстүү маани бергендигинде. Чеберчилик, тереңдик менен каармандын турмушундагы жооптуу мезгилдердин жандүйнөсүнө, аң-сезимине тийгизген таасирин, турмушка, дүйнөгө болгон өзгөрүүсүн түп тамырынан бери көрсөтүп, каармандыы тереңирээк изилдеп, көрсөтүп бере алгандыгында.

Автордун жалпы чыгармачылык мезгилинде, окуялардын жайгаштырылышына чоң маани берилип, автор айтайын деген оюн, идеясын окурманга таасирдүү, эффективдүү жеткирүүнүн жолдорун издейт. Күндөлүк толгон-токой көнүмүш нерселердин ичинен каармандардын тереңдеги дүйнөсүн турмуш түшүнүгүн ачууга зарыл болгон турмуштук деталдарды гана ирген алат. «Эки ирет гүлдөөчү алмалар» (1963) аңгемесинен окурманды таасирленте турган, күндө көрүп, угуп жүргөн турмуштук жагдайдын көркөм деталын байкайбыз. Аңгеме жаш өспүрүмдүн өгөй атасынын үйүнөн качып чыккан жеринен башталат. Бала качат, эне артынан куып келет. Баланын энесинен качышы анын ашкере эркелигинен эмес, ал кириптер болгон турмуш жагдайынын өзүнөн келип чыгып жатат. Үй-бүлөнүн экиге бөлүнүшү эне, бала үчүн оор трагедия болот. Чыгарманын аты эле атап тургандай эки ирет гүлдөгөн алмалардын канчалык алсыз, начар болушу, алардын түшүм бермек турсун, арандан зорго экинчи гүлүнүн эптеп-септеп гүлдөп турушу, экинчи ирет үй-бүлө күтүп, арабөк болуп, орто жолдо калган тагдырлар. Дал ушундай тагдырга баланын ата-энеси дуушар болуп, алардын өз ара түшүнбөстүгү, өзүмчүлдүктөрү баланын бактысын кыйып, ата-эненин таза сүйүүсүнөн айрылтып, азапка салат. Ал кайсы күнөөсү үчүн ичкен-жегенден башка эч нерсени билбеген заар тилдүү, ырайымсыз өгөй атасынын кагып-силкүүсүн башынан өткөрүп, уу сөздөрүн кулагы эшитет.

Бактылуу кезинде бала энесине бактагы эки түп алманын эмнегедир эки ирет, беймаал гүлдөй турганын айткан эле. Бала муну мурда бактылуу кезинде байкап, эмнегедир элес алган эмес, бирок бул сапар ал гүлдөр баланын көз жашын пайда кылып, жүрөгүн сыздатты. Себеби бала ата-энесинин кетирген каталыктары үчүн бактылуу балалыктан кол үзүп олтурат. Бакта гүлдөп турган татынакай гүлдөр баланын жаш жүрөгүн сыздатып, ата-энеси менен чогуу жашаган бактылуу күндөрүн эске алып, жалгыздыктан тажаган баланын жүрөгү ата-эненин сүйүүсүн, мээримин эңсеп ыйлайт.

М.Гапаров турмушту жалаң гана жалтыраган күзгүдөн көргүсү келбейт. Ал адамдардын турмушунда боло жүргөн кыйынчылыктарды көрмөксөнгө салып, айланып өтүп кетпей, алардын орду, жашоо күрөшү, сүйүнүчү, жеке кетирген жаңылыштыктары ж. б. жактары менен тең бөлүшкүсү келет.

Жазуучунун каармандары ички адамгерчилик сезимдери өсүп жетилген, белгилүү бир деңгээлде интеллектуалдык дүйнөсү бай адамдар, алар ак ниеттүүлүк, бийик адамгерчилик сапаттары менен айырмаланат.

Адабияттар

1. Асаналиев К. Кыргыз прозасынын очерктери (2-бөлүм). – Ф., 1960.

2. Гапаров М. Сырдуу окуя // Жаш ленинчи. 1956.

3. Гапаров М. Чымын. Балык. Бөбөгүмө. Араб кызына (ыр). – Ф.: Жалын, 1958.

4. Гапаров М. Мейман. – Ф.: Кыргызокуупедмамбас. 1963.

5. Ирисов П. Мындай меймандар келе берсин // Ленинчил жаш. 1963, 23-октябрь.

6. Арстанбеков М. Изденүүнүн издери //Кыргызстан маданияты, 1972, 16-ноябрь.

7. Абдылдабеков К. Аңгеменин каарманы заман-даштарыбыз //Ленинчил жаш, 1973, 24-апрель.

8. Гапаров М. Кара-Көлдүн каздары. – Ф.: Мектеп, 1973.
9. Касыбеков Ү. Көп түрдүүлүктүн биримдиги. – Ф.: Кыргызстан, 1980.
11. Кебекова Б. Кыргыз совет аңгеме жанрынын өсүш жолдору. – Ф.: Илим, 1967.

Emrah İLİK,
Kabil universitesi

MANAS DESTANI VE FİRDEVSİ'NİN ŞEHNAME'SİNDE ALP VE PEHLİVANLARIN İLK KAHRAMANLIKLARI, GENÇLİKLERİ VE KULLANDIKLARI ALETLER

Destan, eski çağlarda bir milletin hayatında büyük yankılar bırakmış tarihi olayların (büyük yenilgiler, büyük zaferler vb.) çağdan çağa değişmiş ve sayısız hayal unsurları katılarak tanınmaz hale gelmiş uzun manzum hikâyesidir.

Büyük, olağanüstü toplum ve kahramanlık olaylarını uzun ve manzum olarak anlatan edebiyat türüdür (Güleç, 2002: 104).

Destanlarda sairler, yazarlar, destancılar ve asıklar sanatsal bir dil ile halkın geçmişini beyan ederler. Tarih sadece destandaki her dönemden birleşen bir devirdir diye belirtilen çemberde tasvir edilir. Başka bir deyişle, destanlarda bütün asırlardaki tarihi gerçekler iç içe gelir." (Smirnova 1960:284).

Çalışmanın amacı İran ve Türk kültürlerinde kahramanların, gençlikleri ve ilk kahramanlarının karşılaştırılmasıdır. Bu doğrultuda iki kültür arasında benzerlik ve farklılıkların ortaya koyulması amaçlanmaktadır.

Türk destanlarının dünyaca en tanınmışlarından olan Manas destanı ile Firdevsi'nin Şehname'sinde doğumu olağanüstü olan ve daha çocukken kahramanlığını ilan eden Alp veya Pehlivanın gençlik dönemleri de olağanüstülükler ile geçmektedir.

Türk destanlarında görülen genel Alp tiplerinin çoğu 14-15 yaşlarında kahraman olmaktadırlar. Manas Destanı'nda kahramanlar on veya on dört yaşlarında savaşçı olmaya hazır hale gelmektedirler. Manas "on yaşında ok atmış, ondört yaşında ordu(karargahlar) devirip han olmuştur." Destan da bu ifadeler aşağıdaki şekilde yer almaktadır;

"Yakup oğlu genç Manas
Yalnız doğmuş er Manas
On yaşında ok atmış
Ondördüne basınca
Ordu devirip han olmuş
Altmış aygır,
yüz genç at Hokanttan alıp yedi

Seksen genç kısrak ile bin (top) ipek kumaş Buhara'dan aldı,
Kaşgar'daki Çinlileri sürüp Turfan'a çıkardı,
Turfan'da ki Çinlileri sürüp Aksu'ya çıkardı."
(Radloff,1995)

Bu mısralarda, "Yalnız olan er Manas" dizelerinden Manas'ın tek erkek çocuk olduğunu anlamaktayız.

Manas'ın oğlu Semetey de;

"On üç yaşında ok atmış
On beş yaşında düşmanlarını mağlup etmiştir."
(İnan,1987)

Bu mısralardan, destan kahramanlarının, günümüz için çocuk sayılabilecek bir yaşta gençliğe ilk adım attıkları zamanda kahramanlıklar gösterdiği anlaşılmaktadır. Bu özellik sadece Manas Destanı kahramanlarına ait bir özellik değildir. Diğer Türk destanlarında da, o dönemin şartlarından doğan bu özelliği görmekteyiz.

Şehname de Rüstem'in daha çocuk yaşta yaptığı ilk kahramanlıklarından biri de şu şekilde anlatılmaktadır;

"Rüstem daha çocuk denecekyaşta bir gün babasının sarayında uyurken,kulağına gelen seslerden, babasının savaşlarda yararlıklar gösteren beyaz filinin bağını kopardığını, insanlara zarar verdiğini anlar, Nil deryası gibi coşmuş ve taşmış olan azgın beyaz file doğru koşar bir tek vuruşla dağ gibi fili öldürür,Zâl, oğlunun kahramanlığını duyunca filin ölümüne üzülür ve oğlunun da yiğitliğine sevinir. Onu Sipend dağındaki kaleyi almaya gönderir." *(Şehname)*

Rüstem'in dedesi Meriman kaleyi almak isterken ölmüş, Şam'da otuz yıl savaştıktan sonra geri dönmüştür. Fakat Rüstem tuz satan bir kervan'ın sahibi olarak kaleye girer ve kaleyi alır.

Yine Rüstem'in oğlu Sührab'da daha genç yaşta fetihlere başlamış ve Turan ordusunu yenmiştir. Bu durum destanda şu şekilde anlatılmaktadır;

"Rüstem"in oğlu Sührab, Turanlıların ümit bağladıkları Akkale'yi almak için bir Turan ordusu ile gidip kaleyi aldığı zaman,yaşı on yediyi geçmeyen bir pehlivandı."*(Şehname)*

Manas Destanı'nda kahramanların daha küçükken kendi silahlarını yaptıklarını görmekteyiz. Alp "in silahı çoğu kez demirden yapılır, çünkü Türklerde demircilik kutsal bir işti. Türkler Ergenekon"da yüz yıllarca maden işleyerek yaşamışlardır. Manas'in kılıcı yapılırken,

"kömürü için birçok orman,körüğü için bir öküz kesilmiş, kılıca su verilirken birçok çeşme kurumuş, tepkisine dayanamayan kırk altı usta bayılmıştır. Bu kılıca zehirli pınarda su verilmiş,ejderin zehri ile üç ay beslenmiştir." *(Radloff,1995)*

Firdevsi'nin Şehnamesi'nde de Rüstem'in daha küçük yaşta ve ilk kahramanlıklarında oldukça güçlü silahlarının olduğunu görmekteyiz;

"Onun oku mızrak kadardır.Temreninin ağırlığı sekiz yüz gramdır. Öküz kafası biçimindeki ağır gürzü dokuz yüz kilo"dur. Bir savaş günü düşürürse bir timsah bile onu kaldıramaz. Zırhı pars derisindendir.Kemendi altmış

ilmiklidir ve atının terkisinde kangal kangal asılıdır."*(Şehname)*

Firdevsi'nin Şehnamesi'nde diğer destan kahramanların gençlikleri de oldukça muazzamdır. Efrâsiyâb yine bir gün rüyasında kendisinin Siyâvuş'un oğlu ve torunu olan Keyhüsrev tarafından öldürüleceğini görür ve bu rüyalar gerçekleşir, şöyle ki; Siyâvuş öldükten sonra İranlı kumandanların rüyalarına girer. Onlara Turan «da Keyhüsrev adında, bir oğlu olduğunu onu getirterek İran tahtına oturtmalarını söyler. Bu rüya üzerine pehlivan Giv, gizlice Turan'a gönderilir. Giv'in Keyhüsrev'i bulmaya çıktığında ve onu bulduğunda söylediği şu sözler kahramanların gençliklerine dair bilgi vermektedir;

"Tam bu sırada uzaktan bir çeşme görür.Onun başında da başı,kokulu ve renkli çiçek demetleri ile örtülmüş ve elinde bir şarap kadehi bulunan sevimli, gönül çekici bir delikanlı görür. Onda zekânın belgileri, boyunda posunda da tanrısal bir güzellik görülür . Giv ona doğru giderek yaklaşınca çektiği zahmetlerin artık sona erdiğini aradığı hazineyi nihayet bulduğunu anlar."(Şehname Cilt III:716)

Manas Destanı'nda Alp'in ilk kahramanlığı bir hayvanı yenmesi ile başlar, daha sonra başka insanlarla mücadele onun kişiliğini geliştirir.Er-Manas'ın on yaşında yay kullandığı yazılı, ayrıca her tören ve şölende ok yarışları düzenlendiği ve Manas'ın yiğitlerinin süslü oklarını atıp durdukları belirtilmektedir.

Şehname'de ise; Rustem daha genç yaşında, gürzüne güvenerek, Efrâsiyâb'la (Alp-Er Tunga) savaşa gitmek ister. Kendisini önlemek isteyen babasına:

«Pençemde, halis çelikten yapılmış ve su renginde öyle bir gürz vardır ki,

o bir bulutu andırır.

Bu bulutun yağdırdığı yağmur da kandır.

Onun tözünden ateşler saçılır ve başı fillerin yinlerini ezer.

Zırhımı sırtıma geçirince felek ürker."

(Şehname)

Yine Şehname'de Keyhüsrev yedi yaşına geldiği zaman eline bir değnek geçirir, bağırsaktan yaptığı bir kirişi o değneğin iki ucuna takarak, düğümler Sonra, tüysüz ve temrensiz bir ok yaparak, ovaya gidip avlanmaya başlar

İran destanlarında çok yemek yemek, pehlivanın gücünü gösterir niteliktedir. Türk destanlarında çok yemek yiyen Alp'lara rastlanmakla beraber çok yemek yemenin uyku ve gaflet getirdiği sözleri tekrarlanır. Çok yemek yemek Türk destanlarının bazısında kötü alışkanlık olarak gösterilir. Yedi gün yemek yiyip yedi gün uyuyanlara rastlansa bile Oğuz Kağan ve Manas gibi baş kahramanlarda görünmez Tepe Göz gibi tiplerde ve düşman taraflarda görülür.

Şehname de Rüstem'in oburluğu şu şekilde anlatılmaktadır;

"Rüstem doğuştan obur bir çocuktur. Ona on dadı birden süt verir, sütten kesilip de yemek yemeğe başladığı zaman,ona ekmek ve et yedirirler. Rüstem beş kişinin yiyeceğini yer, herkes onun bu yemek yiyişine şaşırıp kalır. Büyüyünce de ava çıktığında veya savaşlara gittiğinde yaban eşeyini yakalayarak kızarttıktan sonra bir çırpıda yer."*(Şehname)*

Şehname'de Rüstem İsfendiyar karşılaşmasında; İsfendiyar ve ordusunun hayret dolu bakışları arasında sofraya kızartılıp konulan birkaç koyunu birden yer üstüne de doyuncaya kadar şarap içer.

"Rüstem"in oğlu Sührab da daha küçükken süt kokan dudaklarıyla şarap içer" *(Şehname)*

Pehlivan'ın pehlivan olmadan önce kişiliğini geliştiren bir takım aşamalar vardır, Rüstem azgın bir fili öldürdükten, Sipend dağındaki kaleyi aldıktan. Kavuş padişahı devlerin elinden kurtardıktan sonra büyük savaşlara katılır.

Alplar savaşlarda gösterdikleri yararlılıklarla ün kazanır, halk tarafından sevilirler. Alp en büyük başarısını yabancılarla savaşırken gösterir. Alp'in gerek savaşta gerek barışta yanından ayırmadığı kırk yiğidi vardır. Bunlar gözü pek kahramanlardır ve Alp'in can yoldaşlarıdır. Çoğunlukla boylu soylu il beyleridir.

Pehlivanlar da Türk destanlarında olduğu gibi esas ünlerini yabancılarla yaptıkları savaşlarda kazanırlar. Rüstem bütün ününü İran-Turan savaşlarındaki tekli karşılaşmalarda elde etmiştir. Şehnamede orduların karşılaşmasından önce tekli savaşlar yapılır. Rüstem ortaya çıkıncaya kadar tekli savaşları her zaman Turanlı Efrâsiyâb kazanır. Fakat Rüstem savaş sahnelerinde görülünce her pehlivanı hatta Efrâsiyâb'ı da yener.

Manas Destanı'nda kahramanların gençken çok cesur olduğunu görmekteyiz. Çinliler Manas'ın hemen hemen bütün ordusunu yok ediyorlar. Öleceğinin bilincine varan Almambet, genç Sırgak'a henüz vakit varken kaçmayı teklif ediyor fakat cesur Sırgak ülkesine dönmek istemiyor. Yüzlerce düşmanın karşısında tek başına kalan Sırgak, kanının son damlasına kadar savaşıyor. Yiğit Çubak ve öbür savaşçılar da aynı şekilde hareket ediyorlar. "Büyük Gaza" nın komutanı Almambet de son nefesine kadar savaşıyor. Manas'ın kendisi de savaş atını kaybetmesine, ölümcül yaralar almasına, kan kaybetmesine rağmen gücünün son damlasına kadar savaşıyor. Kendisini savaş meydanından alıp Talas'a götürmeyi güçlükle başarıyorlar. Manas yolda kan kaybından bilincini kaybediyor ve ancak doğduğu toprakların kokusunu duyduğunda gözlerini açıyor ve son nefesinde silah arkadaşlarının dul kalan eşlerinin ayaklarına kapanıyor: (http://yordam.manas.kg/ekitap/pdf/Manasdergi/sbd/sbd12/sbd-12-07.pdf)

Ve ağladı o zaman Manas:
"Benim iki kanatım yandı, ayaş!
Benim savaş atım Akkula öldü, ayaş!
Benim sadık Almambet'im öldü ayaş!
Yiğit Çubak yok, ayaş!
Suçumun kefaretini neyle öderim,
Genç Sırgak'ım savaşta şehit düştü, ayaş!
Ben iki gözümden oldum, ayaş!"

(Radloff,1995)

Bu mısralardan da anlaşılacağı üzere, Manas Destanı'nda kahramanlar genç yaşta oldukça cesurlardır. Ayrıca silah arkadaşlarını da asla yalnız bırakmamaktadırlar. Savaşta genç Sırgak ölüme gideceğini bilmesine rağmen Manas'ı yalnız bırakmamıştır. Manas'da bu sadakatin farkındadır.

Bu değerlendirme yazısında Türk ve İran destanlarının benzer yönlerinin ve iki kültürün etkileşimine değinilmektedir. Bu amaçlar Turan ve İran coğrafyasının iki önemli ve meşhur destanı Manas ve Şehname karşılaştırılmış Alp ve Pehlivanların ilk kahramanlıkları, gençlikleri , kullandıkları aletler ve arkadaşlarına yönelik bir araştırma yapılmıştır.

Alp, esas savaşlarına başlamadan kişiliğini geliştiren yararlılıklar gösterir, azgın hayvanlarla savaşır. Aynı durum pehlivanlar içinde geçerlidir.

Bu çalışmamız bize göstermiştir ki Türk ve İran kültürleri farklılık gösterse de, iki kültürün destanları birbirinden etkilenmiştir.Ve bu iki destan bunun en açık delilidir. Manas ve Şehname'de kahramanların gençlik dönemlerinin, yetişme şekillerinin de benzer şekilde başladığı görülmektedir.

Kaynaklar

1. Firdevsi, Şehname I-II-III, çev. Necati Lugal, MEB Yayınları Devlet Kitapları Müdürlüğü, Üçüncü Cilt

2. İnan, A., Makaleler ve İncelemeler, Türk Tarih Kurumu Yayınları, Ankara,1987

3. Ögel, B., Türk Mitolojisi, Kaynakları ve Açıklamaları ile Destanlar, Cilt II, Ankara, 2002

4. Smirnova, S,N, Kazak Edebiyatının Tarihi, 1. Cilt., Almatı, 1960.

5. http://www.turkishstudies.net/sayilar/sayi10/yC4 BIlmazmehmet.pdf

6. çev: Doğan GÜRPINAR http://yordam.manas.kg/ekitap/pdf/Manasdergi/sbd/sbd12/sbd-12-07.pdf

Asil ŞENGÜN,
БГУ им. К. Карасаева

TÜRK HALKLARI MASALLARINDA

Özet

Kuranda anlatılan Yusuf Kıssası insanlık tarihinde önemli bir yere sahiptir. Türk Halkları Edebiyatında bu kıssadan etkilenilerek birçok edebi ürünler verilmiştir. Bunlardan en önemlilerinden biri meşhur Divan Edebiyatı şairi Fuzuli'nin Yusuf u Züleyhasıdır. Fakat Yusuf Peygamber kıssası ve özellikle bu kıssadaki Yusuf'un kuyuya atılması motifi Türk halkları masallarını da derinden etkilemiş ve birçok masalda kuranda işlendiği şekliyle yer almıştır. Makalede Yusuf Peygamberin kuyuya atılması olayının Türk halkları masallarındaki izleri anlatılmıştır.

Anahtar kelimeler: Masal, hikâye, din, kaynak, Yusuf peygamber

Masallar, milletlerin sözlü nesir ürünlerinin en önemlilerinden biridir. Masallarla ilgili olarak günümüze kadar çeşitli tarifler yapılmış ve bu türün kaynağı konusunda da muhtelif fikirler ileri sürülmüştür. Masalın "düş ürünü olaylarla örülü anlatı türü" (Artun, 2004: 107) tarifi yaygın olup anonim halk edebiyatının bu nevisinin asıl kaynağı ancak özel çalışmalarda yer almaktadır. Masalların kaynağı ile ilgili araştırmalar her ne kadar farklı görüşte olsalar da bu görüşlerin bir tek noktadan hareket ettiğini fark etmek mümkündür. Bu konuda Gedeon Huet'in fikrine bakılırsa "Masalların teşekkülü hususunda bir noktaya saplanıp kalmak doğru olmaz. Bazı motiflerin menşeini çeşitli usullerle tayin mümkündür. Lakin masal edebi neviler gibi müstakrir bir şey değildir. O, bilakis kuşaktan kuşağa aktarılırken daima değişir yeni yeni unsurlar alır, unsurlardan birçoğunu terk eder. Onun için masallarda Hint'in olduğu kadar Babil, Mısır, İran, Yunan, Küçük Asya tesirlerini ve mahalli izleri de aramak icap eder." (Sakaoğlu, 2002: 51)

Masalları incelerken masallarda anlatılan olaylara, masallardaki motiflere yukarıda verdiğimiz bu tespitle bakıldığında önümüzde masallarla ilgili olarak yeni yeni ufukların açıldığını ve masal perdeleri arkasında yeni hazinelerin saklı olduğunu görmek mümkündür. Bu esnada masal türünün işlevinin de göz ardı edilmeyerek hatta bazen ön planda yer aldığına dikkat etmek gerekmektedir. Bu ise masal anlatıcılarının kim olduğu, onların güttükleri amacın ne olduğu konusunu da aydınlatmaktadır. Yani masal sadece hoş zaman geçirmek için anlatılmamış olup zamanenin çeşitli sorunlarına yönelik bir yaklaşım türü olarak da yorumlanabilir.

Daha çok fantastik masallarda yer alan mucizevî olayların kaynağını uzaklarda, çeşitli milletlerin masallarında aramaktansa masalın ait olduğu milletin tarihini, kültürünü, inancını derinlemesine incelemekte fayda vardır. Böylelikle masal motiflerinin milletlerin temel dinamiği olan inanç unsurlarından etkilendiğini görebiliyoruz. Bu husus Batı masalları için geçerli olmayabilir. Ancak Türk Dünyası masallarında çeşitli dini hikâyeler, insan psikolojisinde büyük izler bırakan bazı peygamberlerin başından geçen olaylar, bazen aynen bazen de az çok süslenerek Türk Dünyası masallarındaki kahramanların da başından geçmektedir.

Yani halk arasında peygamberlerin hayatları anlatılırken yaşadıkları olayların, mucizelerinin değişip farklılaşarak halk muhayyilesinde yeniden yoğrulup sıradan insanların anlayabileceği bir tarzda işlenmiştir. Özellikle Hz. Yusuf (a.s)'ın rüya görmesi, kardeşlerinin hasedi neticesinde kuyuya atılması, Hz. Süleyman (a.s)'ın bütün canlıların dillerini bilip onlarla konuşabilmesi, çeşitli tabiat güçlerinden istifade etmesi, Hz. Musa (a.s)'ın asasıyla Kızıl Denizi yararak geçmesi, Hz. İsa (a.s)'ın babasız olarak dünyaya gelmesi gibi, bazı peygamberlerin yaşadıkları olaylar Tük Halkları masallarını derinden etkilemiş, bu olaylarla ilgili motiflere masallarda geniş yer verilmiştir.

Tük Halkları masallarında tespitimize göre en çok etkileyen Yusuf Peygamber hikâyesidir. Kuran'da, Yakup Peygamberin oğlu olan Yusuf (as.)'un başından geçen olaylar Yusuf Peygamberin kardeşlerinin kıskançlığı neticesinde öldürülmek istenip sonunda kuyuya atılması, kuyudan kervancılar vasıtasıyla kurtulması, köle olarak satılması, daha sonra kardeşleri ile tekrar karşılaşması ve babası Yakup'a (as.) kavuşması şeklinde sıralanmıştır.

Yusuf suresinin 8. ayetinde kardeşleri tarafından Yusuf Peygambere olan kıskançlık dile getirilmekte: "(Kardeşleri) dediler ki: Yusuf ile kardeşi (Bünyamin) babamıza bizden daha sevgilidir. Hâlbuki biz kalabalık bir cemaatiz. Şüphesiz ki babamız apaçık bir yanlışlık içindedir."(Kuran, 1993: 235) Yusuf suresi 10. ayetinde ise Yusuf peygamber kuyuya atılması anlatılır: "Onlardan biri: Yusuf'u öldürmeyin, eğer mutlaka yapacaksanız onu kuyunun dibine atın da geçen kervanlardan biri onu alsın (götürsün), dedi." (Kuran, 1993: 235)

Türk Dünyası masallarında kardeşler arası haset çokça işlenen bir konu olup, özellikle akıllı ve başarılı, çoğu kez de yakışıklı olan küçük kardeş diğer kardeşler tarafından kuyuya, mağaraya, zindana bırakılmaktadır. Küçük kardeş bazen öldürülerek bazen de eli ayağı kesilerek kuş uçmaz kervan göçmez yere terk edilmektedir. Yalnız küçük kardeş bir tesadüf sonucu veya daha önce yaptığı bir hayır vesilesiyle bazen de atının yardımıyla düştüğü zor

durumdan kurtulabilmektedir.

Türk Dünyası masallarında çok yaygın olan motifi içeren bir Kırgız masalı "Kence Bala"da (Küçük Çocuk) bir han, rüyasında ağladığında gözünden yaş yerine inciler dökülen bir kuş görür. Hanın üç oğlu vardır. İkisi yetişkin biri daha oyun çağındaki çocuktur. Yetişkin çocuklar babalarının rüyasına giren ağladığında gözünden yaş yerine inciler dökülen kuşu bulmak için yola çıkarlar. Fakat aradan geçen uzun zamana rağmen kendilerinden bir haber çıkmaz. Bu arada ağabeyleri giderken çocuk yaşta olan Kence Bala büyür ve delikanlı olur. Hem ağabeylerini hem de babasının rüyasında gördüğü kuşu bulup getirmek için han babasından izin ister. İzin alır almaz yola çıkar. Neticede çeşitli zorlukları aşarak kuşu bulur. Ayrıca kuşun uyuyan sahibi güzel kızı da alır ve daha önce bulduğu ağabeylerinin yanına gelir. Ağabeyleri önce onu sevinçle karşılarlar. Fakat kendilerinden başarılı olup kuşu bulması, bir de bunun yanında güzel bir kız getirmesi ağabeylerinin kıskançlık duygularını kamçılar. Ağabeyleri kendi aralarında Kence Bala hakkındaki düşünceleri ve onu kuyuya atmaları masalda şöyle anlatılmaktadır: "İki ağabeyi kardeşinin eskisinden de güzel, öncekinden de genç, güçlü olduğunu görüp çok şaşırırlar. Geceleyin ikisi akıl danışıp: "Babam onu zaten severdi, şimdi hakkımıza düşen maldan da olacağız. Onu öldürüp, kuşu "Biz bulduk." deyip alıp gidelim, dediler de uyurken çocuğu da kızı da öldürüp kuyuya attılar, kuşu alıp gittiler. "Kuşu biz bulup geldik!" diye babasının yanına gelip: "Küçük oğlun biz yapma desek de dinlemeyip, gitse gelmez yola düşüp, bu gidişle bir daha görünmedi. Beklemekten takatimiz kalmadı. Sonunda gelmeyince ümit kesip, şirin gözlü inci yaşlı kuşu alıp geldik" dediler. (Kebekova ve Tokumbayeva, 2007: 186.)

Küçük kardeşi kuyuya atma veya kuyuda bırakma motifi birçok Türk masalında işlenmiştir. "Altın Bülbül" masalında, her şeye sahip olan padişah kızını evlendirmek ister. Birçok taliplinin olduğunu görünce şart ileri sürer. "Kim Altın Bülbülü getirirse kızımı ona vereceğim." der. Bunun üzerine prensesle evlenmek isteyen birbirinden yakışıklı üç kardeş de Altın Bülbülü bulmak için yola çıkar. Neticede küçük şehzade başarılı olur ve Altın Bülbülü alıp gelirken dönüş yolunda ağabeyleriyle buluşur. Ağabeyleri küçük şehzadenin başarısını kıskanırlar ve yolculuk esnasında ondan kurtulmanın yolunu ararlar. Masalda küçük şehzadenin kuyuya atılışı şöyle anlatılmaktadır: "Yolda çok susayan kardeşler, kovasının dibi delik bir kuyuya rast gelmişler. Ortanca ve büyük oğlan kuyuya inip su içmişler. Sıra küçük oğlana gelince onu da kuyuya indirmişler ama yukarı çekmeyip kuyuda bırakmışlar. Sonra Altın Bülbülü de alıp oradan uzaklaşmışlar. Aradan günler, haftalar, aylar geçmiş. Kuyuda ölmek üzere olan küçük şehzadeyi tesadüfen oradan geçmekte olan yaşlı bir cadı kurtarmış."(Yavuz, 1994:145.)

Buna benzer örneklere Türk masallarında sıkça rastlanmaktadır. Türk masallarından "Saraydaki Eksik, Üç Kardeş, Şehzade Hüdadat ile Kırk Dokuz Kardeşi, Küçük Kardeş, Yedi Çingene (Yavuz, 1994), Sihirli Tavşan, Altın Bülbül, (Tezel, 2001), Gülmez Padişahı (Alptekin, 2002) vb masallarda ağabeyleri tarafından kıskançlık nedeniyle küçük kardeşin kuyuya atıldığı işlenmektedir.

Kazak masallarında da aynı motif işlenmiştir. Diğer Türk halkları masallarında olduğu gibi Kazak masallarında da kardeşler arasındaki kıskançlık neticesinde genellikle büyük kardeşler tarafından küçük kardeş kuyuya atılmaktadır. Mesela, "Şal men Kempir" masalında üç kız kardeş arasındaki rekabet neticesinde ablaları tarafından küçük kız kuyuya atılır.(Kazak Ertegileri, 2000:103.)

Özbek masallarından "Sünbül Kuş" masalında aynı şekilde başarılı olan küçük kardeşi kıskanan ağabeyleri iki gözünü oyup kuyuya atarlar.(Özbek Halk Ertakları - Kence Batır, 1991:58)

Fantastik masallar, aslı bir gerçek olaya dayanmakta olup eski çağlardaki inançlara, mucizevî olaylara, insanların başından geçen sıra dışı akıl ile izah edilemeyen olaylara dayanmaktadır. (Kaskabasov, 1984:199) Bu olaylar zaman içinde değişerek süslenerek olayın ilk anlatıldığı şekli değişmiş fakat içindeki temel unsurlar değişmemiştir.

Masalları hayali, kafadan uydurulma deyip geçmemeli. Dikkatlice incelendiğinde içinde kutsal kitaplarda peygamberlerin mucizeleri ile ilgili anlatılan olayların teferruatı değişerek farklı adlardaki masal kahramanları ile mucizevî olaylara dayanan motiflerin masallarda işlenerek günümüze ulaştığı görülür.

Masallar, temeli insanlık tarihinin karanlık devirlerinde cereyan etmiş bir esas olayın zaman içerisinde insanlar tarafından süslenerek kuşaktan kuşağa anlatıla gelmiştir.

Yukarıda Yusuf peygamberin kıssası masallara yansımalarıyla ilgili verilen örnekleri çoğaltmak mümkün. Bu örnekler bizim incelememize göre özellikle Türk, Kırgız, Kazak ve Özbek fantastik masallarında yaygın olarak görülmektedir.

Türk halklarına peygamber, kutsal kitap gönderildiğine dair bir bilgi olmadığı halde eskiden, günümüzün romanları niteliğinde olan masallara peygamberlerin mucizeleri ile ilgili motiflerin nasıl girdiği dikkat çekicidir.

Hâsılı masallar hayali, uydurma deyip geçmemeli. İnsanlık tarihinin karanlık devirlerinde meydana gelen olayların, sırlarının aslı itina ile saklanarak, süslenerek yer yer değişerek günümüze kadar taşınmasına vesile olan edebi türlerden biri masallardır.

Kainaklar

1. ALPTEKİN A.B. (2002) Taşeli Masalları, Akçağ Yayınları, Ankara

2. ARTUN E., (2004) Anonim Türk Halk Edebiyatı Nesri, Kitapevi, İstanbul

3. Kazak Ertegileri, (2000) Jazuşı, Almatı, 6.cilt

4. KASKABASOV S., (1984) Kazak Halk Nesri, Almatı, Gılım

5. KEBEKOVA B.,. TOKUMBAEVA A, (2007) Kırgız Halk Masalları, Bişkek,

6. Kuran-ı Kerim ve Açıklamalı Meali, (1993) Diyanet Vakfı Yayınları, Ankara

7. ÖZBEK HALK ERTAKLARİ(Kence Batır), (1991), Çulpon, Toşkent

8. SAKAOĞLU S., (2002) Masal Araştırmaları, Akçağ Yayınları, Ankara

9. TEZEL N., (2001) Türk Masalları, MEB Yayınları, İstanbul

10. YAVUZ M.H.; (1994) Masallar, Doruk Yayınları, Ankara

Р.И. Таштемирова,
Кыргыз-Түрк "Манас" университети

ЯШАР КЕМАЛДЫН "ТОО БАЯНЫ" ПОВЕСТИНДЕГИ ТООЛУКТАРДРДЫН ЖАШОО ОБРАЗЫ, НРАВАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮНҮН КӨРКӨМ ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

Түрк элинин белгилүү жазуучусу Яшар Кемалдын кыргыз тилине которулган бир топ аңгемелери менен катар "Тоо баяны" деген китеби кыргыз окурмандарын түрк элинин жашоо, турмушу, дүйнө таанымы менен тааныштырат. Ал өзү Османияда (1922) туулган. Журналисттик кесипти аркалап, чыгармачылыгын алгач ыр жазуу менен баштаган. Кийинчерээк аңгеме, репортаж азып, анан прозага өткөн. Чукурова өрөөнүнүн кыдырып, фольклор топтоо менен өзүнүн чыгамачылыгында да фольклордук элементтерди ыктуу пайдалана алган. Чыгармаларында айрыкча тоолуктардын өзгөчө мүнөздөрү, жашам мыйзамдары менен алардын социалдык абалдарын өтө эргүү менен сүрөттөөгө алат.

Анын "Тоо баяны" деген чыгармасында тоолуктардын эң кастарлаган, жашоосундагы эң маанилүү болгон жылкы менен адам тагдыры бир байланышта баяндалат. Анткени чоорчу, карапайым, тоолук жигит Ахмедин тагдырына күтүлбөгөн жерден дөөлөттүү жердин жылкысы туш болду. Ал түсү да, мүчөсү да келишкен ,узун шыйрак, шам кулак аргымак Ахмед эч нерседен капарсыз күү, болгондо да "Тоо каарын" чалып олтурганда анын короосунда пайда болду. Күү баяны мындай: "Адам уулу сыбызгыны үйлөсө кулак төшөгөндөрдүн көз алдына кларын чача заңкайган заңгил Тоо тартыла калганы не деген шумдук! Адам акылы баарын аңдайт бейм: бүркүттүн канат какканы да, кумурсканын быкпырдай кайнаганы да, күн менен айдын алма кезек чыгышы менен батышы да, өмүр менен өлүм да, айтор, баары түшүнүктүү. Адам баласы бир гана нерсени - өзүн өзү андай албайт тура.

Тоо буркан-шаркан түштү да калды. Күрс - тарс эте буркурап кар түштү. Бөрткөн бүчүрдөн бетер жылдыздар чарт сынды. Ай шоласы кутуруп төгүлүп жатты Тоо болсо өч алсам дегенде эки көзү төрт боло энсеси кетип басып келатты: оор оор дем тартканда, кара дөөнүн төшү сымал көкүрөгү көөп чыгат. Ахмед күүнү улам тарткан сайын Тоонун каары улам буркандап, жер астындагы күркүрөк-шаркырак улам катуулап баратты.[1] Автор так ушул символикалык шарттуулукту коюу менен Ахмеддин кийинки тагдырынан кабар берет. Жазуучу тоолуктар жөнүндө баяндаган чыгармаларында алардын тоодой бекем, кээде каардуу болгон нравалык түшүнүктөрүн көркөм сүрөттөөгө алат.

Бул "Тоо баянында" Ахмеддин эшигине өзү келип токтогон аргымактын тагдыр буйрук менен аныкы болорун (ал канчалык азап түйшүк алып келерине карабастан), бирок анын да өзүнчө нравалык эрежеси бар экендигин көптү көргөн Софи түшүндүрөт. "Атты төмөн жолго алпарып ташта,. Кайтып келсе, кайра алпар. Үч ирет ушинт. Анан анын ээси бейби, пашабы, не Осмон падышасыбы, не Ирандын шахыбы, не Көроглыбы-эч кимге бербе. Жаныңды алса алсын атты бербе. Керек десең жапырт чыгып болушабыз сага." Ахмед ошондой аткарат. Үч жолу жолго алып барып таштайт, үч жолу тең аргымак андан мурун келип, анын эшик алдына туруп калат. Демек, аргымак ага кудай тартуулаган кут. Аны алдыруу намысты алдыргандан менен барабар. Мына бул тоолуктардын "намыс" мыйзамы. Ал эми намыска келгенде алар өлүмдөн да кайра тартпайт. Андан ары автор аттын ээси Бейазид пашасы (паша-аскердик жогорку наам - Р.Т) Махмуд менен ат үчүн Ахмед баш болгон бүтүн тоолуктардын карама-каршылыктарын элестүү сүрөттөп олтурат. Көрсө, ар кандай бийлик күчүнө, байлыгына чиренген текеберлик тоолуктардын ар-намысынын астында алсыздык кылат экен. Мындай жашоо ахлагынын эрежеси аларга ата-бабаларынан келаткан салттык мыйзам. Махмуд пашанын чабуулун укканда тоолуктар бүтүн айылы менен тоого чыгып, сактанышат. Анткени тоолуктардын коргоп калары да тоо. Ызаланган Махмуд паша бүтүн кыштакты өрттөөгө буйрук бергенде кыштакта жалгыз калган Софи абышка, көөлөнгөн жүзү менен Махмуд пашага мындай дейт: "Сен бейбаштык кылып жатасың паша? Тээ атам заман, алмустактан бери үйүнө келген атты кайтарып берген жан чыга элек го. Ушул салтты билчү эмес белен? Осмондорго түп отуң менен берилип кеткен окшойсун өзүң. Жалгыз ат үчүн бүт кыштакты өрттөп жибериш эмне деген мыкаачылык! Абайла, паша! Тоонун каргышы башыңды жутат! Бул кара өзгөйлүгүңдү эл кечирбейт... Мен сенин атаңды билчүмүн. Чыныгы жигит ошол болчу - паша болсоң да анын чыпалагына тең келбейсиң сен. Ал болсо сага окшоп салтка таш ыргытпайт эле. Пенаам, анын аты жесир катын, жетим бала, же болбосо ууру- кескиннин үйүнө туш келип туруп калса да баарыбир кайра албайт эле ал"[2] Демек, тоолуктардын ата салты алардын кебелгис нравалык эрежеси. Ал кандай болбосун аны ыйык сакташ керек. Мына ушундай нерселерди Яшар Кемал түрдүү мотировкалар менен иликтөөгө алат. Бирок адам деген адам, канчалык калыптанган элдик болобу, же мыйзам чегиндеби нравалык эреже болбосун, андан чыгып кеткен, же кабылдабай тургандары кездешет. Бул чыгармада Махмуд-хан так ошондой. Анын атасы бүтүн тоолуктар кадырлап, кастарлаган , өз ата салттарын ыйык тутканына карабастан, ал андай эмес, анткени ал атасы сыяктуу окуп билимдүү болгону менен турмуштук тажрыйбасы башка багытка көндүрдү. Ал Стамбулда кызмат өтөп, эрдиги менен данкка болонгөн. Дамаскиде, Аллеподо, Канрде жашаган. Софияда, Трансильванияда болуп, Чыгыш менен Батышты түгөл кыдырып чыккан. Ошол себептен да, атасынын өтүнүчү менен тоого кайрып келсе да, тоолуктардын адеп-ахлагын, үрп-адатын кадырламак тургай, ага көнүп, аны кабылдашы кыйын болгон. Ошондуктан да, сөз-намыс! деген улуу түшүнүгүн те-

кеберлигинин натыйжасында четке кагат. Себеби анын атынан Муса-бей, Ахмедке келип: " Паша сени бир көрүүгө зар экен... Башка эч нерсенин кереги жок. Сени гана бир көрсөм дейт. Атына да кайыл. Тоолуктар беймарал үйлөрүнө кайтышсын дейт. Бейлер сени да, калган журтту да кечирүүгө пашаны көндүрүптүр. Бирок, ал "бу Ахмед деген кандай киши болду экен?" деп кызыгып калганын карабайсыңбы. Бейлерге айтыптыр: "Он беш жылкы жерге кирсин, андай жигиттин өңүн бир көрсөм болду эле"- деп. Мени силерге жибергенинин себеби ушу" дейт. Тоолуктар ары кетип, бери кетип, акыры сөз берүү ыйык эмеспи деп ойлоп, өздөрүнө эрежесине таянып, Ахмедди пашага жөнөтөт. Бирок ал сөзүндө турбай, атты талап кылып, болбогон соң, Ахмедди зынданга салууну буюрат. Чыдабай кеткен Муса-бей: "Сенин бул кылганың адамгерчиликке жатпайт, паша... Адамгерчилик эмес, пастык. Мен сенин кебиңе ишенип, Ахмедди алып келип бердим, көрсө, мен ага ор казган турбаймынбы.[3]" дегенде аны кошо зынданга салат. Мындай көрүнүш, албетте, тоолуктардын кыжырын кайнатат. Жазуучу бул чыгармасында каармандардын карама-кашылыктары, курч конфликтердин негизинде адамдардагы сөз кадырлоо, жөнөкөйлүк, ар-намыс, адамгерчилик, туруктуулук, кайраттуулук, калыстык ж.б. менен текебердикти, батылдыкты, мажирөөлүктү, өзүмчүлдүк менен кара өзгөйлүктү ачып бере алган.

Ошондой эле чоор күүлөрүнүн берилиши адамдардагы чыңалган психологиялык абалды ачып берүүдө эң сонун эффект берет. Мисалы, ат короосуна келип алгандан соң, Ахмед "Тоо каары" күүсүн ойнойт. Күүнү уккан Софа бир окуянын болгонун сезип, анын жанына басып келип, Ахмеддин үйүнө келген аргымак маселесине күбө болот. Ошол эле учурда бул күү боло турган каардуу окуялардан кабар бергенсийт. Ушул эле күүнү жазыксыз зынданга түшкөндө Софа аксакал өзү да ойнойт. Так ушул эле чоор күүсү мындай тагдырларга Гүлбахарды да насиптеш кылат. Чоор күүсүнүн ыргагы да сүрөттөлө турган окуянын маани-маңызына жараша. Анткен Ахмед Гүлбахар менен махабат сезимине эгедер болгондо Софага: "Чоорунду берчи?" деп суранат да, анан ал ага чейин эч ким эшитпеген жаңы күүнү безентип кирет. Ал күүдөн угуп турган Софи, Муса-бей, ал тургай кекиликтер лаззат алат. Ахмед менен Гүлбахардын теңдешсиз махабатын сүрөттөй келип, айтор: "Көрсө, ушун үчүн ат келип, так ошонун үйүнө токтогон тура! Кудайдын бешенеге жазганы да. Бул ат менен бул кыз - көк теңирдин белеги, Тоонун белеги. Ахмед мындай теңдешсиз белекке татыктуу болууга тийиш"[4] деп бүтүм чыгарат.

"Тоо баяны" повестинде автор тоолуктардын мүнөзүн, психологиясын, фиолософиясын, үрп-адат, салтын ага негизделген нравалык эреже-мыйзамдарын көркөм сүрөттөөгө алуу менен жеке адамдардын адеп-ахлагын, түрдүү мүнөздөрдү да чебер ачып бере алган. Мисалы, Гүлбахардын агасы тоолуктардын өзгөчө катуу да, бекем жүрүм-турумдарына карама каршы келет, берген убадасында тура албай, карындашынын сырын коркоктугунан атасына ачат, өтө эле мажирөө жана алсыз. Демек, нравалык жактан алсыздык бардык жеңилүүлөрдүн, кырсыктардын башаты. Андай учурда башкаларга да ажат ача албайт, өзү да жыргабайт. Жазуучу ушуну айткысы келет. Ал эми абакчы Мемонун образы башкача чечилет. Ал болгону буйрук аткаруучу. Анын эрдиги да, күчү да ошого чектелген. Абактагыларды мыкты кайтарат, баш ал десе аны орундатат. Маңкурттан айырмасы жок. Бирок ушундай кыймылсыз катыган сезимди сүйүү, махабат өзгөртөт. Жакшы менен жаманды, чындык менен калпты аңдаганга мажбурлайт. Натыйжада, өзүнүн сүйүүсүнө караганда бир топ бийик, чыныгы махабатка жол бошотот. Ал тургай, өмүрүнүн соңунда чындыкка жол ачып, күнөөсүз күнөөлүүлөргө боштондук берет. Ошентип, жазуучунун чеберчилиги менен туңгуюк жашап, туңгуюк сүйүп, аягында тунгуюкка бой урат. Ошондуктан Мемонун образы эпизоддук болсо да, чоң жүктү көтөрүп, таасирлүү чечилген. Нрвалуулукту иликтөөдөгү эң сонун көркөм табылга!

Абийир маселеси да ар кимдин нравалык түшүнүүгө жараша түрдүүчө сүрөттөлөт. Мисалы, Махмуд-хан үчүн абийир анын жеке атак-даңкы, өзүнүн пашалык аты. "Кара бет болдум... Өз кызым бетиме кара көө сүйкөдү. Биздин уруунун абийирин төгүп, беделимди чылага таптайт деп ким ойлоптур аны! ... Байка, Ысмайыл, оозуна келгенди оттоп салба. Маскара болгон башым көтөрүлгүс болот го эми. Бүткүл осмон жергеси күлөт го..."[5] дейт да кызын эч кимге билдирбестен абакка салдырат. Ал эми элдик каада-салттагы көп нерселер анын жеке кадыр-баркынын жанында түккө турбайт. Туура эмес чечиминен абийири кыйналып да койбойт Анткени ошол аргымакты канчалаган кыйынчылыктар менен жумурай журт, бүтүн бейлер, Шайык, Хюсолор убарага түшүп жатып, Ахмеддердин өмүрүнүн куну үчүн алдына алып келсе, ал убададан танып, өз аргымагын меники эмес, буйрук күчүндө калат деп, алардын шайын оодарат. Ошондой эле салтка ылайык Ахмеддин эшигине токтогон аргымакты албай деле коюп, тынч калса болмок, бирок анын пашалык атына, атак-даңкына доо кетип, абийирине шек түшөт деген текебердиги менен ошончо азапты өзүнүн да, өзгөлөрдүн да башына салды. Ал эми Ахмеддин абийир жөнүндөгү түшүнүгү: тоолуктардын заң-закүнүн бузуу-барып турган абийирсиздик. Ошондуктан ал намысты бийик тутуп, ал үчүн ажалга да моюн сунууга туура келет. Бирок ошол эле учурда жеке абийирге келсек, Гүлбахардын аны туткундан бошотуп, ажалдан сактап калуу үчүн Мемого "Каалаганыңдын баарын берем" деген сөзү үчүн гана (а чындыгында анын абийирине тиерлик эч нерсе болгон эмес) арзып жеткен сүйүүсүнөн баш тартат. Эмесе ошо Гүлбахардын ага болгон зор махабатынын жардамы менен баарын жеңбеди беле. Жадагалса, улуу тоо да ага чокусуна чыгып, от жагууга мүмкүнчүлүк берди. Бирок ошого карабастан Гүлбахардын ошол сөзү анын жеке абийир үчүн шек туудуруп, ал күмөндөн баарынан кечүүгө туура келет.Демек, бул да түрк эр жигитинин, анын ичинен тоолуктардын катаал нравалык түшүнүгү.

Андан башка да бул чыгармада тоолуктардын калыптанган элдик, коомдук нравалары жөнүндө көркөм сүрөттөлөт. Мисалы, "намыс өлүмдөн күчтүү", "элди сатканча жанды сат", "уруунун намысы баарынан бийик" деген сыяктуу. Мисалы: "Мындай эски салт бар. Эгер жигит кыз ала качып, алда кимден баш паанек сураса анда ал кызды атасына, ал ким болбосун бербейт. Кандай гана болбосун, атасынын макулдугун алышат, калың беришип, той жасашат. Ушундай ала качуулардын кесири тийип, кан төгүлгөн учурлар көп болгон, бирок үрп-адат сакталып кала берген." Ошондуктан Ахмед менен Гүлбахар хошаб коргонуна келгенде да, анын бейи осмон падышасына каштуу деп эсептелсе да өзүнүн көз каранды эместигин сактап калган-

дыктан "Гүлбахар султандын кызы болгон күндө да кабыл алмак. Уруунун ыйык закүнү ушундай. Өз даражасы кетип, башы алынса да, баш паанек сураган кишиге кыянат кылбайт. Антпесе, уят, өлүм, бирөөнүн көзүн карай албайт." Андан башка Ахмедди намыс үчүн тургандан соң, аны бошотууга болгон ар кандай аракеттер...

Жазуучунун бул чыгамасынын негизги темасы Чукурова өрөөнүнү чөйрөсү, адамдары, уруулары, жана алардын жашоо образдары, кыйынчылыктары жөнүндө болгондуктан аны кооздоо,көркөмдөө үчүн фольклордук стилди да колдонгон. Мында да башка чыгармаларындагыдай эле тоо өрөөнү, тоолуктардын жашоо образын, психологиясын, философиясын эргүү менен сүрөттөөгө алат. Ошондой эле ал чыгармачылык жолунда Чукурова өрөөнүндөгү фольклордук материалдарды жыйнагандыктан, анын чыгармачыл жан дүйнөсү элдик фольклорго мол эле. Ошондуктан да бул чыгармасында да фольклорду ыктуу пайдалангандыгы көрүнүп турат.

Адабияттар

1. Артыкбаев А. Акыйкат сабагы. -Ф., 1990.
2. Байыркы доордон азыркы доорго чейинки Түркия түрк адабияты. Анкара, 2003.
3. Эркебаев Э. Элдик эпостон адабий эпоско. -Ф., 1990.
4. Яшар Кемаль. Тоо баяны.-Ф., 1991.

М.М.Сыдыкбаева,
КМЮА

МЕЛИС МАКЕНБАЕВДИН "БААТЫРЛАР ЭМНЕДЕН ӨЛӨТ" РОМАНЫНДАГЫ АДАМДЫК АСЫЛ САПАТТАР

М.Макенбаевдин "Баатырлар эмнеден өлөт" романы жазуучунун он биринчи романы.Романдын башкы каарманы чыныгы турмушта жашап өткөн, жөн гана жашап өтпөй элине жардам берип, өзүнүн асыл сапаттары менен Нарындыктарга жана коншулаш казак элине да белгилүү болуп, өлүмү көпчүлүктү аттиң дедирип, арманда калтырып өткөн жигит.

Убагында "Темир чеңгел" деп аталган советтик системанын урашы коомдун бардык тармактарына чоң өзгөрүүлөрдү жаратуу менен улуттук адабиятта да олуттуу жаңылыктарды алып келди. Керек болсо кыргыз адабияты үчүн такыр эле чоочун детектив, порнография сыяктуу жаңы жанрларды жаратуу менен коомдун көркөм адабиятка болгон табитин калыптандырган үчүн жана ал, өз кезегинде массалык аң-сезимге таасир этип, андан таасирленген бүтүндөй бир муун жетилип келе жатканы үчүн бул тема саясий-социалдык жактан да актуалдуу темалардан болуп калды.

Жазуучунун буга чейинки "Бөрүлөрдүн чыйыры", "Карышкырдын белети,"Зона","Пресс хата" романдарын окуп, окуп эле тим болбой бул романдарды өзүмдүн кандидаттык илимий изилдөөмө кошуп, диссертациялык кенештеги окумуштуулардын ар кандай каршы көз караштарына өз көз карашым менен туруштук берип, ишимди коргодум. Романдар ким тарабынан жазылды (сөз жазуучунун түрмөдө жатканы жөнүндө), кандай шартта жазылды, заказ менен жазылдыбы, дагы башка жактары мени кызыктырбасын далилдедим. Мени кызыктырганы тикенектүү зым тор артындагы жашоо, андагы адам тагдырлары, ага арачы боло албаган коом, чектен ашкан адамдагы арамдыктар, адам тагдырларын тебелеген айрым бузулгуз кылып түзүп алышкан укук коргоочулардын бекем закондорун изилдегим келгенин далилдедим. М.Макенбаевдин чыгармаларына токтолуу - менин ишим үчүн илимий зарылдык болчу, себеби, дал ушул чыгармалар улуттук адабиятка жаңы чыйыр салып эле тим болбостон, учурунда колдон-колго өтүп окулган чыгармаларга айланган. Белгилеп кетчү жагдай, азыр эч кимден жашыруун эмес, китепке этектен тартып үңүлтө албай калган кезде детектив чыгармалардын окурманды кызыктырууда орду чоң. Мында М.Макенбаевдин жеке өзү ошол дүйнөдө жашап,өзүнүн көргөн билгенин көркөм чыгарма аркылуу бере алгандыгы да роль ойногон.

Ал эми менин бүгүн кеп кыла турган жазуучунун дагы бир романынын да өзгөчөлүк жактары көп экен. Көп эле адамдар өтө бай болуп, же бизнеси өркүндөп турган чакта да мынчалык кайрымдуулукту, боорукерликти жазашпас. Имангазы Шамиевдин артыкча боорукерлиги, адилеттүүлүгү, элге жасаган соопчулук иштери, кулк-мүнөзү, кыял жоругу менен теңир тоолуктардын жүрөгүнөн түнөк тапкан, отуз алты жашка чыгып чыкпай мыкаачылар тарабынан аёсуз өлтүрүлгөн маркумдун анызга айланган тагдырына арнаган. Аты, атасынын аты, анда катышкан башка каармандардын аттары да өз аттарында. Чыканактай кезинен эрте атадан жетим калышып, же үстүлөрүндө үйү жок, апасынын акушерлик айлыгы менен канча жыл өлбөстүн күнүн көрүп чоноюшканы, балалык күндөрүндө үйдүн ээси урушат деп үндөрүн катуу чыгарып ойной алышпаганы, кыйын шартта жашашса да аябай ынтымактуу өсүшүп, үч бир тууган чоноюшат. Ынтымак демекчи бир туугандык сезимди бийик тутууда жаштарга романдын салымы чоң. Романда макал-лакаптар да орду-орду менен колдонулган. Каармандын өзгөчө элин-жерин сүйгөнү, анын тынччылыгы үчүн күрөшкөнү кейипкердин жакшы сапатынан кабар берет. Качан кыргыз суусундук сатчу эле эми минтип заманга жараша болуп жатпайбы деп, кейийт.

Кармаша келсе анык баатыр. Бирок кээ бирөөлөрдөй каруу булчуңуна таянбаган, адил, таза, ыплас нерседен жалтанбаган кашкөй. Кара-Жайлооого чейин барып, криминалдык чөйрөнүн башында жүргөн Боха менен ачык сүйлөшүп, салган салыктарын, тоногон акчаларын ордуна койгула деп талап коет.

Бекер акчаны жеп, пайданы кускулары келишпеген арам ойлуулардын акылын арамдыгы жеңип, алсыздыгы арбап, канча адамга пайдасы тийген, бир адамга зыяны жок, асыл адамдын өмүрүнө окту ойлонбой атышат. Адам бечара өлдү, өлгөндө да жакшы адам өлдү. Оорулуу апасынын, кичинекей уулунун, андан көптү үмүттөнгөн элинин үмүт-тилеги түккө турбай каңкордун огу жайлады. Адам кээ бир учурларда каңкор карышкырдан да өткөн азуулуу. Мына ушул жерден улуу жазуучу Ч.Айтматовдун өмүр бою "канткенде адам уулу адам болот ",- деп собол ташап келгени эске түшөт. Адам уулун эң жырткыч делген жаныбарларга да салыштырып, керек болсо алардан да ашкан мыкаачы, алардан да ашкан каңкор,алардан да ашкан айбан экенин жүрөгү ооруп жазып келген. Ошол мыкаачы, ошол айбан Теңир -Тоонун дагы бир кулунун жайлады...

М.Макенбаевдин биз сөз кылып жаткан романында да мурдагы романдарында жолуккан кемчиликтер жолугат. Жазуучу ойду кууп кетип, айрым учурда чыгарманын көркөмдүк деңгээлине анчалык баа берилбей калган учуручурлар кездешет. Балким, адабият таануу илиминде М.Макенбаевдин романдары өз баасын ала албай келиши да ушундан болсо керек. Бирок, кандай болгон күндө да жазуучунун чындыкты тайманбай көркөм чыгарма аркылуу берип кетиши – бул анын кийинки муундарга берген маданий мурасы, элдин байлыгы катары бааласак болот. Белгилүү жазуучу Бейшебай Усубалиев жазуучунун "Караколдун түрмөсү"аттуу романына минтип баш сөз жазган: "... Ооба, турмуш канчалык жанчпасын, майыштырып шайын оодарбасын Адам деген адам экен да, Жүрөгүндө кенедей бүдүрү барлар акыры өзүнүн адамдык нарк-насилине кайтып келбей койбойт экен да. Азыр Мелистин жүрөгүндө коңгуроо кагылып жатат. Ал адамдыктын, адамкерчиликтин, ар-намыстын коңгуроосу. Барынан да ал түбөлүккө шангырай бермекчи". Жазуучу Б.Усубалиев баа бергендей кылмыш дүйнөсүнүн рыцары өзүнүн жүрөгүнүн түпкүрүндөгү чындыгын аз жашоосун билгендей элине берип кетүүгө шашкан экен. Коом алсырап, өз жарандарын бага албай тургандагы коомдо болуп жаткан ачуу чындыкты, керек болсо эл түшүнбөгөн, эл көрбөгөн жашоо образдарынын (тикенектүү зым тор артындагы) көшөгөсүн ачканы-бул детектив жанры үчүн эле эмес, кыргыз адабияты үчүн да жаңылык. Жабылуу теменын бетинин ачылышы, андагы азаптуу адам жашоолору эч кимди кайдигер калтырбаса керек. Ошол учурдагы мезгил өзү шарттап тургандай карапайым эл кыйналып, жаңы рынок жашоосуна көнүп кете албай , нан таап жеш кыйынга турган. Адам бечара жан багуу үчүн эмнени гана жасабады. Шаардын таштанды ташталчу жерине да барып жан бакты. Адам кандай кыйын шартта жашабасын өзүнүн адамдык улуу асыл сапаттарын жоготпой келет. Ал эми айрым адам аттууларда андай адамдык сапат деген жаратылышынан эле жаралбайт тура. Ошондой жүрөгү жок мыкаачынын колунан каза тапкан чымынга да зыяны жок, боорукер асыл адам Имангазы Шамиев болду. И.Шамиевди өлтүргөндөр кармалып, кылган кылмыштарын моюндарына алып жатышса да сотко председателдик кылып жаткан соттун адамдыгын арамдыгы жеңип, күнөөлүүлөрдүн күнөөсүн жеңилдетүү максатында маркумдарга күнөө коюп, каңкорлордун ишин жеңилдетип жатты. Өкүмдүн бардык жагдайды эске алып туура чыгарылышы, ошол сотко төрагалык кылган адамдын ыйманына, нарк-насилине байланыштуу. Андыктан "судья" деген мыйзам чыгаруучунун мантиясын кийген бир адамдын чыгарган өкүмүнө жараша, ошол өзү жашаган коомдун канчалык багытта туура кетип бара жатканынан кабар берет. Өнүгүү жолуна түшкөн мамлекеттин адилеттүү, же адилетсиз мыйзам коргошу анын айныксыз чагылдыра турган күзгүсү – сот болуп эсептелинет.

Бирок, адамдын укугун тебелөө улантылып жатты.- Тергөөнүн жүрүшүндөгү такталган материалдарга карабай сот уюшулган топтун башчысына, Бохага, он үч жыл берди. Айрым кылмышкерлерди сот залынан актап чыгарып жиберди. Муну укkан карапайым эл адилеттсиз сотко нааразы болуп, бир кой уурдап кармалган адам беш-алты жыл кесилип жатса, бакандай эки эр азаматты өлтүрүп коюшуп, эч нерсе болбогондой актalып кетишкенди көрүп, айласыздан,"сот жазасынан кутулушса да, кудайдын жазасынан кутула алышпас!",- деген эл ыза болуп кайтышты. Коомдо болуп жаткан мына ушундай арамдыктарга түк келише албай келген Ч.Айтматовдун жүрөгүн жогорудагы собол өмүр бою өйүп келген тура. Адамзаттын ан-сезимнде акыл-эс цивилизациясы жүрүп, коомду асылдандырмайынча жашоонун келечеги туман боюнча кала берет окшойт,- деген да ойго келесиң. Чыгарманын аягында чындык өз максатына жетип, кайрадан сот болуп, бул жолу акыйкат, адилетүү жыйынтык чыкканы айтылат.

Жашоо уланат, жакшы адамдар жакшы боюнча адамдардын эсинде жашай берет...

Адабияттар

1. Макенбаев.М. Баатырлар эмнеден өлөт. –Б., 2000.

2. Акматов Н. Диалог //Кыргыз Туусу. 2001. 6-9 - апрель.

3. Осмоналиев К. Макенбаевдин жети романы жөнүндө //Кыргыз Туусу, 1997, 21-июнь.

У.С.Кыдыкбаева,
Чүй университети

ЖООМАРТ БӨКӨНБАЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДАГЫ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

Кыргыз элинин көрүнүктүү акын, нукура каламгер, чон сүрөткер Жоомарт Бөкөнбаевдин туулган күнүнө (1910-жыл) 101 жыл толду.

Жоомарт Бөкөнбаев кыргыз акындар поэзиясынын эң ири өкүлдөрүнүн бири.

Адабият - бул кылымдар катмарынан бүгүнкү күнгө келген рух дүйнөсү. Ал турмушту жана андагы түркүн түстүү көрүнүш-кубулуштарды поэтикалык көрүү жана кабыл алуу менен көркөм чагылдыруу аркылуу адамдардын ички ой сезимин, жан дүйнөсүн аземде-

тип, толкундантып турчу, өзүнчө бир жарык берип шыктандыруучу күч. Бул жашоодогу баалуулукту, сулуулукту, дүйнөнүн кайталангыстыгын жана тынымсыз өзгөрүлгүчтүгүн астейдил эскертип, адам баласынын ой-акыл даражасына, кыял-сезимине кошулчу кымбат гүлазык. Албетте, адабият кылымдар бою адам баласынын үзөңгү жолдошу, кенешчиси болуп келген жана болуп кала бермекчи.

Анда кылымдар менен кылымдардын, муундар менен муундардын түздөн-түз байланышы жатат.

Адабияттын асыл касиетине, улуу миссиясына шайкеш келген Жоомарт Бөкөнбаев сыяктуу күчтүү таланттарды улам кайталап берген отуруп элдин күн жеткис руханий дөөлөтү катары, көркөм сөз касиети ар качан өз денгээл бийиктигинде, кебелбестен турмушуна мезгил өзү кам көрөт турбайбы.

Жоомарт акын чынында эле көркөм сөз өнөрүнүн жогорудай абройлуу милдет-озуйпасын актап өрт жүрөгү ыйык абийири менен эл-жерге, доорго татыктуу ак кызмат өтөп кеткен нукура калемгер. Ж.Бөкөнбаев эң биринчиден эле адабият асманына жаңы этип чыгыш, бул жарыктагы жашоо кереметин, дүйнө кооздугун, мезгил үнүн "Акын жаңы коомдун доору болуу керек" деп, өзү ураанын чакырган жаңы коомду куруу шанын табигый, күчтүү эмоциялык эргүү менен ырдап, даназалап өттү. Муну менен бирге ал окурман калкынын жүрөгүнө өчпөс из, түгөнбөгөн жол салып кетти.

Андыктан акыл менен анын окурмандарынын сүйүүсү дайыма жаш жана жаңы бойдон, мезгил ашып жашай берери шексиз.

Черткин күүнү, черткин күүнү, жүрөгүм,
Талабыма талпындырган тилегим.
Кайрат байлап, жалтак болбой, эл үчүн,
Ой болсо да кечкин, сууну жиргин!

Ооба, Жоомарт Бөкөнбаев ушунчалык ташкындап аккан жазгы дайрадай, оргуштап бийик атылган фонтандай, шарпылдап аккан шаркыратмадай, ченемсиз агыл-төгүл акын эле. Акындыкты эч ким окуп үйрөнбөйт, эмеспи. Ал адам баласына табияттан тартууланган көөнөрбөс, өлбөс-өчпөс, кунсуз белек экен да.

Муну менен бирге ал акынды түн уйкусунан бездирип, бүт эркин элей, жашына жай таптырбай жан алакетке салчу азаптуу да, ардактуу да, таланттуу да кесип.

Ал эми Жоомарт Бөкөнбаевдин бардык жанрларды камтыган поэтикалык кенч-мүлкүндө окурман сезиминде терең орун алып, элдин руханий өсүшүнө кызмат кылган, элге зарыл, ошондой эле акындын өзүнө да нечен ирет чыгармачылык кубанычтын даамын таттырган жана түбөлүк сүймөнчүлүк, сый-урмат алып келген ырлары ондоп саналат.

Акындар жерге бүтөт демекчи, Жоомарт Бөкөнбаев аныс туулган жердин кулуну. Анын кайсы ырын окусаң да жанга кымбат кыргыз жергесинин сүйкүмү, кооздугу көз алдыга тартыла калат. Жыйган жүктөй кат- кат тизилген сары аскалар, ак жибектей булайып, каалгып жай жылган булуттар, бирине-бири учкашкандай асман тиреген тоолор алардын койнун аралап эркин аккан сергилең күмүш булактар, жайылган тукабадай жашыл карагайлар, капчыгай жарып аркырап аккан дайралар, жайкалган эгин талаалары - Жоомарттын кыял жоругун эргитип, табигый шыгын арттырып, демине дем кошуп ырга салдырган кереметтер.

Калтардай түр кийинген көк ыраңы,
Буралган бетегеси, чөп туланы
Самсаалап ар жылгадан ыргып чыгат,
Седептей чагылышкан миң булагы.
Оргуштап тең ортодон агат суусу,
Берметтей көбүк көлкүп, атып буусу,
Учкан куш, жайылган мал, жүргөн адам,
Шаттанат, жадырашат, чыгып чуусу.

Жоомарт ырчылар менен беттешкенде эле "айтышам" деп турчу, жүрөгүндө карасы жок Эшмамбет, "Акбакайдай" укканды жүрөгүн элжиреткен күйгөн ыр-күүлөрдү урпактарга калтырган Коргоол тоо булбулу аталган Токтогулдар бет чайыган Керме-Тоонун шыңгыр доош булактары, алар жүргөн-өскөн Кетмен -Төбөнүн кооз жайлоолору сыяктуу ажайып жерлер анан кантип акынга өз таасирин, өз боёкторун кошпосун!

1927-жылы Ош газетасында анын "Жер алган кедейлерге" деген алгачкы ыры жарык көргөн. Ыр, ошол кездеги кыргыз элинин турмушундагы даңктуу окуялардын бири болуп саналат.

Акындын бул ыры жер-суу реформасына арналган болчу. Жаңы турмуштун жарчысы катары акын мындай көрүнүштөрдү, ырлардын маанисин идеяларын, жалпы элдик жигерди, эркин эмгек шаңын, өзүнүн акындык күчтүү сезимине айкалыштырып, жалындап күйүп поэтикалык тондо сүрөттөп, даназалап, тынымсыз күүгө салды.

Жоомарт замандын духун, күч-кубатын мезгил жүгүн өзүндө ала жүргөн мээнеткеч акын болчу. Ошондуктан, анын күчтүү динамикалуу өзүнүн мүнөзүндөй шар жана курч ырларынан мезгилдин деми, илеби, өң-түсү көзгө даана көрүнүп, кулакка угулуп тургансыйт.

Жоомарттын чыгармалары ошол кездин бүтүндөй турмушун, маданиятын көз алдыга тарткан өзүнчө бир доор сыяктуу болду.

Акындын бул эрдигин чындыкты чагылдыруудагы поэтикалык ойлордун кыйырсыз талаасында табыштаган чалгындоочу катары да белгилесе болоор эле.

Улуу Ленин айткандай "Ким иштесе, ал тиштейт" демекчи, "Издесең табасың" деген улуу сөздүн маанисин терең түшүнүү менен, акын эмгектенген, изденген. Анткени, ой деген кенч эмеспи, антар изде, олжосуз калбайсың.

Жоомарт Бөкөнбаев - лирик акын. Лирика, бул адамдын ички сезим кубулушун ырга айлантуу, же акындын өзүнө гана тиешелүү "Мен" деген дүйнөсү, көңүл көлкүткөн сөз формасы, ички монологу. Лирика ичке, назик, жумшак жана өтө ийкемдүү поэзия жанрынын мөлтүр булагы.

Кыргыз поэзиясы лирика менен айрыкча сүйкүмдүү жана уккулуктуу. Өмүр, өлүм, сүйүү, кызгануу, суктануу жаратылыш көркү жана башкаларушунун баарын лирика гана сезимге тийгизе айтып, адам жүрөгүнө жеткире алат.

Жалбыздын жыты буруксуп,
Жанына жыпар чачкандай,
Торгой жер тынбай таншышат,
Токтогул күүсүн тарткандай.
Кыялат гүлгө көпөлөк,
Кыз менен жигит жаткандай.

Бул Жоомарттын курсанттык лирикасы. Ал өзүнүн жан терметкен суктандыргыч лирикасы менен да кыргыз поэзиясына зор салым кошту. Акын кыргыз жанрынын рухуна, кыргыз жаратылышына арналган, күчтүү эмоцияга чыйратылган, көңүлгө толумдуу ыр - поэмалары, драмалары бөтөнчө жагымдуу жана эстетикалык ырахат тартуулайт. Аларды ар тараптан байкай карасаң, биринчиден андагы ойлуулукка, экинчиден, сыдыргыга салгандай жатыктыгына жана философиялык мазмунуна, акырында көркөмдүк татымдуулугуна таң бересиң.

